КҮМҮШ СУРАНОВА



# ӨМҮР ЧЫЙЫРЫ

Күмүш Суранова

# ӨМҮР ЧЫЙЫРЫ

# ӨМҮР ЧЫЙЫРЫ



## КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Ала-Тоом айланайын келет дегим,
Ажайып берекелүү менин жерим.
Бейтааныш болсо дагы келе кой деп,
Кымызын эки колдоп сунган элим.

Атыңдан айланайын кыргыз элим,
Түгөнгүс алтынга бай сенин жериң.
Меймандос, кичипейил, сылык мүнөз,
Мээримдүү тамашакөй келиндериң.

Кубулжуп кыяк тартып, комуз черткен,
Күн санап албан-албан эмгек эткен.
Өркүндөп өнүгө бер улам алга,
Кубанам, таалайыңа эрте жетсең.

Күмүш Суранова

# ӨМҮР ЧЫЙЫРЫ

БИШКЕК
"Кыргызстан" Басма үйү
2002

ББК 84 Ки 7
С—90

EMRC

«Акыл» ААК — «Кыргызстан» Басма Үйү
2000-жылы Бельгия өлкөсүнүн борбору
Брюсселде «EMRC» — «Европалык сапат»
сертификатына ээ болгон.

**Суранова Күмүш**

С—90 Өмүр чыйыры: — Б.: «Кыргызстан» Басма Үйү, 2002 —
284 б., 32 б. сүрөт.

ISBN 5—655—01483—1

Китеп кыргыздын даңктуу кыздарынын бири Күмүш Суранованын өрнөктүү өмүр жолу жөнүндө жазылган очерк, аңгемелерден жана өзүнүн ыр топтомдорунан турат.

Бул жыйнакка өзү туулуп өскөн айылы Он Арча, согуш убагындагы оор күндөр, дыйкандар, малчылардын турмушу жана айрым адамдарга арнаган каалоо-тилектери топтолду.

Китепче жалпы окурмандарды кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз.

С $\frac{4702300600 — 017}{М 451 (11) — 2002}$ ББК 84 Ки 7

ISBN 5—655—01483—1

© Суранова Күмүш, 2002.

## ӨМҮРДҮН ЭЛЕСТЕРИ

Шаардагы үйүбүздүн терезесинен Ала-Тоо жарыктык ажайып көрүнүп турат. Менин суктанганым да, мага кубат берген да ушу. Кайсы бир жылдары жаз келгенде тоону карап жүрүп, ар күнү күндөлүк жазып да жүрдүм.

А быйылкы жаз өтө эле көз ачырбаган жаанчыл болду. Таң менен кошо баякы улуу тоонун ажары ажайып ачылбайт, булуттун көшөгөсү тосуп калат.

Табиятка мындай шагым сууй түшкөндө алыскы тоо койнундагы айылым, тоолуктар, төтөн жайлоодогу боз үйдө отуруп жамгырды тосконум эске түшөт. Айрыкча, Күмүш эжени көп эстейм.

Биздин үй менен Данияр таякенин үйү желе тартымдан жакын жерде. Чоң энелерибиз, аталарыбыз таяке-жээн, жакын тууган болушуп, эртели-кеч ырыскы-насибин тең бөлүшүп ичип-жешип, үй-бүлө ынтымагы да күчтүү эле. Ыраматылык Турдубүбү апам Күмүш эженин уулу Чоюнбекти ымыркайынан эмчегин берип баккан эле.

Жаштайыман Күмүш эже менен далай сыймыктандым. Кийин, эже менин каарманым болуп, чыгармада калбастан жеке тагдырыма жакшылыгы өткөн боорукер кеңешчи, насаатчы болду дээр элем.

Аңгыча телефон шыңгырап калды, карабайсызбы, Күмүш эженин үнү. Мындай жорук албетте, кудум кинодо болчу нерсе.

А чынында биз, адамдар, өзүбүздүн кудурет-күчүбүздү, сырдуу дүйнөбүздү жана мүмкүнчүлүгүбүздү алигиче даана ачып, так биле элекпиз. А болбосо адамдар алыста жүрүп, бирбирин ойлогонду билдирген кандай керемет сыр?!

Күмүш эже көптөн бери Бишкекте жашап калды.

— Ия, айланайын, айылдан кабар алдыңбы?—дейт эже телефондон.

— Жок, эже, — дейм. Атам менен апамдын көзү өткөндөн кийин айылыма аз каттап калганымды ачык айта албадым.

— Ой айланайын, ташбоор болуп баратасыңар. Айылды унута көрбөгүлө. Тоолуктар жүдөп, кыйналып жатышыптыр. Уктум. Чогулуп жардам берели... — дейт эже.

Баягы эле эжемдин тажабаган сөзү.

Эже өзүнөн мурда бөлөктөрдү эстейт, башкалардын тагдырын ойлонот. Шаардагы айылдыктарга тажабай телефон чалып, «айылдагыларга жардам бергиле. Элди ойлогула» деп какшай берет.

Кайран эже, «айылым, айылдаштарым» деп күкүк болуп жүрүп сексен жаштын кырына жетейин деп калды. Биздин оор турмушубузду кызык да, кооз да кылган ушундай ак пейил, жапакеч, мээрман адамдар эмеспи. Жерге, элге болгон ак тилектин деми адамга күч-кубат берет окшойт, эже али тың.

Мобул эже сыяктуу учурунда элетте башкарма, депутат, өкмөт болгон кишилердин не деген оокат, дүр-дүнүйө жыйнап, заңгыраган үйлөрдү куруп алганын билебиз. А эженин эл алдында жүзү жарык, колу ачык болду. Өмүр бою таза иштеп, так жүргөн Күмүш эже ушул кезде Президент берген бир бөлмөлүү тар үйдө, төрт-беш баш менен тыгылышып, пенсиясы менен небере-чөбөрөлөрүн багып жашайт. Өзү шаарда болгон менен безилдеген жүрөгү тоо арасындагы бир кичинекей айылда.

Мен эже жөнүндө улап жазсам дагы көптү жобурар элем. А бирок, мурункуларды кайталап каламбы деп айбыгамын. Ар учурда небаккы жазгандарымдын айрым жерлерин көчүрүп алдым да, эжемдин өмүрү оюктун кооз курагын элестетсин деп, береги жыйнакка кошконго ниет кылдым.

*2002-ж. май.*

* * *

Күмүш Суранова колхоз башталгандан берки он экинчи башкарма. Биринчи аял башкарма. Ырас, колхоздун башкармаларынан, учурунда уюштургуч, эл тагдырына күйүп-бышкан тындары да чыкты деңизчи. Бирок бул аялдай көп жылдар бою иштей алганы болбоду.

Тянь-Шань тоолорунун арасындагы аялдардын тагдырын, тендигин, эркиндигин ойлогондо эле Сурanoванын өмүрү арга-

сыздан эсиме түшөт. Тоо арасынан «андан билимдүү, андан таланттуу, а тургай таалайлуумун, бактылуумун» деген аялдар чыккандыр. Кайсы бир аялдар күнүмдүк бейкутчулукка, жашоого, агымга жендирип моюн сунуп берер. Булар убактылуу гана айтыларын билем. Алар тез өчөт. Өзү үчүн жашаган өмүр ошондой да. Күмүштүн уткан жери ушу деп ойлойм: ал өмүрүн эртеңки күнгө арнаган.

Азыр колхоздогу жетишкендиктерди санагым келбейт. Мен Суранованын жүрөгүндөгү жазылбай калган ырларын билем.

Күмүштүн өмүрүн билген айылдын аксакалдарынан сурамжылап байкаңыз. Айыл башкарган аял жөнүндө жылуу, жакшы ойлорун айтып беришет. «Колго чоңойтуп, өстүргөн кызыбыз — дешет алар. — Беш колубуздай билебиз».

1941-жыл. Айылдагы кээ бир сарамжалдуулардын сүрөт китептеринде кичинекей бир сүрөт сакталып жүрөт, анын чекелери тытылып, саргайып калган. Беш адам комузду бекем кысып, бирөө мандалин кармап отурат. 12 кыз-эркек өмүрүндө биринчи саам сүрөткө түшүшүп таң калып жатышпайбы. Булар Эчки-Башы айылынын балдар-кыздары, областтык олимпиаданын алгачкы лауреаттары.

Ошо сүрөттөгүлөрдүн экинчи катарындагы он беш жашар кара кызды караңыз, бул Суранова. Ал областтык көркөм чыгармачылыгында өз ырын жатка айтып лауреат болгон.

1942-жыл. Бойго жеткен кызды күйөөгө бермек болушат. Айылдагы колунда бар кемпир-кесектер кыздын энесин эпке келтиришет. Жалгыз атасы олку-солку. Муну уккан кыз атасына ыр менен кат жазып, бирөөлөрдөн берип жиберип, өзү шаарга — окууга качат.

Ошондогу кыз ырынын кудурети мындай эле:

«Ата, макулук куштар да жумуртка басып, учуруп, душмандан коргойт экен, мен ошончолук жокмунбу... Ата, кырктырбачы канатымды. Канатым кыркылып, токой же чөпкө оонап жаткым келбейт. Убалым кимге. Кушча кызыңды асырай албаган сага айтпаганда кимге айтам. Мен, ата, жарык жакка учайын, эртеңки күнгө, жарык жакка учайын...»

1943-жыл. Күмүш теңине каалоосу менен турмушка чыгат. Жоолук салып жүгүнтүп, жүк түбүндө, чыгдан ичинде казан-аяк менен алыштырып отургузушмакчы болушту. Күмүш жүгүнбөй коёт. Эртеси жоолугун салынып кызматка чыгат. Өрөөн ичиндеги кемпирлерге ушак тарайт. Ошондо Күмүш өзүнүн душманын тапты. Ал өмүрүндөгү алгачкы күрөштү баш-

тады. Анын баягы ырлары, кыялдары, үмүттөрү, эртеңки күн менен жолуктурду, беттештирди. Күмүш эки айча дүкөнчүлүк окуусун бүткөрүп, айылдагы дүкөнгө акысыз иштемекчи болот. Мурдагы дүкөнчүдөн ачкычты алды да, иштеп кирди. Дүкөндөгү буюм, майда оокаттарды өткөрүп да албады. Адамдарга жамандык ойлой турган ким бар дейсиң. Жыл өткөн соң Күмүш дүкөнүн бөлөк адамга өткөрүп берди. Жаңы дүкөнчү дагы ачкычты алып тим болоюн деген. Аңгыча областтан текшерүүчү келди. Дүкөн жабылып, бир канча жылдан берки анын кагаздары текшерилди. Акырында баарысы так болуп чыкты. Ошондо жаш келиндин жүрөгүндө ырдалып кагаз бетине түшпөгөн ырын угуп көрөлүчү:

«Мен силерге ишенем, адамдар...»

Согуш ажааны бүттү. Айылдан узаган азаматтар учкан уяларына кайтпады. Сабы сынык кетмен, мокок орок, баспаган ат, жоор өгүз менен айдаган соко дагы аялдардын жонунан түшпөдү, колунан кетпеди.

Айыл күнү-түнү ызы-чуудан арылбады. Жолдо туруп алып, таң атпай кат билбеген Жумабек, Шабданбай сыяктуу адамдар кокту ичиндеги айылга азан айткансып кыйкырат. Кыштактын аяк-башына өйдө-ылдый ар бир үйдүн тушуна токтоп, атынан атап кыйкырганы зээн кейитет. Керели кечке бала-бакыра, кемпир-чал жумуш үстүндө. Аларга тыйын жок. Колхозчулардын айрым амалдуулары айылдан качып алтын чыккан кендерге иштеп кетишти. Ал жактан мал күтүштү, айлык алышат, кийимдери оңолду. Балдарынын колунан момпосуй түшпөй, өзүлөрү кийинип-ичинип, көчөсүн бир маал аралап кетишет. Муну көргөндөр колхоздо кетменин таштап, алардын азгырыгына көнүшөт. Күмүштүн жары да ошол кенчилерге азгырылды. А Күмүш айылда калды. Согуштан кайткан акелеринин пальтосун кийип талаада жүрдү. Алтымыш-жетимиш жаштагы чалдар менен түн катып, ылай кечип, суу сугарды. Күнү-түнү эгиндин арасына конуп-түнөп эгин орду...

Эмгек акы алат деген ушу, районго биринчи депутат. Айылдын биринчи депутаты. Райондогу уккандарын эл арасына аралап айтып берип, алардын арыз-муңун уккан депутат. Жөө-жалаңдап, чоочун айылдарды кыдырып жүрсө, айрыкча эркектер санын чаап каткырып күлүшчү. Айылдын активдери, башкармалары аткара албаган жумушту сейпейген аял аткара

алабы дешти. А аял болсо ар кимдин үйүнө кирип, ар кимден акыл сурап, акыл кошту. Аял эл укугун, эркиндигин, эл милдетин, депутаттардын эмгегин айтып берди. Ага алгачкы арыз түштү. Күмүш райснго барды. Маселе койду. Түшүнүк кат жазды. Кандай маселе дешти райондогулар ишене бербей. Күмүш эки чоң өтүнүч эл арызын айтты: Байгазак кыштагына мектеп куруу керек. Алардын балдары окубайт; Ак-Кыя жолун ондотуу. Райондогу эки башка айыл. Депутаттын койгон маселеси негиздүү болуп чыкты. Чара көрүлмөк болду. Сурановага кат келди. Күмүш райондогу адамдардын жазган катын айылдагы ар бир түтүнгө окуп берди. Ошондо мыйыгынан шылдындап күлгөн эркектер, мыш боло, камчылары менен сандарын чаап, туура бастыра беришти...

1950-жыл — Күмүштүн ырыскысы ташыган жыл. Аны СССРдин Жогорку Советине депутаттыкка шайлашты. Анан сельсоветтин председатели, районго чейинки кызматта иштеди. 1959-жылы ал ушул колхоздун башкармасына шайланды. Ошондон бери колхоздо башкарма. Суранованын сыйлыктарын айтпай эле коюш керектир.

*1972-жыл.*

* * *

Айылга каттаган сайын Күмүш эжеге үзбөй жолуга кетем. Адатка айланды. Эже баарынан мурда менин абалымды, ишимдин жылышын билгиси келет. А кишинин суроолору, сынаган көз карашынан эле сүрдөп, жазганып турасың. Айтчы, эмне жакшылыгың бар? Эл-журтту уятка калтырган жоксуңбу? Бекерчиликке, мансапка, дүнүйөгө, ач көздүккө алдандыңбы? Эженин көз карашы эле шаардагы айылдаштарынан так ушинтип сурагансып кетет. Анан өзүңөн-өзүң суракта калгансып, ымандай сырынды катпай кобурап киресиң.

Эсимде, мындан сегиз, тогуз жыл мурун, Күмүш Суранова эже анда айылда башкарма кези, шаардагы айылдаштарынын бирин калтырбай кыдырып, чоо-жайын сурап, кубаныч-кайгысына тең ортоктош болуп, анан айылына кайтаар эле. А тургай, ушул эженин демилгеси менен бир жылы айылдыктар элеттен тышкары жүргөн уул-кыздарын чогултуп алды, калк алдында эмне иш кылып, кандай жашап жүргөндүгүбүз жөнүндө адил сурак бергенбиз.

Күмүш эже жолукту дегиче, оозундагы кеби: айылы, айылдыктар, алардын нукура пейили, бири-бирине жасаган жакшылыгы, чарбадагы иштери, үй-бүлөдөгү муктаждыктары жөнүндө болот.

Эже менен эс тарткандан бери сүйлөшөмүн. Бул кишинин оозунан жыйырма-отуз жыл бою дайыма жакшылык, адамгерчилик, боорукердик, коомго пайдалуу иш кылган адам болуу, заман алдында таза жашоо жөнүндө гана насаат сөздөрдү угуп келем. Чынын айтсам, мындай кепти айылдагы эч бир эркек ага-тууган айта элек. Ушул кишинин жүрүм-туруму эле эч кимге залакасыз, жөнөкөй, таза, адамкерчиликтүү жашоого үлгү болгонсуйт.

Өмүр бою иштеп, жаны бир тынбаган, айылым, айылдагылар деп оозунан эч түшүрбөгөн, ишинде болобу, жеке рухий дүйнөсүндө болобу, дайыма колдон келишинче жанын сабап, алдыга, жаңылыкка умтулган, өзүнүн замандаш курбуларынан озуп чыккан кишинин баягыдай беймаал шашмалыгы азыр азайыптыр. Эми ак чач, боорукер, акылдуу эне каадасында, кишини мээримдүү, аёо менен карайт. Мен ушул эжени көргөнүмдө кыргыздын атактуу кыздары З. Кайназарова, Т. Сагымбаева, К. Шопокова, К. Сулаймановалын элестери көз алдыма тартылат, алардын көз караштарында, жүздөрүндө бир окшоштуктары барын байкайм: рухий дүйнөсүнүн тазалыгы, боорукерлиги, энелик мээрими, эрдиги, акылмандыгы ажарларынан чачырап турат.

Кези келгенде айта кетейин: эже эки ыр китеп жазды. Ал жөнүндөгү документ фильм бар. Жакында Он-Арча селолук Советинин иши жөнүндө депутаттардын эл алдындагы парзы жөнүндөгү чакан китепчеси чыгат экен.

Мен эженин өмүр баянын, кыял-жоругун кыйла эле билем десем болот. Жок, мен жаңылышыпмын, бул эже мени алаканга салгандай жакшы билет. Анткени, эже менин бешигимди терметкен, далай көйнөк мурда жырткан. Мен араң төрткө чыкканда ал комсомолдун катарына өткөн. Эже элүүнчү жылы СССР Жогорку Советинин Улуттар Советине депутаттыкка көрсөтүлдү. Ошондо биздин айыл кары-жашы дебей, түп көтөрүлүп, Москвадан келаткан эжени тосконбуз. Анда мектепте окуган балдарбыз, бул майрамга бир жума бою даярданганбыз, көчөнү жымырата шыпырдык, бактардын түптөрүн актадык, ыр-бийге даярдандык. Тоскондогу шанды айтпа колдорубузда кызыл байрак, барабан кагып ыр ырдаганбыз,

ошондо биз, балдар үчүн укмуштай майрам болгон. Кийин ойлосом бала кезимдеги көп майрамдан эсимде калганы ушул шаттык экен.

Тянь-Шань өрөөнүндөгүлөр эжени жакшы тааныйт. Областтын аймагында жүрүп ал-жай, дайыныбызды сураштыра кеткенде, кайсы жерден экенимди айтып калсам, «баягы Күмүш Сурановaнын айылынан турбайсыңбы» деп калышат. Эже башкалар билгендей, суктангыдай өмүр сүрдү: адегенде СССР Жогорку Советине, андан кийин Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болду, далай съезддерде өкмөттүн мүчөлүгүнө шайланды: он жылдан ашык башкарма болду, эми айылдык Советтин төрагасы. Кичинекей өрөөндүн элинин тагдыры, кубаныч-кайгысы ушул киши менен тең орток бөлүшкөн.

Айылда кемпир-чал аны Күкү дешет. Кичүүлөр «эже» дейт. Келиндери «депутат эже», «башкарма эже», «сельсовет эже» деп тергешет.

Окурман алдында К. Сурановaны мактап коёюн деген оюм жок. Жөн эле атайы барган кишимдин аты-жөнүн тактап, ким менен сүйлөшүп жатканымды окурманга айткым келди. А эже болсо, мактоо, алкоо сөзгө жедеп бышы кулак болуп бүткөн. А түгүл бир кездерде обу жок мактаган журналисттерди жек көрөрүн уккамын, көрүп да калганмын.

Бир сапар эже шаарга биздикине келип калды. Анда да айыл жөнүндө маектешип отурганбыз. Эже айылдык төрагалардын бир айлык окуусуна келген экен. Аңгыча сырттан шаардык теңтуштарым үйгө кирип калышты. Биздин сөзүбүз бөлүнүп калды, баш аламан, күнүмдүк тиричилик кебине өтүп кеттик.

— Бул эжем дагы эле комсомол экен го... — деп бирпас отурган соң теңтуштарымдын бирөө байкабастан айтып албаспы.

Күмүш эже комсомолдун белгисин (значогун) төшүнө тагынып жүргөн. А чындыгында, бул киши учурунда депутаттын да белгисин, орден-медалдардын түрүн төшүнө шагырата тагынган. Азыр деле комсомолдун белгисинин ордуна алардын бирин тагынып койсо болмок. Мен кызык абалда калдым.

Эже осол тамашага тырчыдыбы, кайра боорукер гана жылмайды:

— Дайыма жаштыгыңды эстейт экенсиң. Дайыма жаш болгуң келет экен...

Калган кепти Күмүш эже улады. Эже айылдагы адамдар-

дын таржымалын эң жакшы билет. Өзүнүн замандаштарынын жалындуу жаштыгын, эрдигин, алгачкы мандай терин, таман акысын айтты. Эже өмүрү ушул айыл менен, айылдын элдери менен өзүн эч качан бөлүп карабаган киши.

Эже өзүнөн мурдагы муун, алардын эрдиги жөнүндө суктануу, ыраазы болуу менен кеп кылды. Мага айылдагы атабабанын, агалардын, теңтуштардын, кичүү ини-карындаштардын өмүрүн, эрдигин айтып берди, көзүмдү ачты. Ошол маектен кийин айылдаштарыма баягындан бетер суктанып, ыраазы боло карадым.

Ушул айылга жаңылыкты, урунттуу өзгөчөлүктү адеп жаштар алып келген. Колхоз тарыхы — жаштардын өмүрү менен саналат. Колхоз уюшулгандан бери айылда төрт-беш муун жашады.

Угуп отурсаң, мурдагы муундун — эми жетимиштин тегерегине келген абышка-кемпирдин башынан кечирген өмүрү азыркы муунга жомок сыяктуу. Алар тоо койнуна азаттыктын илеби келгенин, тап күрөшү кандай болгонун айтып отурса, биринчи алиппе, кат тааныган, жер алып, соко айдап, колхоз уюштуруу кандай өткөнү көз алдыга келет.

Ошондо ойлойсуң: эрдик деген ушундай жөнөкөй болот экен да. Ар бир улуу муундун өмүрүндө жомок, эрдик бар.

Мен Күмүш эженин сөзүн сөзмө-сөз келтирейин. Болгону тоо арасындагы айылдын, элдин тагдырынан улам кичине баяндама берейин. А айылым болсо силердин айылга окшош, жүз түтүндөн көбүрөөк, бир кичинекей коктуну ээлеген айыл — «Эчки-Башы».

Ар бирибиз кушка окшоп, ошондой тоо боорундагы айылдан учуп чыкпадыкпы. Ар айылдын көрүнүшү, тагдыры, күрөшү башка айылга окшоп кетет.

Жаш адамдын өмүрү — ошол муундун өмүрү. Бир адамдын тагдыры — журт тагдыры — деген сөз бар эл ичинде.

* * *

Айылды аралап көчө өйдө баратам. Бу көчөнү канча жолу баспадым: тааныш бак, тааныш там... Айылды сагыныпмын, андайда келгин куштарга, жан-жаныбарларга, тоо-асманына, айылдын адамдарына не бир суктана карайт экенсиң.

Туура көчөлөрдөгү ак тамдардан бирин-серин абышка-

кемпирлер жөө-жалаңдап чыга калышат. Көрүшөсүң. Ар кайсы айылды араласаң мында оздорунан нуска сөзү түшө элек, баскан-турганынан каада-салты кете элек чалдарды жолуктурасың. Оозеки тарых, санжыра, сөз кенчи ушуларда катылуу жатат... Аттиң, булар мага алтын чөйчөктүн сыныгына окшоп кетет. Жыл сайын алар азайып баратышат.

Адам-эй, ушул бөкчөйгөн абышкалар биздин айылга биринчи колхозду курушкан. Кезегинде алар айылда ашып кетсе, жыйырма беш — отуз чакты мадыра баш кембагалдар болушкан. Алар биздин жаңы заманыбыздын алгачкы кабарчылары, булак башаты, алгачкы жол чапкычтары болушкан. Айтаар элем: алар Прометейлер! Ошондуктан алардын бүтүргөн иштери азыркыга дейре жомок болуп айтылып келатат. Ошол муундун чапкан жолдору, каналдары азыр да бүгүнкүдөй иштеп жатат. Алар кара топуракты маңдай тер менен, көз жаш менен жууруса керек. Азыркы теңчилик заман бактыбызга туш келиптир, аталарыбыз жаңы заманды бизге куруп бериптир. Ойлосок, кийинки муун улуу муунга өмүр бою карызбыз.

Биздин улууларга урмат-сый көрсөткөнүбүз, элдин алдыңкы рухий байлыгына, элдин алдыңкы салтына, эзелтен берки татаал, оор тарыхына урмат кылганыбыз эмеспи. Биз ошол чоң аталардай жөнөкөй, токтоо, өткүр бололу, элдин тагдырын ойлойлу, намысына жарайлы, тарыхын билели, ошолордой жүрөгүбүздү эл-жерге чабалы, мурункулардын өмүрүнөн, мектебинен, тажрыйбасынан, осуятынан сабак алалы. Алардай, эл үчүн болгон майда да, чоң да идеяларга күйөлү, күрөшөлү!

Ата-бабалардын бизге калтырган мурас-коломтосун биз өчүрбөй, түбөлүк күйгүзөлү, бизге куруп берген, бизге ыраа көргөн күндөрүн биз эртеңки неберебизге асемдеп калтырышыбыз керек. Алар баштаган, бүтпөгөн ишин, ойлорун, кыялдарын биз улайлы.

Мезгил да бизге оор жүк буюрду, анткени, ар дайым жаштарга оор жүк жүктөлгөн. Эгерде биз мурунку муундун оор жүк көтөргөн кыйынчылыгын эстесек, оор жүгүбүз заматта жеңилденет. Бизден кийинки муун бизге, биз ата-энебизге, чоң аталарга ыраазы болгондой ыраазы болушсун.

Биздин айылдагы адамдардын тагдырларын ойлоп көрсөң, муун-муун менен салыштырып карасаң, толкун сыяктуу улам бир-бирине артынан дембе-дем шыкактап, алдыга түртүп, күчтүү илеп келет. Муундун ишин жаш муун улап, жеңилин жерден, оорун колдон алгансыйт...

Азыр «Эчки-Башы» кыштагынын так ортосунда согушка кетип, кайтпагандарга эстелик турат. Көз алдымда мен эми такыр таанбай калган, жаш адамдар — менин байкелерим элестейт, мен эми алардан улуумун, алар кино тасмаларга окшоп, колдоруна автомат кармаган бойдон, эстелик болуп ташка чегилип каткан бойдон көз алдыман өтүп турат.

Кезинде айылга ушул эстеликти куруга демилгечи болгон Күмүш Суранова эже эле. Эже оорусуна карабай, эч жаны тынбай Фрунзедеги скульпторго атайы нечен ирет барганы эсимде. А эстелик ачылганда айылдыктар үчүн ошол күн чоң майрам да, кайгы да болгон. Бир көргөн адамга ал — улуу сахнадагы кайталангыс көрүнүш эле. Азыркы күндө согуштун каарын тартып калган ар бирибиздин жүрөгүбүздө эстелик коңгуроообуз бар.

* * *

... Мен Күмүш эже менен кош айтыштым. Ал киши дарбазадан чыгып, көчөнүн боюндагы теректин көлөкөсүндө башында жоолугу жок, кыштактын жолун карап турат.

Мен эжени, айылды кылчактап карайм. Эженин төрт сап ырын эстейм:

«Оку, оку ой түйүнүн
чечкенче,
Максатыңа, талабыңа
жеткенче,
Калсын сенден бир
эстелик элиңе
Унутпагын өмүр өтүп кеткенче».

*1988-жыл*
*Жусупов Кеңеш*

## КҮМҮШ

(Очерк)

Күмүш апа менен баарлашып олтурам.

Өмүрүнүн көбүн эл айткандай, журт башкарып өткөргөн Күмүш Суранова кырк жылдан ашуун эмгек жолун төкпөй-чачпай баяндап берип жатты.

— Карыбадыкпы — дейт, ал күлүп. — Карыбай эмне болуптурбуз, 60 жашка чыккан олтурсам эл айткандай, байбиче болдум да, бирок, өткөндөрдү көз алдымдан чубуртсам, алтымыш эмес, андан узак, атүгүл сансыз жашка чыккансыйм.

Ал ойлонуп туруп калат да кайра жадырап, чачымдын агарганын да байкабай калыпмын, баары билинбей келет экен, билинбей карыйт экенсиң, чачың да билинбей агарып калат экен, — дейт.

Өткөндөрдү элестетсем ... Ал башын чайкайт да, ойго бата... карыбадыкпы? Ушул сөздө сыймык да, өкүнүч да бардай, чын-чынына келгенде алтымыш жаш эмне, ал айга-буйга дегенче эле келип отурбайбы. Бирок ал кандай келет. Каңгырап бош келеби, же мелт-калт болуп келеби кеп мына ушунда. Күмүш апага алтымыш жаш мелт-калт болуп келди. Эгер баштан өткөндүн баарын жазса өзүнчө том-том болуп калаар эле. Ошол томдун бирөөнү Күмүш апа муңайып эскерип отурат.

— Кызым, өмүрүндөгү эң кубанычтуу күн кайсы дейсиң, — деди ал ойлуу. — Сен мени жаман көрбө, мен жаркын күндөрдү эстесем эле, жыласын да эскерүүгө мажбур болом. Деги бул кубаныч, кайгы дегениң киндиктеш болот көрүнбөйбү, — ал кыйлага ойлуу олтурду. Бир нерсени эстей албай жаткансыды, — биз анда кароодо жеңип чыгып республиканын борборуна барганы камынып жатканбыз. Өздүк көркөм чыгармачылык жөнүндөгү кароону айтып жатам. Эртең бүгүн жөнөйбүз деп турганда эле согуш башталды деп эл дүрбөп калышты. Чоң кичине дебей ыйладык. А биз бала туруп чоң кишиге

айланып кетпедикпи — анан кантип, — Күмүш апа мени карап өзүң билесиң дегендей алаканын жайды да, — мени — чычкандай кызды комсомол уюмуна катчы кылып шайлап коюшту. Ошентип комсомолдор менен иш алып бара баштадым. Эми ойлосом ошондо мойнума эки эсе түйшүк ыйгарылган экен. Элдин баары эле мени карап тургансыйт. Кичине эле бошой түшсөң алар да кайраттан тайганы турат. Арга жок өзүң алар менен бирге иштеп, курсагың ачып араң турсан да билдирбөөгө тырышасың. Алар муну билбей калат дейсиңби, түшүнүшөт, сенден жакшы билет.

Бир жолу бир жагынан чарчап, бир жагынан уйку келип араң турсам, ким экени эсимде жок, бирөө келди да мени карап туруп эле шолоктоп ыйлап жиберди, деги эле сөз айта албайт. Бизди эмне билбейт дейсиңби, кайратыңдан, — дейт да солуктайт. Ушинтип жүргөндө көзүбүз тешилип күткөн жеңиш да келди дечи... Ал күн... Эми ал күнү..., — ал мукактана түштү да, — чындыкты айтсам, биз чарчап-чаалыкканыбызды мына ошондо — Жеңиш келгенден кийин, кичине эс ала түшкөндө сездик.

Күмүш апа үн дебей ойлуу отура калды, кыйладан кийин — убактың болсо чогуу эстеликке барып келсек кантет. Эмне экенин билбейм, негедир азыр баргым келип турат. Экөөбүз катарлаш бараттык — эстелик тушоо кесүүчү же ант аянты десе да болот, — дейт ал ойлуу, окуучулар пионерге мына ушул жерден кабыл алынат. Бүтүрүүчүлөр да ушул жерден узашат. Эч ким аны кыя өтө албайт.

Күмүш апанын сөзүнөн улам ушул айылдагы бир кемпирдин айткандары аргасыздан эске түштү. Таш болсо да демөөр экен: эстелик тургузуш керек деп Күмүш ары-бери тызылдап жүгүрүп жүрчү эле. Мандайыбызда төрт киши турат. Бирок таштан чегилген кишилер. Үчөө туруп турат, бирөө тизе бүгүп кайтыш болгондорго таазим этүүдө... төрт киши...

Күмүш апа аларды карап кыйлага унчукпай турду да:
— Мына! — деди өкүттүү — биз зарыгып күткөндөрдүн көбү... Сандаган эр азаматтардын ордуна ушул төртөө гана келди... Ал күнү — эстелик ачылган күндү айтып жатам — ошондой болот деп ким ойлоптур, казганактап элдин келишин айт.

Мен бир бийик тоого чыгып алып кыйкыргым келди. Мына элди карагылачы, казганактап батпай турат. Согуш маалында эңгиреп бош калганбыз. Азыр карачы, элди жута албайсың, эл жоголбойт деп кыйкыргым келди. Кыйкырдым, кый-

кырганым ошол — өзүмчө булкулдап ыйлап алдым! Эстелик тургузулганы, маркумдарды эскергенин жакшы дечи, айланайын, бирок ушул ачылып жатканда кайтпай калгандар бир эсе кайрылып келип жаткандай, бир эсе жаңы кайтыш болуп жаткандай туюлуп туруп албадыбы. Элдин баары эле бирибирин астыртан карап жатышкандай, муну билдирбөөгө аракеттенишкендей шекилдүү. Анан баарыбыздын бугубузду Аянкул аксакал чыгарды көрүнөт. Согушта эки көзүнөн ажырап азиз болуп калган бул адам таягы менен жер койгулап, сүйлөп киргенде араң тургандар бир өңгүрөп алышты. Деги ал күн көкүрөктөн чыкпай калды. Согуштун да, тынчтыктын да эмне экенин үйрөтүп кеткендей болду. Күмүш апа эстеликти тегерене басты, кайра эстеликтин мандайына келди да үшкүрүнө шыбырап койду.

— Кайрандар! — Эстеликтен кайтып келатып Күмүш апа бир нерсени эстегендей тып токтоп, сыймыктуу да, кектүү да, — согуш соолто алган жок бизди, азыркылардын баары эле алардын урпактары да.

Кубаныч менен кайгы да киндиктеш болот окшойт деп жана айтпадымбы, — дейт Күмүш апа кыйладан кийин, — тагдырга наалый бергенде эмне. Өмүрүмдө көп эле кубанычка күбө болдум, деги биздин заманда баары өзүнчө көз каранды эмеспи. Сен эле ак кызмат кылсаң эл сени мойнуна көтөрөт.

Тамашалай кетти — анан комсомолдук кызматтан жылкы ферма башчысы болдум, анан айылдык советтин аткаруу комитетинин председатели болуп иштедим. Он жылдан ашуун Коммунизм колхозунун төрагасы болуп эмгектендим. Азыр Он-Арча айылдык Советинин төрагасымын.

Элдин мени баалаганына, мага ишенгендигин ушундан бил, мени өз мезгилинде СССР Жогорку Советинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөлүгүнө чейин шайлашты. Дал ушул маалда менин оюма бир суроо кылт эте түштү. Колхоздун сүт-товар фермасын селолук Советтин фермасы деп коюшат экен. Мунун сырын бир колхозчу мындайча өтө туюк түшүндүргөн. Муну Күмүш баштап жүгүрүп жүрүп бутуна тургузган. Мына ушул жөнүндө айтып берүүсүн өтүнүп калдым.

— О, анда бизди кээ бирөөлөр шылдыңдап күлүшкөн, а түгүл бир карыя мага кадимкидей ачууланган эле, беделинди түшүрүп эмне кыласың. Он жылдан бери оңолбогон, сенин ку-

Нарын облустук

луң тийгенде эле ордуна келе калмак беле — ыраазы болгондой күлдү — ошондо бир эрдик кылган экемин.

Айтканымдан кайтпай туруп алдым. Адеп сүт-товар фермасы эмне үчүн артта калып жатат. Себептери эмнеде деген суроо коюлуп, советте чоң сөз болду. Себептерин тапкан соң шыдыр ишке кириштик. Бул фермага селолук Советтин депутаты Мааткановду жибердик, иштин жүрүшүнө такай көз салып көзөмөлгө алып турдук. Натыйжа жаман болгон жок. Мурда ар бир уйдан 1100 кг сүт саап алган саанчылар 1800 кг дан алууга жетишти. Чарба биринчи жолу мамлекетке сүт сатуу планын аткарды. Райондо биринчи орунду ээледи. Деги иштин көзүн таап, жанталашып иштөө эмнеге алып келерин далилдеп койдук. Ошондон бери ферманы селолук советтин фермасы деп коюшат. Сыртымдан билдирбесем да ичимден кудундап сүйүнүп калам.

Күмүш апа жаш баладай жаадырай кетти, урунуп-беринүү бул адат. Күмүш апага жетесинен бүткөн өндүү чын-чынына келгенде «Он-Арча» айылдык Совети тейлеген «Эчки Башы», «Оттук» айылдарындагы абалды көрүп туруп, Күмүш апанын күйүп-бышканы ашыкча эмес деген ойго келбей койбойсуң, клуб, мончо иштеп жатат. А түгүл булардын бирөө «Эң жакшы иштеген клуб» деген наамды алууга жетишиптир. Көчө бойлоп бактар тигилген, алар кыштакты көрккө бөлөйт. Үйлөрдүн салынышы ирээттүү. Айрым үйлөрдө баланча деген «ардактуу» колхозчу жашайт же «эмгеги сиңген колхозчу» деген такталар илинип коюлган. Колхозчулар жашоосуна ыраазы. Алар азыр бизде баары эле бар. Кептин баары — өзүбүздө, жада калса өнөктүк маалда көчмө китепкана, дүкөн, медпункт, чач тарач иштей берет, бала-бакчалар уюштурулган, баарысы ойдогудай сыяктуу. Совет өз милдетин талаптагыдай орундатып жаткандай, бирок, — дейт Күмүш апа. Мени ойдон селт эттирип, — ошентсе да мени кыйнаган бир нерсе бар: ырас эл клубдан кино көрөт экен, мончого түшөт экен, бактар өсүп жатыптыр, ушундан эле эл маданияттуу жашап, телегейи тегиз болуп калабы? Анда алардын жүрөгү, жаны кайда калат. Ошол жүрөктү, жанды кантип маданияттуу кылыш керек — кеп мына ушунда жатабы дейм — бизде кандай гана «чырлар» болбойт дейсиң, — деп күлдү Күмүш апа, — жанагы диспутту айтып жатам, жылдын эки, үч айында диспут өткөрүүнү адатка айлантып алганбыз: буга чейин «Ата Мекенине татыктуу адамдар кимдер?» «Ата Мекен деген эмне, аны сүйө билесиң-

би?» «Эмне үчүн иштеп, эмне үчүн жашайсың?» «Жаштыктын күчү эмнеде?» «Карылардын жаштарга койгон дооматы туурабы?» деген сыяктуу диспуттарды өткөрдүк. Ар биринде талаш-тартыш. «Диспутка ким келет?» — дедим мен кызыга. «Эл!» — деди Күмүш апа сыймыктана, — жашынан-карысына чейин, — ыраазы болгондой жылмайып, — карылардан айланса болот. Кайсы ишке болбосун үзүлүп түшүшөт. Карыялар совети да иштейт. Чынында карыларыбыз өзгөчө тың, диспутта биринен бири өтүп талашкандарычы, алардын суроосунан эңгирей түшөсүң. Бир жолу Сыдыкбек аксакал күнүгө газет-журнал окуп үстөл кучактап отуруп калсаң эле өзүңдү адам болуп калдым деп ойлобо, киши болуу деген — киши болуу деп элди күлдүргөн чучукка жетчү далай сөздөрдү айтты. Ошондон кийин сенин адамдыгың эмнеде деген диспут өткөрүүгө дуушар болгонбуз. Кызык, биз диспутка тема издеп такыр убара болбойбуз, ал өзүнөн-өзү эле жаралып калат — биздин таянар тообуз эле жаштар эмеспи, алар келечегибиз — булар депутаттардын иш-пландарынан таанышып чыксаң да болот — деди ал текчелердеги дептерлерди көрсөтүп — аткарылуучу иштердин баары ушунда камтылган ушул боюнча эсеп-кысап беришет. Советтин жүрөгү депутаттар, алар иштебесе иш токтойт да — башын чайкап күлдү. Мындан биздин жалкып калган жайыбыз бар, бир күнү бир карыяны жыйынга чакыртсак өзү келбестен мындай салам дуба айттырып жибериптир, силердин жыйналышка гана күчүңөр чыгат, көкүрөгүңөрдү койгулап, чогулушуңарды өткөрө бергиле. Суунун жоктугунан арпам күйүп баратат. Мен аны сугарамын, жөндүү сөзгө үн дебей калдык. Бир депутатка канал курдуруу жөнүндө сунуш-талап түшкөн, ал аткарбастан убада берүү менен чектелген. Натыйжада баарыбыздын беделибизди түшүрдү. Албетте бул үчүн аны мандайынан сылаган жокпуз. А карыянын сөзү биз үчүн сабак болуп калды. Дегинкиси элдин сунуш-талабы депутаттар үчүн программа-компас болууга тийиш, аларды окуп-үйрөнүү менен гана чектелбестен, талаптагыдай аткарууга да жан далбас кылабыз. Бизде бир гана максат бар. Ал элдин талабын орундатуу.

Китепканачы экөөбүз китепканага кирдик, анда көпкө кармалып калдым. Китепкананын жасалгасы, андагы ар түркүн тематикадагы кереге гезиттер, бурчтар, китептердин ирээттүү жайгаштырылганы, айтор, китепканадагы көрүнүш эч кимди кайдыгер калтырбайт. «Китеп окуучулардын саны артып эле

баратат, — дейт китепканачы сыймыктангандай. — А мен ар дайым жаңы китептерди алып келүүгө, аларды биринчи өзүм окуп чыгууга тырышам.

Малчыларда көп болобуз. Күмүш өзү да тынбайт, бизди да тындырбайт — деди ал андан ары сөзүн улай күлүп, — кичине жалкоолук кылып койсок сазайыбызды берет. Баарыбызды өз баласындай көрөт деги эле айлыбыз анын баласына айланып калдык окшойт».

Кайрадан Күмүш апанын кашындамын. Ал тамашага жаргытат. «Киши барган сайын эле санаачыл болуп калат окшойт, — дейт. Күмүш апа негедир аңгемени башкага буруп, — баары түбү келип эле балдарыңа токтолот экен. Ымыркайында ойлойсуң эптеп чоңоюшса, анан тендерин таап бактылуу болушса деп ойлойсуң, ошондо санаам тынчыйбы деп ойлойсуң, жок тынчыбайт. Санаа дегениң өзүң менен чогуу токтобосо, — мени карап алаканын жайып күлөт, — төрт балам бар. Баары үйлөнүп-жайланган, бирок эмне экенин билбейм, баарын эле ымыркайдай көрөм: курсактары ачып калдыбы деп коём. Бейбаштык кылып коюштубу деп да ойлоп кетем. Айтор, неберелеримди андан бетер, бу балдарың жүрөктөн, а неберелериң жүрөктүн толтосунан деген чын».

Мен кандай суроолорду берсем деген ойдо чайналып туруп калдым. Ошентсе да мен алардын бирөөнү сөзсүз берүүгө милдеткер элем — дагы эле ыр жазасызбы? — Жазам! — дейт ал чочугандай — кантип жазбай коёюн.

Күмүш апа менен коштошуп эшикке чыктым. Бүгүнкү окуяны көз алдымдан чубуртуп унутуп калбайын деп жан далбас кылып, а түгүл Күмүш апанын ырлар жана макалалар жыйнагынын наамдарын да улам-улам кайталайм «Баба дыйкан», «Бакыт берген партиям», «Селолук советтин иштери жана камкордугу» анан блокнотумду алып чыктым да мындай деп жаздым.

Тянь-Шань районундагы «Он-Арча» селолук совети социалисттик мелдеш боюнча республикада биринчи орунду ээлеп, Өтмө Кызыл Туу жана акчалай сыйлыктар менен сыйланган. Ошентип блокнотумду теше тиктеп баарын унуткарбай түшүрүп калууга жан талашып келаттым.

Күмүш апа жөнүндөгү блокнотума түшүргөндөр кандайдыр бир майда-майда блокнотторго окшошуп кетти. Мен аларды бир чекитке коштум.

*З. Тулпарова, 1983-жыл*

## «БАШКАРМА ЭЖЕ»

Жакшы адамдар улам жаңы бийиктикке умтулат. Ошого жараша ар адамдын турмушка таштаган өзүнчө изи бар. Мындай адамдардын басып өткөн өрнөктүү жолдору муундан-муунга айтылып кала берет... Күмүш Суранова жөнүндө сөз козгогондо көз алдыбызга кыргыздын даңктуу кыздарынын басып өткөн жолу элестейт. Ал азыр Тянь-Шань районундагы Он-Арча айылдык Советинин председатели, эки Эмгек Кызыл Туу орденинин кавалери, башка дагы өкмөттүк көп сыйлыктардын ээси...

Күмүш Сурановнын турмуштагы кубанычы, кайгы-капасы туулуп өскөн айлы жана Долон ашуусу менен тыкыс байланышкан. Улуу Ата Мекендик согуштун өртү алоолонуп, күн батышта кан селдей агып жаткан кезде Күмүштүн жаңы гана 7-классты аяктаган кези эле. Элге түшкөн мүшкүл, аны өспүрүм курагынан эрте ажыратты. Тестиер кыз айылдан майданды көздөй аттанып жаткан жердештерин көп көрдү. Айыл ээндей түшүп жатты. Алардын барысы жеңиш менен келүүгө ант берип жөнөштү. Ден-соолугунун начарлыгына карабай Күмүштүн атасы фронтко өзү суранып кетти. Ал атасын ошол бийик белден тосуп алды.

Кыскасы Долон ашуусу анын кубанычынын да, кайгы-капасынын да күбөсү. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде немецтик баскынчылардын тилегин таш каптырып, аны жексен кылуу үчүн тылда калган кемпир-чалдар, тестиер балдар күн тынымынан, түн уйкусунан кечип, бүткүл эмгегин жеңишке арнап жатты. Күмүш да күнү бою колхоздун ишине аралашып, белдүү азаматтардын жогун жоктотпой, орок оруп, кырман сапырса, кечкисин кат-кабар, газета-журналдарды элге жеткирип жаны тынбайт. Анын уюштургуч, сергек сезимдүүлүгүн баамдаган жердештери жаш кызды колхоздун жылкы

фермасынын башчылыгына дайындашты. Анткени, колхоздун ошол убактагы негизги чарбасынын бири болгон жылкы өстүрүүнү райондо тез арада алдыңкы катарга чыгаруу талап кылынды. Бул ишти бат жолго койгондугу үчүн далай жолу мактоого алынды.

Улу Ата Мекендик согуш аяктагандан кийин ал Он-Арча селолук Советинин председателдигине көтөрүлдү. Ак-Кыя, Теке-секирик, Долон жолдорун жана Байдуулу каналын казууда чоң демилгечи болгон. Ошол эле жылы өз айлындагы Токтогул атындагы мектептин алдындагы кечки бөлүмдөн окуп 10-классты бүттү.

Анын эмгекчилдиги улам артып анысы урмат-сыйга бөлөдү. 1950-жылы Күмүш Суранова №265 Нарын шайлоо округунан СССР Жогорку Советинин Улуттар Советине депутаттыкка шайланды. Бул карапайым кыргыз кызына болгон зор ишеним эле. Ошол жыл анын турмушундагы унутулгус окуяларга бай келди. Ушундай окуялардын бири — ал СССР Жогорку Советинин депутаты катарында атактуу аялдар Зууракан Кайназарова, Феодосия Афанасьевна Стрельникова, Каалы Кудайбердиевалар менен жолугушуп, алардын акыл-насаатын уккан болчу.

— Айрыкча Зууракан эжем мага аябай таасир берди, — деп эскерет азыр Күмүш Суранова. — Сессияга катышып, мейманканага келе жатканбыз, эмнегедир ойго чөмүлүп кетипмин.

— Күмүш эмне эле ойго чөгүп кеттиң?..

Эженин суроосу мени селт эттирди. Согуш убагында машак терип, ай жарыгында буудай оруп жүргөнүмдө ушул эле Долондун белинен ары өтсөм башка дүйнө башталчудай сезилчү. Фрунзеден келгендерге суктана карар элем, эми минтип... Мен ымандай сырымды жашыра албадым. Зууракан эже каадасынча карс-карс күлдү. Көкүрөгүндөгү алтын жылдыз, ордендери денеси менен кошо термелип, «анын туура» деп жаткансыды. Анан эже:

— Ушунун баары ак эмгегинден алган даражаң, — деди. Зууракан эжемдин ушул сөзү күнү бүгүн кулагымда жаңырат.

... Кийинчерээк Күмүш Суранова он жылдан ашуун убакыт Тянь-Шань районундагы «Коммунизм» колхозунун председатели болуп иштеди. Ошол кездеги артта калган чарбаны алдыңкы катарга жеткирүүдө күч-кубатын аябады. Колхозчулардын турмуш шартын, маданиятын көтөрүүдө да көп иш кылды.

Кыргызстандын мамлекеттик Борбордук архивинде сакталган көп киноленталардын арасында «Башкарма эже» деген лента да бар. Анда Күмүш Суранова иштеген колхоздун ийгиликтери, алдыңкы адамдары көрсөтүлөт. Күмүш эмгектеги ийгиликтери үчүн зор ишеним менен 1958-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп, ал эми 1961-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетине мүчө болуп шайлангандыгы айтылат.

Коммунисттик партиянын мүчөсү К. Суранова кийинки жылдары Тянь-Шань районундагы Он-Арча айылдык советинин председатели болуп үзүрлүү иштеп келе жатат. Айылдык Советтин уюштуруу жумуштары көп кырдуу жана татаал, анткени айылдык Советтин депутаттарынын күч-аракетине элдин турмуш жыргалчылыгынын көтөрүлүшү, маданияттын өсүшү тыкыс байланыштуу эмеспи. Депутаттар эмгекте үлгү көрсөтүшөт. Күмүш Суранованы бул жердегилер баарыдан мурда уюштуруучу катарында жакшы билишет. Кайсы иш болбосун, кайсы гана жерде болбосун өзү демилге көтөрүүгө, үлгү көрсөтүүгө аракеттенип турат.

Элүүнүн кырын ашкан Күмүштүн чекесиндеги бырыштарына, ак куудай аппак чачтарына карап турган адам, анын шамдагай, чаалыгып чарчабаган, тынчы жок мүнөзүнө таң калбай койбойт.

Эгерде сиз Тянь-Шань районунун Он-Арча селолук Советине барып калсаңыз Күмүш Суранованын демилгеси менен Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына тургузулган заңкайган эстелик көзүңүзгө биринчи урунат. Бул эстелик ушул айылда жашагандардын ыйык аянты. Кайсы убакта барсаңыз да жаш кырчындай өмүрүн бүгүнкү жыргал заманга арнашкан азаматтарга жердештери дайыма таазим кылып келип тургандын көрөсүз.

Партиянын XXVI съездине карата депутаттар арасында өз ара социалисттик мелдешти жайылтууну Күмүш Суранова сунуш кылганда жергиликтүү Советтин депутаттары аны бир оздон колдошту. Натыйжада жогорулатылган милдеттенмелер кабыл алынды.

Селолук Советтин депутаттарынын көпчүлүгү 10-беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда аткарууга белсеништи. Мисалы, депутаттар Камыт Курманов, Шуру Курманалиева, Турсунбек Кадыровдор 10-беш жылдыкта алган милдеттенмесин мөөнөтүнөн эрте орундатууга жетишти. Мындай

ийгиликтердин мисалдары дагы көп. Селолук Совет колхоздун башкармасына көмөк көрсөтүп, ар бир он күндүктө социалисттик мелдештин жыйынтыгын чыгарып, жеңгендерге акчалай сыйлык жана желекчелерди тапшырууга жакындан жардам берди. Жекече мелдешти жеңип чыккандарга куттуктоолорду жөнөттү. Колхоздун радио түйүнүнөн мелдештин жыйынтыгы жарыяланып турду. Эң мыкты иштегендер В. И. Ленин туулган, иштеген жана жашаган жерлерге туристтик путёвка менен саякатка барып келишти. Эмгек алдыңкыларынын сүрөтүн жазуу жана ар бир өлкөнүн шартына жараша уюштурулган социалисттик мелдешке жеңип чыккан адамдардын ысмын атоо сыяктуу пайдалуу иш чаралар жолго коюлду. Мына ушул өңдүү иштер депутаттардын кадырын, эл алдындагы жоопкерчилигин жогорулатты. Депутат саанчы Айткулова өткөн жылы социалисттик мелдеште биринчиликти алдырган жок. Күмүш айыл маданиятын көтөрүүнү да унутпады. Азыр Он-Арча селолук Совети тейлеген селолордун кайсынысына барсаңыз шаардан айырмасы жок экенин көрөсүз. Тасмадай созулган асфальт жолдор, кооз жыгач кашарлар менен тосулган жумурткадай аппак тамдар, ар бир көчөдө суу чоргосу, Ильич шамы, колхоздо курулуп бүткөн маданият үйү, маданият очогу болгон айылдык китепкана, медпункт, балдар бакчасы, мончо, айтор элдин жыргал турмушун айгинелеген көрктүү имараттар айылга ого бетер көрк кошуп турат. Мына ушунун баарында Күмүш Сурановамын кошкон салымы зор. Анткени, айылдын маданиятын көтөрүү маселеси ар дайым селолук Советтин көңүлүнүн борборунда. Кийинки эле эки жылдын ичинде бул маселе эки жолу сессияда, 4 жолу заседаниеде талкууланган. Күмүш Сурановамын демилгеси менен түзүлгөн селолук советтин алдындагы карыялар Советинин иши да мактоого татыктуу. Анын составына элге кадыр-барктуу бар, селолук Советтин алдындагы карыялар кирген. Алар эски салт менен күрөшүүдө жана жаңы салттарды турмушка кеңири киргизүүдө чоң салым кошуп жатышат. Мисалы, аш берүүдөгү терс көрүнүштөр такыр жоголгон. Калың берүүчүлөр менен күрөшүү бүткүл элдик ишке айланган. Күмүш Суранованы бул жердегилер тынчы жок эмгекчил адам катары гана билишпестен, жаштардын насаатчысы, 4 баланын энеси жана үйдүн куту катары да жакшы билишет. Ал өзүнүн басып өткөн турмуш жолу жөнүндө пионерлерге, комсомол жаштарга дайыма айтып берип турат. Анткени ал мектеп окуучуларынын сүйүк-

түү мейманы. Ага окуучулар гана эмес мугалимдер, колхозчулар ар кандай турмуштук суроолор менен кайрылып турушат. Бирөөлөр кубанычын бөлүштүрүүгө ашыкса башка бирөөлөр дагы башка өтүнүчтөр менен. Ал өтө боорукер, жогорку маданияттуу, жөнөкөй адам. Ар бир адамга колунан келишинче жардам көрсөтүүгө ашыгат.

Күмүш Сурановaнын 1971-жылы «Мектеп» басмасынан «Баба дыйкан» жана «Сага, компартия» деген ырлар жыйнагы да чыкты. Ошол китебинен «Изиң калсын» деген ырынын бир куплетин окуп көрөлүчү.

Ак ниет иште эмгекчил элге сүйөнүп,
Аракет кыл жаңылыкты үйрөнүп.
Туруктуу бол, турмуш жолун чече бил!
Изиң калсын колхозунда түбөлүк.

Ооба, чын эле өзү айткандай, Күмүш Сурановaнын колхозунда изи калды. Ал жөнүндө селолук Советтин депутаты Бейшекан Ырсалиева мындай дейт:

— Эже жөнүндө көп нерселерди айтууга болот. Мен он жылдан ашык эже төрагалык кылган айылда иштеп келе жатамын. Ушул жылдары селолук советтин депутаттыгына шайланып, эл ишенимине ээ болдум. Өзүм медпункттун акушеркасымын. Эже менин гана эмес айылдагы ар бир адамдын жакын жолдошу, курдашы. Кээде иштеп жаткан жерге келип, сенин эмнелерди ойлоп, эмнелерге капа болуп тургандыгыңды дароо биле коёт. Кеп-кеңешин аябайт. Ага бардык сырыңды айтасың. Анткени, анын эч убакта жамандыкка кыйбасын билип турабыз.

Эженин мага жаккан мүнөзү — талапты өтө катуу коёт. Тапшырылган ишти өз убагында аткарбадыңбы, анда ишеничтен чыктым дей бер. Эже өзүнө да талапты катуу койгон адам. Анын айткан сөзүн аткарбай калганын уга элекпиз.

Бейшекан Ырсалиева туура айтат. Коммунисттерге кандай мүнөз тиешелүү болсо, Күмүш Сурановада ошолордун бардыгы бар. Мен көп адамдар менен дайыма жолугуп турамын. Алардын бири «Коммунизм» колхозунун председатели Садык Усупбеков Күмүш жөнүндө сурасам мындай деди:

— «Күмүш Сурановадагы эң жакшы сапаттын бири — принциптүүлүк, көздөгөн максатына жетүү, ал өз кызыкчылыгын коомдун кызыкчылыгынан жогору коёт. Бир гана мисал келтирейин. Быйылкы жылы колхоздо жаштардан өздүк-

көркөм чыгармачылык кружогун түзгөнбүз. Ага духовой оркестр табуу кыйын болду. Күмүш Суранова Маданият министерствосунун жооптуу кызматкерлерине чейин кирип жүрүп, акыры духовой оркестрди алып келүүгө жетишти. Ал киришкен иш эч убакта бүтпөй калбайт. Колхоздогу маданий жана турмуш тиричилигинин точкаларынын курулушунда анын зор салымдары бар. Алдыга коюлган максаттан баш тартпоо эженин негизги сапаттарынын бири.

Ооба, ар бир адамдын өзүнчө бийиктиги болот. Ал бийиктик — эл ишеними, эл баалоосу. Ага талыкпаган эмгек гана жеткирет. Биз ошол бийиктикке жетүүдө Күмүш Сурановага дагы ийгиликтерди каалайбыз.

*Зина МАМБЕТСЕИТОВА*

## ТИРҮҮ ЛЕГЕНДА

*Заманыбыздын даңктуу кыздарынын бири, кыргыз элинин кыйырына таанымал коомдук-чарбалык ишмер, акын, персоналдык маанидеги ардагер Күмүш Суран кызы 70 жашка толду.*

*Мындай салттуу маарекенин тушунда калкыбызга кадырлуу апанын 70 жыл өмүрүнүн урунттуу учурларын улам кайталап эске салып, улам кийинки муундарга узун сабак сөз кылып айта жүрүүнүн жүйөсү калетсиз. Акыйкатта, Ата-Журтка, элине өлчөөсүз кызмат өтөгөн, дайыма өзгөлөргө өрнөк катары калк оозунан түшпөй келаткан санжыралуу өмүр легенда эмей эмне. Өзгөчө кийинки муундар бул дүйнө ушул бойдон жарала калбагандыгын, ал ириде Күмүш Суран кызындай кыраан инсандардын кажыбаган эмгегинин үзүрү экендигин сергек туюп, ардагер апаларыбыз алдан-күчтөн тайган кезде аздектеп күтүп, аспиеттеп мамиле жасоого милдеткер экенин эстен чыгарбоосу лаазым.*

*Ошондуктан, эң оболу элге өмүрүн арнаган элдик адамдарыбызга Кудай кубат берсин, жашында көрсө мээнетти, улгайганда дөөлөтүн көрсүн. Кутман курак кут болсун!*

*Сиз кыргызга кымбат адамсыз, Күмүш апа!*

Ар ким өз заманынын талабына жараша таалим алып, калыптанат эмеспи. Күмүш апанын эс тарткан чагы эл башы-

на түшкөн оор кайгы Ата Мекендик согушка туш келди. Ооруктагы оор түйшүк ошол кездеги идиректүү, чыйрак, табиятынан өткүр мүнөздүү Күмүштү турмушка өжөр мамиле кылууга тарбиялады. Ошонун аркасында караламан элдин катарында ат соко менен жер айдап, суу сугарып, орок оруп, эгин бастырып гана жүрө бербей акырындан чогулган топко баш-көз болууга жарап, адегенде айылдык окуу үйүнүн башчысы, андан кийин табельщик, жылкы фермасынын башчысы болуп иштеп жүрүп, бат эл көзүнө, бийлик көзүнө түшөт. Ишке берилген, жөндөмдүү, жоопкерчиликтүү кыз айылдыктарынын ишенимине арзып, 1948-жылы Он-Арча Айылдык Кеңештин төрайымы болуп шайланат. Дээринде ары уюштургуч, ары жетекчи шык-кудуретке эгедер кыз жолунан кезиккен кыйынчылыктарга моюн сунбай, өжөрлүк менен өчөшкөндөй иштеди. Азыр ошондогу согуштан алсыраган эл турмушун көтөрүүдө Күмүш Суран кызына түшкөн түйшүктү Эчки-Башы айылындагылар азыркыга чейин ыраазы боло эстей айтышат.

1950-жылы СССР Жогорку Советине болгон шайлоолордо Күмүш Суранова 265-Нарын шайлоо округунан Улуттар советине депутат болуп шайланат. Эл көрсөткөн ишеним, эбегейсиз жоопкерчилик эми Күмүш эжени турмушка мурункудан да батыл аралашып, чечкиндүү иштөөгө чакырды. Ал мезгилде жалаң иш деп жүрүп, билим алганга да мүмкүнчүлүк аз эле. Ошондуктан 1950-жылы Нарындагы Токтогул атындагы орто мектепти, андан соң Караколдогу айыл чарба техникумун сырттан окуп бүтүрдү. Кийинчерээк 1954-жылы республикалык партиялык мектепке да кирип окуду. Арийне, элдин алдыңкы сабынан орун билимдүү адамга тиерин Күмүш эже жазбай баамдап, кызмат кызыкчылыгында эле калып калбай, билимин жогорулатып келгени көрөгөч адамдын иши болду.

Партиялык мектепти аяктагандан кийин Күмүш Суран кызы Казан-Куйган айылдык кеңешинин төрайымы болуп иштөөдөн тартып, Нарын райкомунун аялдар менен иштөө бөлүмүнүн башчысы, райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басарына чейинки жооптуу кызматтарда иштеп жүрдү. 1957—61-жылдары Он-Арча айыл кеңешинин төрагасы, колхоздун башкармасынын председатели болуп кызмат өтөдү. Мына ушундай кызматтарда жүрүп такшалып, жетекчиликтин зор тажрыйбасына ээ болгондон кийин ал кездеги Компартиянын облустук комитетинин бюросу Күмүш эжени райондук Комитетинин төрайымы кылып дайындайт. Облус жоюлуп кеткен-

дигине байланыштуу кайрадан Эчки-Башы айылына кайрылып келип 1971-жылга чейин «Коммунизм» колхозунун башкармасынын председатели, андан кийин Он-Арча айылдык кеңешинин төрагасы болуп 1983-жылга чейин ак кызматын өтөдү.

Өзгөчө «Коммунизм» колхозуна караган «Эчки-Башы» айылынын тургундары согуштан кийинки жетишкендиктери менен ириде Күмүш эжеге көп милдеткер.

Эженин элге кылган кызматы учурунда жогору бааланып, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы, эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, 6 жолу СССРдин ар кандай даражадагы медалдары менен сыйланган. «Кыргыз ССРинин айыл чарбасынын отличниги» ж.б. төш белгилери бар.

Ушу бүгүн заман түсү өзгөрүп, элдин жашоосу кыйындап калган тартыш, кымбат заманда Күмүш эже кабагым-кашым деп жатып албай, мурунку күүсү менен дале эл арасында, тажрыйба бөлүшүп, жаштарга насаат кебин айтып, райондук ардагерлердин кеңешинин төрагасынын орун басары катары бүгүнкү коомдук иштерден четте калбай иштеп келе жатат.

Тагдырдын буйругу экен, өмүрлүк жарынан, бир уул, бир кызынан айрылса да белин бекем бууп, айланасындагы бир уул, бир кыздын төрүндө 19 неберенин, 12 чөбөрөнүн ырыстуу чоң энеси болуп, дөөлөт күтүп, 70 жаштын белесинде болсо да дале көп иштин камында ишенимдүү жүрөт.

*К. АСАНГАЗЫ*

## КӨЗҮ БАРДА СЫЙЛАСАК...

### *Сунушубуз бар*

*(Күмүш Сурановaнын 70 жылдыгына карата)*

Өткөн айдагы «Жеңиш» гезитинин санынан «Элге арналган өмүр» деген темада коомдук чарбалык ишмер, адабият, маданиятыбыздын күйөрманы, айылдык акын, элибиздин кадырман эжеси, биздин замандашыбыз Күмүш Суранованын 70 жашка чыккан кутман курагын Тянь-Шань райондук жана Нарын шаардык аялдар Кеңешинин төрайымдарынын куттуктаган макаласын окудук. Биз аларга ыраазы болуу менен бирге азыркы кезде Нарын шаарында жашап турган карыялардын, согуштун жана эмгектин ардагерлеринин чоң тобу кеңешип

олтуруп, төмөндөгүдөй пикирибизди гезитибиз аркылуу калайык-калкка айтууну ылайык таптык.

Дөөлөтбай Асанбековдун ушул эле «Жеңиш» гезитине жазган ырындай, Күмүш Суранова чынында эле өзүбүздүн заманыбыздын Курманжаны турбайбы дегени айтса-айтпаса төгүнбү. Күмүштүн өмүр тарыхында өз эл-жери үчүн жасаган асыл эмгектери, адамкерчилиги, басып өткөн эмгек жолу, аткарган кызматтары көптөгөн эр азаматтардын колунан келе бербей турганы кашкайган эле чындык. Өмүр бою бир райондо, бир шаарда чогуу жашап, бирге иштешип жүрсөк да Күмүштүн башынан өткөргөндөрүнүн көпчүлүгүн, даана ички дүйнөсүн, поэзияга болгон чыгармачылык талантын толук билбей жүргөн экенбиз. Жакында эле анын басмадан жарыкка чыккан «Он Арчам» аттуу ыр китебинде:

Таш агызган күүлдөгөн дайрадан,
Кечип өткүм келе берет кайрадан,

— деп жазган. Эгер тагдыр мындан ары да жашоону буюрса дагы эле илгеркисиндей кара жанын аябай турмуштун татаал белин ашып, тар кечүүсүнөн кечип өтүп, эли-жери үчүн кажыбас кайраты менен иштеп, мыкты чыгармаларды жазууну улантa бере тургандыгы айдан-ачык көрүнүп турат.

Күмүш, ылайым эле ушул деминден жазбай, жаркын, ачык кабагын бүркөлбөй, энелик мээрим менен элибиздин нарктуу, кутман карыяларынан болуп, балдарындын, келин-кыздарыңдын жана неберелериндин убай-урмат сыйын көрүп, узак жашай берүүнө тилектештигибизди билдирип, 70 жылдык торколуу тоюнду ак ниетибизден куттуктайбыз!

Урматтуу Он-Арчалык туугандар! Күмүштүн жердештери! Эжеңердин эмгегин силер ар дайым жогору баалап, атагын ааламга жайып, кезегинде СССР Жогорку Советине, Кыргыз ССР Жогорку Советине жана облустук, райондук Советтерге бир нече жолу депутаттыкка шайлаганыңыздарды билип, көрүп жүргөнбүз. Күмүш болсо сиздердин ишеничиңиздерди кынтыксыз аткаруу үчүн жан-дили менен талыкпастан иштеген. Ошонун натыйжасында ал өкмөттүн жогорку сыйлыктары: эки Кызыл Туу ордени, алты медаль, беш Ардак Грамоталарга татыктуу болгон. Анын мындай барктальшына биз сиздер менен кошо сыймыктанабыз.

Эми эжеңерге жасай турган бир сый — анын атын түбөлүккө унуткарбай калтыруу болуп турат. Эгер сиздерге туура

келсе көзүнүн тирүүсүндө 70 жашын белгилөө мааракесинде өзү туулуп өскөн, өмүр бою сиздер менен бирге иштешип, жемиштүү эмгектенген жери Он-Арча айылдык Кеңешине, Эчки-Башы айылына Күмүш Сурановaнын атын ыйгарып коюуңуздарды биз, карыя замандаштары, сунуш кылабыз. Эгерде бул сунушту колдосоңуздар райондук, облустук, мамлекеттик администрациясы, депутаттардын райондук, облустук Кеңештери колдойт деген ишеничибиз бар.

*Карыялар тобунун атынан:*
*А. Ажиев, Ү. Өмүрзаков, М. Найманбаев,*
*С. Жакыпов, Ж. Алаев, М. Төробаев, Б. Насыров,*
*А. Бактыгулов, К. Базарбаев, Б. Казакбаева,*
*Ү. Абдразаков, З. Какематов, М. Кыдырбаева,*
*И. Алманбетов, Д. Турдукеев, А. Надырбеков.*

## ЮБИЛЕЙИ БЕЛГИЛЕНДИ

Жакында районубузда дагы бир белгилүү адамдын юбилейи салтанаттуу белгиленди. Бирок, азыркы учурдагы оор кыйынчылык турмушта, өткөөл мезгилде той берүү, кандайдыр бир юбилейди белгилөө туура келбегенсип турат. Анткени, калктын көпчүлүк бөлүгү жакырчылык, жетпеген турмушта жашоосун өткөрүшүүдө. Ошондой болсо дагы Эчки-Башы айылында өткөрүлгөн бул той республикабызга чейин аттын кашкасындай таанымал, мамлекеттик, коомдук, чарбалык ишмер, акын Күмүш Суран кызынын 70 жылдыгына арналды. Турмуш оор деп эженин 70 жылдык тоюн белгилебей коюу өтө эле калыссыздык жана эмгегин баалабай койгондук болоор эле. Анткени эже бүткүл өмүрүн элине, эмгекке арнады. Ошондуктан эженин басып өткөн эмгектик жолу жаштарга үлгү.

Күмүш Суран кызынын юбилейине арналган салтанат Эчки-Башы айылында өткөрүлүп, республикабыздын ар кайсы областтарынан келген меймандар, айылдык калк клубга жык толушту. Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы, Кыргыз эл депутаты О. А. Бектуров салтанатты кириш сөз менен ачты. Республиканын эл артисти, белгилүү төкмө акын М. Рыскулов атындагы областтык музыкалык драма театрынын артисти Т. Актанов эжеге атайын арнап чыгарган ырын комуздун коштоосу менен аткарып берди. Андан кийин Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчы-

сынын биринчи орун басары Ж. Алымкулов Күмүш Суран кызынын эмгек жолу, коомдук, мамлекеттик ишмердүүлүгү жөнүндө доклад жасады. Областтык мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары А. Молдалиев, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысынын куттуктоо папкасын тапшырды.

Областтык музыкалык драма театрынын артисткасы Бакен Кыдыкеева атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Камытова Бактыгүл эженин монологун аткарганда көз алдыбызга кадимки Чыңгыз Айтматовдун чыгармасындагы Толгонайдын образы элестеп турду. 1969-жылы тартылып калынган «Башкарма эже» аттуу документалдуу фильм көрсөтүлгөндө Күмүш эженин чыныгы эмгектик жүзү, эл, жерин сүйүүсү даана байкалды. Мындан соң, театрдын дагы бир артисткасы Б. Өмүрова, Т. Актановдун Күмүш эжеге арнап чыгарган тамашалуу ырын аткарганда зал күлкүгө бөлөндү.

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министри Н. Касиев, Кыргыз Республикасынын жазуучулар союзунун башкармасынын биринчи катчысы А. Жакшылыков, белгилүү жазуучу, эженин жердеши, тууганы К. Жусупов, Кыргыз Республикасынын эл депутаты, Эчки-Башы айылынын уулу, районубуздан чыккан туңгуч генерал Б. Молдогазиев жана башка меймандар, тели-теңтуштары, тууган-туушкандары, бала-бакырасы той ээсине жакшынакай куттуктоо сөздөрүн айтышып, атайын жазган ырларын окушту жана белек-бечкектерин тапшырышты. Ар бир айтылган куттуктоо сөз райондук маданият бөлүмүнүн өздүк-көркөм чыгармачылыгынын катышуучуларынын ыр-күүлөрү менен коштолду.

Райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы О. А. Бектуров райондук мамлекеттик администрациянын, райшаар Кеңешинин жана райондун элинин атынан куттуктоо сөзүн айтып, эстелик белегин тапшырды. Андан кийин ал Он-Арча каналына жана Оттук айылынын борбордук көчөсүнө Күмүш Суран кызынын ысмын ыйгаруу жөнүндөгү райондук мамлекеттик администрациясынын жана райшаардык Кеңешинин биргелешип кабыл алган чечимин окуп берди. Бул чечимди зал кубануу менен тосуп алышты. Ошентип эмгеги сиңген эженин көзү барда эмгеги татыктуу бааланып, коомчулуктун көптөн берки ушул талабы аткарылды.

Жооп кайтарып сүйлөгөн сөзүндө той ээси Күмүш эже мээримдүү куттуктагандыгы жана өзүнүн адресине жылуу сөздөрдү

айткандыгы үчүн меймандары, жалпы райондун элине, Эчки-Башы жана Оттук айылынын калкына, райондук, областтык мамлекеттик администрацияга, айрыкча юбилейди өткөрүүнүн демилгечиси жана башкы колдоочусу болгон О. А. Бектуровго өзүнүн терең ыраазычылыгын билдирди. Жалпы журтчулугубузга тынчтык, жакшы турмуш, күжүрмөн эмгекти каалады. Азыркы оор турмуштан жалпы элибиз чыгып кетээрлигине ишенгендигин билгизип, Ак батасын берди.

*«Жеңиш» гезитинен*

## КҮМҮШ ЭЖЕ

Үч доор өттү биз жашаган кылымда,
Үчөөнө тең калыс келдиң чынында.
Ой эжеке! Каршылыкка чын турдуң,
Кара ниеттерди каңк эттирип мурунга.

* * *

Сезимдүүлүк, байкоочулук сынында,
Эмгек үчүн күрөшүү жок тынымга.
Ой эжеке! Аял затта сиздейлер,
Кыргызымда өсө берсин кылымга!

*Дүйшөнаалы КЕНЕНБАЕВ*

## ТОРКОЛУУ ТОЮН ТОЙЛОСОК...

### Улгайсак унутулуп калабызбы?

*Жакында республикалык маанидеги персоналдык пенсионер, кыргыз журтуна таанымал Суранова Күмүш апа редакцияга келиптир. «Сыр аяктын сыры кетсе да сыны кетпейт» дегендей баскан-турганы кудум жаш кезиндегидей илбериңки, баягы жайдары мүнөзүнөн жазбай жан-алы калбай ар бирибиздин ал-жайыбызды сурап далайга олтуруп калдык.*

*Жакында Нарындын басмаканасынан чыккан «Он-Арча»*

*аттуу китебине кол тамга жазып берип мындай деп калды: «Тагдыр бешенеме канча жашты ыроолоду ким билет, эжекинин жашындай жаш калганда кийинки ырларымды топтоп туруп, чыгынып ырас чыгарттырып койдум. Көргөн-билгендер, кийинки урпактар окуп жүрсүн».*

*— Али демдүүсүз, карылыкты ойлобоңуз, — десем: «Быйыл жетимишке чыктым айланайын, кайдагы жаштык» — деп адетинче шаңкылдап күлүп калды.*

*— А, анда кут болсун, буюрса ак төөнүн карды жарылган күркүрөгөн күздө маарекеңизди өткөрөт турбайсызбы? — десем: «А, айланайын, алган пенсиям эки мүшөк үндан артпай оп-чап жашап жатканда той өткөрүү кайда» — деп муңайып койду. Күмүш апа биз менен жылуу коштошуп кеткен соң өзүмчө ойго батып олтуруп, ушул макаланы жаздым.*

Былтыр жайында «Он-Арчага» келишимдик жол менен атайы номур даярдаганы барып Күмүш апанын үйүндө болуп, далайга олтуруп, өткөн-кеткенди эске түшүрүп сыр чечишкенбиз. Нечен жылдан бери сандыктын түбүнө бапестеп сактап келаткан саргайып бараткан сүрөттөрдү, каттарды, «Эмгек Кызыл Туу» ордени баштаган медалдарын, ардак наамдарын улам бирден көрсөтүп, башынан өткөргөндөрүн улам эске түшүрө айтып берип олтурган. Айтымында, туулуп-өскөн айылынын канат-бутагынын жайылышына эркектен артык ак кызматын өтөптүр.

Уруштун убагында жылкы фермасын жетектеп, жетим-жесирлерди ач-жылаңач калтырбай күнү-түнү чапкылап жанын үрөптүр. Колхоздун башкармасынын төрайымына шайланганда — он эки жыл айылдык Кеңешти жетектеп турганда уюштуруучулук, изденүүчүлүк менен ак ниетинен адал иштеп келиптир.

— Келеркиде ушул Жеңиштин 50 жылдыгын белгилейбиз. Убакыттын учкулдугун көр. Арадан билинбей жарым кылым өтсө да согуштун жүрөккө калтырган тагы алигиче айыга элек — Күмүш апа муңайым үн катты. — Ойлогондо боконо сөөгүм болкулдайт. Урушта эркектер канын төксө, аялдар тылда жаш төгүп, күн-түн дебей орок оруп, машак терип, ач-жылаңачтыктын, кайгы-мундун зарын тартпадыкпы. Мына ошондогу согуштун азап-тозогун тарткан энелердин катары жылдан-жылга кемип барат. Муну айтып жатканым 9-Май күнү Жеңиш күнүн белгилөө аземине эркектер гана кадырланып

чакырылат да тылда ат көтөргүс азапты тарткан аялдар унутта калат.

Ырас эле, айтса-айтпаса төгүнбү. Деги ойлой келсең тээ атамзамандан эле аялдардын түмөн түйшүктүү эмгеги анчейин бааланып баркталбай келет. Баса, мааракe демекчи, алигиче Күмүш апа өндөнгөн калкына кадыры өткөн бир да аялдын торколуу тоюн өткөргөнүн кулагыбыз чала элек. А мартабалуу аксакалдарыбыз кымбатчылыкка карабай ат чаптырып, улак тарттырып, маарекелерин дүңгүрөтүп өткөрүп жатышканын көргөндө аттиң «алтын баштуу аялдан бака баштуу эр артык» деген ушул тура дегенге аргасыздан баш ийкейсиң.

— Эл-журтума, райондун, облустун жетекчилерине ыраазымын, — дейт Күмүш апа. — Мени эстеринен чыгарышпай, жылт эткен жакшылыктардан калтырышпай кадырлап калышканда төбөм көккө жете кубанып калам.

Сүйлөшүп олтурганыбызда көңүлүмө бир ой келди. «Ак төөнүн карды жарылган» кезде Күмүш апанын жетимиш жылдык маарекесин өткөрбөйлүбү. Ырас, өзүнөн артпаган пенсиясы менен той өткөрүү оздон айлансын. Бирок, «Он-Арча» үчүн эркектен артык кызмат өтөгөнүн эске алган жердештери, жакын санаалаштары демилге көтөрсө облустун жетекчилери көрүп-билгендер карап турбас. Атаганат, бул оюбуз орундалып калса анда ардактуу апабыз басып өткөн өмүрүнө кылчайып, өткөн-кеткенди эске түшүрүп, элине кылган эмгегинин текке кетпегенине кубанып жашара түшпөйт беле. А балким, мындай пикирге сиздин да кошумчалар кеп-сөзүңүз бардыр, окурман...

*Б. Дыйканбаева*

## КУТТУУ БОЛСУН 70 ЖАШ ТОЮҢУЗ, КЫЛЫМ ЖАШАП, СОО-САЛАМАТ БОЛУҢУЗ!

### Айылы – алтын бешиги

Анда шайлоолор көбүнчө кыш айларында өтөөр эле. Таңга жуук жарыктык чоң энем ачууланып жатыптыр.

— Ал эмне үчүн мени чакырышпайт. Эмне, укугумдан ажыратышабы? Же депутат тосконго татыбайт бекемин. Эки бирдей баламы урушка берип отурам.

— Жарыктык эне, капа болбоңузчу. Кары киши суукта үшүбөсүн дегендир да, — деди апам аны жубатууга аракеттенип.

— Суук дейт тура. Мындан жаманын да көргөмүн. Ач бел, куу жондо, ак кар, көк музда да жүргөмүн...

Айтор энем жарыктык эл менен кошо Ак-Мойнокко жөнөп кетти. Ал кезде Эчки-Башы, Оттук, Кызыл-Жылдыз айылдарынын жыйыны ошол Ак-Мойнокто өтүүчү.

— Депутат тособуз деген эл түндөн турушуп, балбылдатып от жагышып, бакылдашып, баарлашып депутаттыкка кандидатты күтүшчү.

Кызык ар мезгилдин өзгөчөлүгү болот турбайбы. Ошондо атайы чакырылган эч ким деле жок. Жыйын болот десе эл өзүнөн-өзү котолоп чогулуп калаар эле.

Көрсө чоң энем эңсеп тоскусу келген депутат ушул Күмүш эжем экен.

— Тотугуп калыптыр жаш болсо да элдин ичиндегисин айтты, — деп чоң энем жыйындан ыраазы болуп кайтты.

Ошол кездеги катаал турмуштун өзү Күмүш эжени чыңады, такшалтты. Секелек кезинен элдин керегине жарап, турмуш казанында кайнады. Колхоздун табельщигинен жылкы ферма башчылыгына көтөрүлдү. Арга канча эр бүлө согушта босо...

Эженин өзү эскерет:

1943-жылы көп жылы үзүрлүү эмгек өтөп, жылкы фермасы болуп иштеп, өмүрүндө биринчи жолу Москвадан Калининдин колунан «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалын тагынып келген Көбөгөнөв Мамбеткул деген армияга чакырылып, мени жылкы ферма башчылыгына дайындашты. Көк-Дөбөдө Ак-Таш кыштоосунда ат багышкан Молдосаалы, Кыдыр дагы аттарды санап өткөрүп алууга колхоздо жылкычы болуп иштеген Арыккозиев Мааткан, Көбөгөнөв болуп «Көтөн үзмө» деген тик ылдый жалгыз аяк жол менен Дүйшөкөнү өрдөп Куу кашаанын кырына жеткенде күн алай-дүлөй болуп, кар борошолоп бороон-чапкындап, аттардын аягы жылбай шамалга көчүгүн салып кишенейт. Мааткан ата түтөгүп Мамбеткул аны аттан түшүрүп кардын астын оюп жаткырды.

— Күмүш сен да, кардын асты жылуу оюп кирип кет, аттарды коё бер, — деди. Мен калчылдап үшүп, оозум камтууга келбей Мааткан ата, Мамбеткул байкелеп кыйкырдым.

— Үнүңдү чыгарба карышкыр келет, — дейт Мамбеткул коркуп. Чынында кардын асты жылуу экен. Корккон киши уктай алабы. Бир маалда кыйкырсам тым-тырс добуш жок. Аябай коркуп, унчукпай жатып, жылууга киргенде көзүм илинип кетиптир. Таңга жуук болгон көрүнөт.

— Күмүш кандай балам? Аман түнөдүк, чоң атаңдын абалы жаман, оозу, мурду көгөрүп араң эле дем алат. Менин көлөшүм кайда калганы билинбейт.

— Эми сен жеңил эмессиңби кар көтөрөт. Үстү менен тээ Бел-Булактын кырына чыксаң андан ары жылгаяк тээп да болсо жетесиң. Кашаттан кыйкырсаң Молдосаалы угат. Иттен абайла, баласын жиберип бизди алып кетсин. Мен бул кишинин жанында болоюн. Ошент, айланайын, — деди Мамбеткул аке.

Мен кардын үстү менен бассам кар көтөрдү. Карышкырдын изи да көрүнөт. Кээде карга жыгылып эптеп Бел-Булактын кырына жетип аркы бети тик ылдый экен. Жылгаяк тээп кыштоого жетип бардым. Арсылдап үргөн иттин үнү коштогон ачуу үн менен кыйкырсам көйнөк-дамбалчан, чепкенин желбегей жамынган Молдосаалы чыгып:

— Ээ ботом эл тынчпы? Эрбейген айланайын, ээ байбиче тур от жак. Суран акенин кызы тура, — деп карбаластады.

— Ата батыраак эки ат токутуңуз. «Куу-Кашканын» белинде аталар басалбай калды. Аттар кайда белгисиз. Аттар токулуп Шамиран деген баласын жиберди. Оттун жанына олтуруп жылынып, чай ичип, ак сакалдын суроосуна жооп берип, биртике олтурганда тигилер келди. Аттар да карагайдын арасында экен, ала келишиптир. Мааткан атаны оттун жанына төшөк салып жаткырып, тамак бышканча малды санап актилештик. Сиз бул жерге эс алып эртең Шамиран жеткирет десек болбой, ат жалы жеңил кыбырап силер менен кете берейин деп Мааткан ата да биз менен кошо аттанды...

Эженин башынан мындан да көп кыйынчылыктар өттү. Анткени бул кыйынчылык элдин башына түшүп турган эле. Аны көзү менен көрүп, жүрөгү менен сезип, түйшүгүн тарткан Күмүш элдин турмушун оңдоого, кайгы-кубанычын бөлүшүүгө далалаттанды. Кайда жүрбөсүн, кайсы кызматта болбосун, ой-санаасынан туулуп-өскөн айылы, айылдаштары кетпеди. Ошолордун камында болду. Айрыкча күйөөлөрү согушта курман болуп, чиедей балдарын багып колхоздун акы төлөнбөгөн жу-

мушун бүткөрүшкөн жесирлерге боор тартып, алардын кемкарчынан кабардар болду.

— Кокуй Күмүш жүрөт дейт айылда, короону шыпыр, кирип калбасын, жаңы шырдакты салып коёлучу, — деп апам ыраматылык карбаластап калар эле. Ошондо Күмүш эже алчактата бастырып биздин үйдүн тушундагы кокту менен жонго чыкчу да теребелге көз жүгүртүп, кыштакты имере карап, кимдин кандай тиричилик жасап жатканын баамдоочу.

Кимдир бирөөлөрдүн огороддору сугарылбай, эгин, чөбү саргая баштаса чатакты көрүп ал. Аябай жекирип коёр эле.

Апам да улам эшикке чыгып, кыйпычыктап Күмүш кайрылып өтөөр бекен дегенчелик нан, жармасын камдап күтүп туруучу. Кыраакы Күмүш эже муну да көз жаздымдан кетирбей, чындыгында эле биздин үйгө түшүп келүүчү. Ал-акыбалды сурап, башыбыздан сылап, кээде түшүп чай ичип, кээде аяктагы жарманы ат жалына тийгизип ичип, бастырып кетүүчү. Апам өзүн жеңил сезип, оор түйшүктөн жеңилгенсип ак көңүлү кармап калчу. Мындайда апамдын майда-чүйдө тапшырмаларын аткарбай, чүкө ойноп же көк иримге барып сууга түшүп келүүгө мага да жол ачык болуп калаар эле.

Айылда башкарма да, айылдык Кеңештин төрагасы да болду Күмүш эже. Районду да жетектеди. Кыргыз ССР Жогорку Советинин, СССР Жогорку Советинин депутаты да болду. Бирок анын тагдыры, таянычы — туулуп-өскөн айылы. Эчен катаал учурларда ага дем-күч берип, жөлөп-таяган да ушул айылы. Эже да ага татыктуу кызмат өтөдү. Өркүндөтүп өрүшүн кеңейтти, берекесин арттырды. Чоң-Кара-Кужурдан 400 гектар, Арчалы, Туюк, Кызберген кыштоолорунан 260 гектар дың жерлер өздөштүрүлүп коомдук мал үчүн тоют маселеси чечилди. Чоң-Кара-Кужурдун Ак-Таш, Жалпак-Бел, Жар-Таш, Куу-Мойнок, Акыр кыштоолоруна Кичи-Чуңкур, Чоң-Чуңкур, Оро-Башы, Он-Арча, Сары-Булак, Жалгыз-Арча, Кара-Жылга, Чуңкур-Суу сыяктуу кичи кыштоолорго малчылардын үйлөрү, короо-сарайлар, жолдор салынып, электр жарыгы жеткирилди. Саанчы, бадачыларга «Финский» үйлөр, уй сарайы, талаа станы — кыркын, куут пункттары, койлорду котурдан дарылоочу купкалар, ички сугат тармактары курулуп бүткөрүлдү. Элдин турмушу жакшырып, чатырланган үйлөр. Эчки-Башы айылына суу түтүктөрү курулду. Оттук, Эчки-Башы айылдарына бала-бакчалар, мончолор, дүкөндөр салынды. Эчки-Башыда маданият үйү, Оттукта клуб курулуп, Ата-Мекендик согушта

курман болушкан айылдаштарга эстелик тургузулду. Бакдарактар отургузулуп, айылдар көрктөндү. Элдин пейили оңолду.

Демекчи, Күмүш эже жаштарды тарбиялоого, улуттук каада-салтты, өнөрдү өркүндөтүүгө, аларды калктын турмуш тиричилигине кеңири кийрүүгө зор аракеттерди жасап келет.

1986—87-жылдарда бир жылдан ашык убакыт бою эженин «Жеңиш» газетасына жарыяланган «Айылым — алтын бешигим» деген макаласы боюнча райондун ар бир айылында жыйындар өткөрүлүп, чоң талкуу жүргөн. Муну ошол кездеги партиянын райкомунун биринчи катчысы Асейинов Мукун кызуу колдоп, көптөгөн айыл-кыштактарда бак-дарактар олтургузулуп, мөмө-жемиштер тигилип, мончолор иштетилип, жолдор салынган. Кыргыздын улуттук каада-салттарын кеңири колдонуу менен үйлөнүү тойлору, сүннөткө олтургузуу, балдарды достоштуруу, тушоо кесүү аземдери, бешик тойлору өткөрүлгөн. Чебер уздардын, усталардын, жыгаччылардын, сүрөтчүлөрдүн көргөзмөлөрү уюштурулган. «Айылым — алтын бешигим» деген рубрика газета бетинде дээрлик эки жыл бою колдонулган.

Жаш курагына жараша жетекчи кызматтардан кетип, өзүнүн колунан түздөн-түз келбеген күндө да Күмүш эже айылы үчүн дагы көптөгөн иштерди жасоону эңсеген. Эженин ой-мүдөөсү качандыр бир кезде ишке ашаарына терең ишеним бар.

Күмүш эже өтөгөн кызматына, пейлине жараша элдин сый, урматына, өкмөттүк сыйлыктарга татыды. Бул жөнүндө көп айтылып, көп жазылды. Карапайым кыргыз аялы Кремлдин Георгиев залында олтуруп, өлкөнү башкарууга катышкан. Ал учурду Күмүш эже мындайча эскерет.

— Кремлдин Георгиев залында Улуттар Совети менен Союздар Советинин кошмо заседаниесинде олтурган элек. Бир маалда эле орундарынан туруп дүркүрөп кол чаап калышты. «Сталин келди» деген шыбыр-күбүр кетти. Согончогумду көтөрүп, мойнумду созсом да ал кишини көрө албайм. Колумду чаап атып алаканым ысып кетти. Эл олтурду. Менин жанымда олтурган Мамбеталиев деген госконтролу болуп иштеген агайдан Сталинди көрө албай жатам деп сурасам, Булганин, Молотов, Ворошиловдордун алдынкы катарында өзүнчө олтурган ачык күрөң кийимчен, муруттары калкайган киши деди. Мен аны таанып, көзүмдү албай тиктеп олтурдум. Бир кыймылдап же сүйлөшүп койбойт. Маленков келип бир ка-

газды көрсөтүп кетти. Бир маалда танапис болду. Эшикке жакын элем. Чуркап чыгып, Сталин менен көрүшчүдөй бирөөлөрдү ээрчип ылдый түшсөм буфет экен. Сталин болсо көрүнбөйт. Свинина нет, баранина ест, орусчаладым. Чочко этин жебейм, кой этин бер дегеним эмеспи. Көп эле тамак-аш жайнайт. Алардын атын билбесем эмне кылам. Эптеп бирдеме алып жеп эми кантип өйдө чыгам, сессиядан кечикпегей элем деп, сарсанаа болуп эки жакты карап турам. Бир кезде тээ алыскы бурчта тамак ичип жатышкан Раззаков, Сүйөркуловдорду көрө калдым. Сүйүнүп, алар басканда артынан ээрчидим. Раззаков жылмайып:

— Кызым кандайча, кайдан? — деди.

— Сталин менен көрүшөйүн деп чуркап чыктым эле агай. Ушул жакка келет деп ойлогом. Экөө күлүп калышты.

— Сен бул жерди биздин сессиялардай көргөн турбайсынбы. Ал киши олтурган жеринен өйдө же ылдый лифт менен жүрөт. Канткен менен да сен молодецсиң, — деп далымдан сылап койду...

Эженин ар бир адамга жасаган жылуу мамилеси, үй-бүлөгө жасаган урмат-сыйы жүрөк жылытып, атаганат адамдын баары ушул кишидей болсо деген ойго салат. Аймагыбыздын чыгаан уул-кыздарынан болушкан Жусуп молдоке менен акын Жумакандын ысымдарын мектеп менен клубга ыйгарууга чоң аракет жасады. Күмүш эже колхоздо башкарма болуп иштеген кездеринде эрте жазда коммунизмдик шаардыктардын үйлөрүнө ууз кымыз жеткирилип каттаар эле. Ооз тийишсин деп атайын тизме менен колхоздун молоковозу менен жиберип ийчү.

Бир жолу үгүт-насыят иштери боюнча «Кыргыз Туусу» газетасынын ошол кездеги редактору Тилектеш Ишенкулович менен Эчки-Башыга барып калсак, Күмүш эже үйүнө чакырды. Тамагын жасап коюптур.

— Силердей жакшы балдар келип калса деп катып жүрдүм эле, — деп бир шише «Алтын шакекти» бузду. Ошол барышта эженин өмүрлүк жолдошу Данияр абанын сөөгү жаткан жерге гүл өстүрүп, айланасын коргоп койгонун көрдүк. Ал кишини эскерип жылуу пикирлерибизди айтканыбызда:

— Ээ, армансыз дүнүйө болбойт тура балдар. Абышкамдын тоодой караан бар эле. Атымды токуп берип, кеп-кеңешин айтып, жолумду тосуп турар эле, — деп эже жашып да кетти.

Эл сыйлаган, эр сыйлаган касиеттүү кыргыз аялынын адамкерчилиги көкүрөктөн түнөк таап, уялап кала берди түбөлүк.

1963-жылдын жай айлары мен Бишкекте жашап, политехникалык окуу жайында иштөөчүмүн. Бир күнү эле колхоздун бухгалтери Абдыкалык келип калды. Ал-ахывалды сурашкан соң:

— Сени колхоз чакырып атат. Күмүш жиберди. Айылдан чыккан таланттуулардын жыйыны болот экен, — деди. Ошондо ушул Орус-Булунда чоң той болду. Жайдын толукшуган кези. Айлыбыз таланттарга бай экенин ошондо бир билдим. Бейше Соодонбеков, Жумакан Тынымсеитова, Кеңеш Жусупов, Жээнбай Мамбеталиев, обончу-композиторлор Сайырказы Түркмөнөв, Султан Мамбетбаев ж. б. көптөгөн адабиятка шыктуулар, архитектор, сүрөтчүлөр, ырчы, комузчулар, кыякчылар чогулушту. Баары тең өзүбүздүн айылдан.

Ошол тойдо атактуу Эстебес менен Токтосун да болушуп, ак боз аттарды минишип, жар чакырып ырдап жүрүштү. Ар кандай улуттук оюндар ойнолуп, кызыл-тазыл кийинген кызкелиндер шаракташат. Элдин жарпы жазылып, күч-кубат алып, көңүл оту жанып, канат бүткөндөй болду. Той-торопого тыюу салган учурдагы партиялык тескөөчүлүктөн жазганбай, айыл таланттарын чогултуп дүңгүрөгөн той берүү чанда гана кишинин колунан келчү иш эле.

Жогоруда биз сөз кылган «Айылым — алтын бешигим» деген девиз менен Эчки-Башы, Оттук айылдарында жыйынкароолор өткөндө жалаң гана өз айылыбыздан чыккан акындардын сөзүнө, өзүбүздүн композиторлор жазган обондорду өзүбүздүн уландар, кыз-келиндер ырдашып, концерт беришкенде Мукун Асейинович да терең ыраазы болду.

Ошол таланттардын бири эженин өзү. Анын татынакай ырларын, жалындуу макалаларын окуп да, жаттап да, обонго салып ырдап да жүрөбүз. Анын төрт китеби басмадан жарык көргөн.

Мына эми Күмүш эжебиз 70 жашка келип, өрнөктүү өмүр сүрүп жатат. 19 неберенин, 12 чөбөрөнүн чоң эне, тайэнеси. алардын бир тобу жогорку окуу жайларында окуп жатышат.

Эжебиз тээ секелек кезинен ак чач байбиче болгуча айыл үчүн, айылдаштар үчүн ак эмгегин арнап, ат жалында келатат. Анткени айылы — алтын бешиги эмеспи.

*Эсенгелди АБДЫКАДЫРОВ*

# ЭЛҮҮСҮН АЛЫП ТАШТАҢЫЗ

Кайсы жылы экени так эсимде жок, февраль айы болсо керек. Айлана али караңгы. Саат алтыга чукулдап калган убакта эл депутаттарынын Тянь-Шань райондук Кеңешинин төрагасынын орун басары Марат Үрүстөнов баш болгон топ «Коммунизм» колхозунун Кара-Кужурдагы кыштатылып жаткан малдарынын абалын, чабандардын жашоо турмушун, алардын турмуш-тиричилик жактан тейленишин көрүп келүү үчүн сапар тарттык.

Биз саат сегизден өтө бергенде Жалпак-Белге жетип, жолдогу биринчи эле чабандын үйүнө баш бактык. Мына кызык, ошол үйдө Күмүш эже олтурат. Учурашып акыбалды сурашып, бир чыныдан уютулган жаңы айран ичип, келген максатыбызды айттык. Эже ал кезде айылдык Кеңештин төрайымы.

— Келгениңер жакшы, чабандар менен аңгемелешип, малдын багылышын, арык-семизин өз көзүңөр менен көргүлө. Бул жерден мындай, андай кылып жатабыз деп ооз көптүрө сүйлөгөндө майнап чыкпайт. Биз клуб башчысы Сайырказы Түркмөнов экөөбүз үч-төрт күндөн бери ушул малчылардабыз. Сайырказы баш болгон өздүк көркөм чыгармачылыктын тобу бар. Дагы бир айта кетчү нерсе, ар бир малчынын жетишкен ийгилигин даңктап, кемчилигин сындап, анан ошол жакка барганда атайын дубал газета чыгарып барып жатабыз. Барган жеринде көркөм чыгармачылыктын тобу малчыларга кеңири программадагы концертти тартуулашууда, — деди эже.

Мына ишке берилгендик ушул да. Болбосо кыштын кычыраган чилдесинде, Жалпак-Белдин кар учурган бороонунда малчыларга келип эмне азап. Эжеден башка киши болсо малчыларды Сайырказыны тейлеп кел деп жиберип коюп, өзү үйүнөн ысык чай ичип, жылуу конторунда олтура бербейби. Жок, эже анте албайт. Мунун да себеби бар.

**Күмүш эже:** Кандуу согуш жүрүп жаткан кезинде,
Кайрымдуулук уялаптыр сезимге.
Арпа талкан жаргылчакка тартылган,
Тузсуз жарма ичкен күндөр эсимде.

* * *

Кара жарма казан толо кайнаган,
Мээримдүүлүк пейилдерге тараган.

Берекелүү пейли кенен энелер,
Жарты нанды жара бөлүп чайнаган.

* * *

Ач, жылаңач бүтүн кийим кийбедик.
Улуулардан ызаат кылып ийменип.
Күн-түн талбай талаада иштеп акысыз,
Жанды үрөп чарчаганды билбедик,

— деп өзү эскергендей, анын жаштык чагы каардуу согушка туура келди. Батышта согуш оту алоолоп эр азаматтар эл четинде, жоо бетинде дешип фашисттик баскынчылар менен кармашууга кан майданга аттанып кетишти. Тылда тестиер балдар, кыздар, эңкейген карылар калышты. Алар колхоздун жумушун жасап, майданда жүргөн жоокерлерге азык-түлүк жөнөтүп турушпадыбы. Мына ошол жаш чагында эле иш менен кошо кайнаган эже өз көзү менен көрмөйүн иштин бүткөрүлүшүнө ыраазы болбоо сезими пайда болуп калса керек.

Эже согуш бүтүп, элибиз тынч эмгекке киришкенден баштап, жаштайынан эки тизгин, бир чылбырды колуна алып дегендей, бардык күч аракетин элге жумшап эмгектенди. Жүрөгүнүн тереңинен оргуп чыгып жаткан эң бир сонун ырлары кызмат менен алышып, ак кагаздын бетинен түшкөн жок. Кийин гана ыр жазууга киришти. Кудайдын кулагы сүйүнсүн эже бир нече китептин автору болду. Кыйла жаңы ырларды жазды.

Мына биздин колубузда Нарын шаардык басмаканадан 1993-жылы басылып чыккан «Он-Арча» аттуу ырлар жыйнагы. Бул жыйнакка өзү туулуп өскөн Он-Арча, согуш убактысындагы оор күндөр, дыйкандар, чабандар, айрым адамды эскерүүлөр, кыскартып айтканда кыйла жакшы ырлары топтоштурулган. Алардын көпчүлүгү үгүт-насаат, акыл айтууларга толгон.

Эже бүгүнкү күндүн ырыстуу адамдарынын бири. Дайыма так жүрүп, калыс сүйлөп, журт үчүн кам көрүп, элдин биримдиги, ынтымагы, жаштардын ыймандуулугу үчүн кам көрөт. Туш тарапка бутагы жайылган чоң чынардай бактылуу үй-бүлөнүн карысы жана ээси.

Өтүп жаткан 70 жылдык торколуу тоюнуз кут болсун! Чын ден-соолукта болуп, үй-бүлөңүз менен бирдикте сак-саламат, кылымдан ашык жашап келе бериңиз.

Карып калдым дебестен,
Жаңы ырлардан баштаңыз.
Жерге кирсин жетимиш,
Элүүсүн алып таштаңыз.

*Амантур АКУНОВ*

# ӨМҮРДҮН ӨӨДӨ-ЫЛДЫЙЫНДА

*Жакшыны көр, жакшыны кеп кыл дайым,*
*Жамандарга асылба келсе колдон...*

*Аман ТОКТОГУЛОВ*

Кыргыздар аялзатын эркектен кем санабай, мыктысын ардактап да, теңтайлаш алып жүргөнү жагынан коңшу калктардан кыйла эле айырмаланып келген. Чынында ушул боюнча, дээрибизде демократпыз деп айтканга негиз бар. Эл оозунда айтылып келгенин эске албаганда да кийинки Ак Мөөр, Курманжан даткадан тарта социализм тушундагы аял каармандарды санай берсек, сөз түгөнбөс. Мына ошол аялзатына айрыкча ыкыбалын салган Совет доорунун бир жылдызы — Күмүш Суранова 70 жашка келип, ар тарапка кабар берип олтурган кези.

Мурдагылар жакшы билсе да, кийинкилер үчүн эженин өмүр таржымалын чечмелей турган болсок, ал кыскача мындай: 1924-жылы Тянь-Шандын Эчки-Башысында төрөлгөн. Эмгек жолу эрте, башталгыч классты бүтүргөндөн кийин эле башталган. Ал эми орто мектепти, айыл чарба техникумун да сырттан окуптур. Анан бара-бара эртеңкиге ээрчиткен эс-акылы, эр жигиттен кем түшпөгөн эрк-кайраты аны эл кызматына эртелеп аралаштырып, бийлик тизгинине илештирген экен. Адегенде жылкы фермадан баштап айыл кеңештин төрагасы, райкомдун бөлүм башчысы, райаткомдун төрагасынын орун басары, колхоз башкармасы болуп эмгектенди, бир далай орден, медалдарды алды, Союзга, республикага депутат болуп шайланды… Мына ушул жерден: мунун баарына Күмүш Суранова ак эмгеги менен жетти деп так айтып коюшубуз керек. Абайлап көрсөк, азыркы аялдар арасында бу жарык дүйнөдөгү эң жогорку: бала төрөп, тарбиялоо, ийне саптап оокат кылуу,

коломтону жылытып, күйөөсүнө күү берүү сыяктуу жоопкер милдетин ойлобогондор аз эмес.

Күмүш эже дал ошондой коомдук шартта «Эки тизгин, бир чалбырды» тең кармап келгендиги менен кыйын.

Бул киши аш-тойдо, чогулуштарда, кыскасы, эл көзүнө өзүн куштай таптап, башын көтөрүп, сыпаа алып жүргөндүгү менен үлгү. Көргөндөр: «Ой, Күмүш Суранова деген ушулбу, атаңгөрү бактылуу киши тура», — деп күбүр-шыбыр сукташышат. Ооба, эженин бактылуу экендигине кылдай шегим жок, бирок акыйкатта ал трагедиялуу да инсан. Абышкасы Данияр, агасы Темирбек мезгилинен эрте кетишти. Чарбасын кыймылдатып турган уулу Сакен кокусунан көз жумду. Көп өтпөй жүгүн жеңилдетер тун кызы Оңол, кайниси Сактанбек жарык дүйнө менен кош айтышты.

Кайсы бир жолу Эчки-Башыга зарыл иш менен барып калып, эже эркекче шым кийип алып, бузулган арыкты оңдошуп атканын көрдүм. Ыраматылык атам Керим: «Ээ балам, мандайга жазганды көрөсүң», — деп көп айтчу эле. Мандайга жазганды көрүш бар экен, бирок аны адамча көтөрүш бир башка кеп экен. Бул жагынан алганда Күмүш Суранова чыныгы адамдык касиетке эгедер. Чыңгыз Айтматовдун ажайып образы — Толгонайдын тирүү прототиби. Ушундан улам кыргыздын кыйын акын кызы Сагын Акматбекованын төмөнкү ыр сабы эске түшөт.

... Күндүсү күн, а түндөсү ай тийген,
Болсун жашоон дайым жашыл көчөдөй.
Болбойбу андай жангын өзүң жаркырап,
Жаша муңбай бар жазмышың көтөрүп.

Жалкып, мокоп батса башың капага,
Эмне кыска, өмүр эмес эс кыска.
Алтоо болуп жаралсаң да атадан,
Ар жалгыздык башта турган турмушта.

Эжем да ыр жазат. Жашынан артынан сая түшүп, китептен китеп казып, изденгенде сөз жок белгилүү акын чыкмак. Антkенге эл иши, чарба иши деп жүрүп анча колу тийбеди. Ошентсе да ыр жазган чоң өнөр да, каниет да...

Өткөндө Күмүш эженин кичүү иниси Кенжегул таяке каза болуп, ариетине туруп кайттык. Шаардан баргандар көңүл айтышып, коштошордо эжем инисинин кылык-жоругун кеп

кыла, жаш баладай ыйлап жиберди. Дайыма монолиттей бекем, кайраттуу жүргөн адамдын ыйлаганын көргөндө муунуң бошоп, санааң алда-кайда кетет экен. Карылык деген ушулбу, же жакындардан айрылуунун азабы адам эркин аз-аздан кемирип олтуруп, алсыратып жибереби?..

Канткен күндө да мен Күмүш эжемдин кадимки кайратынан тайбасын каалайм. Ар кимге эле бериле бербес адамдык бийик парасатын өмүрдүн кыйрына дейре бек кармап, саламатта жүрсө экен деп тилейм.

*Дүйшөн КЕРИМОВ*

## ӨМҮР ИЗДЕРИ

### «Карысы бардын ырысы бар»

*1995-жылы 9-Майда Улуу жеңиштин 50 жылдыгы белгиленди. Атлантида эл аралык кызматташтыгы тарабынан Улуу Ата Мекендик согуштун ветерандарына арналып чыгарылган «Москва, Кызыл аянт 1945—1995-жылдар» деген китептеги «Эмгек ветерандарына рахмат!» аттуу макалада мындай деп жазылган:*

«КЫЗЫЛ аянттагы Жеңиш парадында Керимбүбү Шопокованын катарында Кыргызстандын дагы бир даңктуу өкүлү Күмүш Суранова бара жатты. Ал өзүнүн 17ге толо элек курагында колхоздо чоң кишилер менен бирдей катарда иштеген. 1958-жылы колхоздун башкармасы болуп шайланып, чарбаны 14 жыл башкарган. Ак ниет эмгеги үчүн эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени жана бир нече медалдар менен сыйланган».

Күмүш апа согуштан кийинки бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө салмактуу салым кошту. 1948-жылы Тянь-Шань райондук Он-Арча айылдык Кеңешине депутат болуп шайланат. Айылдык Кеңештин төрайымы болуп иштөө менен чарбанын кайнаган турмушуна жетекчи катары аралашты. Күмүш апа менен маектешип отуруп, кайрадан тарых барактарына кайрылабыз.

1950-жыл... СССР Жогорку Советинин Улуттар Кеңешине шайлоолор болуп Кыргыз Республикасынан 32 өкүл депу-

тат болуп шайланган. Алардын катарына №265 Нарын шайлоо округунан депутаттыкка талапкерликке Күмүш Суранова көрсөтүлгөн.

— 1948-жылдарда айылдык Кеңешке 3 колхоз карачу. Ал жылы «Кызыл-Жылдыз», «Оттук», «Эчки-Башы» деген үч колхоздун пландары жакшы аткарылды. Силер деле билип калдыңар, ал кезде депутат дегенди: комсомол болсун, же карапайым дыйкан же сельсовет болсун деп көрсөтмө берчү. Биринчиден, мен ошол талаптарга дал келсем керек. Экинчиден мен жетектеген айылдык Кеңештеги 3 колхоздун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү жакшы болгондуктан, Жогорку Кеңешке депутат болуп шайландым. Ошол кезде 25 жашта элем. 32 депутаттын сегизи аялдар болчу. Алар Нургазиева, Токтомамбетова, Кайназарова, Стрельникова, Читинова, Кудайбергеновалар эле. Чындыгында мен ал түгүл Бишкек шаарын да көрө элек элем. Кудайга миң мертебе тобо кылам, тагдырыма ыраазымын. Мына ушундай мыкты адамдар менен замандаш болуп, алардан үлгү алганыма. Кайназарова, Кудайбергенова, Юматовалардан көп жакшы нерселерди үйрөндүм. Колхоздун башкармасы катары элдин милдетин моюнга алуу оңой иш эмес экен. 1958-жылга чейин биздин колхоздо стандарттуу типте курулган үйлөр бир-экөө гана болчу. Курулуш материалдары менен элди камсыз кылууга көп аракеттер жумшалды. Айылдын маданий деңгээлин жакшыртууга алгачкы базалык негиздер түзүлгөн. Мага чейин колхоздо Байсабаев аттуу чарбаны жакшы билген, ишине өтө тың адам башкарма болгон болчу. Эл арасында: «Азуусун айга жаныган Байсабаев аткарбаган иштерди бул бир кара келин экен, ушул аткара алар бекен», — деген күбүр-шыбыр сөздөр деле болду. Намыс деген кыйын экен, бардык күч-аракетимди, билимимди ишке жумшадым. Ошол кездеги бизге багыт берип, жардамын аябаган жетекчилерге абдан ыраазымын. Алар мага көп нерсени үйрөтүштү. Андай жетекчилерден коомдук, мамлекеттик көрүнүктүү ишмерлер маркум: Болот Мамбетов, Акматбек Сүйүнбаев, Исхак Раззаковдун жана азыр да арабызда жүргөн Турдакун Усубалиевдин эл-журт үчүн жасаган иштери калктын калыс таразасында болуп, элдин эсинде сакталып калды.

Ооба, Күмүш Суранова өзү туулуп өскөн Он-Арча айылында колхоздун башкармасы болуп 14 жыл, айылдык Кеңештин төрайымы болуп 25 жыл эмгектенди. Айтууга жеңил болгон менен, ушул жылдардын сапарында түмөн-түйшүктүү

эмгек, талыкпаган мээнет камтылганын эл-журту жакшы билишет.

Түрдүү деңгээлдеги чарбалык, партиялык, советтик кызматтарда узак жылдар иштөөгө ага бекеринен ишеним көрсөтүлбөгөн чыгар. Эл-журту үчүн Күмүш апа ак ниет эмгек өтөсө, мамлекет анын кадырын билип, эмгегин жогору баалап урматтады. 1968-жылы Айыл чарбасынын отличниги значогу, 1987-жылы «Эмгектин каармандыгы үчүн» медалы, 1978-жылы «Республиканын селолук жана поселкалык Советтеринин арасындагы мелдештин жеңүүчүсү» деген төш белгиси менен сыйланган. 1994-жылы Он-Арча каналына жана Оттук айылынын бир көчөсүнө Суран кызы Күмүш аты ыйгарылды. Күмүш апа бүгүнкү күндөрдө да өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна катышып турат. 1995-жылы Аялдардын Бүткүл дүйнөлүк эл аралык Пекинде өткөн конгрессине делегат болуп катышты. Апанын жан дүйнөсү адабият менен искусствого да жакын. Анын «Баба дыйкан», «Он-Арча» аттуу ырлар топтому, «Айылдык кеңештин иштери жана камкордуктары» аттуу коомдук-саясий маанидеги китеби жарык көргөн.

Элге ак ниет эмгек өтөгөн инсандар, алардын өмүр жолу жөнүндө жакшы ой-пикирлер дайыма айтылып келет. Мына ушундай адамдардын бири Күмүш апа бактылуу карылыкты бала-бакырасы менен кечирип жаткан учуру. Бар болуңуз, Күмүш апа!

*А. МУКАНБЕТКАЛИЕВА*

## ЭЛГЕ АРНАЛГАН ӨМҮР

*Чиркин мезгил дегениң учкан куштай сабалап тез эле өтөт турбайбы. Кечээ эле секелек чагынан эмгегин элге арнап, аял болсо да анын чоң керегине жарап, иш десе ичкен ашын жерге койгон эжебиз Күмүш бүгүн жетимиштин даамын сызып олтурат.*

*Кезегинде союзга чейин депутат болуп, жергебизге эле эмес бүт кыргызга төбөсү көрүнгөн, республикалык маанидеги персоналдык пенсионер, бир нече китептин автору, акын жана коомдук-чарбалык ишмер Күмүш Суран кызы 1924-жылдын май айында районубуздун Эчки-Башы айылында туулган.*

Айылдык башталгыч мектепти бүтөөр менен өмүрү Улуу Ата Мекендик согуштун капсалаңдуу, каардуу мезгилине дуушар болгон тестиер кыз эмгек жолун айылдык окуу үйүнүн башчысы, колхоздо табельщик болуп иштөөдөн баштаган. Жапырт жоого аттанган эр-бүлөнүн оор түйшүгүн аркалаган эңкейген кары менен эмгектенген жаштарга баш, көз болуп, ат соко менен жер айдап, суу сугарып, чалгы чаап, орок оруп, темин бастырып, алынган эгинди, эт, майды, элден жыйналган мээлей, чокойлорду жөө-жалаңдап фронттун керегине жөнөтүп турган. Ошол кездеги чарбанын эң маанилүү тармагы болгон жылкы фермасын жетектөөгө, Сары-Күңгөй кенинде да иштөөгө туура келген.

Күмүштүн ишке берилгендигин, адамгерчилигин баалаган эл, аны Он-Арча айылдык Кеңешинин депутаттыгына көрсөтүшүп, 1948-жылдын февралынан айылдык Кеңештин төрайымдыгына шайлаган.

Эл ичинде өсүп, элдин кем-карчын жакшы билген Күмүш, түн уйкусун, күн тынымын таштап белсенип иштеди. Согуш мезгилинде бүлгүнгө учураган чарбаларды калыбына келтирип элдин турмушун ондош керек эле.

Бирөөлөргө акыл-кеңешин айтып, бирөөлөрдү жөлөп-таяп демөөр болуп, кээ бирөөлөрүн жемелеп-тилдөөгө да туура келди. Айрымдар аны аялсынтып, секелек келинди тоготпой моюн таптык кылышты.

Бирок, дээринде уюштургуч, жетекчилик шык-жөндөмү бар Күмүш, кыйынчылыктарды тырышчаактык менен жеңип, иши илгерилей берди. Анын дайыны райондун аймагында, ал тургай облустун булуң-бурчтарына чейин да угула баштады. Муну ошол кездеги райондук, облустук жетекчилик да көз жаздымдарында калтырышкан жок. Согуш апаатында курман болушкан эр-бүлөнүн ордуна эл-журтка баш-көз болчу аял кадрлар керек эле.

1950-жылы 14-мартта өткөрүлгөн СССР Жогорку Советине болгон шайлоолордо Күмүш Суран кызы 265-Нарын шайлоо округунан Улуттар Советине депутат болуп шайланды. Баягыдан жүк оорлоп, жоопкерчилик күчөдү. Убакыт, деп соолук менен эсептешпей округдун аймагын кыдырып, жанды үрөп иштөөгө туура келди. Эми Күмүш эжеге билим жетпей жаткансыды. 1950-жылы Нарындагы Токтогул орто мектебин, кийинчерээк Кара-Колдогу айыл чарба техникумун сырттан окуп бүтүрдү. 1954-жылы республикалык партиялык мек-

тепти бүтүрүп келгенден кийин, адегенде Казан-Куйган айылдык Кеңешинин төрайымы, андан кийин партиянын Нарын райкомунун аялдар менен иштөө бөлүмүнүн башчысы, райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп кызмат өтөдү.

1957-жылдын башында өз каалоосу менен бир тууган айылына келип, адегенде Он-Арча айылдык Кеңешинин төрайымы, ал эми 1958-жылдын октябрынан колхоздун башкармасынын төрайымы болуп 1961-жылдын августуна чейин иштеди.

Эже ушул жылдардын аралыгында көптү үйрөнүп, жетекчиликтин зор тажрыйбасына ээ болду. Ушуну эсепке алып, партиянын облустук комитетинин бюросу, аны эл депутаттарынын Нарын райондук аткаруу комитетинин төрайымдыгына бекитти. Эже бул кызматта облус жоюлуп кеткенге чейин иштеди. Кайрадан өз айылына келип, 1971-жылга чейин Коммунизм колхозунун башкармасынын председатели, андан кийин Он-Арча айылдык Кеңешинин төрайымы болуп 1983-жылдын сентябрына чейин эмгектенди.

Күмүш эженин талыкпаган эмгеги үзүрлүү болду. Чоң-Кара-Кужурдан 400 гектар, Арчалы, Туюк, Кызберген кыштоолорунан 260 гектар дың жерлер өздөштүрүлүп, коомдук мал үчүн тоют маселеси чечилди. Чоң-Кара-Кужурдун, Ак-Таш, Жалак-Бел, Жар-Таш, Куу-Мойнок, Акыр кыштоолоруна, Кичи-Чуңкур, Чоң-Чуңкур, Оро-Башы, Он-Арча, Сары-Булак, Жалгыз-Арча, Кара-Жылга, Чуңкур-Суу сыяктуу ички кыштоолорго малчыларга үйлөр, малга жайлуу короолор, жолдор салынып, электр жарыгы жеткирилди. Саанчы, бадачыларга ыңгайлуу үйлөр менен уй сарайы, талаа станы, кыркын жана куут пункттары, ички сугат тармактары курулуп бүткөрүлдү. Элдин турмушу жакшырып, чатырланган үйлөр, Эчки-Башы айылына суу түтүктөрү курулду.

Оттук, Эчки-Башы айылдарына бала бакчалар, мончолор, дүкөндөр салынды. Эчки-Башыда маданият үйү, Оттукта клуб курулуп, Ата Мекендик согушта курман болушкан айылдаштарга эстелик тургузулду. Эженин элге кылган кызматын санай берсе дагы толуп жатат. Пенсияга чыккандан кийин да эже карыдым деп жатып албастан 1984—1986-жылдары колхоздо архив башчысы, коомдук башталышта райондук ардагерлер Кеңешинин төрагасынын орунбасары болуп ушул күнгө чейин иштеп келе жатат.

Айылдык башталгыч мектепти бүтөөр менен өмүрү Улуу Ата Мекендик согуштун капсаландуу, каардуу мезгилине дуушар болгон тестиер кыз эмгек жолун айылдык окуу үйүнүн башчысы, колхоздо табельщик болуп иштөөдөн баштаган. Жапырт жоого аттанган эр-бүлөнүн оор түйшүгүн аркалаган энкейген кары менен эмгектенген жаштарга баш, көз болуп, ат соко менен жер айдап, суу сугарып, чалгы чаап, орок оруп, темин бастырып, алынган эгинди, эт, майды, элден жыйналган мээлей, чокойлорду жөө-жаландап фронттун керегине жөнөтүп турган. Ошол кездеги чарбанын эң маанилүү тармагы болгон жылкы фермасын жетектөөгө, Сары-Күнгөй кенинде да иштөөгө туура келген.

Күмүштүн ишке берилгендигин, адамгерчилигин баалаган эл, аны Он-Арча айылдык Кеңешинин депутаттыгына көрсөтүшүп, 1948-жылдын февралынан айылдык Кеңештин төрайымдыгына шайлаган.

Эл ичинде өсүп, элдин кем-карчын жакшы билген Күмүш, түн уйкусун, күн тынымын таштап белсенип иштеди. Согуш мезгилинде бүлгүнгө учураган чарбаларды калыбына келтирип элдин турмушун ондош керек эле.

Бирөөлөргө акыл-кеңешин айтып, бирөөлөрдү жөлөп-таяп демөөр болуп, кээ бирөөлөрүн жемелеп-тилдөөгө да туура келди. Айрымдар аны аялсынтып, секелек келинди тоготпой моюн таптык кылышты.

Бирок, дээринде уюштургуч, жетекчилик шык-жөндөмү бар Күмүш, кыйынчылыктарды тырышчаактык менен жеңип, иши илгерилей берди. Анын дайыны райондун аймагында, ал тургай облустун булуң-бурчтарына чейин да угула баштады. Муну ошол кездеги райондук, облустук жетекчилик да көз жаздымдарында калтырышкан жок. Согуш апаатында курман болушкан эр-бүлөнүн ордуна эл-журтка баш-көз болчу аял кадрлар керек эле.

1950-жылы 14-мартта өткөрүлгөн СССР Жогорку Советине болгон шайлоолордо Күмүш Суран кызы 265-Нарын шайлоо округунан Улуттар Советине депутат болуп шайланды. Баягыдан жүк оорлоп, жоопкерчилик күчөдү. Убакыт, ден соолук менен эсептешпей округдун аймагын кыдырып, жанды үрөп иштөөгө туура келди. Эми Күмүш эжеге билим жетпей жаткансыды. 1950-жылы Нарындагы Токтогул орто мектебин, кийинчерээк Кара-Колдогу айыл чарба техникумун сырттан окуп бүтүрдү. 1954-жылы республикалык партиялык мек-

тепти бүтүрүп келгенден кийин, адегенде Казан-Куйган айылдык Кеңешинин төрайымы, андан кийин партиянын Нарын райкомунун аялдар менен иштөө бөлүмүнүн башчысы, райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп кызмат өтөдү.

1957-жылдын башында өз каалоосу менен бир тууган айылына келип, адегенде Он-Арча айылдык Кеңешинин төрайымы, ал эми 1958-жылдын октябрынан колхоздун башкармасынын төрайымы болуп 1961-жылдын августуна чейин иштеди.

Эже ушул жылдардын аралыгында көптү үйрөнүп, жетекчиликтин зор тажрыйбасына ээ болду. Ушуну эсепке алып, партиянын облустук комитетинин бюросу, аны эл депутаттарынын Нарын райондук аткаруу комитетинин төрайымдыгына бекитти. Эже бул кызматта облус жоюлуп кеткенге чейин иштеди. Кайрадан өз айылына келип, 1971-жылга чейин Коммунизм колхозунун башкармасынын председатели, андан кийин Он-Арча айылдык Кеңешинин төрайымы болуп 1983-жылдын сентябрына чейин эмгектенди.

Күмүш эженин талыкпаган эмгеги үзүрлүү болду. Чоң-Кара-Кужурдан 400 гектар, Арчалы, Туюк, Кызберген кыштоолорунан 260 гектар дың жерлер өздөштүрүлүп, коомдук мал үчүн тоют маселеси чечилди. Чоң-Кара-Кужурдун, Ак-Таш, Жалак-Бел, Жар-Таш, Куу-Мойнок, Акыр кыштоолоруна, Кичи-Чуңкур, Чоң-Чуңкур, Оро-Башы, Он-Арча, Сары-Булак, Жалгыз-Арча, Кара-Жылга, Чуңкур-Суу сыяктуу ички кыштоолорго малчыларга үйлөр, малга жайлуу короолор, жолдор салынып, электр жарыгы жеткирилди. Саанчы, бадачыларга ыңгайлуу үйлөр менен уй сарайы, талаа станы, кыркын жана куут пункттары, ички сугат тармактары курулуп бүткөрүлдү. Элдин турмушу жакшырып, чатырланган үйлөр, Эчки-Башы айылына суу түтүктөрү курулду.

Оттук, Эчки-Башы айылдарына бала бакчалар, мончолор, дүкөндөр салынды. Эчки-Башыда маданият үйү, Оттукта клуб курулуп, Ата Мекендик согушта курман болушкан айылдаштарга эстелик тургузулду. Эженин элге кылган кызматын санай берсе дагы толуп жатат. Пенсияга чыккандан кийин да эже карыдым деп жатып албастан 1984—1986-жылдары колхоздо архив башчысы, коомдук башталышта райондук ардагерлер Кеңешинин төрагасынын орунбасары болуп ушул күнгө чейин иштеп келе жатат.

Райондун коомдук-саясий турмушуна активдүү катышып, чарбалык иштерге иштиктүү кийлигишет. Жаш кадрлар менен турмуштук зор тажрыйбасын кенен бөлүшүп, акыл-кеңешин айтып турат.

Күмүш эже дайыма турмуштун бороктоп кайнаган жеринде болуп, эл, жер үчүн, келечек үчүн ак пейилинен күрөшүп келет.

Өлкөбүз өсүп, өрүшүбүз кеңейген сайын Күмүш эже да кошо өсүп, өмүрү өргө чыгып, элдин кадыр-баркына, сый-урматына татыды.

Эл депутаттарынын облустук Кеңешине 3 жолу, райондук Кеңешке 7, айылдык Кеңештерге 8 жолу депутат болуп шайланган. 1959-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин 5-чакырылышына 174 Он-Арча шайлоо округунан депутат болгон. Кыргызстан Компартиясынын XI—XII—XIII—XIV съезддеринин делегаты. Үч жолу Борбордук Комитеттин мүчөсү, бир жолу текшерүү комиссиясынын мүчөсү болуп шайланган. Көп жолу республикалык аялдар съездинин, колхозчулар съездинин, керек-жарак союзунун съезддеринин делегаты болгон. Кыргыздардын биринчи курултайына катышкан.

1941-жылдан комсомолго, 1954-жылдан КПССке мүчө болгон.

Эженин эмгеги жогору бааланып Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы, эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, 6 жолу СССРдин медалдары менен сыйланган.

«Кыргыз ССРинин айыл чарбасынын отличниги» башка дагы көптөгөн төш белгилери бар.

Күмүш эже адабият, маданиятыбыздын эң чоң күйөрманы. Өзүн да кудайым талант-шыктан кур калтырбай ырлар жазат. 1987-жылы «Бакыт берген партия», 1971-жылы «Бабадыйкан» ыр китептери республикалык «Мектеп» басмасынан, 1993-жылы «Он-Арча» ыр китеби Нарын шаардык басмакасынан жарык көргөн. 1987-жылы «Айылдык Кеңештин иштери жана камкордуктары» аттуу коомдук-саясий маанидеги китепчеси «Кыргызстан» басмасы тарабынан басылган.

Тагдырдын оор сыноолорунан өтүп, өмүрлүк жарынан, бир уул, бир кызынан айрылса да, кудая шүгүр эженин уучу кур эмес. Бир кызы, бир уулу өзүнчө очор-бачар турмуш өткөрүп жатышат. Эже 19 неберенин, 12 чөбөрөнүн чоң эне, тайэнеси.

Эженин басып өткөн өмүр жолу кажыбас кайраты, калыстыгы, нускалуу бейнеси жаш муундарга, айрыкча кыз-келиндерге чоң үлгү.

Районубуз менен шаарыбыздын коомчулугу, коомдук-чарбалык ишмер, акын, аялзатынын наамын бийик туткан элибиздин чыныгы кызы Күмүш СУРАН кызынын 70 жашка чыккан кутмандуу курагын куттуктап, аны кеңири белгилейт деген ойдобуз.

Тянь-Шань райондук
аялдар Кеңешинин төрайымы
*А. АКИТАЕВА*

Нарын шаардык
аялдар Кеңешинин төрайымы
*Б. ЖУМАГУЛОВА*

## ЭНЕЛЕР ДА ЭЛ НАМЫСЫН ТАЛАШАТ

*«Мээрим» Эл аралык кайрымдуулук фондунун Кеңешинин чечими менен жети «Кутман эне» тең фонддун ардактуу мүчөлүгүнө кабыл алынды.*

Кийинки учурда татыктууларга «Датка айым», «Даанышман», «Данакер», «Дилгир», «Кутман эне» Эл аралык сыйлыктарын ыйгаруу «Мээрим» Эл аралык кайрымдуулук фондунун жакшынакай салтына айланды.

Бул жолу «Энелик ыйык милдетин туу тутуп, кыргыз элине мыкты кызмат өтөөгө татыктуу инсандарды тарбиялоодо сиңирген зор эмгеги үчүн» фонддун жети жылдыгына карата жети энеге «Кутман эне» сыйлыгы ыйгарылды.

Сыйлыктарды салтанаттуу тапшыруу — «Жаш таланттар — 2000» фестивалына аралаш өткөрүлүп, сыйлык ээлерине Майрам Акаева өз колу менен атайын дипломдорду берип, адеми кемсел жаап, ак элечек кийгизди. Алар үчүн атайын даярдалган концерт берилди.

## МЫНДАЙ СЫЙ-УРМАТКА ТАТЫГАНДАР КАТАРЫ:

Нарындык, өмүр бою советтик партиялык кызматтарда башкарма, айылдык, райондук кеңештердин төрагасы болуп иштеп, азыр да саясий-социалдык компанияларда кадимкидей күч берип келе жаткан Күмүш Суранова, аялдардын «Дүйшөнү» аталган агартуучу, «Ленин», «Эмгек Кызыл Туу», эки жолку «Ардак белгиси», үчүнчү даражадагы «Манас» ордендеринин ээси Бөпө Каримова, тогуз жашынан колуна кетмен алып пахтага чыккан. Социалисттик Эмгектин баатыры Махбуба Умарова, кырк беш жыл киндик энелик милдетти абийирдүүлүк менен аткарып, эл кадырына ээ болгон Зоя Халмурзаева, «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси, эл агартуунун мыктысы, алайлык ардагер мугалим Мукарам Күлбакова, илимдеги өмүр жолу кийинки муунга өрнөк болоор, өз колунан көптөгөн педиатр-врачтарды тарбиялап чыгарган, эки жолку «Ардак белгиси» жана «Эмгек Кызыл Туу» ордендеринин, көптөгөн Ардак Грамоталарынын ээси Татьяна Ивановна Покровская, Социалисттик Эмгектин баатыры, Талаа Ханышасы аталган, ак эмгегинен баар таап, бүгүн да эл четинде жүргөн Тургун Машрапова энелер чыгышты.

Жылуу сөз, жумшак мамилеге жетине албай карыя байбичелердин атынан Күмүш Суранова, Бөпө Каримова, Татьяна Покровскаялар ыраазычылыктарын билдирип сөз сүйлөштү.

«Урматтуу калайык калк, кичинекей бөбөктөр, «Мээримдин» төрайымы, мамлекеттик-коомдук ишмер Майрам Акаева, биринчиден мына бул чоң майрамыңар менен куттуктайм, экинчиден бүгүнкү сыйлыгыңыз бизге чоң кубат болду. Бүлбүлдөп бараткан чыракка май тамыздыңыз. Мүрөктүн суусун ичирдиңиз.

Жети байбиче силердин жети жылдык юбилей менен тогошкон экенбиз. Ушул окуя кылым тогошкон кезге туура келиптир. Биз да болгон тажрыйбабызды, калган күчүбүздү силерге, балдарга арнайлык. Фондуңар жети жашка чыгыптыр, дагы 80—90 го чыгып кете бериңиздер.

Урматтуу байбичелер, ушундай ыйык милдетти аткарып жаткан Майрам Дүйшөновнага, анын өнөктөштөрүнө сиздердин атыңыздардан башымды ийип, таазим кылып коюуга уруксат этиңиздер», — деди Каримова Бөпө энебиз.

Анан Күмүш апа микрофонго келди:

«Аскасы аскар тиреген, аркары карды жиреген Ала-Тоолук элдин атынан жалпыңарды фестиваль майрамыңар менен куттуктайм!

Кымбаттуу балдар, «жигитке 70 өнөр аздык кылат» деген кеп бар. Эл ичинде атак-даңкка арзый турган, таланттуу өнөр даарыган балдар көп. Мына ушундай балдарды, муктаж адамдарды сыйлаган, сактаган Майрам Дүйшөновна баштаган ишкерлерге кандай алкыш айтсак да жарашат. Мына ушундай камкордуктун аркасында гана элдик залкар чыгармалар, элдик өнөр сакталып калат. Мындай фестивалды жылда өткөрүп туруу коомчулук үчүн өзгөчө мааниге ээ. Ош шаары байыртан эле эл сүйгөн таланттардын бешиги болгон. Дагы далай таланттар тапталып чыгарына ишенем.

Канайым Майрам Акаева башында турган жетекчилерге ардагерлердин атынан алкыш айтып коюуга уруксат этиңиздер».

*«Асылзат» газетасынан.*

## НАРЫН РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯСЫ МЕНЕН ДЕПУТАТТАРДЫН НАРЫН РАЙШААРДЫК КЕҢЕШИНИН БИРГЕЛЕШКЕН

## ТОКТОМУ

*13-август, 1994-жыл* *Нарын шаары*

### СУРАН КЫЗЫ КҮМҮШТҮН ЫСМЫН ОН-АРЧА СУУ КАНАЛЫНА ЖАНА ОТТУК АЙЫЛЫНДАГЫ КӨЧӨГӨ ЫЙГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

Республикалык маанидеги персоналдык пенсионер, облустагы белгилүү коомдук жана чарбалык ишмер, бир нече китептин автору, акын Суран кызы Күмүш 70 жашка толду.

Суран кызы Күмүш эмгек жолун 1942-жылы Он-Арча айылдык үйүнүн башчысы, колхоздо табельщик болуп иштөөдөн баштаган. 1948—1950-жылдары Он-Арча айылдык Кеңешинин төрайымы болуп иштеди.

1954-жылы республикалык партиялык мектепти бүтүрүп келгенден кийин, адегенде Казан-Куйган айылдык Кеңешинин төрайымы, андан кийин партиянын Нарын райкомунун бөлүм башчысы, райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп кызмат өтөдү. 1957-жылы Он-Арча айылдык Кеңешинин төрайымы, 1958—1961-жылдары өзүнүн бир тууган колхозунун төрайымы болуп иштеди. 1961-жылдан облус жоюлганга чейин Нарын райондук аткаруу комитетин жетектеген, андан кийин 1971-жылга чейин «Коммунизм» колхозунун башкармасынын төрайымы, 1971—1983-жылдары Он-Арча айылдык Кеңешинин төрайымы болуп иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан.

Суран кызы Күмүш кайсы тармакта, кайсы гана жумушта иштебесин жетекчи катары уюштуруучулук жогорку жөндөмүн, ишке берилгендигин, коомдук ишмер экендигин көрсөтүп, Он-Арча колхозунун экономикасын чыңдоодо, элдин жашоо-турмушун жакшыртууда, айыл маданиятын көтөрүүдө көп иштерди жасаган. Ал иштеген жылдары Он-

Арча каналы, Оттук, Он-Арча айылдарында жаңы үйлөр, короо-сарайлар, суу түтүктөрү, балдар бакчалары, мончолор, дүкөндөр, клуб, маданият үйлөрү курулган.

Суран кызы Күмүш 1950-жылы СССР Жогорку Советинин Улуттар Советине депутат, 1959-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат, 3 жолу облустук Советке, 7 жолу райондук Советке депутат болуп шайланган.

Эл алдында жана Өкмөткө сиңирген эмгеги үчүн эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, 6 жолу СССРдин медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Ардактуу эс алууда болсо да Суран кызы Күмүш райондогу коомдук-саясий иштерге активдүү катышат. Райондук ардагерлер Кеңешинин төрагасынын орун басары, жаштардын насаатчысы.

Суран кызы Күмүштүн республиканын коомдук-саясий турмушуна кошкон зор салымын, райондун экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө жумшаган көп жылдык эмгегин эске алып жана 70 жылдык маарекесине байланыштуу Нарын райондук мамлекеттик администрациясы менен депутаттардын райшаардык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Райондогу Он-Арча суу каналы мындан ары Күмүштүн каналы деп аталсын.

2. Оттук айылындагы туура көчөлөрдүн бирөөнө Суран кызы Күмүштүн ысмын ыйгаруу тууралуу Он-Арча айылдык Кеңешинин чечими бекитилсин.

Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы
*О. А. БЕКТУРОВ*

Депутаттардын Нарын райшаардык Кеңешинин төрайымы
*З. Т. НАЗАРБАЕВА*

# КӨП ЖАША ЗАМАНАМДЫН КУРМАНЖАНЫ

Бала кез, мектепте окуп ойноо жүргөн,
Эсимде калгандары ошол күндөн:
Келгенбиз «депутатты тособуз» — деп,
Ошондо биринчи ирээт сизди көргөм.

Албырып нур төгүлүп жүзүңүздөн,
Жаштыктын оту жанып көзүңүздөн.
Тургандай сезилгени көз алдымда,
Кайраттын булагы оргуп өзүңүздөн.

Өмүрлөр, өзөн толо агып суулар,
Өтүптүр андан бери кыйла жылдар.
Өлчөөсүз зор иштерди жазадыңыз,
Урматтап урпактарың, эсте калаар.

Эл үчүн эмгек кылып такшалдыңыз,
Бел байлап белсемдүү ишке аттандыңыз.
Гүлдөтүп оюн-кырын, талааларын,
Чаалыкпай чарба иштерин башкардыңыз.

Аракет, асыл ойлор ашып ташып,
Турмуштун ойку-кайкы жолун басып.
Алдырып койгон жоксуз жарыштарда,
Азамат-эрлер менен ат салышып.

Келгендей бир кайрылып жаштык курак,
Кечөөкүң көз алдыда убап-чубап.
Элестүү эргип жазган ырларыңыз,
Кылдарын жүрөктөрдүн чертип турат.

Башынан көргөнүңүз элдин камы,
Жарайсыз керегине элдин дагы.
Өмүргө өмүр кошуп, өрнөк болуп,
Көп жаша заманамдын Курманжаны.

«Сыпайы жашырбайт, дейт, болгон сырын».
Торком жок жаап кетүүгө айтсам чынын.
Куттуктап кутман курак тоюңузду,
Арналмак торко ордуна жазган ырым.

*Д. Асанбеков*

## НАРЫНЫМДЫН НАМЫСКӨЙЛҮҮ БИР КЫЗЫ

Кыргызымдан Кыз-Сайкалдар чыгыптыр,
Атак-даңкын Аалам тыңшап угуптур.
Найза сунуп, душманына жаа тартып,
Мекенине медер болуп туруптур.

Бүт тагдыры чиелешкен эл менен,
Эмгеги зор Теңир Тоого тең экен.
Калктын жүгүн каруусуна көтөргөн,
Күмүш эже Сайкалыңдан кем бекен?!

Кыргызымдан Зууракандар чыгыптыр,
Кызылчасын тоодой кылып жыйыптыр.
Кош жылдызы көкүрөктө жаркылдап,
Эстелигин эмгек менен куруптур.

Ойлоп-ойлоп ойго түшүп термелсем,
Оңой ишти ойлобогон эр экен.
Кымыз, сүтүн Он-Арчадай агызган,
Күмүш эже Зууракандан кем бекен?!

Кыргызымдан Өлмөскандар чыгыптыр,
Ал эжебиз элим үчүн туулуптур.
Мекени үчүн эмгектенип тер төгүп,
Ак пахтадан Алтын тоону куруптур.

Дынды бузуп, «Арчалууда» арпа эккен,
Береке таап белсемдүү ак эмгектен.
Ак койлорду адыр-кырда жайнаткан,
Күмүш эже Өлмөскандан кем бекен?!

Кыргызымдан Майрамкандар чыгыптыр,
Элине арнап ыр дестесин сунуптур.
Даңазалап Ала-Тоосун, жергесин,
Поэзия бийигине чыгыптыр.

Бүлүк салып, сезимдерди терметкен,
Ырларында жер коoздугу, кең Мекен.

Калеминен канча ырларды жараткан,
Күмүш эже Майрамкандан кем бекен?!

«Аялмын» — деп артта жүрбөй тымызын,
Эмгек менен элден тапкан ырысын.
Ашык болбос казал жазып ырдасак,
Нарынымдын намыскөйлүү бир кызын!

*Д. АСАНБЕКОВ.*

## СҮЙҮКТҮҮ ЭЖЕБИЗ КҮМҮШ СУРАНОВАГА

Урматтайбыз өзүңүздү эжеке,
Салтанаттуу ак тоюңа береке.
Кыз да болсоң кыйын чыгып эркектен,
Кыргыз үчүн жарагансыз керекке.

Аргымактын кашкасындай таанымал,
Аман болсун сизге окшогон карылар.
Балдарыңыздан урмат көрүп, сый көрүп,
Бул жашоонун ширинин ал, балын ал.

Эжеке, келген кезиң жетимишке,
Жасаган ак эмгегиңиз эсибизде.
Арыбай арабызда жүрсөң болду,
Ар дайым тоо көрүнүп көзүбүзгө.

Өзүңүздү дайым эстеп жүрөмүн,
Акылдуусуз, боорукерсиз билемин.
Сизге дайым каалаганым жакшылык,
Сүттөн аппак, суудан таза тилегим.

*Иниңиз ТУРСУН, келиниңиз ЗОЯ*
*13-август, 1994-жыл*

## СПАСИБО ВЕТЕРАНАМ ТРУДА

*Петр КАЩЕЕВ, кавалер 3-х орденов Красной Звезды*

Считаю, мне посчастливилось быть участником юбилейного парада.

Хочу кратко сказать о тех, кто своим трудом приближал нашу победу. Вот представительница Киргизии Керимбюбю Шопокова. Эта 24-летняя колхозница, звеньевая бригады свекловодов, в 1941 году проводила мужа на фронт. В ноябре 1941 года он, Дюшенкул Шопоков, защищая Москву в числе 28 героев-панфиловцев, погиб, стал Героем Советского Союза (посмертно). Гибель мужа не сломила мужественную женщину.

За самоотверженный труд в годы войны и в послевоенное время звеньевой колхоза К. Шопоковой в 1957 году было присвоено звание Героя Социалистического Труда.

Рядом с Шопоковой шла на параде еще одна славная представительница тружениц Киргизии — Кумуш Суранова. В свои неполные 17 лет она наравне со взрослыми стала работать в колхозе. А в 1958 году К. Суранова избирается председателем колхоза и в течение 14 лет возглавляет его. За добросовестный труд она награждена двумя орденами Трудового Красного Знамени и многими медалями.

В нашем строю вместе со своими 29 земляками шел азербайджанец Байрамов Балоглан Вели оглы. В четырнадцать лет в 1944 году он начал работать на нефтяных промыслах. За проявленный трудовой героизм в годы войны и в послевоенное время ему присвоено звание Героя Социалистического Труда.

## КЫСКАЧА ӨМҮР ЧЫЙЫРЫМ

Мен, 1924-жылы 5-майда Нарын областынын Нарын району на караштуу «Он-Арча» айылынын «Эчки-Башы» кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулгам. 1935-жылы айылдык толук эмес орто мектепте окуп, аны 1942-жылы бүттүм. 1951-жылдан бери КПССке мүчөмүн. 1948-жылы Кыргызстан коммунисттик жаштар союзунун Борбордук Комитетинин VII съездине делегат болуп катышып, ЛКЖС БКга мүчө болуп шайландым.

1942-жылы 7-классты бүтөрүм менен Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу күндөрүндө «Он-Арча» айылдык советинин алдындагы окуу үйүнүн башчысы, колхоздо табельщик милдетти аткарып жүрдүм. 1943-жылдан 1945-жылга дейре «Коммунизм» колхозунда жылкы ферма болуп иштедим. Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу 1948-жылга дейре колхозчу болуп алдыңкы катарда орок оруп, чалгы чаап жүргөнүмдө 1948-жылы 18-февралда «Он-Арча» айылдык советинде депутаттыкка шайланып, айылдык советтин сессиясында төрайым болуп шайландым.

1950-жылы 14-мартта №265 «Нарын» шайлоо округунан СССР Жогорку Советинин Улуттар Советине депутат болуп шайландым. 1951-жылы республикалык эки жылдык партиялык мектептин даярдоо курсуна кирип, 1954-жылы июль айларында аны бүтүп, ошол эле жылы 15-октябрда №53 Конезавод айылдык кеңешине төрайым болуп шайландым. 1955-жылы 1-ноябрда Нарын райкомунун алдында аялдар арасында иштөө боюнча бөлүм башчылыгына дайындалдым. 1956-жылы Нарын райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары болуп иштедим. 1958-жылы үй-бүлөлүк шартка байланыштуу «Он-Арча» Айылдык Советине төрайым кылып дайындашты. Анда иштеп турганымда 1958-жылдын 30-октябрында «Коммунизм» колхозуна башкармалыкка шайлап алышты. 1959-жылы №174 «Он-Арча» шайлоо округунан Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайландым. 1961-жылы июнь айында Обкомдун бюросунда Нарын райондук советинин аткаруу комитетинин төрайымы болуп бекидим. Кийин областтын жоюлганына байланыштуу мени кайрадан «Коммунизм» колхозуна башкармалыкка жиберишти, анда 1971-жылга чейин иштеп, кийин төрайым болуп «Он-Арча» айылдык советине кайрадан шайланып, 1983-жылы ардактуу эс

алууга чыкканга чейин иштедим. 1983—86-жылдары «Коммунизм» колхозунда архив башчысы болуп иштеп жүрдүм.

1963-жылы Пржевальскидеги айыл-чарба техникумунун зоотехникалык бөлүмүн сырттан окуп бүттүм. Көпчүлүк колхозчулардын чечими менен мага «Ардактуу колхозчу» деген наам ыйгарышкан. Республикалык маанидеги персоналдык пенсионермин.

Кыргызстан коммунисттик партиясынын XI съездине делегат болуп Борбордук Комитеттин текшерүү комиссиясына мүчө, XII съездине мүчөлүккө кандидат, XIII съездинен XIV съездине чейин Борбордук Комитетке мүчө болуп шайланып келдим. Областтык комитеттин мүчөсүнө бир жолу кандидат, бир жолу мүчө болуп шайландым. Райкомго 5 жолу мүчө, эл депутаттарынын областтык кеңешине үч жолу, райкеңешке 7, айылдык кеңешке 8 жолу депутат болуп шайландым. Коомдук башталышта райондук ардагерлер советине орунбасар, Республикалык ардагерлер советинин комитетине мүчө болуп шайландым.

1974-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы менен, 1951-жылы Эмгек Кызыл Туу, 1966-ж. Эмгек Кызыл Туу ордендери менен сыйландым. 1964-жылы «Эмгектеги артыкчылыгы медалы», 1970-жылы Лениндин туулган күнүнө жүз жыл толгонуна байланыштуу юбилейлик медаль, 1968-жылы «Айыл чарбасынын отличниги» значогу менен сыйландым. 1987-жылы мага «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, 1979-жылы «ДОСААФ СССР» юбилейлик значогун тапшырды. 1979-жылы Кыргыз Республикасынын селолук жана поселкалык советтери арасында «Социалисттик милдеттин жеңүүчүсү» деген төшбелгиси, 3000 сом акчалай сыйлык, Көчмө Кызыл туу, бир жарым айлык эмгек акы төлөнүп берилди. Кыргызстан жаштар союзунун 50 жылдыгына байланыштуу ЛКСМ БКнын юбилейлик төш белгиси, Ардак Грамотасы менен, Бүткүл союздук жаштар союзунун Ардак Грамоталары менен сыйланып жүрдүм. 1941—45-жылдары медалдар менен сыйландым. Кыргыз Республикасынын Ардагерлер съездине 3 жолу, аялдар съездине 3—4 жолу, Кыргызстан керек-жарак союзунун 4-съездине, колхозчулардын III съездине делегат болуп катыштым. XIX конференцияга делегат болуп катыштым. Эгемендүү өлкөбүздүн биринчи курултайына 1994-ж. делегат, экинчисине 1999-ж. чакыруу менен катыштым.

1994-жылы Нарын райшаар кеңешинин чечими менен «Оттук», «Эчки-Башы» айылынын тургундарынын сунушу менен «Он-Арча» каналынын жана «Оттук» кыштагынын бир көчөсүнө Суран кызы Күмүш аты ыйгарылды. 1984-жылы 22-июлда «Эмгек ветераны» медалы менен сыйландым. 1995-жылы 6-апрелде Улуу Ата Мекендик согуштун элүү жылдык Жеңиш майрамынын юбилейлик медалы менен сыйландым. Москвага барып Улуу Жеңиштин 50 жылдык майрамына катышып, параддан өттүм. Жуковдун аты жазылган алтын саат, приемник менен сыйландым.

1995-жылы 13-сентябрда аялдардын бүткүл дүйнөлүк эл аралык Пекинде өткөн конгрессине делегат болуп катыштым. 1992-жылы Аялдардын съездинде эгемендүү өлкөбүздүн биринчи президенти мени биринчи жолу бир жылдык 500 сом степендия менен сыйлады. 1967-жылы «Бакыт берген партиям», 1971-жылы «Баба дыйкан», 1987-жылы «Айылдык кеңештин иштери жана камкордуктары» аттуу коомдук саясий маанидеги китепчелерим «Кыргызстан» басмасы тарабынан жарык көргөн. 1993-жылы «Он-Арча» деген ыр китебим Нарын басмаканасынан жарык көрдү.

Азыр деле газет-журналдарга жаза коюп жүрөм. «Тагдыр» поэмам, «Ала-Тоолук айымдар» ыр топтомдорум бар. Кудайга, тагдырыма ыраазымын, бир уул, бир кызым очор-бачар, өздөрүнчө бала-чакалары менен небере көрүп, келиндүү болуп турмуш өткөрүүдө.

Менин өмүрлүк жарым, бир кыз, бир уулум көз жумган. Бир топ жыл өттү. Алла-Тааланын жазмышына көнүп, тагдырга моюн сунбаска арга жок. Азыр 8 неберем үйлүү-жайлуу, 5 неберем жогорку окуу жайларынан билим алып жатышат. Бир небере кызым Кененбаева Гүлнара Индиядагы Кыргыз элчилигинде иштөөдө. Мен ушулар менен сыймыктанам, 19 чөбүрөгө чоң эне, таяне болгонума кубанычтуумун.

2000 эл аралык жаш таланттар фестивалы Ошто өттү. «Мээрим» эл аралык фонд уюшулганына жети жыл толгонуна байланыштуу 25/VII — 31/VII 2000 ж. Ош шаарында жетинин бири кыдыр — дегендей жети энеге Кутман-Эне деген наам ыйгарылды.

# «ЖАНЫНДЫ БАКПАЙ, ЭЛИНДИ БАК»

*«Жаш таланттар – 2000» фестивалынын таасирлери жана жаштарга айтчу акыл кеп*

Адегенде эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондунун жети жылдыгына карата Ош шаарында өткөрүлгөн жаш таланттардын фестивалы жөнүндө.

Аталган фестиваль өнөрлүү жаштарды өргө сүрөп, ийгиликке шыктандырып, ар улуттун жаш муундарынын достук, тилектештик мамилесин чындоого карата болгон аракетин арбытууга багыт берип, өлкөбүздүн аброюн көтөргөн коомдук, маданий жана тарбиялык мааниси чоң окуя катары жалпы коомчулуктун көңүлүн бургандыгына, Оштун 3000 жылдык маарекесине катуу даярдыктардын жүргүзүлүп жатканына күбө болдук.

Ушундай таланттуу балдардын чыгармачылыгын колдоого алып камкордук көрүп жаткан канайым Майрам Акаевага, алты дубанда «Мээрим» фондунун филиалдарын жетектеген айымдарга жана жаш таланттардын сүрөөнчүлөрүнө кантип ыраазы болбойсуң. Кыргыз элинде «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» же «Өнөрлүү адам өлбөйт» — деген накыл кептер бар. Мындай болбогондо да деги эле адам баласы жашынан өнөр үйрөнүп алса эч качан кор болбойт. Эл ичинде урматсыйга татыктуу болоору анык.

Өнөрлүү жигит өргө чап,
Өнөрүң барда алтын тап.
Ал табылган алтынга
Жаныңды бакпай элди бак, —

дегендей башынан ыр-күүгө жакын кыргыз эли таланттуу адамдарды колдоого алып, кадырлап-сыйлап, той-аштарда ат чаптырып, аттап-тондоп узатканын улуу муундар жакшы билебиз. Ушундай камкордуктан эл ичинде залкар чыгармалар аздектелип, сактап келген эмеспи. Дүйнөдө теңдешсиз эпос, кыргыз элинин баа жеткис маданий мурасы болгон «Манас» дастаны баш болуп, өлкөбүздүн маданиятынын алтын фондунда турган залкар чыгармалар мына ушул фестивалдын катышуучуларындай таланттуу адамдардын керемет эмгегинен элдик өнөр сакталып келатканын кимдер билбейт.

Мына ушул бүгүн өлкөбүздө коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурган жаш таланттар фестивалынын Ош шаарында өткөрүлүшү өзгөчө мааниге ээ болду десем жаңылбайм. Анткени, фестиваль 3000 жылдыкка карата даярдыктарга түрткү болуп, алдын-ала даярдыктын жарчысы катары жардам берди. Ал эми ордолуу Ош шаары бир жагынан Чыгыш маданиятынын күзгүсү катары таанылса, экинчи жагынан касиеттүү Ош жергеси тээ канча кылымдан бери эл сүйгөн таланттардын чыныгы бермети болгон. Мындай атактуу шаарда өтүп жаткан жаш таланттардын Эл аралык фестивалы эч качан унутулгус майрам катары катышуучулардын гана эмес, көрүүчүлөрдүн да эсинде көпкө сакталаарын ишеним менен айтууга негиз бар.

Жаш таланттардын эл аралык майрамы марасына ийгилик коштоп жеткендигин көзүбүз менен көрбөдүкпү. Анткени, ушул таланттардын баарын эне төрөп, эне тарбиялап өстүргөнүнүн далили Ош шаарындагы стадиондо бала көтөргөн эненин эстелигин ачуу аземи болду. Ош облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы — губернатор Т. Акматалиевдин жана башкалардын катышуусу менен лента кесилип, гүлдестелер коюлду. Деги эле баланын бактысы менен эргүүсү эненин сүйүүсүнөн башталат көрүнбөйбү! Үй-бүлөнүн бак-таалайлуу болуу түркүгүн эненин мээрими көтөрүп тураарын, ошондой эле Мукамбет пайгамбардын «бейиштин төрү энелердин таманы астында» деген улуу сөзүн ойго алып, «Мээрим» эл аралык фондунун түзүлгөнүнө жети жыл толгондугуна карата «Жетинин бири кыдыр» дегендей касиеттүү сөздү ойго алып, өлкөбүздө жети энеге «Кутман эне» деген ардак наам ыйгарылып, диплом, тасма, каз элечек кемсели менен тапшырылды.

Ал азем дүркүрөгөн кол чабуулар менен коштолду. Наам ээлери: Бөпө Каримова — партиялык-советтик кызматкер, Умарова Махбуба — Социалисттик Эмгектин Баатыры, Татьяна Ивановна Покровская — Эмгек Баатыры, Соя Калмурзаева — эл агартуунун отличниги, Мукарам Күлбакова — балдар дарытери, Тургун Машырапова, Күмүш Суранова — партиялык, советтик кызматкерлер.

Театрларда, стадиондо жаш таланттар көрүүчүлөргө өз өнөрлөрүн тартуулашты. Биздин Нарын, Ат-Башы, Жумгал, Кочкордон ондогон өнөрпоздор катышышты. «Бүлдүркөндү» (Ат-Башы району) көрүүчүлөр кол чабуулар менен кабыл алышты. Он-Арча айылынан семетейчи Көчүкеев Дүңкананын чебү-

рөсү Нурдин уулу Аскардын «Манасты» аябай жакшы айтканы белгиленди.

Кытай, Германия, Индия ж.б. өлкөлөрдөн келген фестивалдын катышуучуларын, дегеле баарыбызды Өзгөн районунун борборуна автобус менен алпарып, Бабур-наме эстелигин көрүп, өзгөндүк жаштардын чыгармачылык өнөрлөрүнүн көргөзмөсүндө болдук. Алардын түшкү сый тамагынан кийин Сулайман тоосуна чыгып сүрөткө түштүк. Мында да 3000 жылдыкка карата катуу даярдыктын жүрүшүнө күбө болдук.

Эми фестиваль жаш таланттарга өнөрлөрүн өргө сүрөөгө түрткү көрсөтүп жаткандан улам, үстүбүздөгү жыл жаштар жылы деп жарыяланганына байланыштуу, улуу муундагы акылман инсандардын акыл-насаат сөздөрүнөн, айрым китептерден окуп көңүлдө калгандарынан айта кетсем, балким жаштарга таасири тийер деген ойдомун.

Адамдык сапат жана кемчиликтер жөнүндө Алай канышасы Курманжандын сөзүн эске сала кетүүнү туура ойлодум. Ал: «Адамдын күзгүсү адам». Анткени өзүбүздүн мыкты жана кемчил жактарыбызды башка адамдар аркылуу гана көрүп-туясың. Демек, адамдын жакшы жактарын ойго алып, бойго сиңирүү жаман жагынан оолактоо деген экен. Датка айым ошондой эле кор турмуштун башаты — ысырапчылыктан, турмуштун тымызын өртү да ысырап. Ысырапчылык — орунсуз жана пайдасыз иштерге пул, мал, мүлк сарптоо болуп саналат. Колдо болгон пулду, мал-мүлктү керектүү жерге сарптай билиш керек. Курулай атак алуу үчүн салтанаттуу шаан-шөкөт менен той кылып, сыяпаттар жасап, ашкере пул сарптоо — наадандык, ысырапчылыктын кесепетинен, жокчулук соңунан ар кимдин мал-мүлкүнө, дөөлөтүнө көз артуу жана көрө албастык келип чыгат. Ошондуктан ысырапкорчулуктан сактануу ылайыктуу.

«Ысырабың тыя билсең сен эгер,
Дөөлөт жиби колумда деп биле бер».

Датка энебиздин ушул сөзүнүн эч бир калети жок. Айрыкча элетте жашагандар ысырапкорчулуктун азабын аябай эле тартып жатышпайбы. Жаштар касиеттүү эне сөзүн ойго салса деген өтүнүч.

«Жакшы сөз көңүл азыгы, жашоо насили! Кээде насааттускалар да жомоктой кызыгып окулат. Турмуштан жалаң

эле алыш үчүн жашабастан турмушка берүү үчүн, андан алып жашоо керек» деген эмеспи Садыр аке. Анын:

Бардык жанга жакшылыгың сулуу кыл,
Тилинди ширин, чырайынды жылуу кыл.
Сөз берметин угуп калсаң нак акак,
Кулакка куй, бой тумар кыл, дилге так.
Түшпөсүн деп ойлосоң башка мүшкүл,
Жабыр бербей бирөөгө адил иш кыл

— деген сөзү да чечмелей түшүнгөн жанга кандай гана улуулук, акылмандык, жаштарга багыт бергенсип жатат.

Дагы бир акылман шайык Сади мындай дептир: — Эненин азада бою, же сүмбүл мүчөсү келишкен бир дарак болсо, перзент ал дарактын сулуулугунан жаралган мөмөсү жана натыйжасы. Эненин көкүрөк тамырлары жүрөк ичинде эмеспи! Акыйкат көзү менен карасак, эне сүтү — анын жүрөк каны. Ошон үчүн перзентке эненин мээр махабаты атаныкына караганда көбүрөөк болот. Айрым перзенттер баарынан ыйык, ары мээрман эненин кадыр-сыйын билишпейт.

Айтууга караганда, бир жаш жигит энесинин сөзүнө кулак салбады. Кыйкырып, өкүрүп анын дилине азар берди. Мээрман эне уулунун кылыгынан көңүлү сууп, көзүнө жаш алды. Анан уулунун наристе кезинде жаткан бешигин анын алдына алып келип мындай деди: — Эй, жаштыгын, наристе чагын унуткан уят-сыйытсыз акмак. Мына бул бешикти көрдүңбү. Наристе кезинде сени ушул бешикке бөлөп, кечтен таң атканча уктабай терметээр элем. Сени өтө көптөгөн мээнеттерди, машакаттарды көрүп тарбияладым. Сен деп күч-кубаттан тайдым, сен деп көп кыйынчылыктарга бардым. Мына эми эр жетип, күч-кубатка толдуң, бирок жаштыгынды жана наристелик доорунду унутуп, мээрман энеңе баш ийбейсиң! Анын көңүлүн жаралап, көз жашын төктүрөсүң. Андай кылбай жүр уулум, эненин махабаты канчалык зор жана чексиз экенин унутпагын. Мен дагы, атаң дагы дайыма сенин бактылуу-таалайлуу болушунду каалайбыз, бизди капа кылбагын, дилибизди оорутпа. Айтканыбызды кабыл тутуп, бизди ыраазы кылып батабызды алгын, — деген эненин айткандары жигиттин жүрөгүнө октой кадалды. Ал өзүнүн кылган кылмышына бушайман болду. Энесин бек кучактап алып көзүнөн, бетинен өпкүлөдү, ыйлап кечирим сурады. Эне эмеспи, уулунун күнөөсүн кечирди. Жүзүнөн өөп, ак батасын арнады.

Мен бул улуу акылмандардын нуска сөздөрү бардык жаштарга тарбиялык таасирин тийгизсе дегеним. Эне-атага кайрымсыз катуу мамиле кылып, тили тиймек эле эмес кол салып отургандар дале болуп жатканын угуп-көрүп жүрбөйбүзбү. Эл арасындагы ушул сыяктуу кайрымсыз жат көрүнүштөрдөн алыс болушса дегеним. «Ааламдын жарыгы күндөн, адам жарыгы илим-билимден» дегендей Кудай Таала өзү ыроологон ушул эки жарыктан тең акыл-эстүүлүк менен пайдаланып, эгемендүү өлкөбүздүн келечек ээлерине өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп, терс мүнөздүүлөрдү теске сала билгиле демекмин, кагылайын жаштар.

**БАЛАНЫ ЖАНА ЭНЕНИ КОЛДООНУН**
**ЭЛ АРАЛЫК КАЙРЫМДУУЛУК «МЭЭРИМ» ФОНДУ**

**МЕЖДУНАРОДНЫЙ БЛАГОТВОРИТЕЛЬНЫЙ ФОНД**
**ПОДДЕРЖКИ ДЕТСТВА И МАТЕРИНСТВА «МЭЭРИМ»**

# «КУТМАН ЭНЕ»

***Эл аралык сыйлыгы***

***Международная премия***

# «КУТМАН ЭНЕ»

**Энелик ыйык милдетти туу тутуп кыргыз элине татыктуу кызмат өтөй турган инсандарды тарбиялоодо жасаган зор эмгеги үчүн**
**СУРАНОВА КҮМҮШКӨ**
**«КУТМАН ЭНЕ»**
**Эл аралык сыйлыгы ыйгарылат**

**СУРАНОВОЙ КУМУШ,**
**с честью выполнившей священный долг матери, вырастившей достойных сыновей и дочерей способных беззаветно служить Кыргызстану присуждается**
**Международная премия**
**«КУТМАН ЭНЕ»**

«Мээрим» фондунун төрайымы *профессор М. Акаева*

Кыргызстан — 2000

# ЭҢСЕП ЖЕТКЕН ЭРКИНДИГИҢЕР КУТ БОЛСУН!

Урматтуу кыргыз эли! Эңсеп жүрүп жеткен эркиндиктин, улуттук ыйык майрамыңардын тогуз жылдыгы кут болсун.

Кыргыздын каз элечек, күмүш саамай, күлкүсү күнчө чачылган айымдары! Силердин эркиндиктин тогуз жылдык улуттук ыйык майрамы менен куттуктайм. Жалпы элибизге ынтымак, узун өмүр, чың ден соолук, ишиңерге албан ийгилик, үй-бүлөгө бакыт-таалай каалоо менен турмуштун көк асманына бейпил тынчтыктын көгүчкөнүн көкөлөтө учуруп, күлүп-жайнап тогуз жылдык улуттук майрамды урматтап өткөрүп, он жылдык юбилейлик улуттук майрамына даярдангыла деген ак тилегимди эл-журтума арнамакчымын. Адатта майрам күндөрүндө адамдар бир-бирине куттук айтып, чын жүрөктөн жакшылык каалап, өз алдыларына жаңы максат, тилек коюшат эмеспи. Анткени кыргыз эли кең пейил, жайыл дасторкон, эркиндиктин эки тизгин бир чылбырын колдон чыгарбоо максатын алдына койгон. Азыр жергебизде күркүрөгөн күздүн берекеси толуп, шаарыбыздын көркүнө көрк кошулуп, элибиздин биримдигин арттырып турушу кимди кубантпасын. «Кең пейилдүү эл эч качан кемибейт» деген эл макалы бар эмеспи, элибиз эзелтен ынтымакты, биримдикти каалаган эл.

Өткөөл доордо жаштар билими, маданияты, күч-кубаты, профессионалдык даярдыкты колдон чыгарбай алып жүрүү менен өз мекенине берилгендиктен бардык кыйынчылыктарды туруктуулук менен жеңип, өткөөл доордо өз мекенинин фундаментин кынап куруп чыгышкан. Ошол муундардын арасында мына биз да барбыз. Силер да өзүңөрдөн кийинки муундарга зор ишеним менен ушул эстафетаны тапшырууга милдеттүүсүңөр, анткени үстүбүздөгү жыл жаштарга арналууда.

Өткөн доордогу жаштар, азыркы улуу муундагылар каардуу, кандуу кармаштарда акыйкаттык үчүн болгон күрөштө, кемчиликке келишпеген курч демилгеге бай комсомолдук мүнөздөрдү жаратышкандар, ал мүнөздөр кызыл зоонун ташын кулатып, кетмен, күрөк, чукулук колдонгон калыптагы мүнөз жаштардын рухий дүйнөсүн байыткан. Менин комсомолдук курагым совет эли үчүн тарыхый сыноо болгон Улуу Ата Мекендик согушка туш келди. Согуш көз көрүп, кулак укпаган кыйынчылыктарга учуратты. Апаат күндүн аптабы-

на кырчын талдай буралган жаш өмүрлөр, болоттон курч өткүрлүктөр мокоп калбастан кыйынчылыктардын сыноосуна туруштук бердик.

Мына ошол кыйын сыноолордон жаштар эрдик менен өтүшүп өлкөбүздө адилеттүүлүк өкүм сүрдү. Адилеттик үчүн күрөш азыр да улантылууда. Чынында эле адамды табигат жаратып, коом тарбиялап өстүрөт. Адам болуш үчүн улуулардын жолун жолдоп келечекке жол сала билүү керек. Адамдын абийирдүүлүгү менен абийирсиздиги жеке гана анын ишинен билинбестен, анын үмүтүнөн да билинет. Абийир миң күбөгө татыйт. Адам абийири кул эркине бий болуу керек. «Таза абийир татынакай мамык жаздык» деген сөздү эске салуу туурадыр.

29-октябрда өтө турган президенттик шайлоого карата кандидатурасын койгон талапкерлерге «ичи жаманды ит капсын, ниети жаманды Кудай тапсын». Элибизде президенттик шайлоого талапкердин арбын болушун мен өз оюмда туура деп ойлойм. Анткени өлкөбүздө илим-билимдүү эл бийлигине тапталган, өз тагдыры менен элет элинин тагдырына салыштырмалуу ой жүгүрткөн азаматтардын көбөйүшү кубандырбай койбойт. Өлкөбүздүн кадрлары өсүп, канат-бутактары жайылып, мыкты уул-кыздар арбын болсо деген ой-тилегим бар. Чыгып жаткан талапкерлердин баардыгына эле ак жол каалаймын. Ар кимдин тилегени жакшылык — бар болсун, максатына жетишсин, талапкерлерге кааларым алардын ар бири ичи тарлык, көрө албастык, жердештик, тууганчылык сыяктуу бөлүнүп, жарылуудан алыс болушсун. Баарыга белгилүү Каныкей, Курманжан, Кыз-Сайкал, Айчүрөк, Зулайкаларды берген кыргыз ата-энелери эмеспи, алар менен кимдер гана сыймыктанбай коё алган эместир. Кана, айланайын айымдар, айткылачы, эл калыс эмеспи, элдик таразадан өткүлө. «Улуу тоскоолдуктарсыз улуу иш жаралбайт» — баары тегиз жүрбөйт. Эң башкысы — бараткан багытыбыз туура, элибиз эркин, өз жаныбызды өзүбүз киши көзүн карабай, жерибизди иштетип ак эмгек менен багып ала албасак, элдигибиз, эгемендүүлүгүбүз кайсы?

Мен өтө билимдүү жайым деле жок, ошентсе да ар ким өз оюн айтууга укуктуу болгондуктан оюмду ортого салып отурам. Мукамбет пайгамбардын осуят кеңешинен улам, адамдарга кең пейил болгула, алар да силерге кең пейил болушат. Адамдар менен сүйлөшкөндө жүзүңөр жылуу болсун. «Ыймандын жакшысы — сабырдуулук, кең пейилдүүлүк, кечирим суроочу иштерди аз жасагыла, Кудай кор болгон адамдарга дос болгон

адамдарга жардам бергендерди дос кылат. Кызматкерлерге жакшы мамиле кылуу — береке жетишкен кезде да Кудайды таанып, сыйынып жүр, себеби кыйналган күндөрдө ал да сени таанысын деген осуяттарынан баарын Президентибиздин жасаган ишинен көрөм. Президентибиз адеп баштаган ишинен жыйынтык чыгарат деген Президентке ишенем. Анын жазаган көп салмактуу ишине калыс бололу.

## АЯЛДАРДЫН ЭРТЕҢИ...

*Кыргызстан аялдар федерациясынын уюшулганына эки жылдын жүзү болду. Жүз он беш өкмөттүк эмес уюмдар федерациянын мүчөлөрү, бирок федерацияга көз каранды эмес. Аялдар федерациясын түзүүнүн максаты республика боюнча аялдар уюму абдан көп, алардын баарынын максаты бирдей. Аялдардын тең укуктуулугун, жумушсуздукту жоюу, жакшы турмушка жетүү ж.б. программалар.*

*Ошондуктан бир жолду тандаган аялдардын башын бириктирип, бирдиктүү иш чараны жүргүзүү. Аялдар федерациясы түзүлгөндөн бери баардык катмардагы аялдарга жардам берип келет. Элеттен келгендерге долбоор жазууну үйрөтүшөт. Мисалы Баткенден келген качкын аялдарга долбоор түзүшүп 18 000 доллар утуп беришти. Жардамдын баары акысыз жүргүзүлөт.*

Кыргызстан аялдар уюмдары федерациясынын төрайымы **Жамал Ташыбекова** менен маек.

***— Жамал эже, жакында сиз жетектеген Аялдар федерациясы Ысык-Көлдүн жээгинде семинар өткөрүп келишти. Семинардын максаты эмне эле?***

— Негизги максатыбыз аялдар кыймылынын 75 жылдыгына карата чоң жыйналыш өткөрсөкпү дегенбиз, бирок андай нерсени өткөрө албай жатабыз. Бул багытта өкмөттүн алдындагы үй-бүлө, аялдар жана жаштар комиссиясы өкмөткө кат даярдап киргизген, андыктан ошол юбилейге карата даярдык жыйналышы болду.

***— Кимдер катышты?***

— К. Кондучалова, Ж. Нусупова, К. Бектурганова, М. Абылкасымова, К. Суранова, А. Шакирова, Ш. Чолпонбаева, Р. Айтматова, Ж. Жолдошева, Р. Айылчиева, К. Орозалиева сыяк-

туу эл жүгүн аркалаган айымдар катышты. Семинарда докладдар окулуп кызуу талкууга алынды. Мисалы К. Бектурганова «Аялдар: кечөө, бүгүн жана эртең» аттуу темада доклад жасады. Кыргыз аялдарынын коомдогу ролу тууурасында, тээ илгерки Жаңыл-мырза, Кыз-Сайкал, Курманжан даткадан баштап азыркы учурдагы эл жүгүн аркалаган аялзаты жөнүндө сөз болду. Талкуу болуп, көп кеңештер, сунуштар айтылды.

Экинчи маселе, аялдардын тең укуктуулугу жөнүндө Р. Айтматова доклад жасады. Абдан кызыктуу болду. Жыйынтыгында аялдардын тең укуктуулугу барган сайын начарлап бараткандыгы белгиленген. Эркектер баары бир аялдарга үстөмдүк кылып, уруп-сабагандыгы, мунун себебинен ажырашуулар көп болгондугу тууурасында маалыматтар айтылды. Аялдардын турмушун жакшыртууга кантип жардам бере алабыз? Ушул суроонун тегерегинде сүйлөшүп, жер-жерлерге барып, өз көзүбүз менен көрүп, айылдын тың аялдарын жетекчиликке тартууга аракет кылалы деп чечтик. Маселен айыл өкмөтүнүн башчысы аял болсо аялдардын турмушун көрүп боор ооруйт. Бир нерсе сөзсүз жасайт эркектер үстүртөн карайт. Аялды аял түшүнөт, колунан иш келген аялдар элетте абдан эле көп, болгону ошолорду колдоо жок. Акимдер, губернаторлор жагынан көңүл бурулбайт. Мына шаарыбызды караңыз, татынакай кыздарыбыз сойкулук кылып жүрүшөт, биз Франция же Америка эмеспиз, ал мамлекеттер үй, атайын аянтчаны сойкуларга мыйзамдаштырып беришкен. Биздин улуттук наркыбыз алардан таптакыр айырмаланат. Андыктан сойку кыздарыбызды жумуш менен камсыз кылып, жаман жолго түшүп кетүүнүн ар бир жолун бөгөөнүн механизмин иштеп чыгышыбыз керек. Дагы бир маселе, кээ бир аялдар бар, үйүн, балдарын, короосун таза кармабайт. Айылга барсаң балдарын жуундурбайт, жүдөө жашаган үй-бүлөнү көрөсүң. Биз айылдагы лидер аялдар менен так ушул тартиптен иш баштасак деп сүйлөштүк, элдин ден-соолугу, жүргөн-турганы, турмушка болгон көз карашы, билими аялга байланыштуу.

— КМШ жана Орто Азия аялдар уюмдары менен биригүү маселеси жөнүндө да маалыматтар бар...

— Россияда же Алматыда жашасын баары бир аялдардын проблемасы бирдей. Москвадагы аялдар уюму баш болуп биригүү жөнүндө сунуш айтышты. Эгерде эл аралык деңгээлге чыксак бир эле Кыргызстанды укпайт. Москвадан, Алматыдан, Киевден барган аялдар уюмунун мүчөлөрү Женевада, Ва-

шингтондо болушкан экен. Быйыл Чолпон-Атада уюштуруу жыйыналышын белгиледик.

КМШ жана Орто Азия аялдарынын Ассамблеясы деп атап жакында октябрдын аягында каттоодон өтөбүз. Биринчи борбору Бишкекте болот, андан кийин САММИТ көчкөндөй башка шаарларга көчүрүлүп турат. Буга 11 мамлекет катышат. Кыргызстандан Улуттук Координатор кылып Ассамблеяга мени шайлашты. Албетте, ар бир мамлекеттен бирден шайланат, мындан сырткары КМШ боюнча Ассамблеянын аткаруучу директору болуп Б. Түгөлбаева дайындалды. КМШ менен бириги каттоодон өтсөк маанилүү маселе боюнча ООНго кайрылууга укугубуз бар. Маселен, 11 мамлекеттин атынан ООНго Түгөлбаева барып сунуш киргизүүгө мүмкүнчүлүгү болот. Мындан сырткары аялдар энциклопедиясы тууралында да сөз кылдык. Эл жүгүн аркалаган аялдардын таржымалын берген бул энциклопедияга акча каражаты бөлүнүп берилсе эле дароо чыгат.

— ***Баары бир аялдар саясаттан алыстай албайт окшойбуз, президенттик шайлоого аялдардын пикири кандай?***

— Аялдар уюмдарынан биринчи болуп өзүбүздүн съездибизде биздин федерация Аскар Акаевдин кандидатурасын тандап алдык. Аялдар коомдо чоң күч, демек шайлоодо да чоң топ болуп берет. А.Акаевдин жасаган иштерин баaладык, кеңкеңеш кылып ушул семинарда үчүнчү маселе катары карап, бир добуш менен чечимге келип, кандидатурабызды дагы бир жолу тастыктадык.

*Маектешкен* ***САЙРА КЫРГЫЗБАЙ*** *кызы*

## ПИКИР

Жакшы аял — жүрөктүн каны, жашоонун шаңы, өмүрдүн таңы, балдардын багы. Жакшы аял менен бирге өткөн өмүр жаркырап тийген күнгө тете, жаман аял менен бирге өткөн өмүр ай караңгы түнгө тете деген сөз бекеринен айтылбаса керек.

Жаштар, аялдар ишсиз калып, айрым аялдар үй-бүлө, балага, жарына карабай чоң-чоң сумкаларын көтөрүп айлапжылдап алыста кыйналып акча табам деп жанталашат.

Кыргыз Республикасынын аялдар федерациясынын төрайымы Ташыбекова Жамалдын жетекчилиги менен Чолпон-Ата санаториясында «Кыргызстан аялдары кечээ жана бүгүн, эртең» деген темада семинар өткөрдү. Аялдарга колдоо, айрыкча элеттиктердин социалдык абалын жакшыртуу, маданий мекемелердин абалын ондоо маселелери каралды. Айыл өкмөтүндө иштегендердин көпчүлүгү аялдар болушса түзүгүрөөк болот эле, жаштар жылында мыкты жаштар колдоого алынса деген ойлорун ортого салышты.

Баса белгилей турган дагы бир нерсе, Ысык-Көлдүн музей жетекчиси, Ысманова Кеңешкан аябай уюштуруучулук жөндөмү жогору, сакадай бою сары алтын десе болчудай. Ысык-Көл областынын көл жээгинен кандай тарыхый табылгалар табылганын, аны тапкан адамдардын мурасын өзүнчө картага түшүрүп, райондогу, айылдагы, улуу инсандардын тарыхтарын эринбей топтоп, дагы иликтөө иштерин жүргүзүп жатканы кимди болбосун суктандырбай койбойт. Кеңешкан Ысмановага «Маданиятка эмгеги сиңген кызматкер» деген наам бекеринен берилбептир. Андан жогорку наамга деле татыктуу болчудай.

Семинар аябай жакшы жыйынтык менен өткөрүлдү. Катышкандарга К. Мамыркулов тарабынан көңүл бөлүнүп, дарылануута мүмкүнчүлүк алдык.

Эмгек ардагери
*Кутман Эне СУРАН кызы КҮМҮШ*

## АКМАТБЕКТЕЙ АДАМДАН АЗ ЧЫГАТ

Кыргыз элинин жаркылдаган жакшы
уулдарынын бири эле

*СУРАНОВА Күмүш 1924-жылы туулган. Колхоздо эсепчи, Нарын районунда айылдык кеңештин төрайымы, Нарын райондук аткаруу комитетинин төрайымы болуп иштеген. СССР Жогорку, Кыргыз ССР Жогорку Советтерине депутат болуп шайланган. Эмгек Кызыл Туу ордендери, бир нече медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Проза жана ырлар жыйнактарынын автору. Бишкек шаарында жашайт.*

Акматбек Сүйүмбаев партиялык, советтик кызматтарда иштеп жүрүп, кыргыз элине аттын кашкасындай таанылганын гезиттерден окуп, элден угуп жүрчүмүн. Бирок өзүм бетме-бет келип же жыйналыштан жолугуп, бул-тигил маселе жөнүндө кайрылып, пикирлешип көрбөгөнмүн. Элден угушумда өтө чечкиндүү жетекчи дешчү. Иш боюнча суроо менен кайрылганда ал орундалбай калбайт дешер эле.

«Ай чыгышынан, адам жүрүшүнөн» дегендей 1969-жылы республикалык активдин чогулушуна келип катышып калдым. Чогулуштан кийин Министрлер советине бардым кабыл алабы же жокпу деп жүрөкзада болуп. «Ойлогон ойду кысталган турмуш женет» дегендей ошол жылы Нарын областына кар оор түшүп, ыргалып бышкан дан эгин кар алдында калып, ички кыштоодогу малдар жайытка чыга албай, бир короо койду көчкү алып, Арчалуу, Туюк, Кыз Берген деген кыштоолорундагы карды комендатуралардын солдаттары көчүрүп, малга жем-чөп жеткирип бере турган техника жок абал өтө оор учур эле. Чогулуш башталганча каттоодон өтүп, эшикте турсам эле Жети-Өгүз районунун «Коммунизм» колхозунун башкармасы Социалисттик Эмгектин Баатыры Юматова Анна Тихоновна — мурда чогулуштарда көрүшүп жүрчү элек, саламдашып абалды сурап калды. Мен орусча жакшы билбейм, бирок бири-бирибизге түшүнүшөбүз. Ал: — Жүрү, чогулуш башталганча «Кирсельхозтехникага» барып, эмне бар, эмне жок, көрөлү, бизге керектүүсү болсо, Сергей Ефимович Гусевден сурайлы. Ал киши бербесе чондорго киребиз, — деди. Мен макул болуп барып складды кыдырып көрсөк бизге керектүүлөр бар экен. Бирок, ээси бар, аларды чондордун буйругу менен бөлүштүргөн. Менин колумда силерге бере турган эч нерсе жок, — деген жооп уктук. №57 — складда «ГАЗ-63» машинаны көрүп, блокнотко түшүрүп алдым. Чогулушка катышып олтурсам ой-санаам, тилегим эле ошол машинада болуп калды. Чогулуш бүтсө экен деп эле көзүм төрт. Бирок чогулуш кеч бүттү. Эртеси эрте келип Министрлер советинин имаратына кирип, кабылдамадагы кызга катталып күтүп олтурсам эле, биздин Нарын райкомунун секретары Р. Абдиев, райисполком А. Ажиевдер да келип калышты. Алар менден эмне жумуш менен келдиң? — деп сурап калышты. Мен малчыларга чыйбаркут, чыны, чайнек сурайм, — дедим. Машина десем, тигилер жаман көрмөк. Мурда: «Сен келип райондун фонду-

сунан алып аласың», — деп жаман көрүп жүрүшкөн. Мен олтургандарды бирден кабыл алат экен деп ойлогом.

«Нарындыктар киргиле» — деп эле үчөөбүздү бир эле кабыл алды. Мен аябай сүрдөдүм. Мурда өз жетекчилериме калп айтып алганыма аябай кыжалаттандым, — кана Суранова, сизде эмне суроо бар? — дегенде эле, — Акматбек ага, сизге торкүлөп келдим, бербесеңиз таарынам, — деп жаш балача сүйлөп алдым. — Таарынсаң Таласка бар! — деп борсулдап күлүп калды. Мен: Таласы жок эле Тянь-Шанга кетем, абалыбыз оор, кар калың түшүп, малга жем-чөп жетпей жатканын каңырыгым түтөп айтым. Анан: — Машина жок, машинаны Ажиевден ал дешет, Ажиев машина эмес, пресстин зымын да бербейт, — деп айтып алып, бушайман болдум. Ажиев: — Чындыгында «Коммунизм» колхозунда абал өтө оор, жайыт ачылбай, малга жем-чөп жеткире албай жатат, — деп сүрөөгө алды. Акматбек Сүттүбаевич: — Машина Кенес-Анархайга берилди, наличии жок, — дегенде, — мен көрүп келдим, №57 складда бирөө турат. Гусев бербей койду, — дедим эле телефонду ала коюп эле: — Сергей Ефимович, ты предатель, — деди орусчалап, — кандай предателдик кылсаң, Сурановага машина берип кетир, азыр менде өзүң келип алып кет, — деди. Ал киши: — Юматова, Суранова мени дайыма ревизия кылат, айтпай келип көрүп алышат, — деп актанды көрүнөт. Бирок мени машинасы менен алып кетип, документ бүтүрүп алып кет, — деди.

Жетекчилеримдин көзүнчө ачык айтып, жардам бербейт дегениме уялып, кечирим суроого мүмкүнчүлүк болбой жүрдүм. Бирок алар дале менин оор абалда калганыма боору оорушуп, туура түшүнүшсө керек.

Акматбек Нарынга баратып, чоң жолдун боюнда Жалгаш деген участкадагы кар баскан эгинди, элдер колдоруна таякча кармап буудайдын башын көтөрүп, комбайнга сугунтуп жатканды көрүп, «Эмгекчил» колхозуна барганда Ажиевге: — Сурановадан үйрөнгүлө, аракети жакшы, аял кишинин амалы күч, — дептир. Андан кийин 1972-жылы Донец областындагы эмгекчилер депутаттыгынын Ивано-Павловка селолук, жана поселоктук советтеринин жерлерди сактоо жана рационалдуу пайдалануу боюнча демилгесин колдоо жана ишке ашыруу жөнүндө Министрлер советинин №134 токтомунун аткарылышы жөнүндө Министрлер советинин президумуна биздин Он-Арча селолук советинин докладын угушту. Мен Он-Арча

селолук советинин председатели болуп калгам. Президиум болор алдында борбордук аянттагы «Ардак тактада» бир да жергиликтүү советтин кызматкери жок экендигин көргөм. Мен президиумда селолук советтин аткарган иштерин айтып, аракет жасап жатабыз, «Он-Арча» каналы да ишке кирди, — десем, — ал каналды сельсовет курду беле, — деди А. Сүйүмбаев. — Өзүңүз билесиз, канал жөнүндө Жогорку советтин сессиясында канча сунуш киргиздим, менин да сөзсүз үлүшүм бар болуш керек, — десем эки жагын карады күлмүндөп. — Кимде суроо бар? — деди. Суроолорго колдон келишинче жооп бердим. — Кана жолдош Суранова, өзүң эмне демексиң? — деди.

— Акматбек Суттүбаевич, жалпы эле президиум мүчөлөрүнө өтүнүчүм селолук советтен иш боюнча жооп сураганыңарга аябай кубанам, селолук советтин кызматкерлерин да эстейт экен деп. Бирок, «Колунда талкандуу бала сүймөнчүк» деген-дей чарбанын бардык тармактарында иштегенден «Ардак тактага» жазылбаганы жок, жалгыз селолук, поселкалык советтерде иштегендерден кантип бирөө татыктуу болбосун, биз областтык жетекчилерден, Мырзабековдон көрүп жүрсөк, алар силерди туурайт көрүнбөйбү, — десем, президиум мүчөлөрүнө карап борсулдап күлүп, туура дегендей кабылдады көрүнөт, алар да жылмая карашты.

Дагы бир жолу биздин областка барып «Коммунизм» колхозунун чарба иштерин көрүүнү туура көрүп, колхоз башкармасын алып, экөө «Волганын» артына отуруп, «Кош-Дөбө» деген участкага баратышкан экен, «Оттук» кыштагында чоң жол боюнда секретарь экөөбүз машина тосуп турган элек, — көрө коюп токтоп, саламдашып отуруңуз, силердин талаадагы жумуштарды көрөбүз, — деди. Биздин колхоздо башкарма Усупбеков Садык деген полковник, көп жылдар бою милициянын начальниги болуп иштеген адам эле. Жумуштар боюнча сүйлөшүп баратышат. Башкарма ал кишинин берген суроосуна жооп берип жатты, мен унчукпай алдыда отурам. Бир учурда: — Советтер чарбага кандай жардам берет? — деди «жакшы» деп кыскача жооп айтты. Мен: — Акматбек Суттүбаевич, ушул «Он-Арча» селолук советинин сиздей председателимин. Полковник байкеме айтыңызчы — кээде машинасына түшүрбөй кетет, ушул чарбаны мен башкарып жүрүп, полковникке өткөргөмүн да. «Бирде төө минет, бирде жөө жүрөт» дегендей, — дедим эле, — жолдош полковник, ошондойбу, мен сизди культурный, түшүнүктүү жетекчи десем, аның туура эмес, — деди.

Ошол бир ооз сөзү аябай таасир этиенби — ишим жүрүшүнө өбөлгө түздү.

1979-жылы область боюнча биздин «Он-Арча», селолук советинде эмгекчилердин маданий-социалдык абалы, айыл маданиятын көтөрүү жөнүндө семинар чоң даярдык менен өткөрүлүп, көчөлөргө тротуарлар жасалып, бактар тигилип, үйлөр акталып, коозддолуп, штакетниктер орнотулуп, область боюнча маданий-массалык иштер колго алынып, бул ишти уюштурууга ошол кезде облисполкомдун орун басары Акималиев Жуман өзү башында туруп, жасалгаланган болчу. Ошол Акматбек Сүттүбаевич бир ооз сөзү советтик жергиликтүү ишке маани бергендиктен Кыргыз республикалык селолук жана поселкалык советтердин социалисттик мелдеши уюшулуп, жыйынтыгында биздин селолук совет жеңишке ээ болуп республиканын көчмө туусун, акчалай 3000 сом, председателге бир жарым айлык акчалай сыйлык, «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» деген төш белги берилген.

Жөнөкөй, адамкерчиликтүү, иш билги, ар бир маселени учурунда чечкен, бирөөгө корсулдап бой көтөрбөй ар дайым адамдык сапатын өйдө сактаган адам эч качан ойдон чыкпайт. «Адамдардын, оттон, суудан өлгөнүн көрдүм, акыры адамкерчиликтен өлгөнүн көрбөдүм» дегендей бирдей ак пейил, мээримдүү мамиле жасаган жаркыраган элеси ойдо калганын эскерип коюну туура көрдүм.

## БАК-ДӨӨЛӨТТҮҮ КАРЫЛЫК ТИЛЕЙМ

*«Аял үчүн кызмат өтөөнү унутуп калуу кечиримсиз, ал эми көңүлдөшүнүн кулуна айланып калуу андан да жаман»*

***Петр I***

Урматтуу Президентибиз Аскар Акаевге, Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы урматтуу А. Бөрүбаевге, Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы урматтуу А. Эркебаевге.

Кален Сыдыкованын «Камкордукка зарыл» — деген кайрылуусун окуп чыгып, энелик жүрөгүм менен толук колдойм. Маркум академик, Социалисттик Эмгектин Баатыры Аалы То-

комбаев «эне» деген сөз ыйыктын ыйыгы, андан дүйнө сыяктуу бүтүн эле турмуш сезилет. Энесиз эч нерсе жаралбайт, таалайдын өлчөмсүз терени эне, таалайдын чексиз бийиги эне, ошондуктан энени мекен менен, мекенди эне менен өлчөйбүз. Турмушта табигаттын атасы Күн, энеси Жер болсо, ошол табигаттын бир мүчөсү Адамзат. Анын бирден-бир асыл мүчөсү болгон — ээси ошо биринчи адамзаттын үрөөнүн берген, бапестеп багып өстүргөн энелер. Эне (аял) деген улуу наамды президентибиз тарабынан колдоого алып, аялдарга колдоо көрсөтүп, аялдар жылы деп атап, бир топ жардамдар көрсөтүлдү, ага ыраазыбыз. Биз жалпы энелер ушул кайрылууга, сиз тарабынан толук колдоого алынып, жаңы кылымда энелердин жүрөгүнө кубаныч алып келет, ар кандай жат көрүнүштөрдөн тазартат деген үмүтүбүз зор. Аялдардын «Эл-Эне» партиясынын атынан партиянын төрагасы Кален Сыдыкованын кайрылуусу баардык аялдардын жүрөгүндөгү ою толук камтылган экен. Менин айтайын дегеним, чымчык деле жашоо үчүн тал-теректин башына уя салып, балапандарына чыйпылдап учуп-конуп азык ташып, уясын буздурбоого үстүнө түшө калат экен.

Азыр эмне үчүн ак никесин бузуп, балдарын боз-ала кылып, салбар атка кондурган, мансап менен дүйнөгө манчыркап наристе жүрөгүнө бүлүк түшүргөндөрдү катуу тартипке чакыруу болбосун. Андайларды Кудайдын өзү деле жазалайт экен. Мен жашаган Көк-Жар микрорайонундагы, аттарын билбейм, бирөө беш баласы менен таштаганына 25 жыл, бирөө 4 баласы менен 8 жыл болуп бөлөк жашап калган. Атасы ооруп өлгөндө балдары алып келип койду, бирок балдары боору эзилип ыйлаган жок. Намыс үчүн куран окутуп, ашын берди. Андайлар күнүмдүк жашоо өткөрүүгө арзыган, адамдык сапаты жок азгырма экени айтпаса да көрүнүп жатпайбы. Ушундайларга терең ойлонулган мыйзам чараларын иштеп чыгып, тартипке келтирсе. Экинчи кайрылууда көрсөтүлгөндөй аялдар азыр билимдүү, акыл-эстүү. Ар кандай ишке жөндөмдүү, өкмөт мүчөлөрүнүн составына, элет жерлеринде, айыл өкмөттөрүнүн составына деле, губернаторлорго деле жарай тургандары бар. Ойлонуштурулуп, көңүл бурулса туура болоор эле.

Кайрылууда баары анализделип, мисалдар менен толукталып жазылган. Биз энелер Календин оюн толук колдойбуз. Биздин колдообузду урматтуу Президентибиз, жаңы кылым жаңырыгы менен энелердин жүрөгүн кубандыраарлык чечкиндүү чечим чыгараарына толук ишенебиз. Ажобуз Аскар

Акаевге жаңы кылымдагы ишинде өзүнө кыргыз энелердин берген ишенимин терең урматтап, узак өмүр сүрүп, чың ден-соолукта, элинин ой-максатын орундатып, бак-таалайлуу болуп, ынтымактын ачкычын бек кармап, колдон чыгарбай элине бейпилдик жашоо тартуулаган айкөл ажобуз арабызда ар дайым бар болсун демекчибиз.

Ошондой эле «Асылзат» газетасынын бардык аппаратында иштеген аялдарды жана «Асылзат» газетасы аркылуу Республикабыздын бардык энелерине жаңы кылым — бак-дөөлөттүү, сөөлөттүү карылык берип, балдарынан урмат-сый көрүп, узак өмүр сүрүшсүн демекчимин. Жаңы кылым жалпы баарына таалайдын жаркыраган нурун төксүн деп, «Мээрим» фондусунун төрайымы Майрам Акаеваны, ошондой эле «Мээрим» фондусунда иштегендерге да жакшылык каалайм.

## ЖУКЕН

*(Акын ЖумаканТынымсейитованын туулган күнүнө 70 жыл)*

*Турмуш жолу өйдө-ылдый, тайгалак, секиртмелүү. Ошондой болсо да тагдырдын өктөмдүгүн өз мойнуна көтөрүп, акыбети кайтаарлык, аздыр-көптүр өлбөс-өчпөс жол чаап, өзү өлсө да сөзү өлбөй, ооздон-оозго айтылып бүткүс чыгармаларды жаратып кеткен Жумакан Тынымсеитова менен жан курбу болуп, айылдагы башталгыч мектептин 7-классын бирге окуп бүтүргөнбүз. Бирге басып, бирге туруп, сабакка чогуу даярданчубуз. Ал экөөбүз кандай сырдаш-сындаш өссөк, экөөбүздүн ата-энелерибиз да кошуна жашап, жарты нанды жара бөлүп чайнашкан, кең пейил, мүнөзү жоош, кой оозунан чөп албаган ак пейил, момун адамдар болгон. Суран, Тынымсейиттин көзгө басар жалгыз эркелетип өстүргөн кыздары элек.*

Жумакан 1929-жылы Нарын областынын Нарын районуна караштуу «Эчки-Башы» кыштагында туулган. Ал окууну «жакшы» жана «эң жакшы» деген баалар менен бүтүрдү. Мугалимдердин баары аны атынан айтпай Жукен деп эркелетүүчү.

Жумакан ошол окуп жүргөн мезгилде эле дүйнөнү поэти-

калуу тааныган экен. Ал табигаттын кооздугуна, сулуулугуна суктанып, бериле кумарланып, Ала-Тоонун кемер кур сыяктуу биздин айылды кыдырата курчап турганына суктанып, жада калса айылдагы үйлөрдүн терезесинде өстүрүлгөн гүлдөрүнө суктана карап, айыл эли да шаар элине окшош жашаса деген ойдо жүргөн чагы көрүнбөйбү. Жумакандын энеси Саракан байбиче да, айылдан чыккан бычмачы, уз саймачы эле. Жумакан да «энесин тартып кыз өсөт» дегендей сайма сайып, оюу оюп, пальто, көйнөктөрдү тигип жүрдү. Жашынан эле Жумакан айылдаштардын оозуна эрте кирип, аны «бирөөнүн көзгө басар жалгызы, аман болсун» деп алкап калгандарын көп угаар элем. Ошентип, анын айыл кучагында өткөргөн жылдары өтө бактылуу, эч нерседен капарсыз эле.

1941-жылы 22-июнда алааматтуу Улуу Ата Мекендик согуш башталып, айлыбызда эңкейген кары, эмгектеген жаштар менен орок оруп, чалгы чаап, машак терип, татаал турмуштун жолун басарын, өзүнүн жакын агаларынан ажырарын, өз өмүрүн кыйган узак ооруга кабылаарын ал алдын ала билген эмес.

Согуш жылдары Жумакан экөөбүз орок оруп, суу сугарып, оп майдалап, моло таш байлап, ат менен эгин бастырып, аны шамалга сапырып, элден кол аркан жыйнап, ат-өгүзгө жүктөп, кызыл жүк деген желекчелерди алып Нарындын мамлекеттик кампасына төктүк. Ошентип Ата Мекендин жеңишине тамчыдай болсо да үлүш коштук.

Жумакан кийинчерээк билимин өз алдынча жогорулатуу үчүн көп окуп, көптү билгенге аракеттенди. Ал бирөөлөр сөз сүйлөп жатканда көз айнегин колуна алып бет аарчысы менен кайра-кайра сүртүп, ондоп тагынып, сүйлөгөн адамдын сөзүн болгон ынтаасы менен угуп, ойлонуп туруп өз оюн кошоор эле. Ошол маанайда поэтикалуу ойду таап алып, андан ыр жаратчу көрүнөт.

Жумакан өтө кыялкеч эле. Бир ирээт учурашканы Нарынга барсам ал мени кетирбей көндүрүп калды. Түн бир оокум болгончо сүйлөшүп жаттык. Анда мен Он-Арча селолук советинин төрайымы элем. Мен отпуска алганы келдим десем ал: «Кайда, курортко барасыңбы», — деп сурап калды. Мен: «Ээ Жукен, Данияр байкең Көк-Дөбө жайлоосунда балдары менен. Анын Көк-Дөбөгө кайсы курорт тең, көпөлөк кубалап, гүл терип, айлуу түндө ак чөлмөк ойногон абалкы бала чагыңды эске түшүрүп балдарыбыз менен эле жайлоодо бололу деген сөзүн макул көрдүм», — десем, Жумакан: «Ий байкемдин

билими болгондо эмне, аттиң, бири кем дүйнө, өтө акылдуу адам. Эгер Данияр байкем сенин иштөөңө шарт түзүп оюң менен болбосо кантип иштемек элең, деги бактылуу адамсың. Ий эжеке, ал бактылуу балалыктын, көк шиберлүү шыңгыр булактуу, түркүн гүлдөр өскөн мейкин талааларын аралап, тал чыбык минип, жыңайлак кемирчек казып, козу кулак, бал жууран, жөргөм терип, «Чоң конуш», «Жаман карагай», «Ак-Таштын» таза абасынан кана жутуп балалык баёо сезимди эске салганга эмне жетсин, атаганат! Эже байкеме айтып, Сакенден кер жоргону жетелетип жибер, мен да барып сени менен бирге өткөргөн балалык чакты эскерем», — деген.

Мен Жукен качан келер экен деген күтүүм оңунан чыкпай, эки жума өткөндөн кийин чабарман Жумакандын а дүйнө кеткени жөнүндө суук кабарды угузду. Уккан кулакка ишенбей, көңүл караңгылап Данияр байкеси экөөбүз өксөп ыйлап, акыркы сөзүн угуп, мандайынан сылап жанында турбаганга өкүндүк. Айла канча, боорукер, кайрымдуу, сезимтал, сергек адам эле. Өзү сүйгөн Ала-Тоодой бийик таланттуу акын эле. Кантебиз, тагдыр ага узак жашап арбын эмгек калтырууну буюрбаган экен, бирок ал калган өмүрүн ырларына калтырып кетти, өзү өлсө да сөзү өлгөн жок деп өкүнүп кала бердик.

Акын курбумдун китептерин окуп, кайталап барактаган сайын Жумакандын жаркын элеси көз алдыма тартылып, ал мага эркелей карап кээде эже, кээде жеңе деп «чыгарма жаратсам эле оюма «кылт» деп өзүң түшө каласың, өзүңө барып окуп бергим келет. Кээде атайын самап барган күндөрүмдө «эжең Солтон Сары, Кара-Кужурда, чарбанын иши чатак иш» деп Данияр байкем гана сени аяп отурганын көрөм» — деп шыбырагансыйт. Жолдошум Данияр Жумакандын жакшы көргөн агалары, ошондон улам ал мени кээде жеңе, кээде эже деп эркелеп калчу эле.

Жумакан ырды 1957-жылдан баштап жазууга киришти. «Кыргызстан», «Мектеп» басмасынан «Сыбызгы», «Нарын толкундары», «Жалкоо таранчы», «Соңкөл дептери» аттуу китептери жарык көрдү. 1968-жылы «Акыркы жолугушуу» аттуу пьесасы Тянь-Шань музыкалуу драма театрынын сахнасында коюлду. «Алыкулга гүлдесте» деген китепти түзүп басмадан чыгарды. Айрым чыгармалары орус тилине которулду. 1970-жылдан тартып СССР жазуучулар союзуна мүчө болгон.

Жумакан таланттуу адамдарды жогору баалап дайым аларга суктанаар эле. Алыкулдун жазгандарына өзгөчө баа берип,

келечекте улуу акын жөнүндө драма жазам деген тилегин айтаар эле. Жумакандын ондогон лирикаларына таланттуу обончулар обон чыгарып, радиокомитеттин алтын фондусуна алынды.

Жумакан адабият майданына сиңирген эмгеги үчүн «Эмгектиги карамандыгы үчүн», Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгы медалы, Кыргызстан ЛКСМ БКнын Ардак Грамотасы менен сыйланган. Нарын шаарынын бир көчөсүнө аты коюлган. Жумакан Тынымсейитова биздин арабыздан 1985-жылдын август айында биротоло кош айтышып кетти. Ал ашык сүйлөбөгөн, сабырлуу, токтоо, төрт баланын мээрман энеси эле. Жумакандын бажырайган сүйкүмдүү элеси, жүрөк жылыткан жакшы сөздөрү айылдаштарынын, балдарынын эсинде ар дайым сакталат. Атандын көрү, бири кем дүйнө, төрт баласы төрт жерде бала чакалуу. Бир кызы Рая Бишкектин техникалык жогорку окуу жайында эмгектенет. Бир кызы Гүлжан — экономист. Ушулардан урмат-сый көрүп төрүндө бир күн отуруп чай ичсе эмне деген өкүнүч калбайт экен.

## ЖУМАКАН

Кыйышпаган классташым Жукеним,
Жашым улуу, эжең элем мен сенин.
Окуучулук баёо өскөн балалык,
Ойго түшүп кыялдарың эстедим.

Талдай билип туугандын алыс жакынын,
Толгон кезде талант шыгың, акылың
Толукшуган асмандагы айга окшоп
Томсортуп неге таштап кеттиң, асылым.

Бир сырдуу токтоо мүнөз өмүр сүрдүң,
Ден соолуктун кыйноосуна карабай.
Иштеп дагы, окуп дагы эринбей
Сырттан окуп, университет бүтүрдүң.

Кырк ашып, кырк алтыга келген кезде
Өмүрдүн үстү жибин өжөр ажал
Кымбатым ташкындаган талант ээси
Ажалга бербес элем колдон келсе.

## Күмүш Суранова: «БИР КУБАНЫП, БИР ЫЙЛАП АК БАТАЛАРЫН АРНАДЫ»

*«Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт»*

Ардактуу иним Жаныш! Саламат жүрөсүңбү, кагылайын. Мени сен жакшы тааныбайсың го. Мен «Эчки-Башы» айлындагы эжең — Күмүш Суран кызымын. «Базарда кулу бардын көңүлү ток» дегендей, Теңир-Тоонун эл-журтунун намысын коргоп, таламын талашып жүргөн өзүңдөй инилеримдин, өзүң тарбиялап, турмушка багыт алган таланты ташыган Жыпардай карындашыңдын талантка умтулган тушоосун кесип, эл-журтуна, курбу-курдаштарына тааныштырып койгондугуңа, биз, нарындык бир топ ага-эжелериң, абдан ыраазы болдук. Жыпар карындашыңдын дагы өзүнүн жылдыздай жанган сүйкүмдүү мүнөзү менен жазган ырынын ата-эне, кайын эне, туугандарына ыймандын нурун себелеп турганын көрүп аябай кубандык. «Алыскынын аты озгончо айылдаштын тайы озсун» дегендей, мөлтүрөгөн Миң-Булак айлынан ушундай мөлтүрөгөн мыкты кыздын чыгышы эмне гана деген сыймык, кубаныч. Ошол булактын көзүн тазалап, шаркыратып дайрага улап төгүл-чачыл кошконуң, Жаныш, сенин өтө адамгерчиликтүү касиетиң. «Алтынды чыккан жеринен каз» дегендей бул — Нарын, Жумгал райондорунда таланттын алтын уясы жатканын жалпы эл түшүнөт да. Кыздардан Жумакан, Сагипа, Мыскал өңдүү талант ээлерин да эстей жүрүү керек. Эми өзүңө, өзүң тарбиялаган Майрамбек, Жыпара өйдөнө өбөк, ылдыйыңа жөлөк болушуп, өнөрүн өркүндөтө беришине тилектешпиз. Майрамбектин узаткан табышмактуу суроосуна ойлонбой туруп таамай жооп айтканын, Жыпардын эне-атасына арнаган ырларын окуганда көрүп отургандар көз жаштарын төгүштү. Бир кубанып, бир ыйлап, ак баталарын арнады.

Миң-булактын бир тамчысы Жыпара,
Нарындык агай-эжей, инилер,
Таамай жазган таасири зор сөзүңө.
Кубангандан жаш алышты көзүңө.

Өнөрүңдү өркүндөткүн, өсө бер,
Таланттуу кыз кайсы айылдан десе эгер,

Миң-Булактын мөлтүр тунук, тамчысы,
Кызы Жыпар дешсин эл.

Узун болсун өмүрүң, ачык болсун көңүлүң,
Айланайын, Жыпара, эл көзүнө көрүнчүм.
Элиң бейпил жашасын
Чыр-чатакты таштасын,
Ынтымактуу болгон жакшы.
Баарынан Кудай сактасын.

Жыпара сенин кечеңе карысам да, больницада жатып барып катышып, угуп отуруп бир топ жашаргансып калдым. Эсенгул, Ташболот байкелериңе ырахмат. Мени сенин кечеңе катыштырган.

Эми, Жаныш бөбөгүм, «ыр жазгандын баары акын эмес, сөз айткандын баары акыл эмес» дегендей, ылайыгы келсе гезитинден орун берсең.

## КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН!

Турдакун Усубалы уулу 1961-жылы Кыргызстан Борбордук Комитетинин биринчи катчысы болуп шайланган учур менен бул адамдын ал кызматтан кеткен учуруна көз жүгүртүп, ошол учурдагы Бишкек калаасынын көрүнүшүн борборубуздун тургундары көп эле абай салып көрүшкөн чыгаар. Калыстык менен ойлонуп көргөн киши шаар аймагы кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгондугуна салыштырмалуу ой жүгүртүп көрүшсө эле чоң-чоң асман мелжиген үйлөр, кинотеатр, конок үйлөр, ири завод, фабрикалар, республиканын ажарын ачкан Ала-Тоо аянты, Өкмөт үйү, музей Чүй проспектинин өйүз-бүйүзүндөгү мырамырдан салынган имараттардын көрүнүшү кимди гана болбосун суктандырбай коё албайт.

Ошондой эле жаштардын, келечек ээлеринин билим алып ар кыл кесипте даярданышына зор камкордуктар көрүлгөндүгүн, адабият иштерине көңүл бөлүп келгендигин эч ким унута элек чыгаар. Ала-Тоолук аймактын арасынан аттын кашкасындай элге таанымал сүйүктүү адамы Турдакун Усубалы уулунун өлкөбүздүн жакшысына да, жаманына да тике туруп жооп берип, жетекчиликти өтө принципиалдуу, сабырдуу-токтоо

мүнөзү менен башкарып, элине эмгек синиргендиги кимге болбосун маалым.

Мен өзүм айылдык адам болгондуктан жалаң эле борбор шаарыбыз эмес область, район, колхоз-совхоздорго айыл элинин социалдык-маданий турмуш шарттарына көп көңүл буруп келгенине ыраазымын. Айыл чарбачылыгына жеткиликтүү көңүл бурулуп алыскы кыштоолорго чейин маданий борборлор курулуп, малчылар маданий, материалдык жактан жакшы тейленип турду. Мисалы, Кара-Кужурда, Аксай-Арпада, Сон-Көлдө жакшы иштер жасаган. Малчыларга стандарт үйлөр, мал үчүн сарайлар, кыркуу пункту, койлорду дарылоо купкалары механизациялаштырылып, алыскы Кара-Кужур кыштоосуна электр жарыгы барып малчылардын көңүлүн кубанткан учурлар эсте. Медпункту, клуб, мончо, мектеп, балдар бакчалары курулуп ишке кирген. Жол боюнда мал тебелеп жаткан көрүстөндөрдү коруу маселесин да көтөрүп, айлана-чөйрөсүн тазалоо, коруу, бак тигүү иштери ушул адамдын демилгеси эле. Ошон үчүн арбак колдоп, таза абийир, татынакай мүнөзү менен элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болду.

Турдакун Усубалиев биздин Нарын районунан депутат болуп шайланып, шайлоочулардын наказдарын аткарды. Он-Арча каналы, Ат-Башы ГЭСи, Кажырты каналдары ишке кирišти. Куланак шайлоо округундагы элдердин жери шор болуп түшүмдү жакшы албай келсе — азыр гүлдөгөн өрөөнгө айланды. 8-март, Шоро, Эмгек талаага барчу жолдор тартипке келтирилди. Кыскасы жетекчи катары жасаган эмгеги арбын. Бул адам кызматтан бошогон учурда ар кандай ушак-айындар өтө эле көп болду.

Албетте, кызматка таарынып, же өз күнөөсү менен бюродон жаза алгандар тыбырчылап чыгышкандыр. «Жакшыга кеп илээшет, жаманга чөп илээшет» деген макал бар эмеспи. Ала-Тоонун сөөлөттүү да, дөөлөттүү да, сүйүктүү да адамы. «Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт» дегендей касиеттүү жетекчи, түрк элинин учуна даңкы жеткен саясатчы, коомдук ишмер, өзүнүн адамгерчилик парасатын жакшы сактап, эгемендүү өлкөбүздүн экономикалык өнүгүүсүнө өзүнүн жакшы санаалаштык ой-пикирин калыстык менен ортого салып, эл үчүн, элдин талабы үчүн жанын аябай күйүп-бышып маселе коюп келе жатат. Ошон үчүн ушундай элибиздин мыкты адамынын эмгегине адилеттүүлүк менен баа берип 80 жылдык маарекесин чоң салтанат менен белгилеп, «Кыргыз элинин баатыры» деген наам менен сыйлоо ашыктык кылбас эле.

# ЭЛЕТ ЭЛДИН КЕЛЕЧЕГИ

1998-жылды президентибиз республикабыздын негизги байлыгынын уюткусу болгон элетти көтөрүү жылы деп жарыялашы жалпыга жаккан иш болду. Бул бир ооз учунда айтылып гана калчу сөз эмес, айыл элин материалдык, маданий, экономикалык жактан алдыга сүрөө үчүн алдын ала ойлонулган жакшы жөрөлгө деп ойлойм. Мунун аркасында аткарыла турган масштабдуу иштер улуттук «Элет» программасында жакшы жазылган, о.э. программада көрсөтүлгөн иш-чаралар кагаз жүзүндө эле калбастан, реалдуу турмушка ашырылууда. Мындай ургаалдуу аракеттер элет жеринде жашаган түйшүкчүл элдин жашоо шартын жакшыртууда бирден-бир гарант болуп кызмат кылууга тийиш. Элет жерин көтөрүү үчүн жасалган алгачкы аракеттер жаман эмес. Эл президентибиздин бул саясатын кош колдоп колдоду. Жергиликтүү бийликтегилердин, айыл өкмөттөрүнүн ишке болгон мамилелери мурдагыга караганда өзгөрдү.

Бүгүнкү күндө айыл жеринде жашаган элдин көпчүлүгү жашоо-шарттын начардыгына байланыштуу деген шылтоону айтышып шаарга көчө качып, соода-сатык менен жансактоону эп көрүп алышты. Натыйжада канчалаган гектар жерлер кысыр калып келди. Эми элет жерине өзгөчө көңүл бурулуп, социалдык-экономикалык шартын жакшыртууга бүт күч-аракет жумшалса элдин шаарга карай күргүштөгөн миграциясы токтолот деген ойдомун. Президентибиз айткандай, элет биздин акыл-эстин уюткусу. Бүгүнкү күндө ошол эле элеттен чоңоюшкан балдар элибиздин жүгүн көтөрүүдө. Ошондуктан айыл элинин жашоосун жакшыртканыбыз, акыл эс байлыгын жакшыртканыбыз деп түшүнүү керек. Демек, андагы мектептерди жаңы технологиялар менен жабдып, мугалимдердин билиминин сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуубуз зарыл. Ушул негизден алып караганда Президент көсөмдүк кылды. Демек, көрөгөч саясатты жалпы журт колдоп, эл-жерин оңоо үчүн ар ким үлүшүн кошуусу парз. Мен айыл турмушун жакшы билем. Көп жыл элет жеринде жетекчилик кызматтарда иштедим. Эми пенсияда отурганыма карабай, айыл турмушун оңоо үчүн өз сунуштарымды айткым келди.

Алар төмөндөгүлөр: айылдагы элди таза суу менен камсыз кылуу үчүн суу түтүкчөлөрдүн баарын ремонттоп, ишке киргизүү;

— Каналдарды тазалоо, чала бүткөндөрүн бүткөрүү зарыл;
— Элди электр жарыгы менен толук камсыз кылуу;
— Айыл элинде өкмөттүн чыгарган мыйзамдары, токтомдору радио, телевизорлор иштебегендиктен жеткиликтүү болбой жатат. Газета, журналдар убагында барбайт. Эл арасында түшүндүрүү иштери колго алынбай калды — мунун баарын жөнгө салуу;
— Айыл жанындагы токойлорду кыюуну токтотсок;
— Жерди иштетүүдөгү кемчиликтерге толук көңүл бурулса, м.: айылдагы мурдагы агрономдор жерди иштетүүдө өз кеңештерин берсе. Айыл өкмөтү жерди айдатууда техника менен камсыз кылуу жагын ойлонсо;
— Маданият иштери жандандырылса. Айылда аялдар советтери, карыялар совети, жаштар биримдиктери айылда бош жүрүп, ичкиликке берилгендерди ыймандуулукка үндөө ишин жолго коюшса.

Эми бул сунуштар жаңылык эмес. Баарыбыздын акылэсибиздеги нерсе. Бирок, аны ишке ашыруу башка маселе. Демек, мен бул сунуштар ишке ашырылса деген тилекте айтып отурам. Анткени мен атуул катары өз оюмду айтууга укуктуумун да.

## АРАБЫЗДА ЖОК БОЛСО ДА...

### Эскерүү

«Жеңиш» гезитинин 60 жылдыгына байланыштуу эскерели деп жаткан инсан бул Темирбек Ералы уулу. Ал он жыл «Тянь-Шань правдасы» газетасынын баш редактору болуп иштеген. 1957-жылдан СССР Журналисттер Союзунун мүчөсү, көп жылдар тынымсыз партиялык, советтик, чарбалык мекеме, ишканаларда эмгек өтөп, шаарда пландоо бөлүмүнүн башчысы болуп туруп пенсияга чыгып, узак оорудан кийин 65 жашында кайтыш болгон. Бир нече жолу шаардык, райондук, облустук Кеңешке депутат, обкомдун бюро мүчөсү болуп шайланган. «Ардак белгиси» ордени, 6 медаль, «Айыл чарба отличниги» төш белгиси, грамоталар менен сыйланган. Адамкерчиликтүү, сылык-сыпаа мүнөз менен адамды өзүнө тарткан, кандай иште эмгектенбесин жоопкерчиликти терең сезип, өзүнө

жана башкаларга талапты катуу коюу менен эмгектенген инсандын жаркын элесин жаштарга айтып коюунун эч кандай жаңылыштыгы жоктур. Темирбек менен гезитте бирге эмгектенген үзөңгүлөш жолдоштору ал адамдын иш билгилигин, жаркылдаган жайдары мүнөзүн менден көбүрөөк билишкендер, аны менен дайыма бирге жүрүп иштешкендер айтып калганын көп угаар элем. Жакшы сапаттарын узун сабак сөз кылып Ибраев, Шайыбеков деген үзөңгүлөштөрү эскеришээр эле.

Кайран Темикем 1919-жылы Миң-Булак колхозунун «Өрнөк» кыштагында туулуп, эмгек жолун колхоздо эсепчи болуудан баштаптыр. Тагдырына жазылгандан улам 1984-жылы 24-майда көз жумган.

Өмүрүңдү өлүмдөн сактай албадым,
Жалынсам да Кудайымдан өтүнүп.
Тирилтүүгө тийбей калды жардамым,
Ажал, чиркин кетти сени көчүрүп.

Тагдыр күчтүү, ага арга таппадым,
Ойдо калды омоктуу өткөн жаш чагың.
Айбыкпастан ой мүдөөсүн бетке айткан,
Сапаттарың жүрөгүмө сактаармын.

Күн бүркөлөт көңүлүмдө жаачудай,
Күйүт өчүн күтөт менден алчудай.
Күйөрүмдөн айрылган соң, от кечкен,
Күүлөнөмүн кошо ээрчип барчудай.

Карааныңдан кагылайын Темикем,
Катарыма кайрылбайсың эми сен.
Жүрөгүм өрт, жалын чачып ич күйөт,
Жүргөн-турган мүнөзүңдү эстесем.

Жайында тийген күнгө окшоп,
Жаркырап ачык жүрчү элең.
Нускалуу узак сөз козгоп,
Турмуштун жайын билчү элең.

Ак шумкар учту туурунан,
Айланып кайра конгон жок.
Канча айла, амал издедик,
Асылган оору койгон жок.

Өзүңдөй курбу-курдаштан,
Оор эле бир топ салмагың.

Кылчактап карап турбастан,
Кыйлага тийген жардамың.

Жеткилең, таасын акылың,
Жер алдында тапталаар.
Жайдары жакшы мүнөзүң,
Жүрөгүмдө дайым сакталаар.

## ЫНТЫМАГЫБЫЗ БОЛБОСО ЫДЫРАП КЕТЕБИЗ

Элибиздин 2000 жылдан ашык байыркы жашоо сапарында жер дүңгүрөткөн жеңиштер да, тагдырыбызга тамга баскан жеңилиштер да болгонун тарыхтын алтын барактарынан окуп түшүнүп жатпайбызбы? Бирде даңкыбыз далайга жетсе, бирде мөгдүрөп, алдыга үмүт сүрөп, ата-бабадан калган мурастарды ыйык тутуп, дилибизден, тилибизден ажырабай, туулган жерди туу тутуп жашап келип, эзелтен эңсеп күткөн эркиндик туусун желбиретип, мекенибиздин мерчемдүү борбору болгон Бишкек шаарына көтөргөнүбүз эле — бул кыргыз журтчулугуна тиешелүү зор бакыт эмей эмне!

Башыбыздан өткөргөн алгачкы күндөрүбүздүн тарыхы элибизди дайыма эле эркелетип көндүргөн эмес. Граждандык согуш, Улуу Ата Мекендик согуштун нечен каардуу жылдары башыбыздан өттү. Согуш көз көрүп, кулак укпагандай кырсыктарга, кыйроолорго учуратты. Ушунун баарына тиштенип, туруштук бердик.

Урматтуу өлкөбүздүн алтын сакал аталарын, күмүш саамай энелерин, күлкүсү күнгө чагылган күлгүн курак эже-сиңдилерди, эркиндиктин эки тизгин, бир чылбырын эрки менен колго алган эр жигиттерди, «Мээрим» фондусунун «Кутман Эне» наамына татыктуу болгон, «жетинин бири кыдыр» дегендей, жети байбиченин атынан Кыргыз элибиздин эгемендүүлүккө ээ болгон он жылдык торколуу тою менен куттуктайм! Жети дубан элдин ишине албан-албан ийгилик, үй-бүлөңөргө жана эл башындагыларга чың ден-соолук, узак өмүр, бак-таалайды тилейм! «Тоосу бийик элдин оюу бийик», — дегендей, эгемендүүлүктүн 10 жылдыгында элибиз улуттук ынтымакка жана өз ара биримдикке, эч кандай чыр-чатаксыз жекендигибиз бул — аябагандай зор жетишкендик болуу керек. Азыр

экономикалык жактан бир аз болсо дагы жетишкендиктерибиз бар, ушуну бөксөртпөй сактоо менен өйдөлөтүүгө мүмкүнчүлүк табуу керек. «Улук куда эмес, улуктуку убажиб» деп Мухамбет пайгамбар айткандай, «бир женден кол, бир жакадан баш чыгарып» жалпы элибиздин ынтымагын көздөбөй, «ала койду бөлө кырккан жүнгө жарды» дегендей, бийликтегилердин бири-бирине ич тарлык, көрө албастык кылышы кечиримсиз деп ойлоймун. Кечээ эле өлкөнү өзү башкарып, элди бирим-дикке чакырган айрым адамдар оома жаш депутаттарды ар-касынан ээрчитип эл бузарлык иш кылганы туура эмес. Айрыкча азыркы өткөөл учурда бири-бирине асылуу, бийлик амбициясы, көр пенделик, тактап айтканда, кыргызчылык оорусу эмей эмне. Чындыгында иш болгон жерде кемчилик болбой койбойт. «Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт». Ал эми келечек ээси — жаштарга ушундай кылык-жорук менен кантип үлгү болобуз. Бул айткандарым «оппозиция» дегендерге.

Айланайындар, кенедей элди үчкө-төрткө бөлбөгүлө, элине чындап кызмат кылгың келсе, бийлик жол тоспойт. Эгемендүүлүктүн он жылдык маарекесинде эпке келишип, андан ары биримдикте болгула!

## КАРЫНЫН БАТАСЫ ДАРЫ

Ак калпак кыргыз журтчулугунун эгеменге элибиз ээ болгондогу алгачкы Президенти урматтуу Аскар Акай уулу!

Сизди Улуу Жеңиштин 55 жылдык майрамы менен куттуктап, өзүңө темирдей бекем ден соолук, узун өмүр, үй-бүлөңө бакыт-таалай, ишиңе албан ийгилик, өлкөңө экономикалык өнүгүү, элиңе тынчтык каалайм, кагылайын.

«Байлыгыңа, мансабыңа кубанба, пайдаң тийсин бардык эли-журтуңа» дегендей, элибиздин оор-жеңилине тик туруп, ала-кула көрбөй айкөл мүнөз, залкар окумуштуу, такшалган саясатчы катары ат көтөргүс көп иштерди жасадың. Иш болгон жерде кемчилик да болбой койбойт эмеспи. Аскар өзүңө Алла Таала берген өзгөчө күн нурундай жарык чачкан касиет бар экенин айрымдар ич тарлык менен баалабаган чыгаар, мейли, өздөрү билишсин. «Өлүк кубанбай, тириктин иши илгери болбойт» дегендей көзү өткөн атактуу инсандарды урматтап-сыйлап жаткандыгың бул улуу касиет.

Эми эски доор жаңы доорго ордун берер учурда, жаштарды улуу муундагы адамдарга урмат көрсөтүп үлгү-нуска алгыла, алар ушул эгемендүүлүктүн жолун чапкан деген акылман сөзүн бардык улуу муундагы адамдарды урматтаган асыл сапатын ар бир жаштын жүрөгүндө сакталаар.

Айланайын Аскарым,
Ачык болсун асманың.
Ак нанга толсун дасмалың.
Кадырлап сыйлап карыны.
Калыстыктан жазбагын.

Айкөл мүнөз, өзүндөй,
Кең пейил өссүн жаштарың.
Мээрим нур чачып элиңе,
Биримдикти сактагын.

## «ЭСКЕРИП БИР АЗ ЫРДАЙЛЫ»

*(Күмүш Суранованын 70 жылдыгына карата)*

Элүү жылда алмашып,
Эл жаңырат турбайбы.
Эшилген кумдай куюлуп,
Эски-жаңы кубулуп.
Жер жаңырат турбайбы,
Эске салсам өткөндү.
Эскирип эми кеткенди,
Эбегейсиз зор адам.
Эжебиз Күмүш турбайбы,
Элүүдөн өтүп эжебиз.
Эми 70ке келген турбайбы,
Эжебиздин иштерин.
Эскерип бир аз ырдайлы.

* * *

Айтсам сөздү сиз үчүн,
Атагың сенин биз үчүн.
Алайдын кызы Курманжан,
Даткасындай барсың сен.
Аялдардан айырмаң,
Аргымак күлүк тулпардын.
Кашкасындай барсың сен.
Бийиктигиң биз үчүн,
Ногоргондун Капка-Зоо,
Аскасындай барсың сен.
Эжебиз биздин Күмүш сен,
Эркекче басып кам көрүп.
Элге кызмат кылдың сен,
Эл намысын талашып.
Эрк-күч менен жүрдүн сен!
Эмгегиң менен өзүнө —
Эстеликти курдуң сен!
Аска тоодой элестүү —
Айлындан чыккан залкарсың.
Аялзаттан эң эстүү —
Айкөлдөй терең чалкарсың.
Сын-сыпатың кетирбес
Сырттанысың, калтарсың.
Сыр билгизбей сиздей сыноосун.
Турмуштун кимдер тарта алсын?!
Оор түйшүгүн дүйнөнүн өзүндөй
Ондоп да, түздөп арта алсын?
Бардыгына жараган, чынында —
Аялдан чыккан алптансың.
Ага-тууган элге сен
Ар намыс менен жаккансың.
Ата-журт кылган урмат-сый,
Ак эмгек менен тапкансың.

* * *

Карылык жаштын барктуусу
Өзүнүз келген жетимиш.

Өткөрүп баштан далайды.
Жетимиш жашка жеттиңиз.
Жүзүңүз да жарык, өңүң ак
Азыр да жакшы кейпиңиз,
Балдардын көрүп убайын.
Бактыга толгон кезиңиз,
70 — 80 тепселеп.
Эми 90 — 100гө жетиңиз.
Туулгандан кийин өмүр бар
Туулдум деп турбай жөн жүрбөй,
Туугандык сыйды көрүп ал,
Турбайсың дайым кемибей,
Турмуштун шойкум кеби бар.
Тукумсуз өттү дедирбей.
Туурунда балдар — демиң бар.
Туу көргөн сендей кыздарды,
Туулган жер, сенин элиң бар.
Аман жүрсөң эжеке,
Бир чети мага жеңеке.
Айтылчу толгон кебиң бар
Кайрат күч менен жашай бер
Кандарда да тузсуз, кеми бар.

* * *

Сыйлашсаң тууган сыйлашат,
Чырдашсаң бир күн чырдашат.
Чын пейилдүү туугандар,
Чынын да айтып мундашат!
Жөлөгү болсо артында
Жөө адам да «Кырды» ашат.
Төө минсе да жакшы адам
Жөө жүргөн менен сырдашат
Көтөрбөй боюн менсинип,
Көпчүлүк менен бир басат.
Көрдүң го, нечен туйдуң го
Көп жерден тууган адашат.
Түбү бирге болгон соң.
Түңүлбөй кайра жарашат
Жардамы тиет деп тандайт.

Жакшылар менен да жүрдүң
Жарды экен деп сен чанбай.
Жармачтар менен да жүрдүң.
Улуу экен деп жалтанбай.
Улуулар менен да жүрдүң,
Урмат-сый билген кичитай.
Укелер менен да жүрдүң.
Эже, жеңе, синдилер.
Эчендер менен сен жүрдүң.
Баарынын тилин бирдей таап
Байкап да, баалап тең жүрдүң.

Кээде капа кайгыда.
Кээде чардап бир күлдүң,
Табышмактуу жашоонун.
Табиятын бүт билдиң!
Тагдырыма, таалайга
Жазганы ошол деп билгин,
Жүз деген жашты каалайм мен
Ташыркабай тың жүргүн.
Ширесин соруп өткөргүн,
Өмүр деген бир гүлдүн
Өксүнбөй да, өкүнбөй,
Өтөсүн көргүн өмүрдүн!

*ОСМОНААЛЫ уулу ШАРАПИДИН*

# КЫРГЫЗ ЭЛ БААТЫРЫ Т. УСУБАЛИЕВДИ КУТТУКТАЙМ

Калкыбыз кылым тогошоор алдында кыйналып турган учурда, эс алуу жашына барганыңызда Сиздин калыстык, адамгерчилигиңизди эске алып, карыялык айбаты күч, элине пейили түз дешип, зор ишеним көрсөтүп, депутаттыкка шайлап алышты. «Эстүү адам элин багат» дегендей, сиз ошол элиңиздин ишенимин актоо үчүн жан далбас аракет жасап, Ай менен Күн тогошкондой элибизге келген эркиндиктин туусун асманга желбиретип, биринчи айкөл Президентибиз Аскар Акай уулу менен моюн алышып, акыл калчап, улуулуктун жолун көрсөтүп келатасыз. «Кеңешип кескен бармак оорубайт» дегендей эл журтубуздун келечегине акыл-эстүүлүк менен ой жүгүртүп, «Мурунку конок кийинки конокту сүйбөйт» деген ишенимсиз көшөгөнү алып салып, касиеттүү карыялыктын асыл наркын, ата-салтын, акактай тунук дил адебин тартууладыңыз. Элибиздин экономикалык оор абалын жеңилдетүүгө таасир тийгизе турган маанилүү маселелерди көтөрүп, акактай тунук пейилиңиз менен элдин, өкмөттүн ишенимине ээ болдуңуз. Сиздин дагы бир көрөгөчтүк касиетиңиз: Сиздей чейрек кылымдан ашык эл башкарып, журт бийлеп келишпесе да, азыр акчаны көп тапкан ишкер, бизнесмендерге кошулуп, айрым депутаттар кыйынчылыкта эл тагдырына ой жүгүртпөстөн, жалгыз жан багуунун, көөдөн көтөрүүнүн мактанчыч жолуна түшүп, катар-катар үй салып, ар түркүн маркадагы чет элдик машиналарды биринен сала бирин минип, өз жакындарына дүйнөкорлук зоболосунун аркасында өң тааныштык менен кам көрүп, ишке жайгаштырып, калыстык адамгерчиликтин асыл сыйын бурмалап, жакырчылыкта кыйналган адамдарга бой көтөрүп жүргөндөр да жок эмес.

Сиздин бакыбат карыялык касиетиңиз айрыкча Баткендеги окуя башталганда өзгөчө көрүндү. Патриоттук сезимиңиз тынчытпай, элге барып, абалын сурап, биримдикке элди үндөп келгениңиз, ошондой эле элет жеринде элиңиз каатчылыктын кыйноосун тартып турганда Балыкчы — Кочкор — Каракече темир жолун ишке киргизүү жөнүндөгү ашарчыларды көтөргөн демилгеңиз коомчулуктун колдоосуна жана мактоосуна татыктуу эрдик болду.



Күмүш Суранова жана өмүрлүк жары Данияр Борбодоев. *1945-ж.*

Күмүш Сурановантын ата-энеси жана тууган-уруктары.





Күмүш Суранова үй-бүлөсү менен.

К. Суранова уулдары; Сагымбек, Сактанбек жана күйөөсү Данияр.





Күмүш Сурановананын кыздары; Оңол, Жумаш, бир тууганы Мирбек, синдиси Акиш жана жары Данияр.

Данияр балдары менен.





Данияр балдары менен.

Күмүш Суранова үй-бүлөсү менен.





Иманалиев Жусуп, Алиев Капар, Борбодоев Данияр, Жолдошев Сатыбалды. К. Сурановanын уулун "Артекке" жөнөткөндө түшкөн сүрөт.



К. Суранова уулу Сагынбек менен.



Кайнэнеси жана кызы Оңол.



К. Суранова уулу Сагынбек менен.



К. Суранова жана жары Данияр.



К. Сурановanын үй бүлөсү.



К. Суранова, кызы Гүлбүбү.


Күмүш эже неберелери менен.

Күмүш эже, келини Зина жана небереси Руслан.





Күмүш эже, небереси Субан ветерандар менен "Салкын-Төр" жайлоосунда.

Күмүш эже, жары Данияр, келиндери Зина, Нурия жана секретары Жүрсүн Абылаева.





Моңошев Баякун,Күмүш жана Данияр. *1950-жыл.*

Күмүш эже "Кара-Кужур" кыштоосунда.





Күмүш эже "Кара-Кужур" кыштоосунда, чабан Кадыров Турсунбек жана жубайы. *1964-жыл.*

Күмүш эже жана синдилери Сабира, Акиш.





Күмүш эже, келини Зина, небере кыздары Майраш, Эльвира.



Күмүш эже жердештери менен.



К. Суранова. Ессентуки курорту.
*1960-жыл.*



К. Суранова. С. Орузбаева.
Жалал-Абад курорту.
*1962-жыл.*

К. Суранова уулдары жана кызы менен. *1959-жыл.*



Данияр. Жети-өгүз курорту.
*1960-жыл.*





Күмүш, Ташен жана Данияр.

Күмүш эже сельсоветтин курсуна келгенде. *1963-жыл.*






Күмүш эже Кыргыз эл жазуучулары Аалы Токомбаевдин жубайы Токомбаева Сейнеп жана Мукай Элебаевдин жубайы Элебаева Бурулча ж.б., менен. *1962-жыл.*

Башкарма К. Суранова “Молдо Канай” жайлоосунда.





К. Суранова менен Абдыбачаев М.



К. Суранова жана жазуучу Кеңеш Жусупов. Ялта. *1964-жыл.*

Дагы бир жолу Сиздин калк алдында көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, адамгерчилик касиети артык, чыныгы патриот, эл ынтымагынын данакери, ата наркын, асыл салтын урпактардын акылына уялаткан мураскор экениңизди акыйкат баалап, Президентибиз «Кыргыз Республикасынын Баатыры» деген жогорку наамды берди. Сиздин турмушуңуздагы мындай орошон окуя, ири ийгилик менен чын пейилимден куттуктайм жана калың кыргыз журтунун алдындагы аталык айкөлдүгүңүзгө, акылмандыгыңызга ак дилден таазим кылам жана төмөнкү ырымды маарекеңизге арнайм.

## УЛУУ ИНСАН

Улуу инсан, Эл Баатыры жакшы адам,
Калк алдында калыстыкты сактаган.
Көрө албастык, ич тардык бар ар жерде,
Ким түшпөгөн жакшылардын артынан?

Кечиримдүү, кенен болот жакшы адам,
Ата мурас, асыл салтын сактаган.
Урпактарга улуу жолду көрсөтүп,
Унуткарбай осуятын аткарган.

Сабыр менен тоскоолорду жеңдиңиз,
Кара жанды карч уруп эмгектендиңиз.
«Ак ийилет, сынбайт» деген сөз чындык,
Ак батасын берип турат элиңиз.

Ак ниет иштеп эмгектенип эринбей,
Сексен жашта Эл Баатыры болдуңуз.
Жегич-ичкич бузук адам дедирбей,
Биримдиктин сересинде ордуңуз.

Чейрек кылым кызмат өтөп калкына,
Керектеген каны-жанын сарп кыла.
Олуя ата Калыгулдун мурасын,
Оюна алган унуткарбай жактыра.

Музей куруп ата арбагын сыйладын,
Кыргыз элин көл жээгине жыйнадын.
Касиеттүү ыйман кутун жаратып,
Урпактарга асыл оюн таратып.

Чоң атаңыз Калыгулду эскерип,
Мрамордон тургуздуңуз эстелик.
Кереметтүү сөз таасири атанын,
Уяласа урпактарга сөз берип.

Куран окуп, дуба кылды элиңиз,
Кубандырды мураскордук демиңиз.
Ата арбагы кулак төшөп сөзүңүзгө,
Ак батасын берген чыгаар өзүңүзгө.

Көрбөсө да олуя ата элесин,
Сурап билген керемет ой сересин.
Ата арбагын унутпай эстеп жүрүүгө,
Гүлжеке эже кошкон чыгаар кеңешин.

Көрөгөчтүк кереметн, тазалыгы,
Кыргыз элдин жаштарына жукса экен.
Ата наркы — асыл ою, дил адеп,
Улуулардан урпактары укса экен.

Ала-Тоонун ак шумкары, ардагы,
Өлкө элин Сиз башкарып турганда.
Өстүргөнсүз өлчөөсүз айыл чарбаны,
Алга озгон өнөр жайдын тармагы.

Сыймыктуу өрөөн Кочкорун,
Сый көрсөттү досторуң.
Урпактарга улуу жолду көрсөтүп.
Мураскордук улуу ишти козгодуң.

Акыл төшөп жаңы кылым дооруна,
Эже экөөңөр дайыма бирге болгула.
Атаңардай жүзгө чыга тең жашап,
Калк кадырлап турса өтө сонун да.

# СЫЙЛАШЫП ӨМҮР СҮРГӨНБҮЗ

Менин өмүрлүк жарым Борбодой уулу Данияр экөөбүз Нарын районуна караштуу Он-Арча айылында төрөлгөнбүз, мекендешпиз. Биз баш кошкон жылдар өтө оор, Улуу Ата Мекендик согушта кыйрап-бүлүнгөндөрдү калыбына келтирүүнүн алгачкы жылдары эле элибиздин турмушу жакырчылыктан суурулуп чыга албай турган учур эле. Отуз жети жыл бирге өмүр сүрдүк. Турмуштун оор-жеңилин, куурал-жыргалын тең көрүп, тойсок тобо деп, ач болсок олда деп таңдан кечке талаада иштеп, орок оруп, суу сугарып эмгегиме жарты тыйын албай жүргөн мезгилди ойлосом учурунда эрдик кылган экемин дейм.

Данияр болсо чарбада орунбасар башкарма, кой ферма башчысы, бригадир, кампачы, финагент, дүкөнчү болуп узак жылдар бою эмгектенип, эл кадырына ээ болгон. Эли сыйлап Даныке, Данияр байке дешип айткан сөзүн эки дебей аткарган. Улуусун урматтап, кичүүсүн сыйлап, жөнөкөй, адамкерчиликтүү. «Жапа чеккен адамды көрүп туруп, жалоорубаган адамды адам дешке болбойт» деген акылмандардын сөзүн эсине тутуп элге кайрымдуу, боорукер болгондугун элибизде карыялар көп айтышканын укканым бар. Кийин пенсияга чыккан-да саяпкер болуп күлүк таптап чаап жүрдү, аты аламан байгеге кошулган. 1977-жылы Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн XX ат чабышта Тянь-Шань району Он-Арча айылынан, Торайгыр деген күлүктү таптап Кожомжар деген бала чаап экинчи орунду ээлеп аламан байгеге кошулган. Областта да таптаган аттары байгеге ээ болчу эле.

Мен 1946—1948-жылга дейре орок оруп нормамды аткарып, бригададан мактоо алып алдыңкы катардагы колхозчуларга аралаштым. Чарба жетекчилери чогулуштарда айтып, селолук, райондук Советке депутаттын кандидаттыгына көрсөтүштү.

Жаңыдан орокту колума кармаган күн оюмдан кетпейт. Анда өтө кыска, орок менен эгинди тутамдай кармап чалганда эгин менен кошо колумду чалып алдым. Кан токтобой же тануу таппай тутамдаган арпанын маясы кызыл ала болуп, алда Кудай ай деп ыйлап, чарчаганда чийдин башын түйүп жоолугумду калкалап уктап калыпмын. Кырдан райондук

уполномочен Абылаев, комсомол уюмунун секретары экөө көрүшүптүр. Талаа станында «Күжүрмөн баракча», «көрсөтмө доскаларга» күндүк нормаларын аткарбагандарды сүрөтү менен тартып коюшчу экен. Мен аны мурда көрбөгөм. Кечинде барсам боз үйдүн кырчоосунда күжүрмөн баракчага менин сүрөтүмдү тартып, бир куплет ыр жазып коюптур.

Орок ором нормалап,
Ополдомоч келгенде,
Оруп калат жорголоп.
Ополдомоч кеткенде
Чий түбүнө уктап калат корголоп,

— деп окуп аябай ызаланып ыйлап, күжүрмөн баракчаны айрып ыргыттым. Эртеси тыным албай иштеп норманы аткарыптырмын. Бригадир саржан менен ченеп аябай мактап кетти. 1948-жылы мен Он-Арча айылдык Советине депутат болуп шайландым. Андан ошол Он-Арча айылдык советтин төрагасы болуп шайландым. Менин иштөөмө Данияр өзү макулдугун берген. Адамдагы асылдуулук анын ички жан дүйнөсүнүн башкалардан өзгөчө айырмаланып турган артыкчылыгына байланыштуу болсо керек деп ойлойм. Адам өзүнүн байсалдуу басып өткөн өмүр жолун, тунук жана бийик ой-тилегин, пайдалуу убаракерчилик аракетин, ак ниеттүүлүк жана чын ыкластуулук менен башкаларга арнап коюу адамдын асылдыгын айкындап турат дегендей.

Менин өмүрлүк жарым менин кызматкер болушума башкалардай тоскоол кылып: «Аял иштеп кимди жыргатмак эле» деген сөздөн алыс болуп, акылыма акыл кошуп, иштөөмө шарт түздү. Ошол учурда көбүнчө ат менен иштээр элек. Селолук Советке үч колхоз карачу «Эчки-Башы», «Оттук», «Кызыл Жылдыз» деген. Колхоздорго ат менен барчубуз, ал тургай районго заседаниелерге да ат менен барчубуз. Менин атымды токуп, ээрдин кашына камчыны илип, ат байланган мамынын жанына карагайдан араалап коюп, эл көзүнө аттана албай ооп калбай шарт аттанып кет дээр эле. Сен барган чарбанын өндүрүштө иштегендерине жылуу мамиле жаса, чалгы чапса улуусунун колунан чалгыны алып солдун башына чык, кандай курсагыңар ток, көңүлүңөр оорубайбы деп сура, малчыларга барсаң, үйлөрүнө кирип курсагыңар токпу, эмне кемчилигиңер бар деп чыгданын ачып мен эмне ичейин деп койсоң эл

сени өз кызындай көрүп калат. Талаада иштегендерге жөнү жок опузаласаң чарчап турганы кетмен же орогун ыргытып койсо, ал бюронун сөгүшүнөн катуу болот деген акылдарды көп айтаар эле. Эми экөөбүздө тең билим төмөн, турмуш улам алга өзгөрөт. Учурдан туура пайдалан, көз ачып жумганча убакыт өтүп кетет деп калаар эле. Ал эми эл болгон жерде ич тарлык да, көрө албоочулук да болот көрүнбөйбү? Өзүбүздүн эле бирге жүргөн жолдоштор мен СССР Жогорку Советине шайлоолор боюнча Улуттар Советине депутат болуп шайланганымда «Данияр отко минди, Күмүш атка минди» — деген келеке сөздөрдү айткандары да болду. «Аял бактылуу болсо үй-бүлө, коом, өлкө бактылуу болот» — деген акылман сөздү оюна алгандай, Күмүш эл айта берсин, сен учурдан туура пайдалан, турмуш алга баратат. Сен партияга өт, окууга партиялык мектепке барууга аракет кыл,— деп акылын айтып эки жылдык партшколго өткөнүмдө Бишкекке көчүп келип, квартирада жашадык. Окуп жүргөндө төрөлгөн Тимурлан деген баламды тыныгуу болгон сайын саатына карап эмиздирип, көтөрүп кетип жүрдү. Окууну бүтүп кайра айылга барганымда да өкмөт эмне кызмат иште десе тартынбай макулдук бер, эмгегинди эл баалап билет, эл сынчы, ошентип көтөрүлүп кетесиң деп. Районго иштеп барсам кошо көчүп барып ата-энемдей камкор мамиле жасаар эле. Биз эки кыз, эки уулдуу болдук. Экөө кайтыш болду, экөө өз алдынча уул үйлөп, кыз берип небере сүйгөн бай-байбиче болуштү.

Мен кызмат деп күн-түн талаа-түздө эмгектенип жүрүп пенсияга чыгып, бири-бирибизди эне-баладай ээрчишип, эшикүйгө кирип сен кайда, мен кайда деп издешип турган учурда 70 жаш курагында тагдырдын буйругу экен келбес сапарга узады. Адамда сыйлашуу картайган кезде өтө керек окшойт. Өткөн-кеткен күндөрдөгү өкүнүчтөр эске түшүп дагы 90 жаш-ка чыга жашай турса эмне деп өкүнүп эстеп, бейшемби, жумаларда жыт чыгарып куран окугандан башка арга таппайм да.

1982-жылы 21-апрелде бул дүйнө менен кош айтышкан өмүрлүк жарым Борбодой уулу Даныярды жоктоо кошогу.

Чайпалбас көлдөй тереңим,
Чалкайган пейли кененим.

Чамалап айтсам да он жыл,
Бирге жашайм дегемин.

Толкубас көлдөй тереңим,
Тоодой бир пейли кененим.
Толук дагы беш жыл мен,
Бирге жашайм дегемин.

Акылдын кармап туткасын,
Айтчу элең сөздүн нускасын.
Акыл айтып кеңешээр,
Акылга бай устатым.

Туруктуу элең адамдан,
Тубаса артык жаралган.
Шум ажал алды айла жок,
Сый көрөр чакта баладан.

Ээрчишкен эриш-аркагым,
Эңкейсем өйдө тартаарым.
Эшиктен үйгө киргенде,
Элесиң таппай чарчаармын.

Жанаша бирге басаарым,
Жабыксам жарпым жазаарым.
Кадырлуу үйдүн кутманы,
Карааның таппай чарчаармын.

Үйрүнөн кармап күлүктү,
Мингениң кимге окшотом,
Жүрөктө сырым айттырбай
Билгениң кимге окшотом.

Желеден кармап жоргону,
Миңгениң кимге окшотом.

Эркелетип балача
Сүйгөнүң кимге окшотом.

Күлүктү бердиң байлоого,
Күмүштү бердиң кандоого.
Күлүк ат таптап тер салдың,
Гүл жыттанган жайлоодо.

Аргымак бердиң байлоого,
Алтынды бердиң кандоого.
Аргымак таптап тер алдың,
Арча жыттуу жайлоодо.

Желеден кармап минчү элең,
Кара-Кашка бууданды.
Кадырлап, сыйлап турчу элең,
Калың Карбоз тууганды.

Үйрүнөн кармап минчү элең,
Жээрде кашка чалышты.
Келбес сапар кетти деп,
Жергелүү тууган кайышты.

Гүл жибек көйнөк кийгиздиң,
Күлүк ат токуп мингиздиң.
Күмүшүм эстүү аял деп,
Баркымды элге билгиздиң.

Барчадан көйнөк кийгиздиң,
Жорго атты токуп мингиздиң.
Байбичем баркым билет деп,
Мактадың, элге билгиздиң.

Кыялым учат чабыттап,
Кыялкеч кеттиң алыстап.
Кыйла жыл көргөн жыргалым,
Калбайбы болуп табышмак.

Ойлорум учат чабыттап,
Омоктуум кеттиң алыстап.
Болочок көргөн жыргалым,
Болбосо экен табышмак.

Эркелетип турчу элең,
Элиңе жыйын курчу элем.
Кеттиң сен келбес сапарга,
Мен эми кимге ишенем.

Кадырлап сыйлап турчу элең,
Мен бейбак колхозго жыйын курчу элем.
Калдайган үйдүн ээси жок,
Кантем мен кимге ишенем.

Өзүндүн көзүң өткөн соң,
Колхоздо жыйын токтолоор,
Кадырлашым жанда жок,
Караанын мага жоктолоор.

Ээрчишкен бирге түгөйүм,
Элесиң мага жоктолоор.
Эл сыйлап көңүл буруучу,
Эсиңде жыйын токтолоор.

Жайлоодо бирге жүрчү элек,
Жанаша атчан бастырып.
Уул-кыздын багып балдарын,
Бал тилин бирге сүйчү элек.

Сыйлашып өмүр сүрчүбүз,
Сырт салышып томсорбой.
Каткырып ойноп күлчүбүз,
Кайдыгер жанга окшобой.

Өмүрлүк жарды көп ойлоп,
Саргарып өңдөн азаармын.
Самсаалап санаа ээрчитип,
Тартаармын турмуш азабын.

Өзүңдү жоктоп ыйладым,
Өңүттө калган аркардай.
Өзгөгө эмес балама,
Өз оюмду айта албай.

Кең көкүрөк жайык төш,
Кеңешин айтаар асылым.
Кең көкүрөк сөгүлдү,
Кеңешиң жерге төгүлдү.

Ак көкүрөк жайык төш,
Акылдашым асылым.
Ак көкүрөк сөгүлдү,
Акылың жерге төгүлдү.

Жүрөгүм сүйүп тандаган,
Артыкча сыйлап адамдан.
Алдадан ажал келген соң,
Алты мүнөт токтобой,
Аттандың жарык дүйнөдөн

Жергемден сүйүп тандаган,
Жекече көрүп адамдан.
Желкелеп ажал келгенде,
Жети секунд токтобой,
Кеттиң сен жарык дүйнөдөн

Кеттиң сен келбес сапарга,
Келбейсиң кайра катарга.

Сен келбейсиң мен барам,
Жакшы жай камда жатаарга.

Асылым курбум кош эми,
Унутам кантип мен сени.
Кеткени келбес сапарга,
Кетирген турат эл сени.

Урматтуу курбум кош эми,
Унутам кантип мен сени.
Учканы келбес сапарга,
Узаткан турат эл сени.

# ЫРЛАР

Агарып аткан таңга нурун чачкан,
Мээримдүү жылуулукту күндөн алдым.
Жашоого багыт берип көңүлдү ачкан,
Бакытты эмгектенип элден алдым.

*Күмүш*

## КЫЙБАСЫМ

*(Даниярга)*

Кыйбасым адам элең ченебеген,
Чөйрөндө айкөл элең, кенен элең.
Шум ажал арбаганбы кайдасың сен
Көп карап табалбадым теребелден.

Жашоодон үмүт үзгөн демиң угуп,
Коштоштум маңдайыңан сылап туруп.
Кылчайбай кыяматка сапар чектиң
Суналып солк этпестен бутуң сунуп.

Өттү өмүрүн кайра келбейт кылчайып,
Өкүнөрмүн көз жашыма жүз чайып.
Оор жоготуу өмүрлөштөн айрылуу,
Карыган кезде жашым өтүп улгайып.

Күлүк атты жакшы көргөн жан элең,
Күн алыста ат жабуулап тер алган.
Күүгүмдөгү дабышынды тыңшайм жок,
Тер чыкканча Боз Бешикти ойлонгон.

Күн, ай узап мезгил жылга айланды,
Медер тутуп мен отурам балдарды.
Өлгөн адам кайра келбейт турбайбы,
Өлүм арты өкүндүрөт муң-кайгы.

Жайлоодо Солтон-Сарыда,
Терс аккан суунун шарында.
Күлүк ат минип жабуулап,
Жүрчү эмес белең жанымда.

Жашыл шибер ар түркүн гүл буралып,
Жарашыктуу жайлоо көркүн чыгарып.
Кыйбасым шандуу жүрчү элең,
Сен кубансаң, мен да кошо кубанып.

## ТАГДЫР

(Поэма)

Атам — Суран, апам — Бурулкан,
Жашында баш кошуп, турмуш курушкан.
Алла-Таала мандайына жазбай бала,
Башка чукак, тайкы болгон куюшкан.

Күндөр айга айланып, жылдар келип,
Бөксө толбой, ортодо бирөө кемип.
Тентек ооз тек турбады сөз тарады,
Согончогу канабас, туубас делип.

Тагдырдын жазмышына айла барбы,
Телмирип тентек санаа ойдо калды.
Эр туяксыз болбойт деген элде сөз бар,
Балалуу бол, аял ал деп айта салды.

«Нелер келип, нелер кетпейт алтын башка,
Баш кошконбуз экөөбүз он үч жашта.
Сыйлайлычы бирибизди бирибиз,
Кайда качып кутулабыз тагдыр жазса.

Айткан сөзгө кулак төшө, көңүлдү бур,
Эриш-аркак бирге өмүр сүрөлү.
Алла жазса арга барбы чыдайлы,
Жок жеринен боло бербей күнөөлүү.

Жардын сөзү көтөрмөлөп көңүлдү,
Эреркеди көздөн жашы төгүлдү.
Таарынууга тагдырына жок да арга,
Чыдайт адам айласыздан жокко, барга.

Ар бир адам үмүт менен жашайт тура,
Алла-таала аябастыр жардамын.
Ички убайын бөксөрттү улутуна,
Тагдыр буюрса көрөбүз деп калганын.

Үмүт үзбөй жашайлычы жакшылыктан,
Үзүрлүү ойлорумду тыңшап уксаң.

Жараткан жаш тилесе берер деген,
Ата-эне айткан сөзүн тындап уккам.

Чыдоо керек тагдырга моюн сунуп,
Тобокелге бел байлайлы бирге туруп.
Жаш өйдөлөп барган сайын негедир,
Ой-санаа ээрчийт тура думуктуруп.

Айла таппай акылдан кээде адашып,
Жазыгы жок бири-бирин аяшып.
Бала бакыт башына куш кондурган,
Баш кемчили тозок тура тондурган.

Баласыз өткөн өмүр өкүнүчтүү,
Өрттөдү куу баш деген сөздүн күчү.
Жалгызга бала кубат, бала демөөр,
Аял ал, балалуу бол, агар-көгөр.

Айткан сөзүң жүрөгүмдү оорутту,
Өзгөртө албайм өзүм сүйгөн конушту.
Бара көрөм мандайыма жазганды,
Ала албаймын сенден бөлөк колукту.

Кудай бала бербесе, курдаш берер баласын,
Багып алып эне болуп каласың.
Бала тапкандыкы эмес, баккандыкы,
Уялашың бир баласын кантип сенден аясын.

Макул дечи, бир пикирге келели,
Тамашалап көндүрөйүн жеңени.
Аман-эсен эки колун боорго алса,
Багып алуу колубуздан келеби.

Аттанайын жеңеден кабар алайын,
Учурашып жеңенин байкап маанайын.
Сыр жашырбай ортого ачык салайын,
Терип-тепчип сурап билип ал-жайын...

Деп Суран, аттанып ойго батты,
Санаа күлүк түркүн ойго чөмүлүп.

Тагдырыбыз неге тайкы болду деп,
Карегинен жаш токтобойт төгүлүп.

Жакын калды барчу айылдын арасы,
Түрмөктөлөт түркүн ойдун санаасы.
Багып алам баланды бер деш кыйын,
Аянычтуу ичтен чыккан баласы.

Аттан түшүп үйгө кирсе жай сурап,
Бала эмизип, жеңе жалгыз отурат.
Кыздуу болдуң сүйүнчүңдү алып кел деп,
Күлүп жеңе сүйүнчүгө кол сунат.

Бешик боонуз бек болсун Жеңекебай,
Аман-эсен көз жарыпсыз Кудайым ай!
Таман акы, мандай терден тапканым,
Алып койчу күйөө шагын сындырбай.

Айтаар сөздү алдын ала түшүнгөн,
Баа беремин, жакшы көрөм ичимден.
Ыйманыңа кул болоюн жеңеке,
Уктасам да кетпедиңиз түшүмдөн.

Ат тезегин кургатпай келип жүрөм,
Терең ойго термелип чыгам үйдөн.
Кандай адам бактылуу бала сүйгөн,
Деген санаа кетпеди жүрөгүмдөн.

Сөз табалбай сүрдөп турам тимеле,
Деги кыйын бала берүү бирөөгө.
Карындашын уялашы кыйбастыр,
Берели деп кеңешейин күйөөмө.

Деп сүйлөшүп жаткан кезде, эшиктен
Бешик бооңор бек болсун деп бакылдап.
Таятасы кирди үйгө сүйүнө,
Күйөө бала саламдашты жүгүнө.

Атакебай мал-жаныңыз аманбы?
Кыз-күйөөбүз багабыз дейт баланы.

Үйдүн ээси бала атасы не дейт деп,
Жооп издеп таппай турам аргамды.

Эраалыңыз сизди сыйлайт билемин,
Оорутпасын кыз-күйөөмүн жүрөгүн.
Бала сүйүп магдырасын жытына,
Ачык айтып орундатчы тилегин.

Үйдүн ээсин чакырды ата жанына,
«Сөзүмдү угуп сыйларың чын дайыма.
Уялашың убай тартып турганда,
Сен карашпай ким карашат алына.

Бир тууганың кымбат сага табылбайт,
Кыз ыйлаткан төркүн акыр жарыбайт.
Көзү өткөн балдарындын биридир,
Берер болсоң күнкүлдөбөй ачык айт».

Сөзүңүздү эки дебей сыйлаймын,
Уялашты урматтаймын кыйбаймын.
Алсын, алсын, меники эмес аныкы,
Алабыз деп айткан сөзү аныкпы.

Сүйүнгөндөн мандай терин шыпырып,
Ырахмат деп Суран ыйлап жиберет.
Тайатага айта албай арманын,
Бала сүйүп кубанганын билдирет.

Оомийин деп, ак батамды берейин,
Кызыңарга узун өмүр тилейли.
Сүйүнчүлөп айлыңарга баргыла,
Улуулардын ак батасын алгыла.

Алакан жайып, ак батасын берди ата,
Көңүлүнө түнөбөсүн эч капа.
Кызың болсун, узун өмүр бактылуу,
Кудай сүйүп, өзү берет бактыны.

Балаңарга жакшы ат коюп берели,
Узак жашап элге тийсин кереги.

Күмүш болсун аты күндөй жаркырап,
Ардактасын ата менен энени.

Аткарылсын каалаган максат оюңар,
Аттангыла шыдыр болсун жолуңар.
Айлыңарда ага-тууган эл келет,
Түлөө өткөрүп тойго улансын тоюңар.

Кубанышып Бакытай ата сөзүнө,
Эки курбу жаш алышты көзүнө.
Сакалындан айланайын тайата,
Бала бердиң баш кошулду өзүмө.

Тердеп-кургап терисине батпады,
Эске түшүп текеберлүү жаш чагы.
Эки түгөй наристесин өңөрүп,
Үйдү көздөй жолго чыга аттанды.

Жакшы санаа жарым ырыс дегендей,
Айылдаштар сүйүнүшүп ченебей.
Наристенин астын тосо чыгышып,
Кыз-эркегин билди сурап угушуп.

Орундалды ой-тилегиң кулунум,
Айкөл болуп бакыт берсин Кудайым.
Оюңарга кайгы-капа түнөбөй,
Кырсыктардан алыс болсун ылайым.

Бешик боонор бекем болсун чечилбей,
Балбан болсун Бакытайдын өзүндөй.
Өссө болду өзүңөргө кайрымдуу,
Ойго сактап атыңарды өчүрбөй.

Түлөө өткөрүп айыл элин чогултуп,
Коюн союп, казан толо эт салыптыр.
Дасмал толо курут, майын жайнатып,
Улуулардын ак батасын алыптыр.

Ата-баба жөрөлгөсү ушу деп,
Олпок төшөп, бешигине бөлөптүр.

Чүкө калчап байбичелер ырымдап,
Бата берип, узун өмүр тилептир.

Тежемел баккан наристе,
Дени таза болсо экен.
Ит каппай колун эненин,
Кудайым аман койсо экен.

Жама жаалап айыл эли тилептир,
Уктабай таңды атырып.
От жагып сүтүн жылытып,
Бурулкан эне жүдөптүр.

Энеңден да атаңдын,
Көп дешет сенде эмгеги.
Түнүндө үч маал ойгонуп,
Майдалап арча отунду,
Сүт жылытып бергени.

Көмүркөй менен тулупта,
Кант, нават турчу өксүбөй.
Атаңдын асыл эмгегин,
Эскерип жүргүн унутпай.

Деп айткан апам Асылкан,
Сөздөрүн эстейм дайыма.
Бапестеп баккан Бурулкан,
Этегим эки болбостур,
Эстебей такыр унутсам.

Тай, торпок минип жарышып,
Чүкө ойноп, чикит чабышып.
Кыруулап кырдан кыйкырып,
Жылкысын айдайм табышып.

Кочкор минип, кирген суудан кечем деп,
Далбалактап далай жерге агыпмын.
Аттуу-жөөлүү баары кууп жете албай,
Атам кармап, араң аман калыпмын.

Эркелеп ата-энеге,
Бээ айдап келип желеге.
Көнөккө сааган сүтүнүн,
Көбүгүн ичкем күндө эле.

Көрөр күн, ичээр суубуз деп,
Чыгарбай баккан жанынан.
Мугалим келсе окут деп,
Кой-козу берип жалынган.

Жанынан карыш жылдырбай,
Жалынып баккан ата-энем.
Он бир жашка чыкканда,
Окудум барып мектептен.

Ойлонуп ошол күндөрдү,
Кызарып жүзүм уялгам.
Тургузуп алып мугалим,
Жашынды айт деп сураган.

Өзүмдөн жашы көп кичүү,
Балдар менен окудум.
Өздөштүрбөй сабакты,
Каламбы деп чочудум.

Алдым колго мектептен,
«Алиппе» деген китепти.
Катардан калбай көп окуп,
Чыгарып калдым эсепти.

Эжелебей шар оку деп,
Эжекебиз тыпылдайт.
Шар окуй албай буйдалып,
Чекеден терим чыпылдайт.

Мугалим сабак сураса,
Айта албай жообун уялам.

Мен билген суроо келгенде,
Шакылдап сүйлөп кубанам.

Көңүл бөлүп, көп окуп,
Өздөштүрдүм сабакты.
Чүкө ойноп, чикит чабышкан,
Таштадым ойноок адатты.

Катардан калбай бир басып,
Мектепте жүрөм кечке эле.
Кеч болсо да окуткан,
Ыраазымын ата-энеме.

Жалгыз деп жандан чыгарбай,
Мектепке баргам кечигип.
Жашы улук деп уялбай,
Күбөлүк алдым жетилип.

Өмүрдүн айтсам тарыхын,
Баяндап берсем аныгын.
Атакем менен энемдин,
Тутанткан окшойм жарыгын.

Жай мезгили каникулга тараарда,
Бүткөн балдар күбөлүгүн алаарда.
Ата-эне, окуучулар чогулуп,
Түркүн оюн башталчу эле талаада.

Ак-Мойнокто, көпүрөнүн астында,
Дасмал толо түркүн даамдар коюлган.
Белгилүү Чатырташ, Чоң-Сазында,
Кумарланып кол бошобой оюндан.

Тыйын эңмей, аркан тартмай, көз таңмай,
Дагы-дагы түрлөрү көп ар кандай.
Жорго минип жерден тыйын эңгенмин,
Азыр да эсте Дөөт аке сыйлык берген күн.

Эчки-Башы мени өстүргөн турагым,
Он жетиге жаңы келген курагым.

Өздүк-көркөм ийримине мен дагы,
Катышууга болобу деп сурадым.

Ким активдүү катышса ал барат,
Комузчулар ансамблин түзөбүз.
Таланттуулар арасынан тандалат,
Он беш күндүк мөөнөт калды күтөбүз.

Өздүк-көркөм чыгармачыл тобунда,
Арасында комузчу, ырчы, бийчи бар.
Көңүл бөлгөн көркөм өнөр жагына,
Көп турбайбы ушул биздин айылда.

Он алытыбыз ырдап, бийлеп баргансыз,
Областтын борбор шаары Нарынга.
Биринчилик орунду биз алганбыз,
Борборубуз Фрунзеге барганга.

Кыял эргип, алып учту алда кайда,
Чын эле барабызбы борбор шаарга.
Кокус кырсык жол тоспосо экен деп,
Дегдейт жүрөк Фрунзеге барууга.

Батышта кан төгүлчү согуш чыкты
Деген кабар желдей тарап заматта.
Көңүл чөгүп, күлкү алмашты кайгыга,
Капыс чыккан согуш болуп каргаша.

Тынчтык бузуп, канкор Гитлер бүлүк салды,
22-июнь, кырк биринчи жылында.
Демибиз сууп борбор шаарга барбай калдык,
Элибизге кайгы болду чынында.

Эр бүлөөлөр жалпы жоого аттанып,
Эл ичинде эңкейген кары-жаш калып,
Кан күйгөн капсаландуу согуш жылында,
Элибиздин жашоосу турду кыйынга.

Он жетимде эмгекке кадам таштадым,
Эмгек жолум окуу үйүнөн баштадым.

Уйку качып, эрте турам таңында,
Малды-жанды багууга көрүп камылга.

Күндөп-түндөп, тынбай иштеп чапкылап,
Өндүрүштө сугатчы, дыйкан жанында.
Душмандарды ызасынан эл каргайт,
Көз жүгүртүп кошо жүрөм агымга.

Айыл кеңеш төрагасы Жамаке,
Башкармабыз Шапдасын байке,
Кызыл үйдө табельщикти аткардым,
Баары кетти армияга. Билбейм кимдер калганын.

Чындыгында байкап көрсөм авалды,
Айылыбызда калем кармап, чот каккан,
Арабызда жок экенин байкадым,
Макул болдум жок дебедим, аткардым.

Аракет кылып көрөйүн,
Абайлап көңүл бөлөйүн.
Не келбейт адам колунан,
Деген ой кетпейт оюмдан.

Эрте-кеч сурап үйрөнөм,
Эсептеп чот какканды.
Тигилип ага күдөрүм,
Үйрөндүм эмгек жазганды.

Ат, өгүз минип жер айдап,
Ачкадан көздөр карайлап.
Кол менен сээп үрөндү,
Чырганак менен майдалап.

Кары-жаш тилек тилешет,
Жакасын кармап Кудайлап.
Орогун оруп, чалгы чаап,
Эгинди боолап беришет.

Кырманга жыйнап кызылды,
Молоташ менен бастырат.

Жороптоп алып саманын,
Шамалга салып сапырат.

Кырман толгон эгинди,
Үрөнгө деп бөлүшөт.
Кап, аркан жыйып айылдан,
Кампага дароо төгүшөт.

Эл көңүлүн жубатып,
Газет, кат окуп беремин.
Аз калды душман жеңилет,
Жоокерлер келет дегемин.

Кандуу согуш басылса,
Калкымдын жарпы жазылса.
Бүлүнгөнүн жаңыртып,
Эл толкуп, көңүл ачылса.

Ичишип кара жарманы,
Магдырап жатып калышат.
Канкор фашист оңбо деп,
Согушка наалат айтышат.

Кайгылуу шорлуу күндөрдө,
Почточу келет үйлөргө.
«Кара кагаз» кат алып,
Алы келбейт ачык сүйлөөргө.

Айылдын эли чогулуп,
Өлгөнгө аза күтүүдө.
Алыстан келген куда-сөөк,
Өкүрүп аттан түшүүдө.

Биринин өлсө баласы,
Биринин өлгөн агасы.
Азапты дагы көтөрөт,
Айыпсыз адам баласы.

Үмүттүн отун өчүрбөй,
Тутантайын кайрадан.

Үйгө кирип келчүдөй,
Турат чыкпай санаадан.

Өзүңдү эстеп күндө мен,
Мөндүрдөй жашым төгөмүн.
Балдардан топо буюруп,
Ажалым жетсе өлөөрмүн.

Калкым бар кайрат кылайын,
Кайгы-муңга чыдайын.
Бир шоорот болоор бекен деп,
Үмүтүм үзбөй турайын.

Өзүнө өзү дем берип,
Ал-күчтөн тайып сенделип.
Үмүтүн демдеп кайратка,
Артын ойлойт болочок.

Эл ичин жүрөм аралап,
Ата-энем болсо мал багат.
Кыйналдың го кызым деп,
Алмак-салмак жалынат.

Башкарма мени чакырып,
Жылкы ферма бол деди.
Сүлдөрүн көрүп атамдын,
Жок дээрге алым келбеди.

Кеңешейин деп келдим өзүңөргө,
Атайы топ түзүштү өткөргөнгө.
Суран аке жылкы сырын жат билет,
Көп жыл иштеп, өз ишинде так жүрөт.

«Үй-бүлөңө барып кызым кеңешкин,
Эрте келип, айтып жообун бересиң.
Ата-энеңе бизден салам айта бар,
Бузуп-жарып, иштебегин дебесин».

Деп айтты, башкарма сизге саламды,
Иштебейм деп каарына каламынбы.

Атакебай, акылың айт, не дейсин,
Башкармага барып жообун берейин.

Бардык ишке согуш болду кедерги,
Өзүм дагы билбей турам не дээрди.
Калган ишти кайраттуу катын бүткөрөт,
Макулмун деп иштей бергин сен эми.

Абайла кызым, алдатпастан так сана,
Акыл айтып, жол көрсөтөөр башкарма.
Анда-мында деген сөзгө ишенбе,
Үйрөнбөгүн жокту бар деп жазганга.

Мамбеткул, Мааткан үчөөбүз бирге,
Аттанып үйдөн жөнөдүк «Көк-Дөбөгө».
Дүйшөкөдөн «Куу-Кашаага» биз жеттик,
Күүгүм талаш көз байланган кезеңде.

Бороон катуу кар учуруп борошолоп,
Жол карааны көрүнбөй обочолоп.
Аттар артка жулкунуп кишенешет,
Калың карга бастыра албай чумкудук.

Үнүм чыкпай каргылданам тумчугуп,
Кайдасыңар аталар деп кыйкырып.
Аста балам, эч туйбасын карышкыр,
Кар астына кирип жат дейт ынтыгып.

Аттарыбыз кайда кетти билбедим,
Коркконумдан туйлап турат жүрөгүм.
Итке, кушка жем болорум ушулбу,
Таң сүрсө экен батыраак деп тиледим.

Көз илинип кетиптирмин үргүлөп,
Күмүш балам аман-эсен барсыңбы?
Мааткан атаң түтөктү абал жаман дейт,
Аттарыбыз кайда кетти ким билет.

Абал жаман түндө катуу кыйналды,
Аман-эсен жеткирели үйүнө.

Сен жеңилсиң, жүгүрө кой кулунум,
Мен жанында аны карап турайын.

Деген сөзү дем бергендей байкемин,
«Бел-Булактан» жылгаяк тээп жөнөдүм.
Шамыйрандын атын айтып чакырып,
Үнүм чыкпай мен ыйладым кардыгып.

Иттер үрөт арсылдап дабыш салып,
Бери бас сен кимсиң дейт ачып эшик.
Мен Күмүш, иттеринди байла дедим,
Угулду окшойт аларга айткан кебим.

Элесин көрүп атанын,
Утурлай аны басамын.
Түн катып не жүрөсүң эл аманбы?
Элеңдейт ал желбегей жаап чапанын.

Ал ойготту аялы Балапанды,
От жагууга ширеңке табылбады.
Мамбеткул, Мааткан белде калды,
Ат токуп жибериңиз Шамыйранды.

Оттук таш чагып, ары-бери отун жагып,
Шашыла казан асып, этин салып.
Эл аман, журт эсенби, айтчы деги,
Аяп кетем жалгыз деп балам сени.

Түшүнүп оор абалды билип туруп,
Жок деп жооп айта албай макул таптым.
Эр бүлө жоого аттанып кетсе баары,
Эмгектенбей кантип карап туралмакмын.

Чай ичип суроосуна жооп бергенче,
Жылкы баккан Молдосаалы атаны.
Чогултуңуз жылкыңызды келишкенче,
Эсептешип санап акты жазалы.

Дегенимче алар келип калышты,
Оозу-мурду көгөрүп, сүйлөй албай,

Убакыт тар кетели деп шашылдык,
Оору адамдын абалына карабай.

Чыдай албай чабалактайт Мааткан,
Ичиңиз деп чайын сунат Балапан.
Тынымы жок күрсө-күрсө жөтөлүп,
Рахмат деп башын өйдө көтөрүп.

Тамак ичип биз аттанып кетелик,
Калган ишти кеңсеге барып чечелик.
«Эсенгул» ,«Сары-Булактагы» малды,
Жетип санап чогуу эсептешелик.

Жыйынтык чыгарылды акт жазып,
Узады жылкы ферма кош айтышып.
Жеңил барып, оор кел жеңиш менен,
Дедик да кала бердик кол алышып.

Жыйылып ойго талабым,
Жылкы айдап жылдыз санадым.
Ойлоном кармап ат жалын,
Кыйналасың балам деп,
Атанын эстейм айтканын.

Тобокелге белди байладым,
Адырдан бээни айдадым.
Тубар бээ багат атакем,
Көзөмөлгө алып тууганын,
Башына баштан төл алдым.

Калкына кызмат иштеген,
Кадырлуу элдик кыз деген.
Жеңиш күн келип жаркырап,
Эскерип элим эмгекти,
Окулсам ардак тизмеден.

Караан болдум жылкылардын четинде,
Каарлуу согуш жүрүп жаткан мезгилде.
Согуш-согуш таштай тийип кулакка,
Унутулбай турат бүгүн эсимде.

Сен жеңилсиң, жүгүрө кой кулунум,
Мен жанында аны карап турайын.

Деген сөзү дем бергендей байкемин,
«Бел-Булактан» жылгаяк тээп жөнөдүм.
Шамыйрандын атын айтып чакырып,
Үнүм чыкпай мен ыйладым кардыгып.

Иттер үрөт арсылдап дабыш салып,
Бери бас сен кимсиң дейт ачып эшик.
Мен Күмүш, иттеринди байла дедим,
Угулду окшойт аларга айткан кебим.

Элесин көрүп атанын,
Утурлай аны басамын.
Түн катып не жүрөсүң эл аманбы?
Элеңдейт ал желбегей жаап чапанын.

Ал ойготту аялы Балапанды,
От жагууга ширеңке табылбады.
Мамбеткул, Мааткан белде калды,
Ат токуп жибериңиз Шамыйранды.

Оттук таш чагып, ары-бери отун жагып,
Шашыла казан асып, этин салып.
Эл аман, журт эсенби, айтчы деги,
Аяп кетем жалгыз деп балам сени.

Түшүнүп оор абалды билип туруп,
Жок деп жооп айта албай макул таптым.
Эр бүлө жоого аттанып кетсе баары,
Эмгектенбей кантип карап туралмакмын.

Чай ичип суроосуна жооп бергенче,
Жылкы баккан Молдосаалы атаны.
Чогултуңуз жылкыңызды келишкенче,
Эсептешип санап акты жазалы.

Дегенимче алар келип калышты,
Оозу-мурду көгөрүп, сүйлөй албай,

Убакыт тар кетели деп шашылдык,
Оору адамдын абалына карабай.

Чыдай албай чабалактайт Мааткан,
Ичиңиз деп чайын сунат Балапан.
Тынымы жок күрсө-күрсө жөтөлүп,
Рахмат деп башын өйдө көтөрүп.

Тамак ичип биз аттанып кетелик,
Калган ишти кеңсеге барып чечелик.
«Эсенгул» ,«Сары-Булактагы» малды,
Жетип санап чогуу эсептешелик.

Жыйынтык чыгарылды акт жазып,
Узады жылкы ферма кош айтышып.
Жеңил барып, оор кел жеңиш менен,
Дедик да кала бердик кол алышып.

Жыйылып ойго талабым,
Жылкы айдап жылдыз санадым.
Ойлоном кармап ат жалын,
Кыйналасың балам деп,
Атанын эстейм айтканын.

Тобокелге белди байладым,
Адырдан бээни айдадым.
Тубар бээ багат атакем,
Көзөмөлгө алып тууганын,
Башына баштан төл алдым.

Калкына кызмат иштеген,
Кадырлуу элдик кыз деген.
Жеңиш күн келип жаркырап,
Эскерип элим эмгекти,
Окулсам ардак тизмеден.

Караан болдум жылкылардын четинде,
Каарлуу согуш жүрүп жаткан мезгилде.
Согуш-согуш таштай тийип кулакка,
Унутулбай турат бүгүн эсимде.

Энекелер, жарсыз калган келиндер,
Тылды чындап кайрат кылган кезимде.
Күндөп-түндөп жеңиш үчүн тынбастан,
Эмгек сүйгөн элим сенсиң эсимде.

Каармандардын деми менен чыңалып,
Күч майданда эрдик менен сыналып.
Жеңип чыкты жек көрүндү душманды,
Бирдик менен элим Кызыл Туу алып.

Келечектин мына төрү көрүндү,
Каалабайт эл кандуу согуш өлүмдү.
Элге тынчтык жана эрк керек,
Кыйраганды Мекен үчүн курушка.

## АТА СӨЗҮН ЭСКЕРЕМ

Кырдач мурун кызыл жүз,
Атакем сулуу болуучу.
«Айлансын атаң сенден» деп,
Жылмайып күлүп коюучу.

Анда мен жаш кыз секелек,
Жетиге жашым жете элек.
Айырмач токуп тай мингизип,
Атакем жүрчү жетелеп.

Эркеси элем атанын,
Эскерип айтып жатамын.
Эрке өстүргөн кызындан,
Сый көрбөй кеттиң, капамын.

Эркелетип чоңойткон,
Кант, набат берип сооркон.
Ардагым атам үйдө жок,
Түш көрүп чочуп ойгонсом.

Көмүркөй менен тулупка,
Кант, набат катып бергениң.

Эскербей кызы унутса,
Арбагы урат дегемин.

Эркек болуп калбадым,
Эстелик тургуза албадым.
Эскерип көрүп жүрүүгө,
Сүрөткө түшүрө албадым.

Аткара албай калдым мен,
Атама берген антымды.
Айта келсем себебин,
Соолгон согуш саат кылды.

«Уулум да, муунум да сен» деген,
Сөз маанисин эскерсем.
Өзөктөн чыккан өрт тура,
«Өзүмдөн бала жок» деген.

## АТА ЭМГЕГИН ЭСКЕРҮҮ

Жай-кышы дебей атакем,
Мал четинде жүрчү эле.
Жел желпип жээрде сакалын,
Жакшы аттардан минчү эле.
Жылкысын жайып төрлөргө,
Жайыттын жайын билчү эле.

Келээрде үйгө түш ченде,
Утурлап астын тосчумун.
Карааным көрүп жалынып,
Айттырбай оюм билчү эле.
Түшүп атын мингизип,
Жөө басып үйгө кирчү эле.

Адал иштеп, ак жүргөн,
Ак ниет адам атакем.
Уулум да сен, муунум да сен,
Деп жалынып калчу эле.
Ошондо айткан сөздөрүн,
Ойлонуп азыр эскерем.

Балалык баёо мезгилим,
Сөз маанисин билбеген.
Айланайын атамдын,
Мээримин сыйлап эскерем.
Чоңойсо башка бирөөнүн,
Бүлөсү тура кыз деген.

Жайытка кайра барарда,
Кошулуп мен да барам деп.
Көжөрүп аттан түшпөгөм,
Астына мени өңөрүп,
Аралап арча, кайыңды,
Атакем малын издеген.

Чогултуп малын түгөлдөп,
Аттан түшүп түз жерге.
Чапанын жая салынып,
Эс алып бир аз жатчу эле.
Абайла, аста бастыр деп,
Жай гана айтып калчу эле.

Кырларга чыгып кыйкырып,
Кайра атама келчү элем.
Атынды алчы ата деп,
Чылбырын колго берчү элем.
Чарчадың түшүп эс ал деп,
Чепкенин чечип төшөгөн.

Обдулуп туруп ордунан,
Чылбырды алып колуман.
Көлөкө жерге алпарып,
Тизгинин ээрге каңтарып,
Чыгарбай мени оюнан,
Уктап ал дечү жалбарып.

Карааныма пааналап,
Карагай черди аралап.
Кемселин чечип жеңин бууп,
Терүүчү эле карагат.

Кангандыр балам уйкуң деп,
Карагат же деп жалынат.

Көтөрүп башым мен туруп,
Ушалап көзүм ачамын.
Карагаттан сугунуп,
Жуталбай көпкө чачадым.
Майга-сүткө балам деп,
Сылачу эле чачтарым.

Атанын асыл мээримин,
Унутпай ойго сактадым.
Ачылып бактым жетилсе,
Ардактап сыйлап жүрөмүн.
Жараткан берсе тилегим,
Эмгегин эстеп жүрөрмүн.

Аралап малын түгөлдөп,
Кетели үйгө жүр дечү.
Эңкейип эңип колумдан,
Алдына мени өңөрчү.
Эркелээр ыкты таап алгам,
Бала кез кандай төлгөчү.

Талаадан үйгө келгенде,
Энекем шаша чай коюп.
Шашылчу тамак бергенге,
Эс тартып бойго жетсем да,
Бөпөлөйт экөө тең эле,
Жакшы көрөт эмнеге.

Дээр элем кээде ойлонуп,
Эмнеси деп ой жоруп.
Чакырса айыл конокко,
Ээрчип калбайм артынан.
Калтырбай мени ээрчитип,
Кармап алат колуман.

Төрдө отурган карылар,
Атамдан жашы улуулар.
Эс тартып кызың чоңоюп,

Кол-арана жарап калыптыр.
Кайрымдуу болсо өзүнө,
Каяша бербей сөзүнө.

Деген сөз болуп табышмак,
Атамдын чыгып жанынан,
Кетким келет алыстап.
Башкаларды неге айтпайт,
Баары эле мага көз салат.
Деп ойлойм көздөн жаш кулап.

Жакшы өссө кызыңыз,
Түгөйүн таап тынч жашайт.
Тууганды бойго имерип,
Улуусун сыйлап ийменип.
Эскерип ата-энени,
Эмгегин эстеп унутпайт.

Жаман болсо кызыңыз,
Кетээр үйдө тынчыңыз.
Куда-сөөк менен сыйлашпай,
Бузулат анда ыркыңыз.
Биздей улуу карылар,
Айтып коёр сырыбыз.

Улуулардан нуска сөз,
Уккула тыңшап баарыңар.
Туура айткан акыл, кеңешти,
Акылга сыйдыр кабыл ал.
Айланайын Күмүш кыз,
Адам бол элге таанымал.

Деп бата берди улуулар,
Аксакал атам курдуулар.
Азыр да турат жадымда,
Кошулуп тарап каныма,
Улуулар айткан нуска сөз,
Унутпайм бүгүн оюмда.

Багып алган баланын,
Башкага ою бурулар.

Атамдын башка чукагын,
Байкачу тура улуулар.
Жанытып айтып сөз жөнүн,
Өзүнө тең курбулар.

Түшүнбөй кээде сөз жөнүн,
Эркелеп жалгыз өскөмүн.
Атадан калган туяк жок,
Азыр да эстеп кетемин.
Өчүрбөй атын жүрсөм деп,
Парс экенин сеземин.

Ат тандап минип жайлоодо,
Жылкы багып жүрчү эле.
Кымызын жыйып сабага,
Келсин деп мени күтчү эле.
Бээлерин байлап желеге,
Саадырчу аны энеме.

Атакем асыл ардагым,
Согуштун каарлуу күнүндө,
Эстелик сала албадым,
Эскерип окуйм куранды,
Бейшемби, жума күндөрдө,
Ыраазы болсун арбагың.

## АТА КЕРЭЭЗИ

Бүттү согуш, кырк бешинчи жылында,
Жеңиш келди тогузунчу май айында.
Кайгы-мундар күлкү менен алмашып,
Эл көңүлү шаттыкка толду кайра.

Согуштан аман калган жоокерлери,
Кубанышып, мекенине кайта келди.
Уулуң келди, жарың келди сүйүнчү деп,
Жар салып кубандырды энелерди.

Эл көңүлү тынчыды күлүп-жайнап,
Малын багып, талаага эгин айдап.

Бүлүнгөнүн бүтүрүп кайра курап,
Улуу тоодон улары шаңшып сайрап.

Ошол кезде жыйырма беште курагым,
Сельсоветке төрага болгон убагым.
Атка минип аралап ой-талаасын,
Билбегеним билдим элден сурадым.

Тагдырыма мен ыраазы таазим этем,
Согуш жылы күн-түн талбай иштегем.
Эмгегимди өкмөт баалап, калк баалап,
Көрсөтүшкөн депутатка эл каалап.

Атам ооруп, ошол кезде төшөктө,
Эмне кылам, кандай арга табам деп.
Сарсанаага батып турган учурум,
Жалгыз өзүм, жүрөгүм элеп-желеп.

Атам башын көтөрүп мени карап,
Обдулуп... Кайра өйдө тура албады.
«Бир азга жашасам ээ» деди дагы,
Демигип сөз табалбай каргылданды.

Айланайын каралдым, таалайыма жаралдың,
Жаш тилеги орундап келет дечи.
Сени баккан мен бактылуу атамын,
Жаман болбос ишиндин келечеги.

Караанындан кагылайын кызым сенин,
Көрсөм деп көксөп жүрүп көрдүм эле.
Мен ыраазы, эл ыраазы бактыңа,
Атым калды эл оозуна айтыла.

Ыраазымын балам сага, элиме,
Баш көтөрөм дем кошулду демиме.
Радио тынбай Суранова деп турса,
Береги бакыт эмей, мага эмне!

Эчендер келет, кетет бир мен эмес,
Акылым ук, энекеңе бер кеңеш.

Ичээрди ичип, мына жашка тойдум,
Элимен топо буюрса жаман эмес.

Балам сен, байкап жүрчү эки жакты,
Иштеген кызматында ишиң такпы.
Байкасам неге бүркөө кабагын,
Көп ойлонуп жер карабай көтөр башты.

Эсен болсо көрөрсүң асыл жанын,
Эсиңе ала жүргүн ата камын.
Тоскоолдук болбой койбойт турмушунда,
Колундан келбес ишке тырмышпагын.

Көңүлүн оорутпай энекендин,
Көзү өткөнчө дайым сыйлай жүргүн.
Кор кармабай колдо болгон берекенди,
Ак дасмалга даамынды чача билгин.

Жонуң жука жокту издеп кор болбо,
Жек көрүнүп калбагыныҥ чондорго.
Айланайын, артта калар туягым,
Сырынды айтпа энекенден бөлөккө.

Атакебай бул эмине дегенин,
Сүрөтчүнү үйгө ээрчите келгемин.
Өйдө кара, башың көтөр, жылмайып,
Сүрөтүндү төргө ардактап илейин.

Кой балам сүрөтүңө түшпөйм деди,
Жаныма жакын отур келчи бери.
Жаназа түшпөйт деген Көлбөй молдо,
Атаң азыр араң жатат орто жолдо.

Деди дагы ата көзү жумулду,
Боздоп ыйлап чыгардым ичте бугумду.
Эстен танып энекемдин бошоп мууну,
Өз денинен калбады деп жалгыз уулу.

Өлүм арты өкүндүрөт муң-кайгы,
Эне өткөргөн өз башынан далайды.

Аркасында атын атаар бала жок,
Зарын айтып өксөп ыйлап турбайбы.

Бала тапканга эмес, бакканга деп,
Эл айткан сөз жалган эле турбайбы.
Мен атамды өз атам эле деп жүрсөм,
Энем неге баласыз деп ыйлады.

Ата сөзүн эки дебей уккамын,
Эркелегем моюнундан жыттадым.
Арбагындан айланайын атаке,
Мээримиңе мен жөлөндүм ыктадым.

Кош атаке кошулбайсың катарга,
Элиң сени кошту келбес сапарга.
Эркелеткен мээриминден эрте-кеч,
Эстеп дайым мен жүрөрмүн айтканга.

Тагдырга таарыныч жок баш иемин,
Тизе бүгүп таазим этем дайыма.
Барга көппөй, жокко чөкпөй турмушта,
Үмүтүм менен өтө берем жайыла.

## КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Ала-Тоом айланайын келет дегим,
Ажайып берекелүү менин жерим.
Бейтааныш болсо дагы келе кой деп,
Кымызын эки колдоп сунган элим.

Атындан айланайын кыргыз элим,
Түгөнгүс алтынга бай сенин жериң.
Меймандос кичи пейил сылык мүнөз,
Мээримдүү тамашакөй келиндериң.

Кубултуп зор турмуштун күүсүн черткен,
Күн санап албан-албан эмгек эткен.
Өркүндөп өсө берчи кагылайын,
Күрдөөлдүү менин элим — алтын Мекен.

## КАЙДАСЫҢАР МЕКЕНДЕШТЕР

Кайдасыңар калкымдын канат-бутактары,
Асманга да канатсыз куштар уча алабы?!
Кайрылгыла мекениңе келип бери,
Карыяга өбөк, жаштарга жөлөк бол деп,
Эш тутуп, күтүп турат элиң сени.

Жакырчылык жалпы элди кыйнап турат,
Бей-бечара көбөйүп кайыр сурап.
Эр жигитте бир эне, бир мекен бар,
Медер кылып бел туткан мекендештер,
Элдин үнүн силер укпай, кимдер угат?

Көңүл бөлүп уккула элдин зарын,
Силер көрбөй, ким көрөт элдин камын.
«Базарда пулу бардын көңүлү ток» —
Деген сөздөр бекер эмес, кулак салгын,
Сындырбай сыйлагыла элдин шагын.

«Нелер келип, не кетпейт» деген сөз бар,
Эл ичинде эр азамат башына.
Айдаганыңар «мерседес» деген машина,
Өз тагдырың салыштырып эл менен,
Жардамдашкын туугандарга шашыла.

Ушул бойдон турбай турмуш оңолот,
Жан кейиткен жакырчылык жоголот.
Алсыздарга арка-жөлөк болгонду,
Алла-Таала өзү сүйүп колдомок.
Алды-артың ойлоп тобо келтирсең,
Алдыга озуп ишиң өзү оңолот.

## ЫНТЫМАГЫ БЕК БОЛСУН

*(Нарын областынын Тоо Жылына*
*карата телемарафонуна арналат)*

Эзелтеден тоолуктардын
Ынтымагы бек болгон.

Асманды тиреп шаңкайып
Кылымдардан кылымга
Жоону тороп өткөрбөс,
Аскасы бийик чеп болгон.
Улуу тоонун улары,
Укмуштардын тумары.
Теңир-Тоолук элибиз
Аман-эсен турабы?
Келипсиңер борборго
Кеп-кенешти куралы.
Карыялар калдайып
Кана алдыга чыгалы.
Ук инилер, ук кыздар,
Заман шарын туялы.
Бекем болсун ынтымак,
Элде болсун кубануу.
«Көп түкүрсө көл болот»,
«Көл толкуса сел болот».
Жакырлыктан жапа тарткан
Адамдарга жалоорубай,
Кантип чыдап туралы
Ырыскыдан бөлүшүп
Жардам колун суналы.
Ала-Тоонун аскасына,
Корголобой акимдер,
Тоо койнунда сан байлык,
Изилдеп сырын билсеңер.
Эл-журтту үндөп эмгекке
Эринбей иштеп кирсеңер.
Боорго тарт айыл өкмөтүн,
Толтурсун элдин бөксөсүн.
Укугун берчи колуна
Түшүнсүн элдин оюна,
Эмгекке элин үндөсүн.
Эл аралап уялбай
Эр жигит бош жүрбөсүн.
«Эр эмгегин жер жебейт»,
Эгин айдап, бак тигип,
Алма, өрүгүн бүрдөтүп,
Тоо жылында тоолуктар
Томсорбой жайнап гүлдөсүн.

## ЫЙМАНДУУ ШААР БОЛО КӨР

*(Нарын шаарынын 70 жылдыгына)*

Караанындан кагылайын «Нарыным»
Көңүлдөргө шаттык чачат агымың.
Өз өлкөндүн өстүрөм деп байлыгын,
Түмөн элге чачып келдиң жарыгың.

Энчиленди эркин зона элиңе,
Кут төгүлсүн Нарынымдын пейлине.
Тартип менен элин калыс башкарган,
Жетекчинин дем кошулсун демине.

Шаар аралап троллейбус жүгүрдү,
Ийгиликке эл кубанды, сүйүндү.
Өз байлыгың өзүң өрчүт, өркүндөт,
Четтен келип көтөрбөйт оор жүгүндү.

Шаарым бүгүн жетимишке толгондо,
Тазарталы ыйман менен пейилди.
Азгырылбай жеңил-желпи нерсеге,
Ынтымакка чакыралы элимди.

Кут болсун кутман курак Нарын дайра,
Агымындын күүсүн тыңшайм кайра-кайра.
Ырыскы чач шаар элине, өмүр бергин,
Ыр жаздым өзүңдү эстеп, сагынганда.

## ЭНЕЛЕР БОЛСО УШУНДАЙ

Ала-Тоодой заңкайып,
Ак маралдай маңкайып.
Ысык-Көлдөй чалкайып,
Энелик мээрим жайылса
Кыз-келинди тең көрүп,
Чын пейли менен жалынса.

Бермет сөз төгүп оозунан
Береке чачып колунан.

Пейилин кенен кармаса,
Кабагын чытпай жаркылдап,
Бар оокатын жок дешип,
Бекитип катып салбаса.

Нускалуу-нарктуу сөз сүйлөп
Келин-уулун тең көрсө,
Ынтымак каалап балдарга
Бакытка үйүн толтурса.
Байбиче болуп дөөлөттүү
Небере сүйүп олтурса.

## КЕЛИНГЕ АЙТААР КЕБИМ

Босого аттап келген соң,
Кайын эне, кайын атасын
Өз атадай көргөн оң.
Кечирип кеткен катасын,
Кек сактабай жаркылдап
Түбөлүк бүлө болгон соң.

Ата-энени ардактап,
Калтырбай көөнүн сыйласа.
Эп көрүп сөздү салмактап
Тууганды бөлүп жарбаса.
Ушак сөз менен ууктуруп
Араны бөлүп салбаса.

Кайын атаны жек көрүп,
Келиндер бээ-жай болбосо.
Тең көрүп ага-тууганды
Түбөлүгүн ойлосо.
Канткенде иши оңолот.
Карыны сүйбөй кордосо.

Алганын сүйүп сыйласа,
Ардактай билсе атасын.
Ак уул, кызыл кыз сүйүп,

Ынтымак менен жашасын.
Кара жан бирге келин деп,
Кайын эне берсе батасын.

## КЫЗДАРГА АЙТААР КЕБИМ

Ар кимдин жүрбөй артында,
Бирөөнү сүйүп тандаса.
Көрүнгөндү көп ээрчип,
Көңүлү сууп калбаса.

Жеңил ойго жеңдирип,
Жетеленип калбаса.
Tууп салып эшик алдына
Тукумун таштап качпаса.

Турмушка туура баа берип,
Келечегин ойлошсо.
Кыйын иш болоор кыз үчүн,
Кыз атын булгап кордосо.

Жер каратып энесин,
Чыкпаса турмуш чегинен.
Кырк үйдөн кызга тыюу деп,
Үлгү алса улуу кебинен.

## АДАМДАРГА КАЙРЫЛУУ

Алладан тилеп топукту,
Адамдык нарктар корголсо.
Береке тайса ментинен,
Бел байлап, жаштар ондосо.

Каниет кылып жок-барга,
Оборду ашык ачпасак.
Туткуну болбой байлыктын,
Абийирди, арды сактасак.

Жалпы элге мүнөздүү
Жалтанбас эрки-күчтүүлүк.
Абийирге өчпөс из салган
Жоюлса эки жүздүүлүк.

Майышпас дайым туруктуу,
Түз бассак турмуш жолунда.
Алыстап ушак-айыдан
Чындыкты алсак моюнга.

Ырк бузулуп ыркырашпай,
Ынтымак шаары курулса.
Чуу көтөрүп кыйкырышпай,
Мыйзамга көңүл бурулса.

Ыр-чыр менен кейиште,
Өмүрлөр текке өтпөсө.
Балбылдап жанып борбордо,
Бакыттын шамы өчпөсө.

Өлкөдө орноп бейпилдик,
Асманды булут тоспосо.
Эр жигит бөөдө окко учуп,
Алганы кошок кошпосо.

Бай адамдар манчыркап,
Эсирип көөп кетпесе.
Өмүрдү арбаар ажал бар,
Ойлонуп артын эстесе.

Базардын баасы асмандап,
Жакырчылык өспөсө,
Алдым-жуттум шылуундар,
Акылга кулак төшөсө.

Эр жеткенде уул-кыз
Эненин сүтүн актаса.
Ата-эне салтын ардактап,
Абийирин, арын сатпаса.

Турмуштан орун табалбай,
Орто жолдо калбаса.

Арактын түшүп артынан,
Азапты башка салбаса.

Кагылайын уул-кыз,
Улуунун сөзүн уксаңар.
Кадырлап, сыйлап карыны,
Ыйманды эске тутсаңар.

Акылдуу өссө уул-кыз,
Эненин тынчыйт санаасы.
Санааркабай ата-эне,
Кубанат адам баласы.

Эстүү бол уул-кыздарым,
Жаралган кандан туякты.
Эркелет сүйүп, жыттагын,
Эскерип — наркты, уятты.

Алоолоп — күйүп ар дайым,
Очоктун оту өчпөсө.
Ажырап эне мээримден,
Наристе көөнү чөкпөсө.

Аялдык назик сапатты,
Энелер сыйлап бактаса.
Кан-жанынан жаралган,
Наристесин сатпаса.

Эзелтен элде накыл кеп,
Кырк үйдөн кызга тыюу деп,
Абийирин, арын бек сактап,
Кыз өскөн назик эркелеп.

Акылдуу, нарктуу карыя,
Нугунан тайбас дарыя.
Өнөрлүү адам өлбөйт деп,
Жаштарга берсе тарбия.

Сыр ката билген карыя,
Эркин болот дайыма,
Ишеним артып ар убак
Эл чыкпай ээрчип жанында.

## ПЕЙИЛИБИЗДИ ОНДОЙЛУ

Кайра куруу деген сөздөн көңүл сууп,
Калса дагы талбай иштей берели.
Дилди бузбай, ыйман менен белди бууп,
Кайрат менен каатчылыкты жеңели.

Ыймансыздык, тартипсиздик, уурулук,
Наркты бузуп, жан дүйнөнү кирдетти.
Арзан алып, кымбат сатып, жулунуп,
Кайдан жукту кызыл кулак илдети.

Күндөн күнгө баа кымбаттап жогору,
Ойго келбейт турмуш жакшы болоору.
Акыл-эсти ач көздүккө жендирбей,
Карыялар пейилибизди ондойлу.

## КАТЫШСАМ КЫРГЫЗ ТОЮНА

Ай менен күнгө сырдашкан,
Жылдызга көзүн ымдашкан.
Жылкычы кыргыз кызымын,
Кайтарып жылкы түн каткан.

Кымызын ичип кызыдым,
Албырып бетке кызылым.
Алоолоп күйгөн жалындай,
Айтчы мен неге ысыдым.

Укурук алып колума,
Жылкынын түштүм соңуна.
Эл баалап билип эмгекти,
Катышсам кыргыз тоюна.

## КЕЛ, ЖАҢЫ ЖЫЛ

Кел, Жаңы жыл,
Жакшылыктын жаркыраган нурун чач,
Жамандыктын жолун бөгө алыс кач.
Эгемендүү эл баштаган жол менен,
Көк асаба тууну көтөр алга бас.

Канааттандыр кабыл алып ойлорун,
Эрки күчтүү кыргыз калкын колдогун.
Алдым-жуттум шылуундарды кубалап,
Тартипке сал, кемчилигин ондогун.

Жаңы мыйзам милдеттерин бүткөрүп,
Кубат алып дем кошулсун демиңе.
Ала келгин ырыс-кешик жүктөнүп,
Тартыштыктан жапа чеккен элиңе.

Азбы-көппү улутумду урматта,
Укуктарын коргоп алсын кур жатпа.
Адыр-белес тоо аралап мал баккан,
Жетсин элим тоодой бийик максатка.

## КЕЛ ЖАҢЫ КЫЛЫМ, ЖАҢЫ ЖЫЛЫМ

Кел, Жаңы кылым, Жаңы жылым,
Элиң күтөт шаттыкта албай тыным.
Калкыңды калабадан алыс кылгын,
Жаңы доордун көрүшсүн урмат-сыйын.

Кел, Жаңы кылым, Жаңы жылым,
Эл-жериңе бакыт-таалай ала кел.
Жакырлыкты жакындатпай кубалап,
Мекениңе бейкуттук шаарын кура кел.

Жаңы кылым, Жаңы жылым,
Жакшылыкка күбө бол.
Тоолорунда толуп жатат байлык мол,
Бак-таалайга ден соолукка ачкын жол.

Ач тоюнсун, арык малдар семирсин,
Молчулуктун кадыр-баркын эл билсин.
Күнү-түнү талбай иштеп кетмен чаап,
Мандай тердин акы-бетин жер берсин.

## ОН АРЧА

Мен төрөлүп өскөн айлым Он-Арча
Өз уяндан учкан канча улан-кыз.
Канат күүлөп талпынаарда максатка,
Ар бир адам акыйкатты кармаса.

Бажырайып өтө сүйкүм айланаң,
Байчечекей бүрүн ачып жайнаган.
Таш агызып күрүлдөгөн дайрадан,
Кечип өткүм келе берет кайрадан.

Тунуктугун кечке тиктеп дайранын,
Туруп жээкте ташын бирден санадым.
Өзөктөшүп өскөн айлым Он-Арча
Өмүрүмдү бир өзүңө арнадым.

Акыл ээрчип адам болгон убагым,
Агыныңдын күүсүн тыңшайт кулагым.
Айланайын айнек түстүү Он-Арча,
Акыл-оюм сендей тунук боло алса.

## ЖОГУ ЖАКШЫ БАРЫНАН

Кээде менин көтөрүлөт көңүлүм,
Асман ачык булутсуз күн чыккандай.
Уул, кызым, неберелер шаттанып,
Күлүп-жайнап, ырдап бийлеп жаткандай.

Шынаарлашып шыбырашып сүйлөшүп,
Неберелер ат минишер «чү» дешип.
Кылт эсине түшө калат көрүнөт,
Билек түрөт балбандарча күрөшүп.

Сыр айтышып жакын ага-туугандар,
Балдарынын келечегин кеп салат.
Ыймансыздар ата-энесин урган бар,
Кудай бетин көргөзбөсүн деп калат.

Жаадырашып жашы менен карысы,
Табылгандай күлкү-шаттык дарысы.
Билүү кыйын ар адамдын көңүлүн,
Сезүү кыйын чыккан күндүн өмүрүн.

Толкуп ташып көтөрүлөт көңүлүм,
Жаштар көрсөм ыйманы ысык айылдан.
Текеберлүү терс кыялдуу жолукса,
Жогу жакшы андайлардын барынан.

## НООРУЗ

Жадырап жазды ээрчите кел Нооруз,
Уй жылында майлуу-сүттүү болсун конуш.
Берекенди эл-журтуңа чача кел,
Бей-бечара алсыздарга жардам бер.

Дүйүм даамдар ак дасмалда жайнасын,
Сүмөлөккө, сүр эт кошуп аралаш.
Үй-үйлөрдө казан толо кайнасын,
Карыялар казы-карта чайнасын.

Душман сүрдөп айбатынан кайра качкан,
Курчап турган бийик сепил тообуз.
Эл журтуна мээрим төгүп ырыс чачкан,
Ырдап, бийлеп сени күтөт Нооруз.

Өмүрлөргө өмүр кошуп улай кел Нооруз,
Көңүлдөргө күлкү-шаттык тартуула.
Обон созуп созолонтуп бийик чыксын добуш,
Коштоп сени жаңырсын аска-зообуз.

Карыяларга арналган жылды куттукта,
Ынтымак, ырыс ээрчип келсин унутпа.

Жыл ажыраш, эски жылды узатуу,
Жаңы жылда элиң болсун бактылуу.

Алып-жулуп арам оокат тапканды,
Алсыздарга артыла камчы чапканды.
Абайла Нооруз калыстык кыл, теске сал,
Баарын байкап билип турчу Кудай бар.

Абалтадан ата-баба кылган салт,
Арча менен ар бир үйдү аластап.
Көңүлдөрү ачык таза кийинип
Кыз-келиндер чай сунушат сүйүнүп.

## ӨТТҮ БАШТАН ДАЛАЙЛАР

Согуш жылы өттү баштан далайлар,
Жоого аттанды бизди окуткан агайлар.
Кан жыттанган каргашалуу күндөрдө,
Окко учту го ата-агалар... далайлар.

Талаа-түздөр, токой-кайың өрттөнүп,
Шаар кыйрап, ыйык жерлер тепселип.
Душман күчтүү оор сыноого кез келип,
Бел алдырбай каргашалуу душманга,
Калк бирдиги кайрат айтып, күч берип.

Ээн талаада эне калды каңгырап,
Алпештеген алты уулунан ажырап.
Алоолонгон өчпөс өрткө туш келип,
Капшыт толбой ээн калды аңгырап.

Кайгы-муңдар турса дагы терендеп,
Согуш кылган зомбулукка көнбөдүк.
Тылда аялдар тыным албай иштеди,
Жоокерлерге кол кап, байпак белендеп.

Кантсин алар өгүз менен жер айдап,
Суу сугарды өтүгү жок жыңайлак.
Өттү күндөр өксүктүү ач-жылаңач,
Курсак тойбой ачкадан көздөр карайлап.

Таң аткандан күн батканча талаада,
Орок оруп, чалгы чапты аялдар.
Улам тиктеп батыш тарапты,
Келсе экен деп, жок дегенде жарадар.

## АРБАГЫ КОЛДОП ЫЙЫК МАНАС АТАНЫН

Арбагы колдоп ыйык Манас атанын,
Ала-Тоодон башталды чоң Бежинге сапарым,
Ар дубандан он беш аял чогулуп,
Толукталды форумга кирчү катарым.

Болду жыйын улуу Кытай жеринде,
Ар өлкөдөн жүз миң аял катышты.
Үй-бүлө, аял тең укугу жөнүндө,
Ар ким сүйлөп, өз ойлорун айтышты.

Меймандостук камылгасын көрсөтүп,
Пекин бизди бириктирди сыйлады.
Үй-бүлө, аял жана жаштар укугу,
Ишендирди колдоого алып кыйланы.

## ЫНТЫМАКТУУ БОЛОЛУЧУ

Нарындыктар ынтымактуу бололучу,
Ач көздүктү, ич тарлыкты жоёлучу.
Аткарып ата-журтка ак кызматты,
Элибиздин купулуна тололучу.

Замандын өткөөл убагы,
Бел байлап эмгек кылалы.
Намыска туулган тоолуктар,
Тоолорго сепил куралы.

Эркинди бекем кармагын,
Эл башкарган Аскарым.

Абайла, байка шашпагын,
Аянба элден жардамың.

Эркиндик колго тийгенге,
Туура алты жыл болуптур.
Ачык айт, оюң ийменбе,
Жолуң тос Кыдыр жолуктур.

## ЧЫРПЫК ЭЛЕМ ЧЫНАР БОЛДУМ

Асмандан жылдыз көрдүм, айды көрдүм,
Чырпык элем чынар болуп өсүп өндүм.
Эл менен катарына бирге басып,
Адамдык нарк-насилди мен үйрөндүм.

Агарып аткан таңга нурун чачкан,
Мээримдүү жылуулукту күндөн алдым.
Жашоого багыт берип, көзүмдү ачкан,
Бакытты эмгектенип элден алдым.

Ошондуктан элди сүйөм, кадырлайм,
Эч убакта эл сүйүүдөн жаңылбайм.
Кулдугум бар эл-жериме ченегис,
Тоскоолдорго элим барда багынбайм.

## АДАМДЫ КУДАЙ ЖАРАТАТ

Адамды Кудай жаратат,
Ай-жылдар өтүп баратат.
Карыга-жашка карабай,
Шум ажал колдон талашат.

Ырыстын алды ынтымак,
Баш кошуп ага-туугандар.
Бөлүшүп колдо болгонун,
Кор болбос үчүн умтулат.

Замана тарып куурулуп,
Тынчыбай санаа удургуп.

Карабай алыс, жакынга,
Жан сакташ үчүн жулунуп.

Азга алып көпкө саткан бар,
Акчаны суудай чачкан бар.
Өгөйлөп жарды-жалчыны,
Өпкөгө тээп жаткан бар.

Эртелеп турбай таңында,
Эмгекке көрбөй камылга.
Эски менен жаңыга,
Көп турбайбы айырма.

Ойлосоң баштан өткөндү,
О, жыргал тура замана.
Оодарылып кеткенби,
Карабай эне балага.

Жетиштүү адам тыңсынат,
Жеп-ичүүгө умтулат.
Жек көрүп жетим-жесирди,
Жекирип тилдеп кол сунат.

Өткөндү ойго салуучу,
Жазылып калган тарых бар.
Өмүрдү чотко кагуучу,
Өжөр ажал аныктаар.

Өчүрбөй өмүр жарыгын,
Өнөрүң барда жагып кал.
Алма быш, оозго түш дебей,
Энчинди жерден алып кал.

Эр жигит элден кемсиңби,
Эмгектен тапкын энчинди.
Олбурлуу жигит ойлонуп,
Элиңе берчи берчүңдү.

Окубай газет-журналды,
Жаңырбай сезим кур калды.

«Оптом» деп арак сурабай,
Эмгектен изде жыргалды.

Айылды жүрсөң аралап,
Айыкпайт жүрөк жаралап.
Самопал саткан үйлөрдүн,
Эшигин жаштар сагалап.

Таң атпай көздү ушалап,
Бурч-бурчка жаштар чогулуп.
Баса албай буту тушалат,
«Пахмель» бер деп оолугуп.

Алгын дейт семиз соолугун,
Акча жок болсо чөнтөктө.
Аны албасаң, муну ал деп,
Көтөрөт жүнүн мүшөктө.

Самопал саткан үйлөрдү,
Заардан чыгат кыдырып.
Сайрап ырдап күйгөндү,
Какшык сөз сүйлөп жылдырып.

Ит көрсүн мындай жорукту,
Алтындай ден соолукту.
Алмашкан ууга — аракка,
О, жаштар, артын караса.

## ИЗДЕП ТАППАЙМ

Түрмөктөлгөн түркүн ойдун кучагында,
Түшөмүн терең санаа тузагына.
Үшкүртүп апакенди улгайганда,
Мезгилсиз келбес сапар узадың да.

Өксүдүм каректен жаш тамчылады,
Муун бошоп, жүрөк сокпой алсырады.
Өчтү атың эми кайра айтылабы,
Өмүрдүн кайра жанбайт шам чырагы.

Көрбөй калдым сен көз жумган минутаңды,
Издеп таппайм жакшынакай мүнөзүңдү.
Ишенбей улам карайм сүйлөйбү деп,
Илинип үйдө турган сүрөтүңдү.

Издеп таппайм жолдошторуң арасынан,
Оор жоготуу эне айрылуу баласынан.
Ишенбей үмүт оту жылт-жылт жанып,
Издеп бардым Он-Арчанын талаасынан.

Саналып күн артынан ай ээрчиди,
Сабылып санаа тартып жүрөм жашап.
Эзелтеден өлгөн кайра келчү беле
Эмне үчүн куру бекер тартам азап.

Мээримдүү мээрман элең, тунук элең,
Берешен колу ачык, пейли кенен.
Ушундай өкүнүчтө өтөбү өмүр,
Улууга акарат сөз сүйлөбөгөн.

Аз айдап турмуш кемесин
Ашпадың өмүр белесин.
Ар дайым ойдо сакталаар
Жаркыраган элесиң.

## КАМДАП КЕЛДИ БЕЛЕГИН

Кадыр-барктап келечектин ээлерин,
Кыйын-кыстоо жетишпеген мезгилде.
Айыл калкы камдап келди белегин,
Дем берсек деп учкул жаштык сезимге.

Аз да болсо көптөй көрүп алганың,
Сыйлай билсе улуу-кичик, карганың.
Тууган жердин турпагы алтын эмеспи,
Эл-жеринен аябастыр жардамын.

Айылыңды эсте, акыл-эстүү адам бол,
Көкүрөккө көп өнөрдү сиңирип.

Кенен болсун келечекке чапкан жол,
Ак эмгек кыл эл-журт үчүн жүгүрүп.

Ардактай бил кыргыздын каада-салтын,
Анан да айткым келет бир чоң нерсе.
Көңүлүн оорутпагын эч бир жандын,
Ызааттап сый көрсөткүн колдон келсе.

Адамды адам кылган жалгыз Алла,
Аалам да анын мүлкү андап байка.
Адамдык ар намысты ыйык сакта,
Кайрылып эч ким келбейт өлсө кайра.

## «ЭРКИН ТОО»

Оболоп учуп туурума кайра конгон,
Кушка окшоп кайра келдиң «Эркин Тоо».
Эгемендүү элиң менен бирге болгун,
Эркиндикти бирге сезип эсен-соо.

Тоо бооруна шоола чачып чыккан күн,
Тагдырларга таалай сепкен кутман күн.
Тандандырып келечектин ээлерин,
Тоо жаңырсын созолонуп ырда бүгүн.

Эски журттан жаңы журтка ташынган,
Эл менен бол жаңылыкка шашылган.
Эркиндиктин эмне экенин эл билсин,
Кечендетпей тездет ишке ашыргын.

Жазгандарың жүрөккө жакын болсун,
Элиңди үндө ынтымакка чакыргын.
Окурмандын көңүлүнө ыйман толсун,
Ордун изде сересинен акылдын.

«Эркин Тоо»келечекке ак жол изде,
Улууларды урматтагын, сыйлагын.
Жөрөлгөлүү каада-салт бар элибизде,
Калтырбастан баарын кайра жыйнагын.

«Эркин Тоодон» тилегеним өтүнүп,
Эртеңкини бүгүн башта ашыгып.
Кемчилигин ондогун бетине айтып,
Жакыным деп жан тартпагын жашырып.

Кара кылды как жарган калыс бол,
Текеберден, паракордон алыс бол.
Эне мээрим төгөйүн бата берип,
Урпактарын сыйлаган аба, ата бол.

## КЫРГЫЗ КАЛКЫМ

Карааныңдан кагылайын кыргыз калкым,
Калыбына кайра келди каада-салтың.
Демократия дем берген мыйзам менен,
Өз алдынча өлкө болуп чыкты даңкың.

Ак калпак кийип, Ала-Тоону жердеген,
Ар намысын талашканга бербеген.
Турмуштун бороонуна каршы туруп,
Кыйын кезең күндөрдө жоону жеңген.

Жашап келдиң Ала-Тоого чыйыр салып,
Баатыр Манас атаңдан үлгү алып.
Көөнөрбөс баатырлардын жолу менен,
Өссүн жаштар өлкөмдө аба жарып.

Боорукер меймандос кыргыз калкым,
Урматтап улуу-кичүүнүн жазган жарпын.
Унутулган салттарын улап кайра,
Кирдетпей таза сакта ата наркын.

## ИШТЕЙ БЕР АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Тагдыры элдин колунда,
Так болгун айыл өкмөтү.
Болумдуу иштер башталсын,
Болбосун журттун бөксөсү.

Тартуула шаттык көңүлгө,
Болбогон ишке төгүлбө.
Береке кирип айылга,
Улансын өмүр-өмүргө.

Агарткын дилин карынын,
Ар кимге тийсин жарыгың.
Ар кандай ишти баштаарда,
Абайлап билгин аныгын.

Чече бил элдин сунушун,
Чекчендеп кагып жек көрбөй.
Карагын жашоо турмушун,
Кайпактап күндү өткөрбөй.

Артыкча көңүл бөлүп жүр,
Артындан жөлөөр жаштарга.
Таланты болсо такшалткын,
Тарттырып ийбей мастарга.

Кыдырып кергүн үйлөрүн,
Кыйналып жүргөн бирөөнүн.
Тартыштык болсо биртике,
Табышып бергин үрөнүн.

Көрсөтмө күтүп көшөрбөй,
Көк атка минип өчөйбөй.
Көп элдин аткар талабын,
Көктөмдө төккөн нөшөрдөй.

Элиндин жанып көксөөсү,
Эч болбосун бөксөсү.
Иш жасап мыйзам чегинде,
Иштей көр айыл өкмөтү.

Тарта бил элди өзүнө,
Көңүл бур айткан сөзүнө.
Таанытып мыйзам жолдорун,
Кемчилик кетсе ондогун.

Абайла, байка акырын,
Айлындын ойло тагдырын.
Өзгөртүп эски адатты,
Жаңылык сырын ачкының.

Алма быш, оозго түш деген,
Адатты таштат элиңе.
Бул жердин ээси биз деген,
Кулак сал айткан кебине.

Көрсөтмөнү көксөбөй,
Иштете бил жеринди.
Өзүн өзү бакканга,
Үйрөтө бил элинди.

## МАЙРАМЫҢАР КУТ БОЛСУН!

Мал-жаныңар аманбы Теңир-Тоолук айымдар,
Ден соолугуң сураган эне сөзүн кабыл ал.
Элден четтеп ишсиз калган өңдөнүп,
Баштагыдай угулбады дайныңар.

Кымбатчылык улам күчөп турганда,
Үлүшүңдү жерден алгын кур калба.
Адамдык касиетке тике туруп,
Алып-сатар шылуундарга алдатпа.

Теңир-Тоолук айымдар арноо жылы кут болсун,
Баарыңардын башыңарга бак консун.
Ала койду бөлө кырккан жүнгө жарды,
Араңарда журт бузарлар жок болсун.

Санаа-көңүл тынч болсун күлүп-жайнап,
Гүл бакчаңда кубулжуп булбул сайрап.
Турчу мезгил келатат шашылгыла,
Чеке териң шыпырып жеринди айдап.

## ТАЗА ЖАША

Таза жаша, дүнүйөгө алданба,
Тойгончо жеп өлгөнүнчө карганба.
Мансап барда бал татышкан досторун,
Башка иш түшсө, бирөө келбейт жардамга.

Дөөгүрсүнүп дүнүйөгө кул болбо,
Ойлобостон мансабыңа мас болуп.
Адашканды сала билгин оң жолго,
Калбайт андан эт жүрөгү таш болуп.

Ак эмгек кыл, алдым-жуттум болбогун,
Шек келтирбей ар намысың коргогун.
Мансабыңа манчыркабай курулай,
Адам болсоң алды, артыңды ойлогун.

Жакынына, ыраагына караба,
Тунук акыл, туруктуу бол садага.
Кемсинтпестен кемчилигин ондой бил,
Сендей эле жашоо керек ага да.

## БИР ТУУГАНГА

Мен эстедим, мен дегдедим сагындым,
Мен тилеймин эсендигин жаныңдын.
Билгим келди, көргүм келди көз менен,
Кандайлыгын байкоом керек алыңдын.

Бир мезгилде келет турмуш кезеги,
Жүрөк чиркин аны баамдап сезеби.
Алыс калды сен көргөн күн кечээги,
Абайлачы айткан сөздөр эстеби.

Ойлоо керек, ойлоо керек эскерип,
Ойлоо керек кайта баарын текшерип.
Сакта намыс сыр алдырба душманга,
Бир тууғандан табылбастыр сенчелик.

## ӨКМӨТКӨ КААЛОО

Алакандай кыргыздарын,
Алла-Таала колдосун.
Айдын, Күндүн, жылдыздардын,
Өчүрбөй жарык шооласын.

Кыдыр болсун жолдошуң,
Ордолуу шаар калаанда.
Бөөдө кырсык болбосун,
Жакшылык кыл адамга.

Ачык болсун асманың,
Гүлдөп өссүн бак-шагың.
Нанга толсун дасмалың,
Курсагы тойсун ачканын.

Бир жакадан баш чыгарып,
Бир женден кол чыгарып.
Биримдикте болгулачы,
Кереги эмне башканын.

Көтөрүлсүн даражаңар,
Көңүл чөгүп басынбай.
Ынтымактуу болгон жакшы,
Бир-бириңе асылбай.

Таза болсун жүрөгүңөр,
Ак зоодон аккан тамчыдай.
Бейкут болсун түндүгүңөр,
Кан төгүлүп чачылбай.

## АЙЫЛЫМ

Алтын уям ырыс-кешигим,
Жарыкка жаңы келгенде.
Оозантып сары май менен,
Ойготкон акыл сезимим.

Ак олпок төшөп алдыма,
Терметкен арча бешигим.
Тушоомду кесип той-тойлоп,
Үйрөткөн турмуш тетигин.

Мен эмес ата-бабанын
Мекени сенсиң айылым.
Алыста жүрсөм сагынам,
Сурап билем дайынын.

Ата-энем, айыл мекеним,
Үчөөндү бирдей сеземин.
Жер-суу, тоо-ташындан,
Айылым секет кетемин.

Эркелетип өстүргөн,
Энемден жок айырмаң.
Алыста жүрүп көрбөсөм,
Аябай катуу сагынам.

Улгайган кезде өзүндөн,
Алыс жүрөм кечиргин.
О дүйнө сапар жөнөсөм,
Бооруна кысаар энчиңмин.

## КАРЫЯЛАР

*(Улуу Ата Мекендик согуштун ветерандарына)*

Тоолордой көтөрүмдүү жүрөктөрү,
Кир жукпас суудай таза тилектери.
Таасири таразадай калыстыкта,
Басышат ашык сүйлөп кыңк эткенди.

Касиеттүү сапат бар өздөрүндө,
Үмүттүн оту жанат көздөрүндө.
Үлгүлүү карыларды жөлөк кылып,
Кулак төшөп уксун жаштар сөздөрүнө.

Жашоодо билгендерин далил кылып,
Жалганды сүрүп чыгат акыл-ойдон.
Таратпай таарынычын ичке жыйып,
Жаштарга акыл айтып, талап койгон.

Карылар аскалардай бийиксиңер,
Карыялар чоюндай бекемсиңер.
Турмуш катуу көтөрүп желбиреткен,
Дүйнөнүн бекем чеби силерсиңер.

Карыялар жеңиш күндү коргогон,
Карыялар калк тынчтыгын ойлогон.
Карыялар биримдикти пир тутуп,
Карыялар калыстыкты колдогон.

## КАРЫЛЫКТЫ СЫЙЛАГЫЛА

Жолду баскан кыйла-кыйла,
Карыларды сыйлагыла.
Картаясың, ойлон жаштар,
Балта чаппай ыйманыңа.

Карылык каршы келип,
Жаштык кез өтө берип.
Деген сөздү тыңшабаган,
Учурунда маани берип.

Кара чачым куудай болуп,
Карып калдым мен да, мына.
Кызыл өңүм бозоруп,
Сүйөнүп карылык таягына.

Карыдык деп өкүнбөйлү,
Кайрат демин өчүрбөйлү.
Ынтымакка элди үндөп,
Өркүндөйлү, өкүнбөйлү.

Сөз маанисин түшүнгүлө,
Карылыкка кутүнгүлө.
Кечиримдүү бол картайганда,
Кир сактабай ичинерге.

## БЕТЕГЕЛҮҮ БЕЛ ЖАКШЫ

Бетегелүү бел жакшы,
Бейли кенен эл жакшы.
Келегой төргө өткүн деп,
Көлдөлөң жайып алдына,
Көбүртүп бышып сабасын
Саамалын куюп чыныга
Кош колдоп сунган эң жакшы.
Жайкалган тулаң төр жакшы,
Жайлоого көчкөн эл жакшы.
Боз үйүн тигип дөбөгө,
Кулунду байлап желеге,
Кошуна-колоң чогулуп
Козуну союп шернеге,
Сыйлашып жесе тамагын,
Баарысынан эң жакшы.

## АЙЛАНАЙЫН КЫРГЫЗЫМ

Айланайын пейли кенен кыргызым,
Асманда жанган жылдызым.
Таанымбас мейман келсе да,
Тартынбай сыйлап кой сойгон.
Дасмалын жайып нан койгон
Меймандос, айкөл, колу ачык,
Тең бөлгөн колдо ырысын,
Тартыштык күндө дагы эле,
Кем эмес элден турмушуң.

## ТАГДЫРЫМА ТААЗИМ ЭТЕМ

Тагдырыма таарынчым жок,
Тизе бүгүп, башым ийип таазим этем.
Барга көппөй, жокко чөкпөй,
Келечектин жолу ачык көңүл ток.

Бак-таалайды бекем кармап кучактадым,
Колдон учса келбесине ишенем.
Кутту учурбай сыйынып тузактадым,
Туурдан учса эсептешпейт биз менен.

Ак эмгегим элиме деп арнадым,
Аткарчу ишти терең ойлоп тандадым.
Акыйкаттап эл баалады эмгекти,
Адал иштеп арамдыкка барбадым.

Байлык колдун кири экенин түшүнөм,
Жууса кетет самындап көпкө турбайт.
Ажал чиркин айтып келбейт эч качан,
Алланын Амирин аткарууга күтүнөм.

Жайдары күлүп жаркылдап,
Алган жарым сыйладым.
Аллага жагып кызматым,
Буюрса болду ыйманым.

Боорукер элге кайрымдуу,
Болсо экен менин балдарым.
Неберелер өссө ыймандуу,
Кудайга жоктур арманым.

## СҮЙКҮМДҮҮ АК ХАЛАТЧАНДАРГА

Сүйкүмдүү ак халатчан врачтарга,
Апкаарыдым ооруган жеримди айта албай.
Сүрдүгүп билбей жүрө бериптирмин,
Сүбөмүн алдындагы дартты барк албай.

Сурады врач баарысын,
Тыңшады жүрөк кагышын.
Бооруңузда дарт бар деп,
Жазып берди дарысын.

Колдору жумшак кебездей,
Уктатты врач терметпей.
Айыгып барсам айлыма,
Жүрөрмүн врач сени эстей.

Дартыңды бойдон чыгарам,
Деген сөз угуп кубанам.
Алкышымды ал врачка
Айтпай кантип туралам.

## ОО АДАМДАР БУЛ ЖАШООДО АТЫҢ УЛУК

Оо адамдар бул жашоодо атың улук,
Адамдык нарк бузулбасын, сактагыла.
Акыл айтам — сыйлашкыла, сөздү угуп,
Кирдетип адам коомун уу сөз менен,
Ойлонбой сүйлөгөндү таштагыла.

Ар кандай иштин жайын акыл чечсин,
Ыйык туткун адамдык сапатыңды.
Кан тамырдын кагышына доо кетирбей,
Кирдетпей бекем карма акылыңды.

Мансабыңа таянып одурандап,
Оорутпачы жүрөктү кагып-силкип.
Жакшылыкты жалпыга бирдей арнап,
Шарты келсе жаштарга салт билгизип,
Таасирлүүсүн пайдалана бил талдап.

Ошон үчүн атың улук адамдар,
Ар бириңдин сүйгөн жарың, балаң бар.
Турмуш жолу шыдыр эмес өйдө-ылдый,
Оор, жеңилин өзүң билип тандап ал,
Эмгек менен илгерилесин кадамыңар.

## УУЛ-КЫЗДЫН ЖАКШЫСЫ

Уул-кыздын жакшысы,
Ата-эненин бактысы,
Өстүрсө өнөр билимин,
Элинин болоор башчысы.

Эрегишип жоо келсе,
Калкынын болоор сакчысы,
Жылмайып жылуу сөз сүйлөп,
Тагдырдын алтын ачкычы.

## АЙ, КҮН НЕГЕ ТУТУЛДУ?

Алоолоп күйүп кызарып,
Күн эмне үчүн тутулду.
Алаамат кырсык болбосун,
Алладан тилейм ушуну.

Жамынтып бетке кызылды,
Андан мурда ай да тутулду.
Жараткан сактап кырсыктан,
Сактай көр, эли-журтуму.

Асманда айдын нурларын,
Өчүрө көрбө сурарым.
Кудайым элден жыргалын,
Аябай ачкын сырларын.

Өчүрбө күндүн шооласын,
Айланайын жараткан.
Тийгизбе согуш коогасын,
Түзөй көр кокус адашсам.

Алла-Таала жол берген,
Асманда учкан куштарга.
Сактай көр азап-тозоктон,
Жасай көр канат учканга.

## МЫНДАЙ ЖОРУК ЭЛГЕ ЖАТ

Автобуста ар түркүн эл кезигет,
Тартипсиздик адамга орой сезилет.
Жаш жигит түртүп ийип бир чалды,
Оолугуп оозго жаман сөз алды.

Олтургандар жайына кой мейли дейт,
Карт жүрөгүм капа болуп кайгы жейт.
Карап туруп, калыстык сөз сүйлөбөй,
Кармаштырып койгондо эл эмне дейт.

Эмне болот жаш жигит, чалдын абалы,
Түшүндүрүп тартипке салып койбосо.
Болбос сөздөн чыр чыгаруу жагабы,
Ар бир адам намыс-арды ойлосо.

Ойлогула карыңар да, жашыңар,
Болбос ишке тырчыбай, акыл-эсти сактагын.
Далайды көрөр аман болсо башыңар,
Улуу-кичүү бир-бириңди сыйлагын.

## ЭМНЕГЕ ТҮШКӨ КӨП КИРЕСИҢЕР

Арбагыңдан айланайын атам-энем,
Эмне үчүн көп-көп түшкө киресиңер!
Талмоорсуп көңүл чөгүп ысыйт денем,
Жер алдына жатып топо жазданып.
Мен оорудан жапа чегип жүргөнүмдү,
Кандай күч бар, кимден сурап билесиңер?

## КАРАДЫМ ЖҮЗҮМ КҮЗГҮДӨН

Мен күзгүдөн карай калсам өңүмдү,
Быткыл бырыш ээлегендей көрүндү,
Жетимиштин туу чокусун эңкейдим,
Аягын ажал көрсөт дедим, төрүңдү.

Жакын барып сыласам да жүзүмдү,
Кемирейип ооздо тишим калбаптыр,
Жашай тур деп жардам берип врачтар,
Салып берди жаркыратып тишимди.

Басып сынайм бир топ жерге күчүмдү,
Жаш мезгилдин бир бүртүгү калбаптыр,
Арбак ээлеп алды десем түшүмдү,
Жоромолчу колдойт деп сөзүн бүтүрдү.

Тагдырыма таазим этип багынам,
Ар күн сайын эрте туруп ордумдан,
Жалооруймун Кудайыма жалынам,
Сактай көр деп баспай калган оорудан.

Барган сайын жаш улгайып кечеңдеп,
Ойлоп-ойлоп оорутамын жүрөктү,
Балдарымдан топо буюрса экен деп,
Баш катырып нечен түркүн күн өттү.

Жака кармап жалынамын Аллага,
Жаным курман болсо экен деп балама,
Жалооруймун берсе экен деп тилекти,
Ойго салып оорутпа деп жүрөктү.

## АТЫ ДА, АРБАГЫ ДА БИЙИК МАНАС

Кыргызың кылымдарга эске тутуп,
Атың да, арбагың да ыйык Манас.
Дүйнөнү дүңгүрөттү атаганат,
Миң жылдык маарекеңиз чоң салтанат.

Калкына капкалуу чеп калкан болгон,
Кан жутуп касташкандар ойрон болгон.
Доско — дос, каска калыс болгон үчүн,
Атабыз Айкөл Манас атка конгон.

Ээрчишип эш тутушкан кыргыздар,
Далай эл, далай эрлер баш калкалап.
Эркиндик — биримдикти туу көтөрүп,
Эрегишкен жоолорун бүт талкалап.

Туу ыргап тутандырган өчкөн отту,
Кылымдардын кыйырынан аттап өттү.
Укумдан-тукумдарга жомок болуп,
Атабыз баштап келген улуу көчтү.

Сезимге акыл эске таасир кылган,
Табышмак кереметтүү сырсың Манас.
Кастарлап бүт адамзат таазим кылган,
Деңиздей соолбогон ырсың Манас.

Ата-Журт ар балээден алыс болсун,
Ак дилден арча жагам, алас-алас.
Дүйнө элин күтөт бүгүн ордоң Талас,
Атың да, арбагың да ыйык МАНАС.

## ДЫЙКАНДАР

Сугарып эгин талаасын,
Калтырбай терип чаласын.
Эмгеги сулуу дыйкандар,
Суктантып адам баласын.

Кырчудай жердин чачтарын,
Курчуткан колдо аспабын.
Таң менен тосуп эмгекти,
Талаадан бакыт тапканым.

Айры менен чөп жыйган,
Аягы талбай тик турган,
Ардактайм, сыйлайм дыйканды,
Ак дили менен иш кылган.

Калк үчүн кызыл кырдаган,
Кадырың артык кыйладан.

Өрнөгү сенсиң жашоонун,
Өлкөбүз барктап сыйлаган.

Шыпырып терин чекеден,
Чарчабай, талбай иштеген.
Бараткан күчсүң сыймыктуу,
Элибиз баскан из менен.

## АТАМ-ЭНЕМ

Ардактаган атам-энем
Картайсам да ойдон чыкпай турасын,
«Жакшы тилек жарым ырыс» — дегендей,
Мага арнаган бардык күчүң кубатын.

Айланайын арбагыңдан ата-энем,
Бак-таалайым бардыгы сен дээр элең,
Төрдүн көркү, үйдүн куту элеңер,
Ата-энесиз ээнсирейт теребел.

Караанындан кагылайын ата-энем,
Элесиңе салыштырсам жок ченем,
Эгемендүү элдин көрбөй жыргалын,
Ээрчишип экөөң кеткениңе өкүнөм.

Ырыс-кешик, ынтымакта силерде,
Калтырдыңар мөмөлөрүн бул жерге,
Өстүрөлү мөмөлөрдү ардактап,
Өрнөк болсун тирүүлөргө, бул элге.

## КЕМИГЕНСИЙТ БИРДЕМЕМ

Арабызда азыр дагы көп экен,
Эркиндиктин эмне экенин билбеген.
Кемчилиги тоо көтөргүс болсо да,
Акыл айтып, кеңеш берсе билбеген.

Жаның күйүп жабыркоодо көңүлүң,
Жоголгонсуп өз ордунан бирдемең.

Кандай сокку, кандай түйшүк өмүргө,
Ак ниетинди арнаганды билбеген.

Андайлар бар миндин бири болсо да,
Түшүнүшпөйт гүлү түшүп соолсо да.
Ага сүйүү, ага жашоо баары бир,
Өмүр сүрүү өкүнүчтүү болсо да.

Кеңеш берип, акыл айтса билбеген,
Кежирлер көп такыр тилге кирбеген,
Өкүнөсүң өзүң капа болосуң,
Жоголгонсуп, кемигенсип бирдемен.

## ТООЛОРУМ

Эндигин бетке сүйкөнүп,
Элечек кийген тоолорум.
Элине тынчтык болсо деп,
Энемдей катуу ойлодуң.

Кер мурут жигит өндөнүп,
Керилесиң тоолорум.
Кең пейил элди кубантат,
Тынчтыктын чеби болгонуң.

Жеңеси кайын-сиңдидей,
Жетелешкен тоолорум.
Алгачкы күндүн нурлары,
Аймалап чыгат тоо боорун.

## КАРЕККЕ КАРЕК ТАРТЫЛЫП

Карекке карек тартылып,
Каалаган сөздөр айтылып.
Кандырган күлкү кумарын,
Кайраты күчтүү жашчылык.

Көзүмө-көзү урунуп,
Көк булут сымал кубулжуп.
Сөз сүйлөйсүң каш серпип,
Калчудай жүрөк суурулуп.

Жүзүңдү көрдүм кезигип,
Жүрөгүм кетти эзилип.
Жүргүнчү дедиң жай сурап,
Айта албай сырың чечилип.

Убакыт бүтүп кайтарда,
Узатып чыктың вокзалга.
Ирмелбей көз жаш тамчылап,
Ал келбей кош деп айтаарга.

## СЫЙЫНУУГА БАРАТАМ

Ысык-Ата — Арашан,
Мээримин бойго тараткан.
Ыйык жер экен деп угуп,
Сыйынууга баратам.

Атылып ысык жерде кайнайт суусу,
Асманга учуп чыгат аппак буусу.
Булут сүрүп бууларды көктөн,
Ак жамгырын кайра төккөн.

Өрөөндү каптап туманы,
Асманда көпкө турбады.
Заматта жарк деп ачылып,
Жазылды оору кумары.

Ысык-Ата — Арашан,
Сыйкырдуу өрөөн карасаң.
Таштан жайып жайнамаз,
Пайгамбар намаз окуган.

Касиети өтө күчтүү суунун,
Ваннага түшүп жуундум.

Басалбай баргам таякчан,
Айыкты дарты муундун.

Жумуртка жыттуу ичкен суу,
Жутканда бойго тарады.
Ашказан, боордун оорусун,
Азайтууга тийди жардамы.

## АЛА-ТОО

Ала-Тоом булут чүмкөнүп,
Упасын бетке сүйкөнүп.
Жапжашыл тоолор жылмаят,
Таалайдын жүгүн жүктөнүп.

Карагай, арча көгөрүп,
Калгандай жаңы төрөлүп.
Кайың-талы, четини,
Тургансыйт көрккө бөлөнүп.

Ала-Тоом жайып кулачын,
Асманга катар турасың.
Атомдук кылым тушунда,
Айткансыйт сага кубанчын.

## БАЛАЛЫК

Санай берсем санаам кетет таралып,
Билинбестен узап кетти аралык.
Кол кармашып, коштошо албай алыстап,
Кеткен тура мүнөзү бал балалык.

Өткөн мезгил кайра келбес жаралып,
Өчөшкөндөй кара чачым агарып.
Кол кармашып коштошо албай алыстап,
Кеткен тура мүнөзү бал балалык.

Күн кеч кирет теребел да карарып,
Таң да сүрөт нурун чачып агарып.
Күн булуттан жарк деп чыга калгандай,
Күлмүң этип көрүнсөңчү балалык.

## КЫРК ЖАШТЫ КЫРДАН АШЫРЫП

Отуз жаш октой атылып,
Көрүнбөйт менден жашынып.
Көп карап изин таба албай,
Өкүнөм ичим ачынып.

Кырк жашты кырдан ашырып,
Кызыма бердим тапшырып.
Кылчайып артка карасам,
Келчүдөй эмес кайрылып.

Эр ортону элүү жаш,
Ээрчиди аны алтын баш.
Эс-акыл толгон мезгилим,
Эңсесем кайра табылбас.

Алтымыш тосуп жолумду,
Айныбай торгойт оюмду.
Аттиңай кайран жаштыгым,
Курч элең мокок болдуңбу?

## КӨШӨГӨҢӨР КӨГӨРСҮН

Кыргыз салтын кымбат баалап сактаган,
Ата-эненин кушусуңар таптаган.
Ак сүйүүңөр ак батага шырелип,
Ыйман менен эне сүтүн актаган.

Жеңил-желпи көрбөгүлө сүйүүнү,
Соолутпастан өстүр сүйүү, гүлүндү.

Көңүлдөргө кир кетирбей тазартып,
Шаңга-шатка толтур барган үйүндү.

Көшөгөңөр көгөрсүн жаңы келин,
Сыйлагыла ата-эне эмгегин.
Ынтымактуу болгон жакшы урушпай,
Эстегиле улуулар бата бергенин.

## ТУШОО КЕСИП ТОЙ БЕРҮҮ

Абалтадан ата салты,
Тушоо кесип той берүү.
Бала сүйгөн кыргыз калкы,
Жаш балдарды жарыштырып коё берүү.

Ким биринчи чуркап келсе жарышта,
Бычак берип, тушоо жибин кес дешет.
Экинчиси жарагандай намыска,
Наристени тай-тайлашып кетишет.

Бул жарышта озгондору байге алып,
Жетине албай көңүлдөрү жайланып.
Каада күткөн калыс кары бөлүштүрөт,
Байгелерди чыккандарга ыйгарып.

Бриллианттай жаркын маанай периштем,
Турмуш жолун жаңы аттадың эми сен.
Бата менен эл көгөрөт турбайбы,
Бактылуу бол, кимдин уулу дедирткен.

Боз үй толо төрдө улуу карылар,
Узун сабак нуска сөздөн кеп салып,
Тасмал толо дүйүм даамдын баары бар,
Ичип, же деп той ээлери шаттанып.

Айланайын кыргызымдын пейили,
Кимди болсо нан, чайына чакырат.
Сылык-сыпаа кызы менен келини,
Ичип, же деп чыны сунуп шаштырат.

## ЖАШТЫГЫМ ИЗДЕСЕМ

Жаштыгымды издеп барсам жайлоого,
Ар түркүн гүл талаа бети кулпурат.
Айлуу түндө биз ак чолмок ойногон,
Карагайлуу, арча жыттуу бел турат.

Үмүт оту жылт-жулт этип чачырап,
Улам карайм ушул жерде барчылап.
Өмүр чиркин өз ордуна турбастан,
Өрдү көздөй кеткен тура айчылап.

Аска, зоолуу, ак чокулуу төрлөргө,
Төрт түлүктүү мал жайылган жерлерге,
Татынакай жаштыгымды калтырдым,
Тартуу кылып балдарыма бергенге.

## КӨЛДҮ САКТАП КАЛАЛЫ

Туш тарабы тоолор менен тосулган,
Мөңгү суусу агып келип кошулган.
Суусу таза акак түспөл көлүмдөн,
Ден соолукка жардам сурап кол сунам.

Чалкайып пейли кенен сырга терең,
Чаалыксам эс алууга сага келем.
Балыктай эркин ойноп, толкун жиреп,
Мээримиң теңештирем эне менен.

Турчу көлүм калыбындан бөксөрбөй,
Кала берсин касиетиң өзгөрбөй.
О, калайык көлдү сактап калалы,
Куру бекер убакытты өткөрбөй.

Ыйык көлүм мелт-калт толуп турчу,
Өмүрлөргө мүрөк суун сээп турчу,
Калк тилегин кабыл кылаар Кудайым,
Жабыркатпай элиңе көңүл бурчу.

## ЭЛ АГЫЛЫП БАРАТАТ ЖОЛДОР МЕНЕН

Эл агылып баратат жолдор менен,
Келечекке кадамын шилтеп кенен,
Жер эненин үмүтүн үзбөй улап,
Жазылса экен тарыхка тынчтык деген.

Из кубалап жолубузга өрт коюп,
Жолукпасын уу газ чачкан ракет,
Ак пейилде тоскоолдорду бүт жоюп,
Бош калбасын ак тилектүү аракет.

Тынчтык деп согот жер эненин жүрөгү,
Тынчтык-тынчтык элибиздин тилеги,
Тынчтык болсо жанат жашоо чырагы,
Тынчтык шаарын бүт дүйнөгө куралы.

Кайра куруу мезгилине өтүнүч,
Калк тилеги аткарылса тынчтыкта,
Калбай ичте нааразылык, өкүнүч,
Калк басалат каргашалуу чыр чыкса.

Келечектин эртеңине кезигип,
Өмүр токтоп ийре турсун ийигин,
Жер эмгеги кетпес үчүн тешилип,
Кароолго ал тикте тынчтык бийигин.

Мезгил учат күндөр айга алмашып,
Умтул алга умсунууга жол бербе,
Тынчтык үчүн тыным албай таймашып,
Эмгектенгин тынчтык тилеп элиңе.

## ЭНЕКЕМ МЕНИ ТӨРӨГӨН

Коктусу тоону өңөргөн,
Койнуна жылдыз чөгөргөн.
Кереметтүү кең өрөөн,
Эчки-Башы жеринде,
Энекем мени төрөгөн.

Аскасы ак кар жамынган,
Дайрасы мөңкүп чамынган.
Асманы булут чүмкөнүп,
Ай-жылдызга багынган.
Атакем болсо жылкычы,
Ат үстүндө багылган.

Энекем алдейлеп бешик терметкен,
Атакем өңөрүп атка желдеткен.
Өрдөшү кооз карагай, арча, кайың, тал,
Он-Арчада жашаганбыз эзелтен.

## КЫЗ-КЕЛИНДЕН АБИЙИР КАЧЫП БАРАТАТ

Артта калбай абийир менен парасат,
Кыз-келинден абийир качып баратат.
Дене саткан сойкулар эч байыбайт,
Өмүрү өтөт кейиш менен жарыбайт.

Абийирин акчага саткан кыз,
Өмүрү кейиште өтөөр көңүлү суз.
Адамча өзүн алып жүрө албай,
Элдин бетин кантип карайт уялбай.

Уят деген сөздү билбеген жан,
Адам катарына кирбейт тура.
Ойлонуп наадандык жүрүм-турумун,
Келин-кыздар көңүл бурса ушуга.

Аялдарды абийирсиздик бузгандай,
Эр жигиттер байлыгына мактанбай.
Абийирсиз кыз-келинден алыс болсо,
Ар-намысын акча менен баалабай.

Жигитке да намыс керек, ар керек,
Сүйүп алган абийири таза жар керек.
Жеңил ойго жетеленген кыздардын,
Ар биринин ой-максаты ар бөлөк.

Жашоодо жаштар үчүн жардам керек,
Акылга жарды болсо акыл кош.
Абийирсиз жаман иштин жолун тос,
Адептүү жакшылаар менен болгун дос.

Аял-эркек эриш-аркак эмеспи,
Акыл айтып угуза жүр кеңешти.
Аял-эркек экөөнү жуп жаратып,
Энекелер толгоо тарткан эмеспи.

## САБЫРДУУ БОЛГУЛА

Өткөн өмүр турмушундун күзгүсү,
Жакшысын берип жаманынан качырган.
Сабырдуулук барысынын күчтүүсү,
Жокко чыдап кайгыны ичке батырган.

Өткөндөрдүн жолун жолдой биле алсаң,
Башкаларды капа кылбай этият бол,
Көзү өткөндү сыйлабаган тексиз адам,
Турмушунда ыйманыңа болот тоскоол.

Колдон келсе жакшылыгың аянба,
Кайрымдуу бол, кары-картаң адамга,
Кечиримдүү болгон жакшы кекирейбей,
Сөз коротпо сөз билбеген наадангa.

Сылык-сыпаа болушту адат кылгын,
«Сыйга-сый, сыр аякка бал» деген.
Акылмандын сөзүнө көңүл бургун,
Көптү көрүп, көптү билген умай энең.

Улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо,
Жоголгон ыйманды издеп табуу.
Күнөө кайсы? Сооп кайсы? жолун ылгоо,
Алланын амиринде ага жагуу.

Пешенеңе тагдыр жазса канаат кыл,
Ачтын тогу, арыктын семизи бар.

Бул Алла тааланын чектөөсү деп,
Улуулардын айтканына көңүл бур.

Акылдуулар өзү көргөн жыргалды,
Өзгөлөр да, көрсө экен деп тең ойлойт.
Ата-баба таш менен урганды,
Алдына аш коюп сыйла деп коргойт.

Максатым де журт жакшысы болууну,
Эл-журтунду душмандардан коргоп кал.
Алла таала шыдыр кылсын жолунду,
Ак жолунан адашканды оңго сал.

Ашыкпагын, шашпагын ак эмгектен,
Алтын башың соо болсо дөөлөт жетет.
Акыйкаттын жолунан тайсаң эгер,
Мансап колдун кириндей жууса кетет.

Жетекчи болсоң жетелетпей калыс бол,
Жакынына жан тартмайдан алыс бол.
Акыйкатты арка жөлөк бел тутуп,
Акылы тунук адамдарга тааныш бол.

Үзүлүп түшүп дүнүйөгө алданба,
Багың тайса дүйнөң келбейт жардамга.
Эсиң болсо элди сыйла кадырла,
Ашык кетпей жанаша жүр агымга.

Кээ бирөөлөр жокко жолдош болуп алат,
Убал-соопту акылына токтотпой.
Адам өмүрүнө бычак саят уятсыз,
Колдо барын жулуп алып боздотмой.

Салыштырчы өткөн, кеткен турмушту,
Булгабачы пейли кенен кыргызды,
Алдым-жуттум паракорду эскерип,
Абайлачы ким эстелик тургузду.

Унутпайм, урматтайм кенен пейлиң,
Урматтуу ата-тегим, кыргыз элим.
Учуруп айга, күнгө жеткирген мени,
Улуу Кыргыз элим сенин демин.

## ӨЧПӨСҮН ӨМҮР ЖАРЫГЫ

Тунук суу ичип дем алган,
Таланты арбын Нарындын.
Нукура кыргыз тукуму,
Өчпөсүн өмүр жарыгың.

Сызылып аккан мөл булактар,
Дайрасын улайт Нарындын.
Акактай түсү кашкайып,
Кубаты жутсаң алындын.

Кут төгүлгөн пейлиңе,
Кубаттуу дайра пейлиндей.
Эрки күчтүү чыдамкай,
Эл барбы Нарын элиндей.

Туш тарабы жайлоо, төр,
Абасы арча жыттанган.
Ак Мөөр, Таттыбүбүдөй,
Сулуулар чыккан кыздардан.

Толкуп-ташып Соң-Көлүң,
Күмүштөй көбүк чачырап.
Көлүңдө сүзүп каз, өрдөк,
Көргөндүн көөнү ачылат.

## ТЕҢИР-ТОО ШООКУМУ

Теңир-Тоонун шоокумданып ак таңы,
Тепчип өтөт күндүн нуру асканы.
Суктана карап аска, тоолорго,
Геологдор келет тоонун сырын ачканы.

Теңир-Тоонун көркү козгоп сезимди,
Эске салды тоодо өскөн мезгилди.
Келберсип керүүдөн жылкы айдаган,
Өкүнөмүн өмүрүмө кеч кирди.

Тоо боорунда жайылган төрт түлүк мал,
Токтоо мүнөз, кең пейил элдери бар.
Аскасында безеленип сайрайт улар,
Тоодо жүрүү керемет кандай жыргал.

Колго кармап тоодон терген гүлүмдү,
Ырдай берем бийик созуп үнүмдү.
Арнап жазам тоого бүтпөс ырымды,
Утурлап жыйырма биринчи кылымды.

## НЕБЕРЕЛЕР

Кыялыңар өзгөрүлүп улам жаңы.
Ай шооласын чачкандай таалай таңы.
Кыйналып чарчап турган ар бир эне,
Жытыңа тойбой жыттайт дагы-дагы.

Энелерге эмне үчүн бала кымбат,
Аталар айткылачы сөздү тындап.
Эмчекте сүт фонтандай дирилдесе,
Баласы соргон сайын эне жыргап.

Эненин мээриминдей мээрим барбы,
Балдарына ак жамгырдай төгүлгөн.
Эмне үчүн кыят эне  кымбат жанды,
Кайда жүрсө бала чыкпайт көңүлдөн.

Энелердин ак сүтүн актоо кымбат,
Эне төрөп өстүргөн уул-кыздар.
Эне-ата сөзүн кабыл албай какмалап,
Эл-журтуна уят кылбай ал сыйлап.

## ЭГЕМЕНДҮҮ БОЛДУ КЫРГЫЗ КАЛКЫБЫЗ

Эгемендүү болду кыргыз калкыбыз,
Ар-намысты туу туталы жалпыбыз.
Алысты жакындатып ыйман менен,
Ынтымакта көтөрүлсүн баркыбыз.

Үмүт менен алга кадам шилтейли,
Кыйналып турат калкыбыз.
Ач көздөнүп дүрбөлөңгө түшпөйлү,
Оор абалдан чыгуу жолун издейли.

Убактылуу тартыштыкка мөгдөбөй,
Акылдашып ар бир ишти ондойлу.
Өкмөттөрдүн ар чечимин жектебей,
Кабыл алган мыйзам жолун коргойлу.

## БИРИМДИКТИ САКТАСАК

Алты дубан кыргыз бар,
Абийирин сыйырып ачпасак,
Оңолуп кетээр турмуштар,
Биримдикти сактасак.

Ыркын бузбай эл-журттун,
Ынтымагын ойлосок.
Эл башкарган уул-кыздын,
Акылын угуп колдосок.

Көрө албастык, ич тарлык,
Көңүл ойду кирдетет.
Арам ой ниети бузукту,
Акылың менен жүр десек.

Тартышпай куру бекерге,
Элиңе дилиң агарткын.
Тартынбай айтсаң чындыкты,
Таалайдын жолун табасың.

## ЖЫЛКЫЧЫ КЫЗДЫН ОБОНУ

Ай жылдызга сырдашкан,
Асманга көзүн ымдашкан.
Жылкычы кыргыз кызымын,
Кайтарып жылкы түн каткан.

Аралап арча, кайыңды,
Үйрөтүп кунан, тайымды.
Имерип бетке жаямын,
Үйүр-үйүр жылкымды.

Жайлоонун чөбү кулпунду,
Тулаңга жайып жылкымды.
Эстесем баккан малымды,
Умачтай ачам уйкумду.

## ТООЛУККА

Тоолор деп толгон ырды жаза берем,
Тоолорум көлдөй толкуп пейли кенен.
Тонналап өлкөбүзгө эт, жүн берген,
Тооluктар березеңе жетпейт ченем.

Тоолорум кучагыңа бойду керем,
Тоотпостон кыш чилдесин ысыйт денем.
Төрөгөн толгоо тартып тоодо энем,
Тойгончо ак сүтүңдү эме берем.

Тасмалга үймө-жайма ырыскыны,
Томкоруп сары майын белендеген.
Сагынып сары саамал кымызынды,
Тоолукка эс алууга жайда келем.

## АЧКАНДА АЛЬБОМДУН БАРАКТАРЫН

Ачканда альбомдун барактарын,
Качанкы бир сүрөткө карап калдым.
Мезгилдер өтө берди өкүндүрүп,
Татына сүйкүм экен бала чагым.

Өз сүрүн өзгөртпөптүр ушул сүрөт,
Өмүрдүн өткөнүнө ичим күйөт.

Оозумда отуз эки тиш да жок,
О дүйнө карылыкты кимдер сүйөт.

Үңүлүп көп карадым сүрөтүмө,
Ишенбей өткөндөгү мүнөзүмө.
Өкүнүч кайгысы жок балалыгым,
Өмүрдүн турган экен күнөсүндө.

## КЕЧИР АТА

Ата мойнун кучактадым эркелеп,
Асмандагы ак булутту берчи деп.
Айтаар эле «кагылайын берекем,
Азыр-азыр мына токтой турчу» деп.

Ал сөздөрдүн маанисине түшүнбөй,
Атайылап же бир жумуш бүтүрбөй.
Кечир ата кежирленип кыйнапмын,
Асмандагы булут колго тийчүдөй.

Атакемдин сылап аппак мурутун,
Кээде ыйлап токтотчу элем жумушун.
Балдар үчүн ата сыймык, ата ардак,
Баалай бил деп баарына айтаар сунушум.

## ЭСТЕЙМ ДАЙЫМ

Келечегин ойлоном кыздарымдын,
Көрүп туруп турмуштун түркүн жагын.
Тартыштыкты таразалап көңүлүм,
Согуштун салакасын эстейм дайым.

Улуулар акыл айтып берген сабак,
Унутулбай жадымда дайым турат.
Сабырдуулук маанайы көңүл көтөрүп,
Накыл сөз жаш-карыга бирдей жагат.

Жакшы сөз жан сергитет дегим келет,
Көөдөнгө шоокум чачып түнөйт демек.

Ой-мүдөөлөр орундалып бул күндө,
Кыялым алып учуп элеп-желеп.

Эмгектендим эрте туруп эринбей,
Көңүл чөгүп жалкоолукка берилбей.
«Эр эмгегин жер жебейт» деген сөз чын,
Элди үндөдүм жатып ичээр дедирбей.

Көңүл бөлдүм көбөйтүүгө мал санын,
Малга тоют, малчыларга үй куруп.
Элимдин катарында сыймыктанып,
Эмгек менен турмуштун таттым балын.

## МЕКТЕБИМ

Эчки-Башы айлындагы мектебим,
Эжелеп окугамын Алиппе китебин.
«А» тамгасын жазганымды эстедим,
Ата-энем окуба десе болбостон,
Айланчыктап босогондон кетпедим.

Туурундан айылым өсүп жетилип,
Турмушка умтулуп канат каккамын.
Баёо сезим, зор сыноого туш келип,
Турган кезде, бел алдырбай душманга,
Орок оруп, суу сугарып, чалгы чапкамын.

О, анда биз эмнелерди көрбөдүк,
Согуш салган зомбулукка көнбөдүк.
Аял дебей, кары дебей, жаш дебей,
Күнү-түнү тынбай иштеп көгөрүп,
Кыйын күндө, кыйналдык биз дебедик.

Мектебимдин пайдубалын түзгөн ким,
Унутпайлы Байсабаев Жузай экенин.
Айланандан алыс жакка кетпедим,
Башталган ишти алга сүрөп бүтүргөн,
Суран кызы Күмүш эжеңермин.

Артык баалап ак эмгектин көлөмүн,
Агайларды ата-энедей көрөмүн.
Эжелердин мээримине бөлөнүп,
Жаш улгайып жетимиштен ашса да,
Таазим этип башымды ага ийемин.

## ЖАШТАРГА

Деңиздин ташкынындай көтөрүлүп,
Бүлбүлдөп, жалтактабай жангын кайра.
Ой-санаа окторулат желдей сызып,
Жеңил ойго жетеленбе башың мыкчып,
Демиңе дем кошулуп чөл-талааңда,
Күрпүлдөп күчкө толуп аксын дайра.

Күндөн күнгө баа кымбаттап жогору,
Бул жок эле, ал жетпейт деп майышып.
Түшкө кирбейт турмуш жакшы болоору,
Алкы бузук, жеп-ичкичтер көбөйүп,
Алдуулдары алсыздарын тоноду.

Кана жаштар катаал шартта чык мелдешке,
Акыл-эсти илим менен толукта.
Буйрукчул эски адаттан кач элдешпе,
Катуу тартип күчтүү эрк керек ойлонуп,
Кары сөзүн кабыл ал көңүл оорутпа.

Жаштарга эркиндиктин жолу ачык,
Калк тагдырын каруунарга көтөрүп.
Тоо жылында тоскоолдорго жол бербей,
Тоолуктардын тоодой бийик максаты,
Каржалбасын катаал шарттан сууруп чык.

## ӨКҮНБӨЙМ ӨТКӨН ЖАШЫМА

Эстен кетпейт он сегизде жаш чагым,
Кандуу согуш каптаганда батышты.
Орок оруп, машак терип, чалгы чапканым,

Кезээрип кечке иштеп талаадан,
Эмгегиме жарты тыйын таппадым.

Кээде жөө, кээ күндөрдө атчан жүрүп,
Көптү көрүп эл ичинде такшалдым.
Тээ алыстан тарткан айран келет деп,
Үмүт менен нормамды араң аткардым,
Эк эмгектен мен элиме жакканмын.

Өкүнбөймүн өтүп кеткен жашыма,
Ыраазымын Кудай берген бактыма.
Дөөлөттүү карылардын катарында,
Небереден чөбүрө сүйдүм татына,
Эл оозунда эмгегим калды айтыла.

Эски доор жаңы доор менен алмашты,
Жетимиш сегиз сексен жашка жол ачты.
Тилегеним эли-журтум тынч жашап,
Кайгы-мундан алыс болуп адамдар,
Өлкөбүздүн бекем болсун ынтымагы.

## ЭНЕ СӨЗҮН ТАШТАБА

Бир мезгилде бала болуп өскөмүн,
Тилин албай кежирленип өзгөнүн.
Кайсы жерде, кайсы бурчта калды экен,
Кайталанбас чочуп айткан сөздөрүм.

Элестенет көз алдыма саналып,
Эбактагы эркин өскөн балалык.
Издеп таппай, из кубалап жүргөндө,
Кара чачым калган тура агарып.

Мейли эми эне болдум балага,
Бактылуумун кубанамын ага да.
Балакетиң мен алайын, каралдым,
Эне сөзүн таштабагын талаага.

## ЧОҢ-КЕМИНДИН ТАҢДАРЫ

Кылтыйып уялыңкы көзүн сүзүп,
Күн чыга кырка тоого эркеледи.
Чалгынчы нурлар жетип зоо бооруна,
Гүл экти агыш тарткан жоолугуна,
Кошумча сүрөп тоонун эрке жели.

Чоң-Кемин, сенин сулуу өзөндөрүң,
Көк-жашыл мал жайылган белестериң.
Шар дайра булбул үнү обон салган,
Биригип эмгек шаңы коштоп алган
Эх, сенин эрке таңда элестериң!

## ЭМЕСЕ ӨЗҮҢ ИШТЕП КӨР

Аялдар үйдүн куту, бала көркү,
Ага сен атайылап көңүл бөлчү.
Кызматта да, үйдө дагы аракетсиз,
Ойлочу бардык жумуш бүтпөйт өзү.

Аялдар турмуш гүлү, тунук булак,
Кир киймин жууп, үтүктөп аппак кылат.
Эгер сен ооруп калсаң алың сурап,
От болуп мандайында жанып турат.

Аялдар түгөнбөгөн үйдүн кенчи,
Ансыз сен конок сыйлап тамак берчи.
Дасторкон толуп, жайнап турса дагы,
Көрүнбөйт тамагыңдын берекеси.

Аялды ардактагын, сыйлай билгин,
Аялсыз караңгыдай тийген күнүң.
Адамдын жашоодогу ыракаты,
Солутуп албагыла турмуш гүлүн.

## БЕРЕКЕМ МЕНИН ТУУГАН ЖЕР

Мамыры жытын себинсем,
Мага өтө кымбат, жерим, сен.
Сумсайбай өгөй энече,
Мээримиң менен берилсең.

Арчандын жытын куюнсам,
Аткар деп бир иш буюрсаң.
Намыссыз, арсыз өлөйүн,
Аракет кылбай кыйылсам.

Шыбактын терип бүрүнөн,
Шыбансам тоонун гүлүнөн.
Берекем менин тууган жер,
Пейлинди көрүп сүйүнөм.

Арчандын жытын куюнсам,
Чөбүндөй жашыл кубулсам.
Сен үчүн кыйып өмүрдү,
Мээнетинден кутулсам.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ МАРТ ЭКЕН

Дыңын буздук «Арчалуунун», «Туюктун»,
Кайкалатып капчыгайга жол салып.
Күлмүндөттүк адырларга түр берип,
Мөңгү суусун канал менен алпарып.

Кулач керди, кулач керди «Кызберген»,
Эрип мөңгү, мол түшүмдү кучактап.
Жылдан жылга колхозумда жаңыруу,
Жокчулуктун жолун бузду тузактап.

Күчкө кирип колхозчунун колунан
Мына бүгүн «Байдылуунун» адыры.

Жайылгансыйт туш-тарапка, теренге
Кененчилик, молчулуктун тамыры.

Бул керемет кандай колдон жасалды,
Өркүндөткөн ойдолотуп санаамды.
Кыргыз жери алп экен да, март экен,
Эркелеткен эмгек сүйгөн адамды.

## ИЗИҢ КАЛСЫН

Колхозумда көп жыл тынбай иштедим,
Гүл турмуштун жыпар жытын искедим.
Бүгүнкүдөн эртең демей күчүмдү,
Эл байлыгын, жер байлыгын издедим.

Таалайыма сыймыктанам, мактанам,
Талап күчтүү тартынбастан аткарам.
Эмгек менен тер агызган мандайдан,
Кызың болсом эл милдетин актаган.

Ак ниет иште эмгекчи элге сүйөнүп,
Аракет кыл жаңылыкты үйрөнүп.
Туруктуу бол, турмуш сырын чече бил,
Изиң калсын колхозунда түбөлүк.

## БАЛАСЫН ЭРКЕЛЕТИП СҮЙӨТ АТА

Баласын эркелетип сүйөт ата,
Атадан артыгыраак багат апа.
Уулундун өзүн үчүн ата деген
Пейили шаркыраган суудай таза.

Берекем, келечекте силер да ата,
Баландын баласын көр, узак жаша.
Калкыңа кара ниет атанбастан,
Колуңдан келгениңди ак ниет жаса.

## БАРГЫМ КЕЛЕТ

Ашуусуз туюк төрүндөн
Аппак суу ташып төгүлгөн.
Арчалуу, Туюк, Кызберген,
Көрктүү жер кетпейт көңүлдөн.

Чоң-Чуңкур, Мазар-Булактан
Чогуу айдап малын чубаткан.
Жылкычы, уйчу, койчу бар.
Эмгекке көңүл кубанткан.

Турнабай салсам туу белге,
Адам бар жылкы айдаган.
Желесин тартып түз жерге,
Жеңелер кулун байлаган.

Тоолордо улар сайраган,
Төрүндө гүлдөр жайнаган.
Түз салып көрктүү жериме
Баргым келет кайрадан.

## ДЫЙКАНДАР

Мезгили тестиерге жете элек кез,
Ал кезде токтоло элек акыл, ой, эс.
Атама кеңеш кошкон топ карынын
Ошондо жүрөгүндө жанды бир сөз.

Сөз экен баба дыйкан жөнүндөгү,
Уюду жуурат болуп көөнүмдөгү.
Ошондон ушул кезге сакталууда,
Ал жуурат чайпалбады, төгүлбөдү.

Акыры издеп сырын, талдап жүрдүм
Сөздөрдү бекем сактап сезимиме,
Дыйкандын ак эмгегин чындап сүйдүм,
Сөзүмдө ката болсо кечиргиле.

Бул сезим пайда болгон жаш кезимден,
Баба дыйкан жөнүндөгү эл сөзүнөн.
Көп көрүп турмуш жолун араладым,
Бирок да, дыйкан чыкпайт сезимимден.

Анткени атам дыйкан жаш кезинен,
Баба дыйкан, кел айдар, оп майда деп
Моло таш сүйрөтүлгөн атка минип,
Бастырган тегерете бир четинен.

Ал кезде дыйкандардын жардамчысы
Болчу эле орок, чалгы, күрөк, кетмен.
Атамдын кармап турган буюмдары
Элестеп, көз алдымда чыкпайт эстен.

Алыс жактан атам келе жатканда
Чуркаар элем астын тосо жыңайлак.
«Ата, мага эмне белек бар?» — десем,
«Буудай», — десе сүйүнчүмүн Кудайлап.

Туулуп-өсүп биз жашаган Нарында
Арпа бышып, буудай неге бышпаган?
Ар бир үйдө жаргылчактын жанында
Жакыр турмуш жан кейиткен, кыстаган.

Ата сөзү азыр жүрөт көңүлдө,
Көргөн элем түш эмес, даана өңүмдө.
Байкасаң башындан нечен күн өтөт,
Балам, сен ден соолук тиле өмүргө.

Билебиз бир кездеги дыйкан жайын,
Кетирчү бай-манаптар кыйнап шайын.
Жерди да, каражатын өндүрүштүн
Ээлеген менчигине алып дайым.

Дыйкандар эмгектенсе түшүм жыйнап,
Ээишкен бай-манаптар дайым кыйнап.
Өлбөстүн өкүнүчтүү кунун көрүп,
Кейиштүү кеч киргизген өксөп ыйлап.

Уккула, айтамын сөзүн карынын,
Жабыркап кайгылуу күндү эстеген.
Бай-манапка малай жүрүп жан багып,
Минээрине күч унаага жетпеген.

Айдоочу чейрек гектар жерди аран,
Ичи тар бай-манаптар болгон саран.
Октябрь жерди берди иштеткенге,
Сүрүлдү ал акмактар, канды табам.

Азап-тозок, кайгы-капа бөксөргөн,
Кылымдарга дыйкан баштан өткөргөн.
Эми көрчү элиң турат шанданып,
Дыйкан жаны, турмуш жаңы өзгөргөн.

Октябрь нуру чачырап, жаркырап,
Өлкөбүзгө таамай даана тийгенче
Өткөрүптүр өтө кордоп өмүрдү,
Сандалышып ар ким өзү билгенче.

Унутпаймын дайым эстеп жүрөмүн,
Улуу адамды ардактаймын, сүйөмүн.
Жокчулуктун жолун тороп өрттөгөн
Сени сүйөт, сен деп согот жүрөгүм.

Жарыгы Октябрдын тийген кезде,
Кулакты тап катары жойгон кезде,
Биригип орто дыйкан жана кедей,
Жерди ээлеп, иштетүүгө койгон кезде.

Дыйкандын азап чеккен күндөрү өттү,
Буурусундун, кетмен, орок күнү бүттү.
Атырды ай-ааламга танды Ленин,
Дыйкандар көп эңсеген зор үмүттү.

Оп майда, темин, моло таш доору бүттү,
Бул күндү канча кылым канча күттү.
Октябрь алып салды дыйкандардан
Зулумдар жүктөп жүргөн оор жүктү.

Партия эмгекчи элге жардам берип,
Бактысы дыйкандардын кошо келип.
Таалайы кедейлердин ташыган кез,
Таң сүрдү теңчиликти алды жеңип.

Дыйкан эми техниканы башкарат,
Бардык ишти техникалар аткарат.
Адамдардын кол эмгеги жеңилдеп,
Техникалар күлүк сымал «тапталат».

Механизатор жаңы кесип дыйканга,
Жалпы ишти колуна алган өзүнүн.
Миң ат күчкө салыштырсаң барабар
Бир мотордун айландырган күчүнүн.

Эмгекчи күч, жумушчулар барында,
Кайрат керек дагы алга арымда.
Техниканы дыйканга арнап чыгарат
Жумушчулар, дыйкан сенин камында.

Тер эмес чекесинен нур тамчылап,
Тынымсыз эмгектенет күч камчылап.
Талаадан үйүн көздөй келе жатса,
Кеч курун жел эркелейт беттен сылап.

Дилин арнап чечкиндүү жүргөн үчүн,
Эмгек терин шыпырып күлгөн үчүн,
Жылдыздар жым-жым этип тиктеп турат
Дыйкандын ак эмгегин сүйгөн үчүн.

Булбул сайрайт рахматын дыйканга арнап,
Гүлдөр да күлмүңдөшөт букет кармап.
Күн дагы алтын нурун чачат сага,
Таң менен кабагы ачык күлүп-жайнап.

Баяндайм турмуш жайын дыйкандардын,
Сакталып калгандарын эсимдеги.
Дыйканды жер да сүйөт эмгеги үчүн,
Аянбай бардык күчүн берген үчүн.

Жашоонун көркүн ачкан дыйкан десем,
Анын мен кадырына кантип жетем.
Ойлонуп, ой жүгүртүп нечен-нечен,
Дыйкандын ак эмгегин ыйык сезем.

Бактынын кени эмгекпи? Жер өзүбү?
Биле албайм чынын айтсам, кими десем.
Дыйкан жерсиз эмгекте натыйжа жок,
Билемин бул сөз анык, терең сезем.

Бирисиз бири барксыз сезилгенсип,
Дыйкансыз жердин багы кесилгенсип.
Жапайы жашыл токой турган менен,
Дыйкансыз анын көркү кемигенсийт.

Чынында дыйкан жердин ээси эмеспи,
Угалы көңүл буруп түз кеңешти.
Айтыптыр сырын ачып кең кара жер:
«Менин ээм эмгек жана аккан терлер».

Жебейм дейт жер дыйкандын ак эмгегин,
Эмгекке ийип турат бар эмчегим.
Мөмөлөрүм мен эмгектен аябаймын,
Аракеттен, эмгек кылып терип жегин.

Жемишим эмгек үчүн эңшерилген,
Эмгектин көп үлүшүң берчү жерден.
Гүлдөтүп жердин жүзүн шаңга бөлөр
Дыйканым ал да болсо ак эмгектен.

Таалай гүлү өзүңсүң, баба дыйкан,
Таң калтырып, талыбай иштеп турсаң.
Ырыскылаш өзүңө жер эмеспи,
Дыйкандарга энчилеген кереметти.

Дыйкансыз жердин көркү болмок беле,
Береке ашып-ташып толмок беле.
Жер мемиреп жемишин бербес беле,
Жашыл ыраң жайкалып келбес беле.

Суу бурулуп акылга кирбес беле,
Түркүн жемиш таптаттуу бүрдөйт беле.
Ак буудай, ак пахтанын булалары,
Алар да ачып сырын гүлдөйт беле.

Ойлонуп элестесем кутум дыйкан,
Тоскоолсуз ишиң бүтөт ыкчам-ыкчам.
Көңүлүң жел сермесе чыбырчыктап,
Мандайдан аккан териң аарчып турсам.

Эжекелер, апакелер, синдилер,
Эрдин күчү эмгек менен ченелер.
Тынбай иште үйдө дагы, талаада,
Эгер силер баатыр болом десеңер.


Эжеси баба дыйкандын Зууракан бар,
Жер сырын эмгек менен ача билген.
Ар гектардан миң-миң тонна кызылчалар,
Талаада тоодой бийик үймөк үйгөн.

Далайды, эже, эмгеги тандандырган,
Кеңешип жер мээримин акыл салып.
Үмүткө үзүрлүү эмгек жардам кылган,
Көрк берип көкүрөккө алтын тагып.

Суктандырат Саадат эже пахтачы,
Жердин көркүн ачат алтын пахтасы.
Эл кадырлайт эмгек сүйгөн адамды,
Эжекелер, максатындан жазбачы.

Алардын баары дыйкан, баба дыйкан,
Жаратып жаңылыктын отун жаккан.
Дыйкандын күчү эмеспи, даңкы эмеспи,
Дем берип малды, жанды багып жаткан.

Кыргызымдын кыздарынын жүзү жарык,
Мелдеште уттурбастан, утуп алып.
Элеттен кыргыз кыздар баатыр болуп,
Аттанып алтын жылдыз төшкө тагып.





К. Суранова Жалал-Абад курортунда эс алууда. *1962-жыл.*



К. Суранова, Мар Алиев ж.б.

К. Суранова жана К. Кудайбердиева. *1954-жыл.*



К. Суранова, Б. Молдогазиев жана К. Алиев аялы менен.


К. Суранова, жана Кыргызстан Компартиясынын VII съездинин катышуучулары. *1961-жыл.*





К. Суранова З. Иманкалыкова, Табериковалар менен.

К. Суранова Венгрияда Нарын областынын делегаттары менен. *1972-жыл.*





К. Суранова Кыргыз ЛКЖСнын съездинин делегаттары менен.

К. Суранова Потребкооперациянын XIV съездинин делегаттарынын арасында. *1980-жыл.*





Жумакан Тынымсейитованын 60-жылдык юбилейиндеги түшкөн сүрөт.

К. Суранова, малчылардын чогулушунун катышуучулары жана И. Раззаков, К. Дыйкамбаевдер менен филармонияда.





Кыргыз ССРинин депутаттары. *1959-жыл.*

К. Суранова Кыргызстандын аялдарынын V съездинин делегаттары менен.







Колхоздун башкармасы К. Суранова президиумда.

К. Суранова Нарынга келген Минич менен Чубаровду тосууда.

К. Суранова Колхозчулардын III съездине.

Кудайбергенова К., Кайназарова З., Суранова К. Москва, Георгиев залы.





Башкарма Суранова К., Саданбеков Б., Бегалиев С., Акыев С., Абдиев Р., жана Жакыпов С.





Майрам Акаева жана Кутман Энелер.

Кыргызстандык ардагерлердин тобу Москвада өткөн Жеңиш парадында.







Кызыл аянттагы Жеңиштин 50 жылдыгына арналган парадда К. Суранова жана А. Алдашев.



Семинардын катышуучулары. *Чолпон-Ата*.

Суранова К., Нусупова Ж., Абылкасымова М.





Бишкек, 9-Май.





К. Суранова жана синдиси Түбөлүк оттун жанында.



К. Суранова Япон делегаттары менен.

К. Суранова, К. Кондучалова, Г. Бектурганова, Чотбаева жана Исманова "Ысык-Көл" музейинин алдында.





Күмүш эже Кытайдагы Кыргызстандын элчилигиндегилер жана делегаттар менен.



Күмүш эже, Н. Касиев жана Молдогазиевдер.

Чкалов мектебинин директору Унгефукт В. Ф. жана профком Ботоканова М.

Күмүш эже Улуу Кытай дубалында. Р. Айтматова жана Т. Бакиева. *1995-ж.*





Күмүш эже.



Күмүш эже жана обончу Б. Абылгазиева.





Күмүш эже жана неберелери.



Күмүш эженин небереси Гүльнара.

Күмүш эже кызы Гүлбүбү, күйөө баласы Апзот Нооруз майрамында.



Күмүш эже небереси Таалай жана чөбөрөсү Урмат менен.





Күмүш эже неберелери менен.
*2002-ж.*



Күмүш эже неберелери жана чөбөрөсү Разак.



Күмүш эженин небереси Рахатбек. Москвада.

Күмүш эженин чөбөрөсү Султан.



Күмүш эже неберелери жана чөбөрөсүнүн арасында.





Күмүш эженин жээни Бейше Дөөталиев.



Күмүш эженин небереси Гүлнараны Индияга узатуу учуру.



Күмүш эже Эралиевалар менен.

Күмүш эже жана Мурат.



Күмүш эже жана Токтосун Мамбеткулов.





Күмүш эженин кызы Онол, балдары жана синдиси. *1991-ж.*

Аскар Салымбековду тосгондо. Нарын. *1999-ж.*





Кубаттын үйлөнүү тоюнда.



Бактылуу Эне Күмүш Суранова.

Үйрөнүшүп, билим алып өрнөгүн,
Түшкөндөр көп эмгегинин артына.
Элден өскөн эчен балбан күжүрмөн
Өстүрүп жемиш энчилеген калкына.

Чарбада жоюлган ак кол илдети,
Ар адам түшүнөт жооптуу милдетти.
Кылым бою жете албастан эңсеген
Дыйкандарга мына жыргал күн жетти.

Күлүп, ойноп, жадырайсың жаркырап,
Элдин көөнү эмгек менен ачылат.
Адамдардан асыл туулган генийге
Туш-тараптан көп-көп алкыш айтылат.

Жумушчулар дыйкандардын тиреги,
Эңсеп дайым элин сүйөт жүрөгү.
Биргелешип, эмне иш болсо кеңешип,
Айрым эмес, чогуу болот тилеги.

Аппак кар, кышкы аяз, муздак чилдеден
Үшүгөндү дыйкан, малчы билбеген.
Эмгек менен эркелеген эжелер,
Мал бакканды мен силерден үйрөнөм.

Тетиги тескейге койду чубаткан,
Асканын, адырдын ташын кулаткан,
Жарышып, тең иштеп эркектер менен,
Эмгекте эжелер көңүл кубанткан.

Маруса, Бакый, Кайыр, Телегей,
Бардык эл сыйлайт силерди энедей.
Бастырсаң мал жайып салкын төрлөргө,
Асканы, зоону аралап атчан кенебей.

Камылга көрүп малга-жанга да,
Үндөдүң бардык элди жардамга.
Жүрөгүм түрсүлдөп согот ченебей,
Намысты эжелер колго алганга.

Жаркырап бактылуу турмуш келди эми,
Баарыбыз мактайлы баатыр эжени.
Өркүндөп өсүп, гүлдөсүн өлкөбүз,
Келгиле талыбай иштеп берели.

Атамды ээрчип жүргөм жаш кезде,
Кызыгып аралап көрдүм эгинди.
Эмне үчүн сезимге сактап калтыргам
Ал кезде атадан уккан кебимди.

Эч качан унутпайм, дайым эскерем,
Асылым, Жер эне, сенин пейлинди.
Салыштырып алпка теңей аламын,
Дыйкандарым, сенин эмгек деминди.

Эмесе кыскартайын ыр сабагын,
Дыйкандар жөнүндөгү сөз баянын.
Туруктуу бол, турмуш сырын чече бил,
Тунук оюн талдап өзүм табармын.

Дыйкандардын арасында кимдер бар
Деп ойлонуп кээ бирөөлөр тандангар.
Кана эмесе бирге иштеп эл менен,
Өзүң сүйгөн кесибинди тандап кал.

## ЫРАА КӨРБӨЙМ БӨЛӨККӨ

Таалайым сенсиң Ала-Тоо,
Артык сыйлайм жанымдан.
Ышкынын терип чоңойдум,
Ылдый кулап шагылдан.

Аралап кетип баратсам,
Ат көрүнбөйт чөбүндөн.
Сымаптай тунук суу агат,
Тамчылайт мөңгү төрүндөн.

Түш оогон кезде карасам,
Чүмкөндүң ала көлөкө.

Ырыска шерик көк дөбөм,
Ыраа көрбөйм бөлөккө.

Мезгилдүү жайдын кечинде,
Таасири тийген сезимге.
Тал чыбык минип жарышып,
Ойногон күндөр эсимде.

Көк шибер мейкин боз талаа,
Көп караар элем суктана.
Тикенек ширеп таманга,
Жыңайлак баскан из гана.

## КАЙГЫРАМ АГА ЭМНЕ ҮЧҮН?

Өргө айдап өмүр шаштырат,
Себелеп чачка ак бубак.
«Улуудан нуска үйрөн» деп,
Жаштарга насаат айтылат.

Жашаймын дагы далайга,
Ыраазы болуп таалайга.
Улуулар урмат-сый көргөн,
Ушундай өлкө бар кайда?

Картайып кетсе ал күчүм,
Кайгырам ага эмне үчүн?
Кадырлап калкым турганда,
Өчүрбөйм жашоо үмүтүн.

## БАЛАТОН

Венгерлерге белгилүү көл «БАЛАТОН»,
Атайылап сени келдим көргөнү.
Көл кылаасын көзүмдү албай карасам,
Сүзүп жүрөт казы менен өрдөгү.
Чабак уруп мен да сүзүп баратсам,
Кылт деп ойго келе түшөт Ала-Тоом.

## ДУШМАН ӨТКҮС ЧЕП БЕЛЕҢ

Кылым бою бийиктиги чөкпөгөн,
Канаттуудан башка нерсе өтпөгөн.
Жайы, кышы аппак тонун чечпеген,
Айдын нуру дайым тийип өчпөгөн.
Ала-Тоолук кыргыз элдин символу,
Ала-Мышык душман өткүс чеп белең.

Ак калпактуу кыргыз элдин мекени,
Ардактаймын оюма алып мен сени.
Боюң менен менин оюм тең болсун,
Турмуш сырын достук менен чечели.

## БАШКАРА БИЛСЕМ ЧАРБАНЫ

Элимдин болуп ардагы,
Башкара билсем чарбаны.
Кары-жаш кабак бүркөбөй,
Колхозчу көөнү жайдары.

Көп басып тоонун жондорун,
Көңүлдүн сырын толгодум.
Таалайдын жолун элиме,
Тапсам деген ойдомун.

Тандасам кадр жаштардан,
Кадырлап элди башкарган.
Карабай ыраак, жакынга,
Эмгекте калыс такшалган.

## АЙЫЛ КЕҢЕШЧИСИ

*(«Жеңиш» гезитине)*

Көңүл сүйгөн акылдашым,
Алтымышка толду жашың.
Куттуктаймын кубанычта,
Сен сыймыктуу жолду бастың.

Кыйынчылык болсо дагы,
Кыйналдым дебей «Жеңишим».
Кыдырып айыл, үйлөрдү,
Айтууда акыл кеңешин.

Жаңылануу камында,
Жалтанбастан камчы бол.
Жапа чеккен адамдарга,
Жакшылык кыл, жарчы бол.

Опурталдуу куу турмуштун,
Ортосунда калыс бол.
Алдым-жуттум паракордун,
Арбашынан алыс бол.

## ТАТЫКТУУСУҢ УЛУУ СЫЙГА

Эскирбес өмүр жолун таап алгансың,
Эринбей эмгектенген аялдансың,
Магдырап көшүп кетем сөздөрүңө,
Тарыхта таамай сөзүң баяндалсын.

Эл үчүн эмгектендиң кыйла, кыйла,
Жашыңыз чамалашат «Октябрга».
«Астра гүлү», «Чоочун киши» китебинде,
Үндөпсүң үй-бүлөнү ынтымакка.

Теңсиздик, эзилген күн чыгаар ойдон,
Демократия оор жүктү сыйырып жондон.
Зуура сен ыраазы бол таалайыңа,
Жок тура мурда аялдан жазгыч болгон.

Кыргыз кызы кыялыңдын эркеси,
Окуп кайра, дагы окуйм эртеси.
Океандай ташкындаган оюндан,
Мага дагы бир тамчысын берсеңчи.

Толкунунда көлүңдүн сүзө берчи,
Толкундаткан адамды кыял, эрки,

Тоолуктарга таланттан болсоң энчи,
Токтолбостон оюнду жаза берчи.

Туугандык, боордоштуктан өткөн кебим,
Көл сыяктуу терең дейт келечегиң,
Көлдөй толкуйм китептериң окуганда,
Толкундаткан көңүлдү сенин демиң.

## МАЙРАМКҮЛ

Бал тилиңден кагылайын Майрамкүл,
Энең үчүн өзүң да гүл, сөзүң гүл,
Келечекке умтула бер, жакшы оку,
Сени менен өзүм да бир, сөзүм бир.

Каным бирге, жаным бирге неберем,
Сылык-сыпаа сөздөрүңө семирем.
Кубат алып сенин назик демиңден,
Картайбастан жашарамын эми мен.

Бактылуу балалык кез тунук сезим,
Эрте го наристени жакшы дешим.
Дээринен адам болуш, жаман болуш,
Дешет эл тарбиянын эрежесин.

Үмүт зор Майрамкүлүм жакшы окуйт деп,
Наристе сезимине койбоюн чек,
Мектепте сабак берген мугалимдер,
Зээндүү кыз айткан сөзгө түшүнөт дейт.

Майрамкүл сенден үмүт зор,
Жакшы оку, элдин кызы бол.
Жаркыраган кең Мекениң,
Көрсөтөт сага айкын жол.

Атадан калган керээзим,
Айрыкча сүйкүм мүнөзүң,
Ар түркүн ойго көмүлсөм,
Айттырбай талдап билесиң.

## КӨРӨӨРҮ КӨП АЛТЫН БАШТЫН

*Ат-Башы районунда жашоочу сиңдим*
*Эралиева Акиштин 60 жашка толгонуна ыр десте*

Эрте-кеч ой жүгүртсөм өткөн күнгө,
Эркелик чагылчу эле көздөрүмө,
Ата-энең Акинай деп ардактаса,
Ич тардык пайда болчу сөздөрүңө.

Эне-атанын мээри түшсө балага,
Кудайдын каары түшөт дейт тура.
Эмнегедир мен ишенбейм ушуга,
Эмгектерин бош кеткен жок талаага.

Турмуштун жолу татаал башка-башка,
Акинай чыктың мына алтымышка,
Эл менен эмгектендиң тартынбастан,
Ээ болуп эркин ойлуу көз карашка.

Тирүүлүктүн түйшүгүнө чыдадың,
Ичимен тап сырга бекем ынагым,
Турмуш жолу шыдыр эмес өйдө-ылдый,
Тагдырыңа таарынбастан ынагын.

Азыр сен алтымыштын кырын аштың,
Али да көрөөрү көп алтын баштын,
Акыл-эстин туткасын бекем кармап,
Сексен жашка кол берип саламдашкын.

Урматтап сый көрсөткөн Мекениңе,
Улуу уулуң өмүр берсин Накениңе,
Уланып өмүрүнө өнөр, билим,
Кызматы арта берсин эл-жериңе.

## КЕЛҮҮЧҮ КҮНДӨР АСТЫДА

Береке толгон үйлөргө,
Бейкуттук өкүм сүргөндө,
Кошоюн эмгек салымын,
Кор болбой тынчтык күндөрдө.

Кол кабыш кылсам калкыма,
Кошулуп элге жалпыга,
Атагым калаар кылымдап,
Жаштарга дайым айтыла.

Келин кез алыс качты да,
Келүүчү күндөр астыда,
Элге арнап эмгек өтөйүн,
Эмки калган жашты да.

## ИНИМ КЕНЖЕКУЛ 60 ЖАШТА

Аман болсун алтын башың,
Алтымышка толду жашың.
Куттуктаймын кубанамын,
Мага кымбат табылбасым.

Тилиң ачуу чалкан чаккандай,
Тике карап сөз сүйлөйсүң жалтанбай.
Уул урматтап, кыз сыйлаган ата бол,
Касиеттүү карыялар айткандай.

Тентек кыял тээ алыска сүрүлсүн,
Атакелеп келиндериң жүгүнсүн.
Бийик карма адамдыктын сыймыгын,
Ага-тууган, алган жарың сүйүнсүн.

Кээ бир айткан сөзүм болсун тамаша,
Ден-соолугуң суудай болсун таптаза.
Кырк жыл бирге өмүр сүргөн жубайың,
Жүрсүн экөөң жетелешип көп жаша.

Уул үйлөнтүп, кыз аткардың күйөөгө,
Бата алам деп эл чакырдың түлөөгө.
Акыл-эсиң артык бир топ адамдан,
Карма өзүңдү катуу айтпа бирөөгө.

Жаадырап жайнап, жыргап өссүн балдарың,
Ой-санаага чөмүлбөсүн алганың.
Картайганда кайгы-мундан алыстап,
Көңүлүңө шаттык толсун ар дайым.

## СИЛЕРСИҢЕР ТЫНЧТЫК КҮНДҮ КОРГОГОН

«Эчки-Башы», «Оттук» деген айылыңар,
Моюн алышып бирге өстүңөр баарыңар.
Эл башына мүшкүл түшүп турганда,
Узак мезгил угулбаган дайыныңар.

Ичер сууңар, көрөр күндөр түгөнүп,
Чачылды го бөтөн жерге каныңар.
Деген ойдо эне эмчеги зыркырап,
Боордошторуң боздоп ыйлап буркурап.

Эске келбей алган жары, баласы,
Төшүн тосуп, жанын оозго кармаган.
Кан дирилдеп, оор болсо да жарасы,
Үмүт шамын өчүрбөстөн аяган.

Боордоштор бирге өскөн айылдаштар,
Силерсиңер душман жолун торогон,
Кошкула түбөлүккө табылбастар,
Силерсиңер тынчтык күндү коргогон.

Жеңиш менен кургa бөлөп эл-жерди,
Ажалсыз үчтүн бири элге келди.
Кан ичээр каракчынын башын жулуп,
Бошоттуңар миң-миллион нечендерди.

## УУЛУМ ТИМУР КЫРК ЖАШТА

Куттуктайм кыркка чыккан курагыңды,
Бирге жашап тең өскөн жубайыңды.
Адамдык нарк-сапатты ыйык сактап,
Болгун жакшы тууганга ырайымдуу.

Өкүнбөй ар күнү өссүн жигит курак,
Көп жаша улуулардын жолун улап,
Эки түгөй бир-бириңди сыйлай бил,
Ынтымаксыз жашоодон ырк бузулат.

Кол кабыш кылсам калкыма,
Кошулуп элге жалпыга,
Атагым калаар кылымдап,
Жаштарга дайым айтыла.

Келин кез алыс качты да,
Келүүчү күндөр астыда,
Элге арнап эмгек өтөйүн,
Эмки калган жашты да.

## ИНИМ КЕНЖЕКУЛ 60 ЖАШТА

Аман болсун алтын башың,
Алтымышка толду жашың.
Куттуктаймын кубанамын,
Мага кымбат табылбасым.

Тилиң ачуу чалкан чаккандай,
Тике карап сөз сүйлөйсүң жалтанбай.
Уул урматтап, кыз сыйлаган ата бол,
Касиеттүү карыялар айткандай.

Тентек кыял тээ алыска сүрүлсүн,
Атакелеп келиндериң жүгүнсүн.
Бийик карма адамдыктын сыймыгын,
Ага-тууган, алган жарың сүйүнсүн.

Кээ бир айткан сөзүм болсун тамаша,
Ден-соолугуң суудай болсун таптаза.
Кырк жыл бирге өмүр сүргөн жубайың,
Жүрсүн экөөң жетелешип көп жаша.

Уул үйлөнтүп, кыз аткардың күйөөгө,
Бата алам деп эл чакырдың түлөөгө.
Акыл-эсиң артык бир топ адамдан,
Карма өзүңдү катуу айтпа бирөөгө.

Жаадырап жайнап, жыргап өссүн балдарың,
Ой-санаага чөмүлбөсүн алганың.
Картайганда кайгы-мундан алыстап,
Көңүлүнө шаттык толсун ар дайым.

## СИЛЕРСИҢЕР ТЫНЧТЫК КҮНДҮ КОРГОГОН

«Эчки-Башы», «Оттук» деген айылыңар,
Моюн алышып бирге өстүңөр баарыңар.
Эл башына мүшкүл түшүп турганда,
Узак мезгил угулбаган дайыныңар.

Ичер сууңар, көрөр күндөр түгөнүп,
Чачылды го бөтөн жерге каныңар.
Деген ойдо эне эмчеги зыркырап,
Боордошторуң боздоп ыйлап буркурап.

Эске келбей алган жары, баласы,
Төшүн тосуп, жанын оозго кармаган.
Кан дирилдеп, оор болсо да жарасы,
Үмүт шамын өчүрбөстөн аяган.

Боордоштор бирге өскөн айылдаштар,
Силерсиңер душман жолун торогон.
Кошкула түбөлүккө табылбастар,
Силерсиңер тынчтык күндү коргогон.

Жеңиш менен курга бөлөп эл-жерди,
Ажалсыз үчтүн бири элге келди.
Кан ичээр каракчынын башын жулуп,
Бошоттуңар миң-миллион нечендерди.

## УУЛУМ ТИМУР КЫРК ЖАШТА

Куттуктайм кыркка чыккан курагыңды,
Бирге жашап тең өскөн жубайыңды.
Адамдык нарк-сапатты ыйык сактап,
Болгун жакшы тууганга ырайымдуу.

Өкүнбөй ар күнү өссүн жигит курак,
Көп жаша улуулардын жолун улап,
Эки түгөй бир-бириңди сыйлай бил,
Ынтымаксыз жашоодон ырк бузулат.

Каралдым теске сал, карма эркинди,
Ойлонуп турмуштан алчы энчинди.
Эркелик мүнөз эскирди жигит болуп,
Жалтанбай жашоого берчи берчүндү.

Жатсам-турсам кулдук уруп Кудайга,
Тимурумду көп жашат деп сурай берем.
Эненин жүрөгүндө картайбаган,
Ойлонткон кандай «кымбат бала» деген.

Мөмөлөрүң жетилип келатпайбы,
Шоола чачып жаркырап ак таңына.
Жака кармап Кудайга тобо келтир,
Урмат-сыйды көрөргө аз калды да.

# АРНОО ЫРЛАР

Ак эмгек кыл, алдым – жуттум болбогун,
Шек кетирбей ар намысың коргогун.
Мансабыңа манчыркабай курулай,
Адам болсоң алды – артыңды ойлогун!

*Күмүш*

## ЖУСУП АГАЙГА

Улгайган улуу мугалим,
Улуу ишке күчүң үрөдүң.
Жаштарга арнап дээринди,
Билимдин септин үрөнүн.

Таанытып тамга үйрөтүп,
Турмуштун ачтың эшигин.
Таттырып даамын илимдин,
Козуттуң жаштар сезимин.
Элге ардактуу эң кымбат,
Мугалимдик кесибиң!

Эсептеп заман талабын,
Ачып китеп барагын.
Акыл берип өстүрдүң,
Келечектин адамын.

Тарбияң күчтүү таасирлүү,
Тажабай уктум сөзүңдү,
Таалайдын даамын таттырган,
Кадырлайм, сыйлайм өзүңдү.

Ээ кылган илим-билимге,
Эмгегиң эсте көңүлдө.
Өстүргөн жакшы бөпөлөп,
Ыр жазсам агай жөнүндө.

## АКАЙ УУЛУ АСКАРГА

Жөнөкөй, ак дил жана боорукер,
Жөн билги адам Президентибиз.
Жетик акыл, айкөлдүктө көч баштап,
Он жылда алдыга озду ишиңиз.

Көптү окуп, көптү билдиң Аскарым,
Билимиң зор саясатка такшалдың.
Байыр алып, Баатыр «Манас» эркине,
Эл-журтуңду эгеменге баштадың.

Демократия жолун ачып дем бердиң,
Эмгекчи элдин энчисине жер бердиң.
Орнотуп душман жолуна оюлгус чеп,
Калкыбызга бейпил жашоо алып келдиң.

Укканда кыял эргитип, көңүл сергиткен,
Айтаарга сөзүң таттуу балдан да.
Чет элден окуп, өнөр үйрөнсүн деп,
Жол ачып бердиң жаштарга.

Күндөп-түндөп тынымы жок чапкылап,
Күндөй күлүп, толгон айдай жаркырап.
Эмгекчил кулда чарчоо жок деп,
Элинден сага арнап алкыш айтылат.

Кошуна күтүп, дос күтүп көңүл алып,
Эпчилдик менен кредит алып, эл бактың.
Эмгегинди элиң баалап шайлоодо,
Кайрадан колуңа тийди хан тактың.

Элдин эрки өз эркиңе айкашып,
Кечиримдүү кең пейлинди байкашып.
Талапкерден тандап алды өзүңдү,
Алтын сымал кумдан бөлүп чайкашып.

Ийгиликтен кемчили көп ишинде,
Иликтеп, издеп иш сырына түшүнгүн.
Сындаганды туура түшүн жоо дебе,
Кемчиликти моюнга алып бүтүргүн.

Мактаганды жакындатпа жаныңа,
Дили бузук, арам ой кайнайт канында.
Өңдү көрсө жүз тайгылат жылмайып,
Кошоматы кошо жүрөт жанында.

Жакшыларга жанашсаң түшүнүк аласың,
Жамандарга жанашсаң үшкүрүп каласың,
Жүрөгүң таза, акылың терең деңиздей,
Кыргызыңа эң керектүү адамсың.

Тоо жылы деп атадың жылкы жылын,
Тоолуктардын абалы өтө кыйын.
Үшүп-шишип кыйналган элет сырын,
Чечип бергин тезирээк Аскар уулум.

Элге берген антты эсте, унутпа,
Кемчиликтер боло берет турмушта.
Келечектин ээлерине кеңешип,
Айкөлдүктөн калтыр артка бир нуска.

Ак бата арнайм өзүнө Аскар,
Айтканым угуп, суроомду аткар.
Тоолуктарга бөлүнгөн кредитти,
Тонотпостон колго алып өзүң башкар.

Тоолуктардын тоодой бийик акылы терең,
Айланасы ажайып, байлыкка кенен.
Тоолуктар сабырлуу, токтоо мүнөз менен,
Кыйындыкты жеңээрине көп ишенем.

## ЭЛ КЫЗЫ БОЛУУ ЭҢ КЫМБАТ

*(Кулуйпа Кондучал кызы 80 жашта).*

Кут болсун 80 жаш кутман курак,
Эл кадырлап урмат-сый уткан курак.
Калкынын бак-дөөлөттүү байбичеси,
Кылымдын кыйла жолун баскан курак.

Бөлөнүп бак-таалайга өмүр жашың,
Эл кызы элдин алдың ак батасын.
Эмгек жолуң башталып «Куланактан»,
Кечип өттүң мөлтүр кашка тоо дайрасын.

Көп жашап дагы токсон, жүздөн ашып,
Көөнөрбөс эмгек жасап, көп кыр ашып.
Көрктөнгөн алтын чынар теректердей,
Көкөлө урмат-сыйдын балын татып.

Адамдын жакшы-жаман сапаттарын,
Алтындай терең оюң катат баарын.
Элиндин таланттарын көп өстүргөн,
Өлкөгө өзүң кошкон эң чоң салым.

Аргымактын кашкасындай таанымал,
Калкта болсун касиеттүү карылар.
Эгемендүү элден урмат-сый көрүп,
Бул турмуштун ширесин ал, балын ал.

## МАЙРАМ АКАЕВА

Жарашык берет жарыңа сөөлөтүң,
Ачкычы колуңда дөөлөттүн.
Бек кармап боюңа сиңирбей,
Энчилеп элиңе бөлөсүң.

Жаркырап кайрымдуу мүнөзүң,
Мээримиң жаштарга төгөсүң.
Дөөгүрсүп боюңду көтөрбөй,
Өйдөгө өбөк, ылдыйда жөлөксүң.

Дөөлөттү да дөө адамдар көтөрөт,
Орду жок сөз сүйлөбөйт көкөлөп.
Аллага таазим этип так жүрүп,
Жашоосун да так ошондой өткөрөт.

Кут болсун жаркыраган жаз майрамың,
Жүрөгүмдөн чыккан сөзүм арнадым.
Кадыр-баркың көтөрүлүп көкөлөп,
Өркүндөсүн өсө берсин таалайың.

Эсен болуп уулум Аскар экөөңөр,
Эл журтуңа башчы болуп жүрө бер.
Жаркырап жайдын күнүндөй,
Кайгырбай дайым күлө бер.

Энесиң элге кеменгер,
Жаштарга таалай арнаган.
Кемтигиң элдин бележдээр,
Капасыз күлүп жайнаган.

## ЖУСУПОВ КЕҢЕШ 60 ЖАШТА

Катуу айтып адам шагын сындырбас,
Хрусталдай жаркыраган мүнөзүң.
Сөз берметин өз ордунан жылдырбас,
Орто бойлуу, терең ойлуу Кеңешим.

Аздектеп ата-журтун боорго кыскан,
Айылымдын асмандагы жылдызысың.
Көңүл кирин тазартып жууп-жышкан,
Руханий байлыктын ырысысың.

Киндик кан тамган жериң «Эчки-Башы»,
Өзүңдү кымбат баалайт кары-жашы.
Өлбөс-өчпөс дастаныңды оболтуп,
Обон созот «Он-Арчанын» дарыясы.

Каргашалуу мезгилден сууруп чыгып,
Кудуреттүү сөз сыйкырын багынттың.
Көзү өткөн инсандарды иликтеп,
Эл алдында тартууладың тарыхын.

Улуу Манас атанын мурастарын,
Китеп жазып жаштарына арнадың.
Сергек мүнөз окурмандар түшүнөөр,
Эпостун кара сөз түрүндөгү салмагын.

Терип-тепчип элден жыйып, сөз курап,
Улуу ойдун мунарасын тургуздун.
Туулган күнүң алтымыш жаш кут болсун,
Сырга бекем бир уулусуң кыргыздын.

Сөздүн отун жалжылдаттың өчүрбөй,
Ойлоп жаздың бирөөлөрдөн көчүрбөй
Демөөр кылып бел тутаарың Медерин,
Узак жашап адам болсун өзүңдөй!

Жазылган китептериң элге жагып,
Атыңды бүткүл дүйнө эли таанып,
Ала-Тоолук ата-журтуң сени менен,
Талантыңа таазим этет сыймыктанып.

Изденип ишиң менен чыйыр салдың,
Элиндин ишенимин актай алдың,
Кут болсун кутман курак талантың,
Өкмөтүң сыйлап берген ардак наамың.

## ЭЛ СЫЙЛАГАН ЖЕТЕКЧИ

*(Ош областынын мамлекеттик администрациясынын башчысы, губернатор Накен Касиевге арнайм)*

Тереӊ баалап кызматыңды, өзүңдү,
Теле көрүп, газеттен окуйм сөзүңдү.
Күн-түн тынбай айыл элин аралап,
Ойготупсуң уйкудагы сезимди.

Сезимталдуу жаралыпсың башкача,
Теңир-Тоонун дайрасындай таптаза.
Изилдепсиң иштин жайын жат билип,
Туура болоор дарыгер деп мактаса.

Окуп бүтүп дипломду алганда,
Алгач ирет Майлы-Сууга барганда.
Оорулуунун ишенимин арттырып,
Өзүң бардың ийне сайып жардамга.

Дарыгер да элибиздин сыймыгы,
Ийне менен кудук казган илимпоз.
Тогуз жылы өкмөткө мүчө, министр,
Эл башкарган жетекчинин тындыгы.

Данакер болуп бул жашоодо өмүргө,
Илдет жолун ийне менен буугансың.
Иш билгилик, сапатың жагып көңүлгө,
Мамлекеттик катчы болуп тургансың.

Ой жүгүртүп бардык ишти тизмелеп,
Аткарууга жетик акыл, эрк керек.
Жетекчилик милдет өтөп жашыңдан,
Ишенимге ээ болгонуң эл билет.

Ош элине губернатор болупсуң,
Чарба ишин чарк айланта түшүнүп,
Тартыштыктан жапа чеккен элдерди,
Эмгекке үндөп эл көзүнө толупсуң.

Барган күндөн сергек иштей баштапсың,
Эл алдында кыска, нуска сөз сүйлөп.
Карысын да, жашын сыйлап тең көрүп,
Элге жагып таасын акыл айтыпсың.

Үркөрү бол асмандагы жылдыздын,
Үлгүсү бол эгемендүү кыргыздын.
Жакырлыктан жапа чексе кимде ким,
Жардамдашып, жөлөп-таяп тургузгун.

Эл аралап элдин сырын бүт билип,
Саламдашып ал-жай сурап барк билип.
Кабыл алган токтомдоруң унутпай,
Аткарчуга талап коюп, текшерип.

Карыялардын карт жүрөгү элжирейт,
Губернатор оомат алып келди дейт.
Шаан-шөкөт, ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Ишке тоскоол боло турган белги дейт.

Айтар сөздү алдын ала талдайсың,
Ак ниет иштеп арам жолго барбайсың.
Эл милдетин моюнга алып эскерип,
Эркин күчтүү максатыңдан тайбайсың.

«Ооматы» ыйык Сулаймандын тоосундай,
Бийик койгон алдыдагы максатың.
Тыным албай күндөп-түндөп уйкусуз,
Эмгегинди элиң сыйлап барктасын.

Сабырлуу, токтоо, ачык-айрым мүнөзүң,
Жалган сөздү жактырбайсың, сүйбөйсүң.
Акыл калчап, кеңеш сурап элиңден,
Мыйзам жолун бурмалабай жүр дейсиң.

Камкордукту катуу көрүп элиңе,
Канал казып, суу чыгарттың жериңе.
Коомдук тартип сакталсын деп бүт элде,
Жыйын сайын көтөрдүң жандуу демилге.

Ката кетсе, кайра иштетип түзөйсүң,
Каатчылыктан жапа тарткан адамга.
Кыска мөөнөт кредиттен бердирип,
Ишкерликтин ишин алга сүрөйсүң.

Адамдардын ишеничин арттырып,
Ар убакта ойлогонуң жакшылык.
Губернатор иш билген кызматчы эле деп,
Эл оозунда жүрөр көпкө айтылып.

Кесибиңе улаштырып чарба ишин,
Тамеки, пахта, эгинден ал мол түшүм.
Калтыр элге кайра-кайра көп айтып,
Ишмерликтин аракетин, үлгүсүн.

Накен сени суук көздөн, жаман сөздөн,
Алла-Таала өзү гана сактасын.
Кырсыктардан алыс болуп ар дайым,
Эли-журтуң бейпилдикте жашасын.

## УРПАКТАРЫМА!

Кубат, Риган, Адилет, Алтынбек,
Силерге айтаар сөзүм өтө көп.
Боорукер элге кайрымдуу, сыйчыл,
Атаңар болчу Сактанбек.
Атасын тартып уул өсөт дейт,
Эскертем ынтымактуу болгула деп.

Таалай, Бакыт, Алмаз, Казыбек,
Кызымдан калган керээзим.
Айнура сенден көрөмүн,
Апаңдын жаркын элесин.
Таалайым элдик кызматкер,
Турмуштун тарткан желесин.

Азатым менен Султаным,
Ар иштн билген жөндөмдүү.
Алыска чуркаар тулпарым,
Ким алыс кимдер жакын деп.
Сурап билет бүт баарын,
Ардактап сүйгөн алганын.

Неберем Муса менен Төлөмүш,
Буйрукка чыдап көнөбүз.
Чоң атаң менен чоң энең,
Акылман эле ченемсиз.
Жаралган асыл денеден,
Баланы бөлгөн энеден,
Атаны эми ким дейбиз.

Разак, Санжар, Айдар, Урматым,
Азамат, Чыңгыз, Сыймык кыйбасым.
Бал тилинден айланайын чөбүрөлөрүм,
Алладан силерге тилеп бак-таалай,
Келтирип келме, Кудайыма жалбарып,
Кулач жая кубанамын, төгүлөмүн.

## ТӨРКҮНДӨРГӨ

Асангазы, Эмил, Кубатым,
Аталаш мага туугансың.
«Төркүндөн алган төрөгө»,
Деген сөз түшөт көңүлгө.
Көз өтсө жалган дүйнөдөн,
Эскерип кызмат кылаарсың.

Азизбек, Нурбек, Токтобек,
Силерди ойлойм өтө көп.
Алдырбай жеңил ойлорго,
Акылдуу болуп өссө деп.
Медер кылып, бел тутам,
Көрсөтөөр аны келечек.

Он бала бөлгөн денеден,
Сабирам баатыр энеден.
Окууну бүтүп, үй-жай күтүп,
Кызматкер болду кыз-уулу.
Тынчыды ойдо көп санаа,
Урмат-сый көрүп кубана.

Уялаш Акиш, Асылым,
Тең көргөн ыраак-жакынын.
Сарамжал күтүп, жар сүйгөн,
Сакадай бою сары алтыным.
Сагындырган балдарын,
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Көрсөтүп келген өз баркын.

## ЖАКШЫ АДАМ

*(Мукаш Эсеналиевге)*

Көп жыл талбай соода ишинде такшалган,
«Эчки-Башы» өрөөнүндө жакшы адам.
Эсиркеп-көппөй, тил табышып эл менен,
Кыргызымда соода ишин башкарган.

Сактай билген эл-журтунун намысын,
Сыйлай билген улуу-кичүү карысын.
Бөлүп-жарбай баш коштуруп барысын,
Мукаш сезет жүрөктөрдүн кагышын.

Куран сөзүн окуп, угуп кунт коюп,
Мекенине мечит курду заңкайган.
Эл баалап, билип эмгегин эске алып,
Кыргызына депутатка шайлаган.

Мукаш сыйлайт Алла-Таала сүйгөндү,
Келме айтып куран сөзүн билгенди.
Жетим-жесир алсыздарга көз сал деп,
Келечектин ээсин алга үндөдү.

Алла-Таала буйруктарын аткарып,
Ата-энени ардактаган, сыйлаган.
Мечит курду мекенине — элине,
Касиеттүү карылардан бата алып.

## РОЗА АЙТМАТОВАГА

Башыңа бакыт нуру себелеп,
Ысмың гүл да, өзүң гүл,
Таппадым издеп Бишкектен,
Өзүңө кимдер тең келет.

Өзгөчө токтоо мүнөзүң,
Жарыңды сыйлап дайыма.
Жаныңда дайым жүрөсүң,
Мейли шаар, мейли айылда.

Эне фондун сүрөп катарга,
Жардамдаш жетим кыздарга.
Жарашсын кийми ийинге,
Сөз таппай кыздар сүйүнө.

## КУТ БОЛСУН ӨМҮР ТОЮҢАР

Ташболот менен Чынара,
Куттук айтам садага.
Жылдыздай жанып жаркырап,
Саламдашкан адамга.

Кут болсун торко тоюңар,
Тунук болсун оюңар.
Узак өмүр сүргүлө,
Ачылсын таалай жолуңар.

Татаал жолду бастыңар,
Жетим тузун таттыңар.
Турмуш менен күрөшүп,
Ачылды мына бактыңар.

Адамдарды сүйгүлө,
Кол кармашып жүргүлө.
Ынтымактуу, ырыстуу,
Боло берсин үй-бүлө.

## КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТ ЧОЛПОН БАЕКОВА

Эгемендүү элдин кызы Чолпонум,
Мыйзам жолун акыйкаттап так билген.
Конституцияны ондоого салым кошуп,
Ойго алып эл мүдөөсүн ойго түйгөн.

Сумсая карап, көз айнекчен каш серпип,
Сүрдөтпөчү карапайым элинди.
Суроо берсе күлүп-жайнап жооп берип,
Сурданбагын агарт элге пейлинди.

Мырзалардын суктануусун арттырып,
Туу кырына данктын чыгып отурдуң.
Туура сүйлөп мыйзам жолун ачтырып,
Каныкейдин катарына кошулдуң.

Иш кемчилин ичке сактап билдирбес,
Ичимен тап темирдей өткүрлүгүң бар.
Мыйзам жолун коргоп кол тийдирбес,
Акыйкатчыл айлакерлик жолуң шар.

Эркектерге алдырбастан сырынды,
Кызматында кыраакысың сак жүргөн.
Аялдардан ашкан акылмандыгынды,
Энелериң баалап ичтен сүйүнгөн.

Эл тагдырын ойлоп ойго сиңирген,
Эмгек менен урмат-сыйды таап алдың.
Сейрек сендей мырза чалыш аял зат,
Акылы зирек асылзаты адамдын.

Эл жүрөгүн тартып алып өзүнө,
Мыйзам жолун тууралалдың көп окуп.

Ишенбестен бузукунун сөзүнө,
Чыккынчыга жол бербедиң бут тосуп.

Аялзаттан сын сыпатың келишкен,
Ай сымал элге жарык нур чачып.
Суктандырып кимдин жары дедирген,
Мүнөзүнө суктанамын ыр жазып.

Көп караймын газетадан сүрөтүндү,
Чолпон кыз сен жылмайып күлөсүңбү.
Алтынга да эч ким алмашпайт ко
Сабырлуу тоодой токтоо мүнөзүндү.

Элиң баалап эмгегинди эскерип,
Берген сыйлык «Манас» орден кут болсун!
Закон жолун өздөштүрүп так билип,
Көңүлүнө адамдык нарк жык толсун.

Сүйкүмдүүсүң эл көңүлүн ээлеген,
Таап айткан ар бир сөздүн жүйөөсүн.
Өзүндөйлөр көбөйсө деп элинден,
Мыйзам жолун мыктыларга бербеген.

Эне жүрөк өзүңө арнайт ак бата,
Уул-кызыңдын сыйын көрүп көп жаша.
Өмүрлөштүн көтөрө бил көңүлүн,
Ал да сага арнап койгон өмүрүн.

## ОМОР СУЛТАНОВ

О, калкымдын уулу Омор Султанов!
Кайра-кайра окудум ырың суктанып.
Эне жүрөк эмнегедир кооптонуп,
Аластаймын суук көздөн кызганып.

Атым Күмүш мен өзүңө апамын
Айга-күнгө жетсин, уулум, атагың.
Узак жашап, ден соолугуң чың болсун,
Кайры тийип эне берген батанын.

Акын уулу Ала-Тоонун Оморун,
Алла-Таала өзүң жар бол колдогун.
Жарыялап жазып чыксын калтырбай,
Бугу эненин бугуп жаткан ойлорун.

Бала кезде кыйналыпсың чарчапсың,
Чарчоо ырларын бекер жерден жазбапсың.
Ой-тилегиң орундалсын ишке ашсын,
Сересине чыгып жаша максаттын.

Таалайлуусуң таңкы нурдай Оморум,
Таң калтырат таап жазган ойлоруң.
Ыр канаты жүрүшүңдөй жоргонун,
Даана жаздың болгонундай болгонун.

Чарчоонун жүзүнчү ырын окудум,
Өткөндү эстеп Ысык-Көлдөй толкудум.
Көңүл кирсиз чайыттай болуп ачылып,
Ырдан көрдүм Ысык-Көлдүн толкунун.

Омокелеп жалпы жаштар сыйласын,
Обон созуп ырларыңды ырдасын.
Шык жаратып жан дүйнөмө ырларың,
Картайсам да өзүңө арнап ыр жаздым.

Президент Указ жазып ушул жылды,
Карыларга урмат менен арнады.
Омор сен ырга айлантчы ушул сыйды,
Карт жүрөккө ырдын тийсин жардамы.

## ЖАМАЛ ТАШЫБЕКОВА

*(60 жашта)*

Кут болсун кутман курагың,
Куттуктап ырдан десте сунайын.
Дениң соо болуп, көп жашап,
Уул-кыздын көргүн убайын.

Миң тогуз жүз токсон бешинчи жылында,
Өзүң менен бирге болдум Пекинде.

Жакшы адамдын жанында болуу керемет,
Таң калтырып, таасир этти сезимге.

Мекенине белгилүү кыз Жамалым,
Өзүң менен дүйнөлүк конгресске баргамын.
Узак жолго чыкпаган айыл адамын,
Урматтап сыйлап, сөзүмдү уктуң ар дайым.

Акылдын айтпас сырын козгодуң да,
Алып бардың кытайлык досторуңа.
Белек берип, белек алып сый көрүп,
Таң калтырып таасир сырын козгодуң да.

Ай толгондой ак маңдайың маңкайып,
Күлсөң тишиң хрусталдай кашкайып.
Кыргыз элге кымбат баалуу Жамалы,
Мүнөзүңдөн табалбадым эч айып.

Пекин шаарын араладым өзүң менен,
Оозуңда айта турган сөзүң белен.
Адамдарды бөлбөй-жарбай тең көргөн,
Кереметтүү жакшы адамсың ченебеген.

Келбетиңе келишкен акылың бар,
Суктанышып жүргөн чыгар мырзалар.
Кызылың-кызыл агың-ак кырдач мурун,
Кыял-оюң кытыгылап жүргөн чыгаар.

## ЧЫҢГЫЗ КИМ?

*(Айтматовдун 60 жылдыгына)*

Чыңгыз ким? ал кыргыз, кыргыз ким? ал Чыңгыз,
Энелери эгиз төрөп салгандай,
Жат душмандын жүрөгүнө чок ыргытып,
Жаркырайт ай-асманда чолпон жылдыз,
Чыңгыз ысмы ай-чолпонго жанашып,
Бийиктиктен кол булгалап тургандай.

Карангыдан жапа чеккен кыргыздын,
Улут атын бүт дүйнөгө тааныткан.
Аралап ак булутту ай чыккандай,
Уул төрөлдү Чыңгыз өндүү даанышман,
Жер жүзүндө канча баатыр жаралса,
Ошолордун бийиги деп таанышам.

Чыңгыз ысмы Ала-Тоону тирегендей,
Чыңгыз ысмы ай-жылдызды жирегендей.
Шатка бөлөп кары өмүрдү өргө айдап,
Тынчтык менен эл достугун ширегендей,
Ысык-Көл шеринеси көңүл жайлап,
Калкына бакыт-таалай тилегендей.

Аскадан тамчылаган алтын булак,
Ал дагы агып барып Көлгө куят.
Ааламда миндин бири энелерден,
Чыңгыздай акыл-эстүү адам туулат.
Алп акылдан жаралган чыгармасын,
Аябай дүйнө элине тартуу кылат.

Мезгил күлүк алтымыш жашка толдуң,
Бириктирип ширетип акыл чоюнун,
Кыялыңдан эриген алтын сөздүн,
Батпас күнү сыяктанат Ысык-Көл форумуң,
Акыл менен узак жашап өмүрүң,
Арчасындай тоолордун жапжаш болгун!

Бата менен эр көгөрөт дегендей,
Торолбосун жолуң шыдыр ачылсын.
Бийиктей бер, бак-таалайың ченелбей,
Сөөлөтүңдөн душман сүрдөп басынсын.
Болоттой курч ден-соолугуң чың болсун,
Өзүңө кас душман жолу торолсун.

Чыңгыз сени көрбөсөк да бир жолу,
Чыгармаңды окуп билип жатабыз,
Мекенинин ар-намысын коргогон,
Уул төрөгөн Нагимадай апага,
Ак пейилден чоң рахмат айтабыз,

Ала-Тоолук ардагерлер атынан,
Узак жаша сага берген батабыз!

Туулуп өскөн тууруң «Шекер» айлыңа,
Заңгыраган мектеп-клуб салдырдың,
Шаңга бөлөп, шат күлкүгө толтуруп,
Ар бир үйгө Ильич шамын жандырдың,
Көркөмүңөн көз тайгылат айлыңдын,
Көңүлүңөн оолак калды кайгы-муң.

## ЭСЕНГУЛ ИБРАЕВ

*(60 жашта)*

Айсыз түн караңгыда жол тапкан,
Айттырбай капилеттен сөз тапкан,
Элимдин жанган жылдызы,
Чымчылап куйкум сөздүү ыр жазган.

Турмуштун калпып каймагын,
Таттырган эжигей, курут, айранын,
Көңүлгө күлкү-шаттык тартуулап,
Эркелетип эл көңүлүн жайладың.

Аскасы асман тиреген Нарынымдын,
Ардактаган акын уулу Эсенгул,
Эгемендүү элибиздин арасынан,
Суурулуп чыккан чечен бул.

Туулган күнүң кутман курак кут болсун,
Туу көтөрүп туулган жерге той бердин,
Бөлүп-жарбай ага-тууган ортосун,
Көп жаша деп алдың бата бүт элден.

Торколуу тоюң өткөрдүң,
Четнура деген жериңе,
Жубайың Саткын экөөңдүн,
Кут төгүлсүн пейлиңе.

Ала-Тоонун академик булбулу,
Аскасында талбай сайрар дулдулу,

Жат айтса жазган ырларын,
Жаркырайт көктө күн нуру.

Ээрчишип дайым сыйлашып,
Эмгекте жолду бир басып.
Маданият майданында талыбай,
Белгилүү ишмер болдуңар,
Кут болсун өмүр тоюнар!

## АКАДЕМИК ЭРКЕБАЕВ АБДЫГАНЫ

Академик Эркебаев Абдыганы,
Көп ойлонуп, көп окуган адам бу,
Түндүк-түштүк деп бөлбөстөн,
Сунушунду сурап билип кабыл алды.

Тоскоолдуктар болсо дагы ишинде,
Кагып-силкип орондобойт кишиге.
«Жети өлчөп бир кескенди» туура деп,
Өзү ойлогон оюн бербейт кишиге.

Сабырдуу, токтоо, саясатчы Абдыганы,
Адамгерчиликти сүйгөн жаран бу,
Кеңеш сурап кейигенин билдирсең,
Ак дилинен берген ачык жардамды.

Акылынан адамдык мээрим төгүлгөн,
Айткан сөзгө этият көңүл бөлүнгөн.
Түндүк-түштүк деп бөлбөстөн экиге,
Ынтымакты уялаткан сезимге.

Абдыганыдай көп болсо дейм элимде,
Иш жүргүзгөн акыйкаттын чегинде.
Орондобой ойлорун сурап түшүнүп,
Жардам берген карыя, жетим, жесирге.

Илими зор, ар кыл иш келген колунан,
Адашпаган акыйкаттын жолунан.

Адилеттик ойготсо элдин сезимин,
Талдап окуп кабыл алган чечимин.

Эл жактырат эмгектеги кыймылын,
Кут болсун өкмөт берген сыйлыгын.
Сабырлуу, токтоо жаркыраган маанайда,
Кыргыз элин башкарып бирге тургунун.

Унутулбай жүрөгүмдө сакталуу,
Бир учурда мага кылган жардамын.
Ак кагазга ороп сундум батамы,
Өзүндөй акылдуу өссүн балдарын.

## ЖАНЫЛ АБДЫЛДАБЕКОВА

Бешененде берекенин шаңы бар,
Ата-тегиң калың элге таанымал.
Кадимки Шабдан баатырдын чөбүрөсү,
Пейилинде берешендик жагы бар.

Табияттан аял бышык жаралган,
Эркектерден эптүү келет турмушка.
Үй-бүлөсүн багуу чыкпай санаадан,
Белсемдүүлүк көрсөтүшөт жумушта.

Аялдардын иштери боюнча түзүлгөн,
Мамлекеттик комиссияны башкарып,
Координациялоого көңүл бурасың,
Иштериңе иренжибей такшалып.

Аракетиң арбый берсин бөксөрбөй,
Өткөн доордун залакасын көрүпсүң.
Аялдардын өкүнүчүн көз көрбөй,
Эл-журтуңа береке-бакыт төгүлсүн.

О, Жаңылым жанданта көр ишинди,
Аялдардын проблемасын көтөрүп.
Үй-бүлөнүн баары көрсүн жүзүңдү,
Кызматыңда изиң калсын төшөлүп.

## УЛУУ КЕЛИНИМ ЗИНАГА

Арадан көп жыл өтсө да,
Айыкпас жүрөк жараатың.
Эстеген сайын жарыңды,
«Боз бешик» жонун карaарсың.

Тагдырың тайып тагынан,
Айрылдың сүйгөн жарыңан.
Эртелеп неге өчтү деп,
Кайышты катуу кабырган.

Үзүлсө өмүр жибинен,
Үшкүрүк менен уланбайт.
Үмүтүң сенин жандырган,
Төрт балаң чыкпас тилинден.

Убайым тартып күнүгө,
Унутпай эстеп жүрөрсүң.
Уйкусуз таңды атырып,
Өксүктүү өмүр сүрөрсүң.

Оор турмуш жүгүн көтөрүп,
Ооматың толбой бөксөрүп,
Оосо да жүктү түзөтүп,
Кайпактап күндү өткөрүп.

Үйдө аял, тышта эркек,
Милдети калды мойнунда.
Бир кызың бар, үчөө эркек,
Бактылуу эне болдуң да.

Зыйна деп сыйлайт кайын эне,
Сезимине калтырбаска так салып.
Ишеничти актоо келин милдети,
Ачык айтчы, же күнөөсү бар беле.

## МОЛДОГАЗИЕВ БЕЙШЕН

*(Айлымдан чыккан генерал 60 жашта)*

Кут болсун кутман курагын,
Куттуктайт ага-тууганың.
Ар дайым дениң соо болуп,
Өмүр берсин Кудайым.

Аткардың милдет көп окуп,
Сезимдин сырын ойготуп.
Сыр сактап ичке тымызын,
Сыйладың кыргыз улутун.

Тоодо туулуп, тоодо өскөн,
Балалык баёо турмушуң.
Айылдын элин кубантты
Обкомдо иштеп турушуң.

Ачылды бакты-таалайың,
Кам көрдүң элге ар дайым.
Өмүрлөшүң экөөнө,
Өмүр берсин Кудайым.

Айлымдан чыккан генерал,
Алоолоп жанды жылдызың.
Сыймыктанам, шаттанам,
Өзүндөй өссүн уул-кызың.

## ОТУНБАЕВА РОЗА

Өз атаң да, кайын атаң да жакшы адам,
Эмгек жолун Нарынымда баштаган.
Эл намысын, этикасын сактаган,
Ээн ооз сүйлөп элге катуу айтпаган.

Ата салтын, эне наркын сактаган,
Өз энең да, кайын энең да жакшы адам.

Бир-бирине акыл айтып кеңешип,
Өйдө карап жаман жолду баспаган.

Унутпай ата салтын, эне наркын,
Ак элечек оронуп ООНго бардың.
Эркин сүйлөп чет элдин оюн так билип,
Эл журтуңдун ынтымагын колго алдың.

Кыдырдың дүйнө жүзүн тыным албай,
Дүйнө элине өзүң жагып, сөзүң жагып.
Роза ынтымактын ачкычы деп,
Кыргыз эли өзүң менен сыймыктанып.

Тайманбай татаал ишти тандап алып,
Оор дебей элдин жүгүн көтөрөсүң.
Кыдырып дүйнө элин билдиң таанып,
Кызматың кылымдарга көкөлөсүн.

Чет тилин эркин сүйлөп, жат билип,
Эрдик менен эмгектенип жүрөсүң.
Чечкиндүүлүк ишине башын ийип,
Эрк талашкан эркекке окшош мүнөзүң.

Арбагы колдосун Манас атаңдын,
Дүйнө элине таанылсын сенин атагың.
Өрнөгү менен Каныкейдей эненин,
Өстүр сен да өзүңдөй кыздын катарын.

## ИШЕНГҮЛ БОЛЖУРОВАГА

Жаштар үчүн жанын таштап иштеген,
Илим жолун ийне менен издеген.
Сөзү таттуу илимий доктор Ишенгүл,
Улгайганда учураштым Сиз менен.

Тазалыгың талабыңдан көрүнүп,
Илим жолун издеп ойго чөмүлүп.
Келечек ээлери кеңири билим алса деп,
Ар бирине энелик мээрим төгүлүп.

Окуучуңа талап койсоң катуулап,
Талабыңдан жоопкерчилик артылат.
Эжекебиз туура иш кылган экен деп,
Бүткөн кезде эскерилип айтылат.

Неберемдин кандай окуп жүргөнүн,
Сураш үчүн конторуңа баргамын.
Тындыгыңды ошондо эле баамдадым,
Улууларды урматтап уккан ал-жайын.

Өстүрө бер келечектин ээлерин,
Шартын түзүп окуш үчүн жакшылап.
Алкыш айтып ак батамды берейин,
Узак жашап академик бол батыраак.

## САГЫН АКМАТБЕКОВА

Таланттуу акын Сагын Акматбекова,
Картайганда кеңеш сурап келдим сага.
Ардактаган астегимдин бирисиң,
Аябастан акылыңды айтчы мага.

Карт көңүлүм көтөрүлүп сыймыктана,
Ыр арнадым аялдарга Республикада.
Окуп көрүп акылың айт, аяба,
Жиберсем болоор бекен газетага.

Сырга бекем акылдуу жан окшойсуң,
Калкым калыс жакшыга да жаманга.
Акыйкаттын адил жолун тоспойсуң,
Ичимен тап сөз коротпос наадангa.

Ырларыңды газетадан окудум,
Сөз маанисин түшүнө албай отурдум.
Тайыздыгым булгайбы деп терeңди,
Көңүл улап көтөрүп кой энеңди.

## МИРА ЖАНГАРАЧЕВА

Мира сага эскертип жазам ушуну,
Атаң-энең жакшы адамдын тукуму.
Атасынан баласына мурас болуп,
Бак-таалайдын келет тура учуру.

Уул-кыз, неберенден—чөбүрөгө чейин,
Улана берсин бак-таалайдын учуру.
Бек карма, колдон чыгарба, Мира,
Башыңдагы бак-таалайлуу кушуңду.

Илбериңки шайдоот басып жүрүшүң,
Көп иштейсиң тажабастан күнү-түн.
Мээрим төгүп бечарага жылмайып,
Жандырасың жашоодогу үмүтүн.

Адамдарды сортко бөлбөй тең көрүп,
Акыл айтып өз боюңа тартасың.
Колдо барың бергиң келет тең бөлүп,
Алгын келип бечаранын батасын.

## КАНЫШАЙ САЯКБАЕВА

Келин болуп келгенде «Эчки-Башыга»,
Көргөмүн сени көшөгөнүн ичинен.
Жагып калдың карысына, жашына,
Кылыктана жылып баскан изиңен.

Жактыргамын ошондо мен,
Татынакай жаркыраган мүнөзүң.
Жылуу сөз сүйлөп, жылмая күлүп,
Улууларды дайым сыйлап жүрөсүң.

Жаш чагында атырылып фонтандай,
Эл оозуна эрте кирдиң айтылып.
Эрки күчтүү элдик кыз деп Канышай,
Эмгек изиң тарыхта калаар жазылып.

Тартынбай иштеп бардык иште такшалдың,
Нарын, Ысык-Көл областын башкардың.
Бишкек шаары борбордо да көп иштеп,
Милдетин да сен алгансың жаштардын.

Көңүл бөлүп карылардын сөзүнө,
Министрге орун басар болупсуң.
«Жылуу сөз укса, жылан кирет ийнине»,
Каражат болсо карыларга бөлүшкүн.

## МАЙРАМКАН АБЫЛКАСЫМОВА

Кеминдиктин кереметтүү бир кызы,
Келишимдүү алган жары-курбусу.
Эки жакшы жактырышып кошулса,
Кемибестен ооматтуу өтөт турмушу.

Кеминдин Кызыл-Суу жерин жердеген,
Кыз-келиндер институтун бүткөн соң.
Талант ташып, тартынбастан ыр жазып,
Таалайлуу кыз, эл акыны дедирген.

Күлүмсүрөп нур чачырап мандайынан,
Төгүлүп ыр чубуруп тандайынан.
Токтогул сыйлыгынын ээси болду,
Куттуктаймын Майрамкан берчи колду.

Газет-журнал баарында иштеп такшалдың,
Поэзия бөлүмдөрүн өзүң башкардың.
Көп тилдерге которулуп ырларың,
Таланттардын ой-мүдөөсүн аткардың.

Сыр чечилип сыймыктанаар кезинде,
Арабыздан эрте кетти турбастан.
Талантыңа таасирленчү Жумакан,
Талант ээси таалайлуусуң Майрамкан.

## КУДАБАЕВА ШАТКҮЛГӨ

Кең Жумгалда төрөлүпсүң Шаткүлүм,
Сени менен сыймыктанат эл бүгүн.
Айымдардын көңүлүнө шам жагып,
Тартыштыкта көтөрөсүң көңүлүн.

Бактың тайбай узак болсун өмүрүң,
Башкарасың «Ак ниет» банкын сен бүгүн.
Кайрымдуу бол, тартыштыкка жол бербе,
Айымдарга ай нуруңдай төгүлгүн.

Тартыштыктан чыгуу жолун сен издеп,
Жигит жары, турмушка тутка биз деп.
ПРООНдогу Эржан менен сүйлөшүп,
Эл аралык конгрессти өткөздүң.

Чогултуп аялдарын алты дубандын,
Акылыңдан чыккан сыйды көргөздүң.
Эркек мүнөз эрдигиңе кубандым,
Чет элге жакшы өнөр көрсөттүң.

## ЭЛ КҮЙӨӨСҮ БАКИРДИН

Арымдуу аракетиң элге жагып,
Атыңды эгемендүү элиң таанып.
Кубанчың бөлүшүүгө келди эжелер,
Сен алган сыйлыгыңа сыймыктанып.

Арналып алган билим, кызмат күчүң,
Алдыңа максат койдуң элиң үчүн.
Асыл ой, ак тилегиң аткарылып,
Актадың ата эмгегин, эне сүтүн.

Умтулуп улам алга уча бергин,
Урматтап керегине жарап элдин.
Дагы көп ийгиликти алып келсин,
Өзүңдү алга сүрөп ак эмгегиң.

Көтөргүн көкөлөтүп эмгек туусун,
Элиңдин арттыра бер суктануусун.
Жаркырап ийниңдеги жылдыздарың,
Таалайдын шамы болуп күйүп турсун.

Жүрөктө пайда болду сыймыктануу,
Ак эмгектен жараттың сен да муну.
Тарыхта талашы жок атың калат,
Бакирдин элин сүйгөн элдин уулу.

Ош базарда соодалашып ал куруп,
Чөгөлөп, зомбулуктан шагы сынып.
Ажалга арбалбастан тике карап,
Жардамды бересиңер колду сунуп.

Эл үчүн өмүрүңөр, кызматыңар,
Тынчтыктын сакчылары милициялар.
Мемиреп кооптонбой тынч алышат,
Кордуктан коргоп калчу милиция бар.

## РАЯ СУЛТАНАЛИЕВАГА

Өң-келбетиң, акыл-эсиң келишкен,
Өзгөчөсүң кимдин жары дегизген.
Ийне менен кудук казган илимпоз,
Кандидат наук, доцент болдуң сен!

Таалайыңа жазылыптыр тандалып,
Уул-кызга эне болуу бактысы.
Кудай кошкон кудалардын жакшысы,
Ал да сенин тагдырыңдын ачкычы.

Илбериңки элге сүйкүм мүнөзүң,
Жакшылардын катарында жүрөсүң.
Элүү жаш, бул кезиң жаш эле дейт тура,
Токсондон аш, ыраазы бол ушуга.

Талчыбыктай сен ийилчээк кезинде,
Ала-Тоолук акын энең Жумакан.

Театр, кино, жыйындарга ээрчитип,
Мээримдүүлүк таасир эткен сезимге.

Үйрөнүп эненин акыл-нускасын,
Зээндүү математик болуп чыккансың.
Келечектин ээлерин талбай окутуп,
Чыгарба колдон кесибиндин туткасын.

Райичка адамдык насилиң өтө бийик,
Студенттер сыйлашат башын ийип.
Эч кимге эч жамандык кылалбайсың,
Калса керек карыялардан бата тийип.

## ҮСӨН МЕНЕН ТАМАРА

Уулубуз Үсөн, келинибиз Тамара,
Ийне менен кудук казып изденип.
Камкордукту катуу көргөн балдарга,
Сынамакка контролдоп иш берип.

Учурдуңар көп жаштарды уядан,
Илим-билим алуу үчүн умтулган.
Тирчиликте текке кетпес эмгектер,
Билим үчүн тарткан эмгек убараң.

Өсүп чыкты колуңардан кадрлар,
Илим-билим бүлөсүнө бүлөнүп.
Ичи тарлык ийгиликке баштабайт,
Ырыс алды ынтымак го түбөлүк.

Пейлинде береке бар, марттык бар,
Улуу милдет улан-кызды окутуш.
Акылына акыл кошуп талпынтаар,
Билбегендер боло берсин тоту куш.

Үсөке устаты болдуң жаштардын,
Илим жолун ийне менен изилдеп.
Тандантат илимий эмгек жазганың,
Узак жаша, ачык болсун асманың.

Жаркырап жанында жүрсүн алганың,
Өрчүсүн өлкөнө тийип жардамың.
Өрүшүнөр өсө берсин өркүндөп,
Экөөнөрдөй илимпоз болсун балдарың.

Үйдүн куту жайдар мүнөз энесиң,
Көп жыл талбай жаштарга сабак бересиң.
Уул-келиндер, неберелер өзүндөй,
Өстүрүшсүн өмүрүнүн мөмөсүн.

Бар оокатка магдырабай жайгана,
Тагдырыңа тобо кыласың
Адамдыктын сактап асыл сапатын,
Дос-тууганга тегиз жетет кулачың.

## ЖУРНАЛИСТ ТЕНТИ ОРОКЧУ УУЛУНА

*(Кыргыз Республикасынын телерадиосунун 70 жылдык юбилейине карата)*

Тан сүрө үрүл-бүрүлдөн,
Радио үнүн угам үйүмдөн.
«Таберик топтому» дегенде,
Тенти деп тааныйм үнүнөн.

Тентике деги сен кимсиң,
Өлгөндөрдү тирилттиң.
Өлкөгө кызмат кылгандын,
Өнөрүн элге билгиздиң.

Жан дилдин ачып каалгасын,
Жараттың кайра өмүрдү.
Эскерип ата мурасын,
Урпактар өссүн көңүлдүү.

Ичээр суусу түгөнгөндөрдүн,
Иликтеп таптың жөндөмүн.
Ийнелеп кудук казгандай,
Жарыя кылдың өнөрүн.

Айттырып акыл-насаатын,
Радиодон өзүн сүйлөттүң.
Атаңар куран оку деп,
Урпактарга үйрөттүң.

## РОЗА ҮЧКЕМПИРОВАГА

Сабырлуу, токтоо сүйкүм мүнөз менен,
Өлкө жүгүн өз мойнуна көтөргөн.
Акыйкатты арка-жөлөк бел кылган,
Өзүндөйлөр аз көрүнөт жеринен.

Тагдыры байланышкан эл менен,
Бийлик ээси болуп келдиң көп жылы.
Кары жүгүн каруунa алдың көтөрүп,
Роза сенин даткалардан эмнең кем.

Болуп келдиң үйдө аял, тышта эркек,
Аткардың эл милдетин чеке тердеп.
Алла-Таала мандайыңа жазган тура,
Турмушта жашооңо да болуп себеп.

Жашоодо айтылат сөз жакшы-жаман,
Кудурет акыйкаттайт чындык жалган.
Камырдан кыл суургандай болуп таза,
Кырсыктан кутулуп кет, эсен-аман.

Менин сага каалаганым жакшылык,
Бек карма, эркти бошотпогун тартынып.
Эрки күчтүү эстүү аял эле деп,
Эл оозунда дайым жүрсүн айтылып.

## СИНДИМ ЭРАЛИЕВА АКИШКЕ

*(75 жашта)*

Эрте-кеч ой жүгүртсөм өткөн күнгө,
Эркелик чагылчу эле көздөрүмө.
Ата-энең Акинай деп эркелетсе,
Ич тарлык пайда болчу сөздөрүнө.

Эне-атанын мээри түшсө балага,
Кудайдын каары түшөт дейт тура.
Такыр мен ишенбеймин ушу сөзгө,
Эмгектериң бош кеткен жок талаага.

Тирүүлүктүн түйшүгүнө чыдадың,
Ичинен тап сырга бекем тууганым.
Тагдырыңа Алла-Таала жазган соң,
Айла барбы айткан сөзгө ынагын.

Азыр сен жетимиштин бешиндесиң,
Ага-тууган, балдардын эсиндесиң.
Акыл-эстин ачкычын ал колуңа,
Туубасаң да тутунган балдарыңды,
Тарбиялап багыт бер ак жолуна.

## АПАЛ ӨМҮРОВА

Учкан уяң өмүр берген мекениң,
Биле жүргүн сен дөбөлүү экениң.
Атаң-апаң эркелетип өзүңдү,
Катуу айтпай карар эле көзүңдү.

Дөбөлүүдө ата-энең да төрөлгөн,
Ак бешикке алар дагы бөлөнгөн.
Өмүр жибин өзүң үзбөй уладың,
Элди сыйла эс алгын деп сурагын.

Атаң менен мен да бирге иштедим,
Атын айтпай ата-энеңди сиз дедим.
Ата көргөн өлбөсүн деп сыйласаң,
Чакыра жүр эс алдырчу тизмеден.

Апал синдим бажырайып сулуусуң,
Элге жагат сенин иштеп турушуң.
Чындыгында эл менен сенин жумушуң,
Кабыл алгын элдин айткан сунушуң.

## ТОКТОКАН ЭДИЛЬБАЕВА

Тондуктардын токтоо кызы Токтокан,
Күрөнбөйсүң топ ичинен карасам.
Тоо аралап жүрүчү элең сен атчан,
Көргөн элем Тогуз-Торо тараптан.

«Кара-Коодо» калыптыр баскан издериң,
Андан кийин Тянь-Шанга катчы болуп иштедиң.
Капырай ойго алса боло эскерип,
Алмашканда ардагерге сменин.

Эскерем өзүң иштеп жүргөн күндү,
Үйгө-жайга, балаңа да карабай,
Ат минип ашуу ашкан айсыз түндү,
Кана эмне үчүн калтырышты эске албай.

Ойдон чыгып унутулуп калганбы,
Орун басар министр элең соодага,
Импорт табар сурагандар аманбы,
Ал товарлар окшобой азыр модага.

Оолактанбай жаныма келчи бери,
Сүйлөшөлү өткөндү айтып карыганда.
Ким эскерет ойлочу сени, мени,
Эмгегибиз чыкпаса болду жалганга.

## КАНА БУРУЛ ЫРДАП КОЙЧУ УГАЛЫ!

*(Абылгазиева Бурул 50 жашта)*

Сен төрөлүп өстүң «Эчки-Башыда»,
Буга күбө карысы да, жашы да.
Музыкадан сабак берип жаштарга,
Ансамблди жетектедиң татына.

Өнөрлүүнү өстүргөн алтын Мекен,
Он-Арчанын суусунан таттың нечен.

Ак эмгек кыл, жан аябай элиңе,
Мекениңдин карызын актайм десең.

Төрөлгөн соң азбы, көппү өмүрүң,
Турмушуңа эч нааразы болбочу.
Кереги эмне алтын, күмүш көбүнүн,
Комузуңдун кулагын бат толгочу.

Жылт деп жанып жылдыз көктө учкандай,
Өмүр жылат өз ордунда көп турбай.
Мукам үнүң обологун асманга,
Кытыгылап кыялыңды буктурбай.

Азбы-көппү рахаты турмуштун,
Убайын көр, сүйгөн жардын, уул-кыздын.
Маданият майданында талбай иштеп,
Окуучуңа комуз күүсүн угуздуң.

Элүү жаш бул сен үчүн келин жаш,
Дагы элүү жыл акыл-эстүү жашагын.
Торколуу тоюң кут болсун Бурул!
Турмуштун тартпа азабын.

Жайбы, жазбы мезгилиндин убагы,
Булбул сайрап өз ордуна турабы.
Сагынычы төркүндөрдүн тарасын,
Кана Бурул ырдап койчу угалы.

## ЮМАТОВА АННА ТИХОНОВНА

Эспарцеттин үрөнүн издеп жүрүп,
Көп чарбадан көңүл сууду, таппадым.
Конторуна бардым Юматованын,
Кабыл алды саламым күлүп жайнап.

Эки элге орток кызмын дээр элең,
Элин сүйгөн, пейлин сүйгөн кыргыздын.
Элге арнап эмгегинди, күчүндү,
Ак эмгектен алдың алтын жылдызын.

Экөөбүз тең аялбыз эл сыйлаган,
Эрки күчтүү эмгекте жан тынбаган.
Бар туруп бербей койсоң эспарцетти,
Элиме жооп айталбай мен кыйналам.

Эспарцеттин үрөнүн сурап келдим,
Көңүл бөлүп уккун айткан сөзүмө,
Эр жигиттер таппаганды таптым деп,
Көрүнөйүн мен да элдин көзүнө.

Көп ойлонду көңүл бөлүп сөзүмө,
Таарынбачы деп карады көзүмө.
Счет алып акчанды котор алып кет,
Ылдамыраак деди мага өтүнө.

Өстүр дедим өркүндөтүп чарбаны,
Эрки күчтүү эл сыйлаган Аннаны.
Сыйлап мен да кол алыштым кош дедим,
Үрөн берип элге тийди жардамы.

## ЭЛДИК БИЙКЕЧ ЧЫНАРА

Ээлептирсиң сезимдердин теренин,
Мекенимдин сергек кызы Чынара.
Кабыл алгын ак батасын эненин,
Мээриминден тургуз бийик мунара.

Эстен кетпейт элге кылган жакшылык,
Ысмың калаар мунарага жазылып.
Эстүү бийкеч эже берген белек деп,
Жеткинчектин суктануусун арттырып.

Эл жүрөгүн мээримиңе оропсуң,
Ээси болуп кыргызстандык Соростун.
Тартыштыктан жапа чеккен мектептин,
Балдарына компьютер берип сооротгун.

Соростун бүт мээримин элге чачып,
Оорлобой көтөрөсүң элдин жүгүн.

Жаштарга кеңеш берип, акыл айтып,
Соросуң созолонтуп ырдайт бүгүн.

Белсемдүү мырзалардан кем калышпай,
Чыйралтты далайларды бийкеч демиң.
Ишине из калтырар кызыбыз деп,
Ардактайт Ала-Тоолук элиң сенин.

Соростон компьютер алдык деген сөздү,
Укса дагы канбайт кулак кумары.
Бийкечтин билимине таазим кылып,
Гүл ордуна ырдан десте суналы.

## САУЛЕМ ЖАНЫМ

Дартка даба издеп жүргөн жаным,
Капыстан конторуңа кире калдым.
Кадырлап кагып-силкпей кабыл алдың,
Мээримдүү, назик мүнөз Саулем жаным.

Деңиз сымал акыл ойдун тереңин,
Врачтардын эмгегинен көрөмүн.
Чач агарып жетимиштен ашсам да,
Таазим этип башымды ылдый иемин.

Оорулууга көңүл бөлүп жай сурап,
Чыккан жандын кайрылбасын байкайын.
Ар адам жашоо үчүн умтулат,
Өмүр жиби үзүлөөрүн айтпайсың.

Булуттан чыккан күндөй күлмүндөп,
Мүнөзүңдү көргөн адам сүйүнөт.
Кабак чытып, кашты кагып сумсайса,
Андайлардан адам сүрдөп түңүлөт.

Чын жүрөктөн чыгарып ыр жазамын,
Чындыгында оорунун тартып азабын.
Саламыңдан кагылайын Саулем кыз,
Менин каалоом жүзгө чыга жашагын.

## АБАКИРОВА МАРИПА

Аялдардан сапатың бар артык болоор,
Сүйкүмдүү жакшынакай мүнөзүң бар.
Балага эне, үйдүн куту, жигитке жар,
Өмүрлөшүң өзүң менен сыймыктанар.

Күлө карап, аста сүйлөп жылмайып,
Адамдыктын сыйын элге төгөсүң.
Кыз Сайкалга окшоп кетет мүнөзүң,
Таза өстүрдүң өмүрүндүн мөмөсүн.

Өзгөрттүң көрккө бөлөп үйдүн ичин,
Көрөмүн өзгөчө нур төгүлгөн.
Сага ыраазы сен кадырлап күткөн кишин,
Байкаймын терең ойго чөмүлгөнүн.

Кең дасмалга таттуу даамың жайнатып,
Алтын тойду күлүп-жайнап тосуш үчүн.
Жаркырап келе кой деп ак нан суна,
Мейманды мээримиңе ороп бүтүн.

Кут болсун кутман курак эгиз тоюң,
Кут төгүлсүн сенин жакшы пейилиңе.
Көп жашап ишке ашсын жакшы оюң,
Ден соолукта дем кошулсун демиңе.

## МАРИЯМ БУЛАРКИЕВА

Талантың таш жаргандай таң калтырган,
Кур калбай келатасың улуу сыйдан.
Курчанып кең Таластын тасмаларын,
Ыр менен жаңырттың бүт аскаларын.

Он бир жыл редактор болуп иштеп,
Элиңе бакыт-таалай жолун издеп.
Маданият майданында эмгеги зор,
Таланты өркүндөгөн акын кыз деп.

Жаштарга кеңеш берип, акыл айтып,
Соросуң созолонтуп ырдайт бүгүн.

Белсемдүү мырзалардан кем калышпай,
Чыйралтты далайларды бийкеч демиң.
Ишине из калтырар кызыбыз деп,
Ардактайт Ала-Тоолук элиң сенин.

Соростон компьютер алдык деген сөздү,
Укса дагы канбайт кулак кумары.
Бийкечтин билимине таазим кылып,
Гүл ордуна ырдан десте суналы.

## САУЛЕМ ЖАНЫМ

Дартка даба издеп жүргөн жаным,
Капыстан конторуңа кире калдым.
Кадырлап кагып-силкпей кабыл алдың,
Мээримдүү, назик мүнөз Саулем жаным.

Деңиз сымал акыл ойдун тереңин,
Врачтардын эмгегинен көрөмүн.
Чач агарып жетимиштен ашсам да,
Таазим этип башымды ылдый иемин.

Оорулууга көңүл бөлүп жай сурап,
Чыккан жандын кайрылбасын байкайын.
Ар адам жашоо үчүн умтулат,
Өмүр жиби үзүлөөрүн айтпайсың.

Булуттан чыккан күндөй күлмүндөп,
Мүнөзүңдү көргөн адам сүйүнөт.
Кабак чытып, кашты кагып сумсайса,
Андайлардан адам сүрдөп түңүлөт.

Чын жүрөктөн чыгарып ыр жазамын,
Чындыгында оорунун тартып азабын.
Саламыңдан кагылайын Саулем кыз,
Менин каалоом жүзгө чыга жашагын.

## АБАКИРОВА МАРИПА

Аялдардан сапатың бар артык болоор,
Сүйкүмдүү жакшынакай мүнөзүң бар.
Балага эне, үйдүн куту, жигитке жар,
Өмүрлөшүң өзүң менен сыймыктанар.

Күлө карап, аста сүйлөп жылмайып,
Адамдыктын сыйын элге төгөсүң.
Кыз Сайкалга окшоп кетет мүнөзүң,
Таза өстүрдүң өмүрүңдүн мөмөсүн.

Өзгөрттүң көрккө бөлөп үйдүн ичин,
Көрөмүн өзгөчө нур төгүлгөн.
Сага ыраазы сен кадырлап күткөн кишиң,
Байкаймын терең ойго чөмүлгөнүң.

Кең дасмалга таттуу даамың жайнатып,
Алтын тойду күлүп-жайнап тосуш үчүн.
Жаркырап келе кой деп ак нан суна,
Мейманды мээримиңе ороп бүтүн.

Кут болсун кутман курак эгиз тоюң,
Кут төгүлсүн сенин жакшы пейилиңе.
Көп жашап ишке ашсын жакшы оюң,
Ден соолукта дем кошулсун демиңе.

## МАРИЯМ БУЛАРКИЕВА

Талантың таш жаргандай таң калтырган,
Кур калбай келатасың улуу сыйдан.
Курчанып кең Таластын тасмаларын,
Ыр менен жаңырттың бүт аскаларын.

Он бир жыл редактор болуп иштеп,
Элиңе бакыт-таалай жолун издеп.
Маданият майданында эмгеги зор,
Таланты өркүндөгөн акын кыз деп.

Мүнөзүң бар сүйкүмдүү элге жаккан,
Сыйкыры күч чукугандай сөз тапкан.
Студент кез курбуларды эскерип,
Толкундатып көңүлдүү ырын жазган.

Токтоолук бар пейилинде шашпаган,
Намыс-арын бийик көрүп сактаган.
Бардык элди байкап тегиз кам көрүп,
Өзгөлөрдөн өйдөсүнбөйт жакшы адам.

## БАЙМА СУТЕНОВА

Кыргыз элдин сүйүктүү кызы Байма,
Теле, радиодон угам сөзүн дайыма.
Эрдик кылып эркектердей мүнөз менен,
Туура сүйлөп баа бересиң агымга.

Адамдарды ак ниеттикке үндөгөн,
Айбатындан эр жигиттер сүрдөгөн.
Акыл айтып бурмалабай чындыкты,
Адилеттүүлүктүн туура жолун үйрөнгөн.

Сөзүң таттуу ойго тамга калтырар,
Эгемендүү өлкөсүнө баркы бар.
Элибиздин эрктүү кызы Байма,
Эне сөзүн кымбат баала, кабыл ал.

Узак өмүр жашты каалайм өзүңө,
Эл ыраазы таап айткан сөзүңө.
Тике карап тартынбастан так сүйлөп,
Көрүндүң сен эл журтундун көзүнө.

Эрке кызсың элиң сыйлайт бүгүн сени,
Жаштарга жакшы сөздүн тийсин эми.
Улууларды урматтоо ата салты,
Жалтайлабай жаныма келгин бери.

Катуу тийип калдыбы эне кеби,
Жакшы көрөм аябай кызым сени.
Айланайын алтын кызым Байма,
Угуп сөзүм чакырып ал жаныңа.

## ДЕПУТАТ
## САДЫБАКАСОВА ШАРИПА

Банк башчысы депутат кыз Шарипа,
Көз сала жүр бей-бечара карыга.
Суроо-талап сунушун элдин колдойт деп,
Эл ишенип шайлаган депутатка.

Премьердин кеңешчиси экенсиң,
Көп иштерди акылдашып чечеерсиң.
Шайлоочулар чуркаганын сен үчүн,
Ак тилегин акылыңда сезээрсиң.

Сессияда активдүүлүк көрсөтүп,
Чыгып сүйлөп маанилүү сунуш козгойсуң.
Банкирлердин байлыктарын өлчөтүп,
Сунуштарын айтса жолун тоспойсуң.

Көркөмүң көздү уялтат, сүрдөтөт,
Көз айнекчен бажырайган мүнөзүң.
Айылдарда акчасыз дале күн өтөт,
Акылыңа мээримдүүлүк түнөткүн.

Парламенттин чолпонусуң даанышман,
Кырк жыл иштеп кылмыштыкка барбаган.
Талапкерлер жол талашып жүргөндө,
Көрөгөч эл ак дилиңди таанышкан.

## ТАМАРА ЖАМАНБАЕВА (БАКИЕВА)

Күндүн нуру чайып өтөт асканы,
Ала-Тоонун шоокумданып атканы.
Келбетине суктанышып көп жигит,
Чуркап жетпей калаар эле таскагы.

Көп жигиттин көңүлүндө жүрөсүң,
Көзгө толуп жаркыраган мүнөзүң.
Көп жыл иштеп, радио, теледен,
Каректерге кадалгандай сүрөтүң.

Булбулдай таңшып радио, теледен,
Көз моокумун кандырасың дайыма.
Нарынымдын сулуу кызы Тамара,
Жалгыз өзүң жаралгандай энеден.

Нарыныңды көрө калсам теледен,
Тынчтык бербей козголууда делебем.
Радиодон тыңшайм, угам үнүңдү,
Бергим келет тоодон терген гүлүмдү.

Окшоштурам Айчүрөккө мүнөзүңдү,
Энең мени сыйлоочу эле билесиңби?
«Энем өлсө өлсүн, энемди көргөн өлбөсүн»,
Деген сөздү көңүлүңө түйөсүңбү.

Айдай жүзү жаркыраган кудачам,
Таарынамын саламдашып турбасаң.
Карылардын көңүлүнө кир калат,
Жатык сүйлөп көңүлүңдү бурбасаң.

## БӨПӨ КАРИМОВАГА

*(Үчүнчү даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган замандашыма)*

Замандаш Бөпө аман жүрөсүңбү?
Эл сүйөт жаркыраган мүнөзүңдү.
Демилгенди жан дүйнөңө байлап коюп,
Тек кетирбей картайсаң да мүнөтүңдү.

Боюң түзөп тотукуштай таранып,
Келбетиңди кемитпестен каранып.
Акылга бай Алайлыкка энесиң,
Урпактарга нуска айтып бересиң.

Кут болсун ордени «Манас» атанын,
Кубанчыңды тең бөлүшө жазайын.
Кыйын күндө тарттың турмуш азабын,
Эркиндиктен дагы алып энчиңди,
Картайбастан дагы узак жашагын.

Дөөлөтүң да, сөөлөтүң да, келбетиң,
Өз билгениң талашканга бербейсиң.
Элиң күткөн эгемендүү заманда,
Жаша курбум кайра экинчи келбейсиң.

## МАРИЯ ҮЧКЕМПИРОВА

Ак маралдай сын-сыпатың керилген,
Адам наркы пейилинден көрүнгөн.
Алтыным деп эркелете сүйлөйсүң,
Энекемдей мээримиңе чөмүлөм.

Бажырайып өтө сүйкүм мүнөзүң,
Байбичеден сен бир чыккан сүлөөсүн.
Узак жаша уул-кыздан убай көр!
Чарчабастан дале иштеп жүрөсүң.

Гүлмүндөгөн мүнөзүңө багынам,
Көргөнүмдө чыккым келбей жаныңдан.
Таасири зор тарбиялуу сөзүңдү,
Уккум келет дайым эстеп сагынам.

Эрки күчтүү жакшы адамсың Марияң,
Келчи жанга эркелейин абыдан.
Адениң барда ардактаган, сыйлаган,
Эжең болом бир нарындык карыган.

## БАТЫЙ САПАРБАЕВА

Кызмат өтөп келсең үйгө кечинде,
Өмүрлөшүң Ырысбегиң эсинде.
Эки уулуңду эркелетип сүйөсүң,
Наалат айтып өкүнүчтүү мезгилге.

Телмире тиктеп теребелди карайсың,
Тентек санаа кыял ойду жетелеп.
Жалгыздыктан жапа чегип жүрөсүң,
Балдарың жаш ким түшүнөт чечмелеп.

Булбулдай таңшып радио, теледен,
Көз моокумун кандырасың дайыма.
Нарынымдын сулуу кызы Тамара,
Жалгыз өзүң жаралгандай энеден.

Нарыныңды көрө калсам теледен,
Тынчтык бербей козголууда делебем.
Радиодон тыңшайм, угам үнүңдү,
Бергим келет тоодон терген гүлүмдү.

Окшоштурам Айчүрөккө мүнөзүңдү,
Энең мени сыйлоочу эле билесиңби?
«Энем өлсө өлсүн, энемди көргөн өлбөсүн»,
Деген сөздү көңүлүңө түйөсүңбү.

Айдай жүзү жаркыраган кудачам,
Таарынамын саламдашып турбасаң.
Карылардын көңүлүнө кир калат,
Жатык сүйлөп көңүлүңдү бурбасаң.

## БӨПӨ КАРИМОВАГА

*(Үчүнчү даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган замандашыма)*

Замандаш Бөпө аман жүрөсүңбү?
Эл сүйөт жаркыраган мүнөзүңдү.
Демилгеңди жан дүйнөңө байлап коюп,
Тек кетирбей картайсаң да мүнөтүңдү.

Боюң түзөп тотукуштай таранып,
Келбетиңди кемитпестен каранып.
Акылга бай Алайлыкка энесиң,
Урпактарга нуска айтып бересиң.

Кут болсун ордени «Манас» атанын,
Кубанчыңды тең бөлүшө жазайын.
Кыйын күндө тарттың турмуш азабын,
Эркиндиктен дагы алып энчиңди,
Картайбастан дагы узак жашагын.

Дөөлөтүң да, сөөлөтүң да, келбетиң,
Өз билгениң талашканга бербейсиң.
Элиң күткөн эгемендүү заманда,
Жаша курбум кайра экинчи келбейсиң.

## МАРИЯ ҮЧКЕМПИРОВА

Ак маралдай сын-сыпатың керилген,
Адам наркы пейилинден көрүнгөн.
Алтыным деп эркелете сүйлөйсүң,
Энекемдей мээримиңе чөмүлөм.

Бажырайып өтө сүйкүм мүнөзүң,
Байбичеден сен бир чыккан сүлөөсүн.
Узак жаша уул-кыздан убай көр!
Чарчабастан дале иштеп жүрөсүң.

Гүлмүңдөгөн мүнөзүңө багынам,
Көргөнүмдө чыккым келбей жанындан.
Таасири зор тарбиялуу сөзүңдү,
Уккум келет дайым эстеп сагынам.

Эрки күчтүү жакшы адамсың Мариям,
Келчи жанга эркелейин абыдан.
Адениң барда ардактаган, сыйлаган,
Эжең болом бир нарындык карыган.

## БАТЫЙ САПАРБАЕВА

Кызмат өтөп келсең үйгө кечинде,
Өмүрлөшүң Ырысбегиң эсинде.
Эки уулунду эркелетип сүйөсүң,
Наалат айтып өкүнүчтүү мезгилге.

Телмире тиктеп теребелди карайсың,
Тентек санаа кыял ойду жетелеп.
Жалгыздыктан жапа чегип жүрөсүң,
Балдарың жаш ким түшүнөт чечмелеп.

Тагдырдын жазмышына баш ийип,
Кайраттандың бардык ишти аткардың.
Районо, горонодо көп жыл иштеп такшалдың,
Ысык-Көл, Нарын областын башкардың.

Тарбиялап өстүрүп эки уулунду,
Турмушуна багыт берип үйлөнттүң.
Ээ-жаа бербей өмүрүң өргө жетелеп,
Отурасың небереӊ менен сырдашып.

Байкатпастан ичтен сызып жүрөсүң,
Өтө эле оор Батый сенин мүнөзүң.
Карылыктын кадыр-сыйын көр эми,
Балдарыңа бакыт-таалай түнөсүн.

Алтымыш жаш аялдын толгон курагы,
Айткан сөзүң уул-келиниң угабы.
Сенейтип сезимиңе кайгы салган,
Жаш өмүрдүн Аллага жетсин убалы.

## ТАБЫЛДЫ АКТАН УУЛУНА

Драматург, режиссер, кино актер, төкмө акын,
Төрт тарабы төп келген сенин бактың.
Алтынга да алмашпас бул өнөрдү,
Акыл калчап, ой жоруп кантип таптың.

Тыныбек, Актан аталардай ыйык колдоп,
Талантың ташкындасын дайра болуп.
Узак жаша улуулардын жолун жолдоп,
Зээниңе ыр төгүлсүн шаттык толуп.

Талантыңа таазим этип табынайын,
Элдик талант болупсуң кагылайын.
Суук көздүн сугу түшпөсө экен деп,
Арча менен аластоого камынайын.

Өнөр билим өсө берсин бөбөгүм,
Бул заманга өлбөс болуп төрөлдүң.
Ой-максатың Ала-Тоодой бийиктеп,
Арчалардай узак жашап көгөргүн.

## АКАЙ

Тарых барактарын ачып карасам,
Сакталыптыр саргайыңкы кол жазмаң.
Акай, сенин элесинди эскерип,
Жагаар бекен өзүңө арнап ыр жазсам.

Эл көңүлүн күлкү-шатка толтурган,
Эргип жүрөк сезимиңен от жанып.
Акай сенин сылык-сыпаа мүнөзүңдү,
Элестетип улам ойлоп отурам.

Эр Табылды, Асан, Жамал китептериң,
Элге арналган баалуу белек өзүңдөн.
Окуп улам барактарын кирдетпедим,
Таасирленип бал татыган сөзүңдөн.

Ат тандап минип жактырып,
Арча жыттуу жайлоолордо бастырып.
Толкуп көңүл, кыял эргип ыр-күүгө,
Тоолук кыргыз элдерине айтылып.

Кылымга толду жашыңыз Акай,
Кол ойнотуп комузга күү чертип талбай.
Эки келбес өмүргө из калтырып,
Эл кыдырып дастан айттың далай-далай.

Кетипсиз аттанып келбес сапарга,
Урматтайбыз дале барсыз катарда.
Атаңар эл сүйгөн акын эле деп,
Нускаңызды үйрөтөбүз жаштарга.

## НЕБЕРЕМ КЕНЕНБАЙ УУЛУ РАХАТКА

Рахатым эл-журтуңа калыс бол,
Сугун арткан суук көздөн алыс бол.
Туруктуу бол, турмуш сырын чече бил,
Келечектен издеп тапкын айкын жол.

Адамдык нарк-нусканы сактагын,
Ата-энең сыйлап, барктагын.
Жеңил ойго жетеленип ойлонбой,
Ардактаган ак никеңи бузбагын.

Келечегиң кемибесин кең болсун,
Бак-таалайың падышага тең болсун.
Эмгегиңди эсине алып сыйлаарга,
Мекенинде пейли кенен эл болсун.

Карыларга баш ийип берилип кой,
Калп айтканды болоттой жемирип кой.
Ыгы менен айтылган калыс сөзгө,
Кур намыска алдырбай жеңилип кой.

Кең пейилге күн нурундай чачылып кой,
Кекенгенге ок болуп атылып кой.
Асыл ойлуу, ак ниет курбуларга,
Кулпусу жок эшиктей ачылып кой.

Миң кубулган мүнөздү кечирип кой,
Жалындаган өрт чыкса өчүрүп кой.
Амандыгың тилеген өмүр бою,
Ата-энеңе, жубайыңа эзилип кой.

## КАРАЛДЫМ ТИМУР УУЛУМА

Туулгандан эмес тургандан,
Туу туткан Тимур каралдым.
Өмүрүң тилеп Кудайдан,
Зар какшап жака кармандым.

Тилегим берди Кудайым,
Жанында жашап жубайың.
Ак уул, кызыл кыз төрөп,
Ачылды бакты-таалайың.

Эркелеп элүү жашадың,
Турмуштун тартпай азабын.

Кыз-уулдун болуп атасы,
Толукталды мына катарың.

Тимурлан ойлон бактың бар,
Баласын сүйдүң баландын.
Кыз-уулдарың ыймандуу,
Эркинди бекем кармангын.

Кабыл болду тилегим,
Кагылайын тирегим.
Өзүндөн жана мекенден,
Буюрса топо деп жүрөм.

## ТАЗАБЕККЕ

Алган билим дипломуң кут болсун,
Эки ийниңе бак-таалайлуу куш консун.
Ата-энеңе, алганыңа эркелеп,
Ортоңорго ыйман-ырыс жыш толсун.

Жакшы атанын баласысың Тазабек,
Таалайыңа жазып койгон багың бар.
Кут кыл де Кудай ушуну,
Ден соолугуң чың болушун сурап кал.

Балдарың бар, сүйүп алган жарың бар,
Баш калкалаар заңгыраган тамың бар.
Эркелетип, эмдигиче сыйлаган,
Ардактаган ата-энең дагы бар!

Издегениң иш орунуң табылды,
Иргеп алдың юрист деген багынды.
Аткарылды бардык багыт ойдогу,
Жеттиң таза таалайыңа эңсеген.

## НЕБЕРЕМ ГҮЛНАРАГА

Окшоштурам сени жайдын таңына,
Көргүм келип турам дайым сагына.
Ээ-жаа бербей толкуп кетет жүрөгүм,
Жолуккандай мүрөк өндүү дарыга.

О! Гүкүбай жылмайганың алмашпаймын,
Падышанын алтындаган тагына.
Эсен болчу эл милдетин аткарып,
Ата-эненин, эл журтундун жанына.

Эрке жел экилентип, тармал чачың,
Жер энеге таазим этип ийген башын.
Өзүңө арнар элем колдон келсе,
Арчанын асылдыгын, узак жашын.

Эрки күчтүү, эркин өскөн адамсың,
Эл милдетин аткарууга даярсың.
Кыздын кызы өмүрүмдүн мүрөгү,
Эске түшсө таянеңи аярсың.

## ОҢОЛУМ

Оңолум балдарымдын улуусу,
Кыздардын эле сулуусу.
Жактырып Байыш баш кошуп,
Жакшы эле элден турмушу.

Күлкүсү күнгө чагылган,
Олоң чач бутка чалынган.
Карыны сыйлап кадырлап,
Калкына жагып алынган.

Кайын журтун сыйлаган,
Акылы артык аял эле кыйладан.
Төрт уул, бир кыз төрөп өстүрүп,
Ак батага айыл элин жыйнаган.

Намыскөй эле эл намысын сактаган,
Калп айтып жаза баспаган.
Кең пейил, жайыл дасторкон,
Жакшылар менен достошкон.

Ортого түшүп от жакты бир бузуку,
Иритти окшойт жубайынын көңүлүн.
Үзмөк болуп саптап алган учукту,
Кыскартууга жардам болду өмүрүн.

Ой-санаалар, оорусуна себепкер,
Болгон өңдүү көтөрүлбөй көңүлү.
Уул үйлөнтүп, кызын берип күйөөгө,
Күтө турбай кыйылды жаш өмүрү.

Өкүнөм, ыйлайм ошого,
Бошогондой боз үйдө ак босого.
Тагдырга тобо кыламын,
Балдары жакшы жашоодо.

## СУРАН КЫЗЫ ГҮЛБҮБҮ

Кут болсун кутман курак элүү жашың!
Кызым сенин ачылсын таалай-бактың.
Чырпыктарың чынар болду жетилип,
Саябанында көлөкөлөп көңүл ачкын.

Ак тилегин арнап жазат энекең,
Артык болбос айга-күнгө теңесем.
Уул-кызынан убай-урмат, сый көрүп
Дагы элүү жыл өмүр сүрүп бол эсен!

Бой тартып балдар өсүп келатпайбы,
Ойлогон максатыңар орундалаар.
Өзгөрөр турмуш турбай ушул бойдон,
Өксүктүү катаал шарттар артка калаар.

Ыймандуу уул-кыз өстү ортоңордон,
Тууганга туу болсун деп тиледиңер.

Бала үчүн ууздай таза жүрөгүңөр,
Урмат-сый көрөсүңөр ошолордон.

Канат байлап учурган өз уяңдан,
Сый көрөргө аз калды уул-кыздан.
Апзот экөөң жетелешип көп жаша,
Кордук көрүп капаланбай турмуштан.

Кагылайын жалгыз кызым Гүлбүбүм,
Сөз маанисин кулак төшөп ук баарын.
Жарыңды сыйла, ардактай бил өмүрдө,
Адамдык нарк-сапатыңды бузбагын.

Чындыгында үйдүн куту аялда,
Уул-кыз төрөп эне болгон адамга,
Өмүр шерик бир жашаган жанында,
Өмүрлөшүң дайым сыйла кадырла!

## ӨМҮРАЛИЕВ ТӨЛӨБЕК ЕСЕНГУЛОВИЧ

*(50 жашта)*

Президенттин алдында иштеп жүрөсүң,
Акаевге окшоп кетет, ак дил таза мүнөзүң.
Алла-Таала жар болуп кылган ишиңе,
Кыдыр аллехи салам өз үйүңө түнөсүн.

Эр ортону элүү жашың кут болсун!
Эжең сага ырын арнайт шашыла,
Өмүрүңдүн гүлдөөр кези ушуда,
Орносун бакыт-таалай башыңа.

Мекенине шаң берген күндөй гүлүңдөп,
Мээримдүү тунук болсун турмушуң.
Ата-энесин ардактаган, сыйлаган,
Өзүңдөй ыймандуу өссүн уул-кызың.

Турмушка биринчи кадам таштаган,
Тушоонду иштөөгө кескен эжең мен.

Ак бата берип, ак жол каалаган,
Сезимдин чечмелей түштүм себебин.

Богок байлап боюн керген чынардай,
Келечеги кереметтүү бактыңды.
Бекем карма боорго тарт колдон чыгарбай,
Өмүрүндүн өрнөктүү гүлү ачылды.

Ала-Тоолук элиңдин болуп ардагы,
Өкмөттөргө мыйзам жолун түшүндүр.
Билсин алар өстүрсүн айыл чарбаны,
Айылда өскөн жаштарга тийсин жардамы.

Төлөбек, тууганды — тууган кыла жүр,
Акыл айтып тууганга көңүл бура жүр.
Алдыңа келсе ажатын ач, оюн бил,
Бардык кезде тууган түтпөйт боору бир.

Өтөт өмүр гүлкайырдай желбиреп,
Жаш мезгилде жылдыз болуп жанып кал.
Эмгегинди, ак ниетиңди эл билет,
Энчи бөлүп элиң берсе алып кал.

Эриш-аркак түгөйүң Ашык экөөңдүн,
Ортоңорго ынтымак-ырыс орносун.
Экономикасы өсүп өлкөңдүн,
Ишиңерди Алла-Таала колдосун.

## БАПАЛАП ЫЙЛАЙТ БАЛДАРЫҢ

*(1984-жылы 30-октябрда кайтыш болгон уулум Сакенди эскерүү)*

Жайнаган ырыс-кешигим,
Жаттыңбы жерге көмүлүп.
Басандап жүрөк сезимим,
Кайгыга баттым чөмүлүп.

Күз айы сары бариктер,
Күбүлүп жерге түштүбү.

Күн нуруна жүз чайбай,
Сакеним жашоодон үмүт үздүбү?

Кылт этип түшүп оюма,
Кылчайсам жоксуң ордунда.
Кыямат сапар жолундан,
Кыйкырсам келбей койдуң да.

Муунумду менин бошотуп,
Буркурап ыйлайт алганың.
Бапабыз кайда кетти деп,
Кайталап сурайт балдарың.

Ардагым Сакен мен сенин,
Алдыңа кетип калбадым.
Канча аракет кылсам да,
Ажалсыз өлө албадым.

Бет маңдай үйгө бейитиң,
Мезгилсиз өткөн шейитсиң.
Улгайган кезде энеңди,
Убайга салып кейиттиң.

## КҮЙӨӨ БАЛА АСКАР

*(Салымбековго)*

Эл башына катаал мезгил туш келип,
Өткөөл доордо базар ачтың Бишкекке,
Ата арбагын ыйык баалап эскерип,
Өзүң өңдүү бардык жигит иштесе.

Базар атын «Дордой» болсун деп атап,
Арбак колдоп ишиң алга баратат.
Адам наркын ардактаган, сыйлаган,
Өзүңдөйгө алкыш айтса жарашат.

О! Аскарым акылы артык адамсың,
Ала-Тоодо сендейлер көп жаралсын.

Жолдош күт, жолун тоспо дили таза,
Кечире бил кокустан кетсе ката.

Күлүп-жайнап, максатыңа жеттиң мына,
Кубандырып ага-тууган элиңди.
Сыйынып жалгыз Алла-Таалага,
Төгүл-чачыл кенен жайып пейлиңди.

Дөөмат жетип, бакыт конду башыңа,
Дөөгүрсүбөй тосуп алдың татына.
Тобо кылып сыйына жүр Кудайга,
Аскар ойлон бакытты баштан качырба.

Өткөөл доордо өз ордуңду таапсың,
Күлүк байлап күчүн сынап чаапсың.
Кыйын кезде кытыгылып күлдүрүп,
Эркелетип эл көңүлүн алыпсың.

Эсен болсун элдин уулу Аскарым,
Эске салган ата мурас салттарын.
Эрдик кылып арбагына сыйынып,
Ордосуна баатыр Манас атанын.

Улак тартмай, тыйын эңмей, оодарыш,
Улап кайра унутулган жактарын.
Фестивалдын баш байгесин белендеп,
Кең Таласта түркүн оюн баштадың.

Ийгилигиң ийгиликке улансын,
Дили таза дос-тууганың кубансын.
Ала-Тоолук элдин атын чыгарган,
Аскар десе ким кубанбай тура алсын.

«Дордой» деген сөз мааниси эмне деп,
Автобуста карыядан сурадым.
Уул жакшысы өлгөн жанды тирилтип,
Директордун чоң атасы деп угамын.

Ат-Башылык Аскардын чоң атасы,
Базар ачып атын койду «Дордой» деп.

Арбак колдоп элдин тийсин батасы,
Адам тура уул ушундай болсо дейт.

Жакшы сөздү уккан кулак кубанат,
Эл-журтуна боло көр Аскар күйүмдүү.
Жазылып алтын тамга менен бадырайып,
Алыстан карап окуйлу бийик созуп үндү.

Кубанычты бөлүшөлү өзүң менен,
Чын жүрөктөн чыккан каалоо сөз менен.
Айтылып атың калсын эл оозунда,
Аскар жакшы атанын уулу деген.

## ИНИМ ОСМОНАЛИЕВ ШАРАФИДИНГЕ

Бисмилла деп Куран кармап колуна,
Шек келтирбей Кудайымдын жолуна.
Кудайдан келген буйрук иретинде,
Түшкөн чыгаар Куран окуу оюна.

Алланын Амирине башынды ийип,
Мечит ачтың мекенине өзүң келип.
Кудайымдын көзөмөлү астында,
Куран сөзүн элиңе айтып бердиң.

Асыл иштин, ак тилектин туура жолун,
Тактап билип Куранды ыймам болдуң.
Элинди бир-бирине жакын бол деп,
Куран сөзүн ачык айтып талап койдуң.

Кудайым акыл, талант, жөндөм берип,
Элинди акыйкаттын жолун бил деп.
Шариятты билүүгө баарын үндөп,
Арам жолго жолобо алыс бол деп.

Жакшылыкта, жамандыкта Кудайдан,
Алысыраак болгон жакшы убайдан.
Жалгыз Алла сактайт өзү сүйгөндү,
Кудай жолун таза тутуп жүргөндү.

Деген сөзүң эл көңүлүн кубантат,
Дин жолунан калган эл да ыраактап.
Дин үзүлбөйт, сүзүлөт деп аныктап,
Элге үйрөттүң Куран жолун тууралап.

Шарафидин кереметтүү жакшы адам,
Кудай сөзүн жүрөгүнө сактаган.
Улгайганда ниетин буруп Аллага,
Куран сөзүн дитин коюп жаттаган.

## АПЗОТ КЕНЕНБАЙ УУЛУ

Кут болсун балам, кутман курагың,
Кубангандан ыр түрмөгүн чубадым.
Тарбиялап өстүргөн уул-кызыңдан
Эми мына урмат-сый көрөр убагың.

Дарыядай кирсиз таза ниетиң ак,
Мекениңе көп эмгегиң сиңирдиң.
Балдарыңа багыт берип асырап,
Билим ал деп, ары-бери жүгүрдүң.

Өйдө карап адамга катуу айтпайсың,
Адамдыктын наркын катуу сактайсың.
Алып-жулуп... өйдө-төмөн жүгүрүп.
Ач көздөнүп жаман жолду баспайсың.

Саламат бол, ден соолукта жашагын,
Чын жүрөктөн өз каалоомду айтамын.
Райкомдо көп жыл жакшы иштеген,
Жакшы өскөн баласысың атанын.

Мен кайын эне, сен күйөө,
Эже десең таң калышат кээ бирөө.
Мен кубанам эже деген сөзүңө.
Ыраазымын эркелеген өзүмө.

Ден соолугуң бекем болсун дайыма,
Өмүрлөшүң бирге жүрсүн жаныңда.
Уул-келиниң урмат-сыйды көрсөтүп,
Каралашсын карыганда алыңа.

## КОШ ЭЖЕКЕ

*(З. Кайназарова эженин үй музейинин ачылышына карата)*

Кайра куруп караңгы көчмөн турмушту,
Калк алдында канттан чачтың ырыскы,
Алп эмгегиң артык баалап элиңиз,
Мекениңе эстелигиң тургузду.

Адал иштеп алтын терди чачтыңыз,
Ала-Тоодой бийик болду бактыңыз,
Из калтырып эки келбес өмүргө,
Көкүрөккө коштоп жылдыз тактыңыз.

Жыламыштын жылгасынан суу алып,
Терден-кургап кызылчаны сугарып,
Тек кетпеди ошондогу мандай тер,
Ийгиликке дагы ийгилик уланып.

Дарак бүрдөп жалбырагы көгөрдү,
Баатыр эже өлбөс болуп төрөлдү,
Айылына үй музейин курушуп
Алп эжебиз урмат сыйга бөлөндү.

Кош эжеке, кеттиң келбес сапарга,
Урматтайбыз дале барсың катарда,
Жерден таптың жашоо нускасын,
Элден алып турмуш туткасын,
Эр Сайкалдан эч айырмасы жок эле,
Деп айтабыз акыл жаштарга.

## АЛЫМКУЛОВ АБДЫРАЙЫМ

*(70 жашта)*

Жакшы атанын баласысың Абдырайым,
Узун өмүр жаш берсин сага Кудайым.
Кутман курак жетимиш жаш кут болсун,
Уул-кыздардын убайын көр ар дайым.

Эрки күчтүү элдик уулсуң намыстуу,
Ар-намысты талашканга бербеген.
Кабыл алган калпысы жок сунушту,
Мекендешсиң бирге өскөн эл менен.

Баскан жолуң байсалдуу азаматсың,
Эл камын эрте туруп аткарасың.
Каралашып жетим менен жесирге,
Ак сакалдуу карылардан бата аласың.

Кайратың зор, жолборс мүнөз айбаттуу,
Эмгегиң бар элге арналган салмактуу.
Эркелетип сыйлап турат ар дайым,
Өмүрлөшүң Табылканың ардактуу.

Бирге иштедик туулуп өскөн айылда,
Аралашып чарба иштеринин баарына.
Убакытты учурунда пайдаланып
Ишиң менен сый көрсөттүң дайыма.

Эл ыраазы, мен ыраазы ишиңе,
Айбаты зор эр көкүрөк жердештин,
Жетимиш жаш жигит жашы болсунчу,
Токсондон аш жүздүн түшүп изине.

Кутман курак жетимиш жаш кут болсун,
Ортобузда туугандык сый жыл толсун.
Бактылуу болсун уул-кыздарың, небереӊ,
Башыңарга бакыт-таалай кут консун!

## ТЫНЧТЫКБЕК ЧОРОТЕГИН

*(Докторлук наам жактаганда)*

Мекенден өсүп жетилип,
Мерчемдүү ишке жарадың,
Аалам кезип кыдырып,
Аңтардың тарых барагын,
Арбагы колдоп бабалардын,
Баласын сүй баландын.

Үңүлүп тиктеп көп окуп,
Жупуну жүргөн тымызын.
Ойлогон эмес экенбиз,
Мекенден доктор чыгышын.
Ачылып багың илимден,
Асманда жансын жылдызың.

Барскоон, Кашкар, Баласагын,
Эзелки өткөн бабалардын,
Жазаган иши өтө арбын,
Эскерттиң кыргыз элине
Өткөндөрдүн бала чагын,
Ойлоп жаз дагы калгандарын.

Көздөгөн максат ой-тилек,
Көп түйшүк менен жаралар.
Көзү өткөн баба мурастарын,
Кеңеш менен Тынчтыкбек
Дааналап жазып тарыхын,
Ай-күнгө теңеп салдыңар.

Эчки-Башы мекениң,
Элимден чыккан илимпоз.
Энең болом мен сенин,
Атактуулар арбыса айлымда,
Аябай катуу дегдедим,
Алакан жайып өзүңө
Ак батамды берейин.

*10.06.98*

## АК-ТАЛААЛЫК АЙДАЙ СУЛУУ МАРИПА МУКАН КЫЗЫ

Мезгилдин мерчемине жарашыктуу,
Акактай тунук сулуу Марипа кыз.
«Мыкты айымы» сынагынын жеңүүчүсү,
Деген наамда диплом алып койдуңуз.

Ак-Талаалык айдай сулуу Марипа,
Атыңыз калды жазылып тарыхта.

Көп жигит жүрөт көрө албай дегдеп,
Көңүлүнөн чыгарбай сени эстеп.

Ак-Талааны социалдык жактан тейлейсиң,
Өз оюнду өзгөлөргө бербейсиң.
Эл турмушун эсиңе алып дайыма,
Адилеттүү көз караштa тескейсиң.

Жакшылардын мүнөзүн бойго сиңирип,
Алыш үчүн иргеп-талдап карайсың.
Тартынбастан эл аралап жүгүрүп,
Ар адамдын сын-сыпатын баалайсың.

Мыкты айым жылдызы жанган Марипа,
Көппө көкөлөп көөдөн көтөрүп.
Сыйлай бил, жарыңды бөөдө таарынтпа,
Турмушуңа туруктуу бол унутпа.

Кут болсун алган сыйлык дипломуң,
Суроого тартынбастан берген жообуң,
Арбагы колдоп Каныкей энеңдин,
Суктандырган сулуусу болдуң Ала-Тоонун.

## ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ҮМҮТҮ

*(Акималиев Жаминге)*

Шайлоочунун сенден күткөн үмүтү,
Аткарылып эл жүрөгүн сүйүнттү,
Өткөөл доордо өз улутун сүрөгөн,
Карагыла кашкайган чындык бүгүнкү.

Эл-жер үчүн жаны ачып берилген,
Улуу инсан көрүнөрсүң Жамин сен,
Урматтап, сыйлап улууларга кам көргөн,
Өзүндөйлөр көп жаралса жергемден.

Өлкө элине жарык тийген айдайсың,
Туура сүйлөп калыстыктан тайбайсың,

Талаштан, тактык жараларын, ойго алып,
Жамандыкка жакын басып барбайсың.

Теңир-Тоого тегиз тийген күндөйсүң,
Ата-Журтка айбаты менен көрүнгөн,
Кандан, бектен кайра тартпай түз сүйлөп,
Маани берип, сөз баркына түшүнгөн.

Рухун сыйлап кыргыздын терендеги,
Илим менен ишинди айкаштырып,
Келечек ээлеринин болдунуз кеменгери,
Канатсыз куш учалбасын байкаштырып.

Кут болсун Президенттик ордуң Жамин,
Аркалай бер эл-журтундун оор жүгүн,
Ат арытып келген эже суроосун,
Колдой турган убакыт саат күн бүгүн.

## КӨЧӨК УУЛУ КАРЫМШАККА

Бакыбат карып уул-кыздан убай көр,
Бактылуусуң эл күйөөсү Карымшак,
Тек кетпестен эмгектеги маңдай тер,
Жарың менен көп жашагын дени сак.

Азаматсың эрки күчтүү чыдамкай,
Жетим жүрүп кыйналсанда жашында,
Эмгектендиң эл аралап басынбай,
Эстүү жансың акылың көп башында.

Таалай-бакты таразалап көтөргөн,
Талбай иштеп эмгек менен көгөргөн.
Көтөрүлбөй өскөн сайын зоболоң,
Ал өзүңдүн касиеттүү жөрөлгөң.

Жашоо үчүн адамдарга турмушта,
Акыл керек, билим керек, эрк керек,
Жалкоо адам жапа чегет жарыбайт,
Өкүнүчтө күнөө коет таалайга.

Көрүп туруп кубанамын ичимен,
Жакшынакай жакшы үй куруп алдың сен,
Жигулиге бирге отуруп жарың менен,
Кубангыла Кудай сүйгөн курбулар.

Уул үйлөнтүп, кыз берип, небере сүйүп,
Урмат-сыйга жарың менен бөлөндүң,
Алтымыштын ашып бийик туу-белин,
Темикендин терегине жөлөнгүн!

## САГИПА ЧЕЧЕЙБАЕВА

Ташкындаган талант алга жетелеп,
Элиң укту кайталангыс үнүңдү,
Ойноо бала бир кыз элең секелек,
Ырга арнадың жүрөктөгү сүйүүңдү.

Таалай жолун театрдан издедиң,
Талант ээси Нарынымдын булбулу,
Талыкпаган аракетиң ал сенин,
Созолонгон ырчылардын дулдулу.

«Ат-Башы», «Долон» жаныбарым Гүлсары,
Ээлеп алды эл ышкысын бүтүндөй.
Жалп деп өчтү, театрдын жылдызы,
Элдин жарпын жазууга да күтүнбөй.

Сайрадың созолонуп «Долон» ырын,
Көңүлдүн козгоор эле ички сырын,
Ташкындап талант күчөп турган чакта,
Жаш кеттиң балдарыңа болду кыйын.

Эмгегиң эсте калды унутулбай,
Көк асманда көчкөн аппак булбулдай,
Ободо созолонгон үнүңдү угуп,
Өмүрлөш жүрөр эстеп чыгаралбай?

Талаштан, тактык жараларын, ойго алып,
Жамандыкка жакын басып барбайсың.

Теңир-Тоого тегиз тийген күндөйсүң,
Ата-Журтка айбаты менен көрүнгөн,
Кандан, бектен кайра тартпай түз сүйлөп,
Маани берип, сөз баркына түшүнгөн.

Рухун сыйлап кыргыздын терендеги,
Илим менен ишинди айкаштырып,
Келечек ээлеринин болдуңуз кеменгери,
Канатсыз куш учалбасын байкаштырып.

Кут болсун Президенттик ордуң Жамин,
Аркалай бер эл-журтундун оор жүгүн,
Ат арытып келген эже суроосун,
Колдой турган убакыт саат күн бүгүн.

## КӨЧӨК УУЛУ КАРЫМШАККА

Бакыбат карып уул-кыздан убай көр,
Бактылуусуң эл күйөөсү Карымшак,
Тек кетпестен эмгектеги мандай тер,
Жарың менен көп жашагын дени сак.

Азаматсың эрки күчтүү чыдамкай,
Жетим жүрүп кыйналсанда жашында,
Эмгектендиң эл аралап басынбай,
Эстүү жансың акылың көп башында.

Таалай-бакты таразалап көтөргөн,
Талбай иштеп эмгек менен көгөргөн.
Көтөрүлбөй өскөн сайын зоболоң,
Ал өзүндүн касиеттүү жөрөлгөң.

Жашоо үчүн адамдарга турмушта,
Акыл керек, билим керек, эрк керек,
Жалкоо адам жапа чегет жарыбайт,
Өкүнүчтө күнөө коет таалайга.

Көрүп туруп кубанамын ичимен,
Жакшынакай жакшы үй куруп алдың сен,
Жигулиге бирге отуруп жарың менен,
Кубангыла Кудай сүйгөн курбулар.

Уул үйлөнтүп, кыз берип, небере сүйүп,
Урмат-сыйга жарың менен бөлөндүң,
Алтымыштын ашып бийик туу-белин,
Темикендин терегине жөлөнгүн!

## САГИПА ЧЕЧЕЙБАЕВА

Ташкындаган талант алга жетелеп,
Элиң укту кайталангыс үнүңдү,
Ойноо бала бир кыз элең секелек,
Ырга арнадың жүрөктөгү сүйүүңдү.

Таалай жолун театрдан издедиң,
Талант ээси Нарынымдын булбулу,
Талыкпаган аракетиң ал сенин,
Созолонгон ырчылардын дулдулу.

«Ат-Башы», «Долон» жаныбарым Гүлсары,
Ээлеп алды эл ышкысын бүтүндөй.
Жалп деп өчтү, театрдын жылдызы,
Элдин жарпын жазууга да күтүнбөй.

Сайрадың созолонуп «Долон» ырын,
Көңүлдүн козгоор эле ички сырын,
Ташкындап талант күчөп турган чакта,
Жаш кеттиң балдарыңа болду кыйын.

Эмгегиң эсте калды унутулбай,
Көк асманда көчкөн аппак булбулдай,
Ободо созолонгон үнүңдү угуп,
Өмүрлөш жүрөр эстеп чыгаралбай?

## ГҮЛНАР ЭРАЛИЕВА

Тартынбастан тике карап сүйлөйсүң,
Эркекке окшоп тарсылдаган мүнөзүң,
Эркиң күчтүү мүнөзүңдү коштогон,
Аялдардан чыкпас сага окшогон.

Ыйманың бар туугандарга кайрымдуу,
Мээримиңди балдарыңа төгөсүң,
Болбойт сенде душманынан айбыгуу,
Ээ бербестен эркектердей жүрөсүң.

Эрегишкен душманыңдан тайманбай,
Бетке айтып айыбын ачып коесуң.
Ар биринин мүнөздөрү ар кандай,
Мертинсе душман ага ыраазы болосуң.

Кыз Сайкалдай эркиң күчтүү аялсың,
Ички иштерден кызмат таап алгансың.
Чечкиндүүлүк сага гана жарашып,
Майор деген чинди ийиңге тагасың.

Күрөш менен татаал кесип тандапсың,
Оор экенин билип туруп ишинин,
Өмүрүңдү мекениңе арнапсың,
Ар намыстын ыйыктыгын түшүнгүн.

Эл жумушун эринбестен бүтүргүн,
Эрте туруп жумушуңа күтүнгүн.
Өмүр-шерик жолдошуңа жылмайып,
Сыйлай журтуң келатасың улгайып.

## НЕБЕРЕ КЫЗЫМ ЭЛЬВИРА

Куттуктайм туулган күнүңдү,
Коңгуроодой бийик чыккан үнүңдү.
Айланайын аппак кызым Эльвира,
Боло көргүн атакеңе күйүмдүү.

Ак шооладай ачылсын бак-таалайың,
Ыймандуу бол балакетиң алайын.
Узак жаша ден соолугуң чың болсун,
Ак батаны берип сага кааларым.

Эльвира, элдик кыз болгун,
Абийириңди таза сакта ар дайым.
Кучагыңда мемиреп терең ойдун,
Айра билгин жакшы-жаман кандайын.

Ачык-айрым жаркылдаган мүнөзүң,
Сабагыңды жакшы окуп жүрөсүң.
Атакеңдин эркелеткен кызысың,
Адамдардын жакшы жагын үйрөнгүн.

## ТАБЫЛКАН

*(Кут болсун алтын тоюңар!)*

Кут болсун алтын тоюңар,
Эрчишип өскөн эки жар,
Тең өскөн курбу каалоосун,
Тең курбум Табыш кабыл ал.

Турмуштун жүгүн аркалап,
Волгага түшүп чалкалап.
Бөксөртпөй жардын сүйүүсүн,
Толтура жүргүн кайталап.

Колго алып сүйүү ачкычын,
Колтуктап бирге басчусуң.
Эрки күчтүү жарыңдын,
Эркелеп оюн тапчусуң.

Чындыгында Табылкан,
Аялдан чыккан жакшысың.
Изилдеп сырын жарыңдын,
Ар дайым акыл айтчусуң.

«Жакшы аттын өңү боз болот,
Жакшы болсо аялың,
Душманы менен дос болот»
Деген сөз түшүп оюма,
Курбулук кыял козголот.

Ак боз үйүн тигип заңкайган,
Ак маралдай маңкайган.
Табылкан чыны жакшы аял,
Таанылат жүзү капкайдан.

## ТАМАРА ЖУМАКАЕВА

Атыңды окуп афишадан Тамара,
Көзүмдү албай улам тиктейм кадала.
Эл сезимин ээлеп алган талант күч,
Өнөрүңдү өркүндөткүн садага.

Уккум келет күкүктөй назик үнүңдү,
Талантыңа таазим этип кайрыла.
«Эл артисти» деген наамды алыпсың,
Куттуктаймын кубанычтуу күнүңдү.

Түрлөп сайган түркүн түстүү саймандьг,
Көргөн адам сугун артып таңгалды.
Төрт тарабы төп келишкен периштем,
Түбөлүккө бүркөлбөсүн кабагың
Өтсүн өмүр өкүндүрбөй жайдары.

## КОЙСУН КАРАСАРТОВА

«Эмгек сиңирген эл артисти» Койсун деп,
Элиң баалап эмгегиңди эскерет,
Жетимиштен ашсаң дагы койкоюп,
Чимирилип сахнада сен бийлеп.

Өмүрлөшүң өзүң менен бир жүрүп,
Жарпын жазып, кары-жашты күлдүрүп,

Көргөн сайын кайра дагы көрсөк деп,
Сахнадан карай берет үңүлүп.

Ээрчишип эгиз туулган баладай,
Эл кыдырып, ырдап бийлеп тажабай.
Экөөндүн тең эч болбостур арманың,
Түбөлүккө тарыхта атың калганын.

## УККАНДА ҮНҮҢ КУБАНАМ

Туш тарабы аска тоо,
Абасы арча жыттанган.
Ак Мөөр, Таттыбүбүдөй
Сулуулар чыккан Жумгалдан.

Толкуп-ташып Соң-Көлдөн,
Күмүштөй көбүк чачылат.
Каз-өрдөк сүзүп көлүндө,
Көргөндө көңүл ачылат.

Таза аба жутуп дем алган,
Таланты арбын Жумгалдын.
Укканда үнүн кубанам,
Комузчу эже Мыскалдын.

## САКЕНИМ

Кырчын талдай курагында,
Кыйылып жаш өмүрүң суладың да.
Кыйын экен эне айрылуу баладан,
Кыйкырсам үнүм жетпей турамын да.

Өттү өмүрүң, эми кайра табылбайт,
Өрт болуп ичим жалындайт.
Арбап ажал алды жаныңды,
Арга жок Сакен мага табылбайт.

Кыялың кыз баладай назик эле,
Кыйналып боздоп ыйлайт байкуш эне.

Шашылып көп жашабай кеттиң неге,
Ал жакка атаң кел деп күттү беле.

Кош балам, көлөкөдө өскөн гүлдөй солудун,
Көп жашап көңүлүндү ача албай.
Какшап ыйлайм караанынды көрө албайм
Түбөлүк жайда бейиштен болсун орунуң.

## АЙГҮЛ

Айдай нурун адамга төккөн жаркырап,
Жигиттердин артка таштап далайын,
Кара жанын намыс үчүн карч урат,
Өзгөлөрдөн кем калышпай ар дайым.

Жалтанбастан душман жолун торогон,
Куру калбай энчидеги олжодон.
Эркек эле эмне болуп калбады деп,
Эртели-кеч үйдө отуруп ойлоном.

Сезимтал сергек мүнөз Айгүлүм,
Медерине мээрим төгүп азгырат,
Кеңеш экөөң узак өмүр сүргүнүң,
Жакын адамга жакшы сөздөр айтылат.

Төгүл-чачыл тууганга жардам бересиң,
Ал мүнөзүң колдоого алат Кеңешиң,
Жакшы жар жайнаган дөөлөт эмеспи,
Келиниң да так өзүңө теңелсин.

Акыл айтат кабыл ал мейли албагын,
Боордоштуктун бир белгиси эмеспи,
Кеңешинди сыйлап билгин ар дайым,
Уялаштын сенден байкайм элесин.

Кой эмесе кыскартайын сөзүмдү,
Артык баалап сыйлап келгем өзүңдү.
Көзүм өтүп кетсе эгер дүйнөдөн,
Майрамкүлгө сала жүргүн көзүңдү.

## АЙДАРАЛИЕВА КАЛИЧА

Мезгилинде мелтиреген сулуу элең,
Мекенине белсемдүү эмгек сиңирген,
Эл журтуңа Конокбайга эркелеп,
Райкомго көп жылы катчы болуп иштедиң.

Комсомолго катчы болуп буралып,
Каткырчу элең өз ишиңе кубанып.
Картайганда калыптырсың өзгөрүп,
Нуру өчүп кызыл өңүң кубарып.

Тобо дегин Конокбайың жанында,
Акыл айтып кеңеш берет дайыма.
Эч нерседен кемибегин бар болгун,
Эркелетээр — уул-кыздарың барында.

## ТАБЕРИКОВА НИЯЗГА

Табериктин жалгыз кызы Ниязым,
Унутпаймын дайым эсте турасың,
Азыртадан уул-кыз багып өстүрүп,
Ардактайсың артык көңүл бурасың.

Күлкүң жана күйүтүң да тең болду,
Алганың жок сүйлөөр сөзүң кем болду,
Эркелетээр Сейитказың эми жок,
Балдарыңа бөтөнчө көңүл бураарсың.

Ак маралдай койкойгон келбет менен,
Арабанды, Ат-Башыны башкардың.
Өнгөн-өскөн өз жериңди туу-тутуп,
Тянь-Шанда эл башкарып такшалдың.

Сөөлөтүңө сөйкөнчүлөр көп эле,
Сүйлөп келсең айткан сөзүң төп эле,
Ардакталып тели-теңтуш курбулар,
Айтканыңа макул болуп турчу эле.

Кайдасың сен кабарыңды билбедим?
Каатчылыкты капаланып тилдедим,
Эске түшүп бирге жүргөн күндөрүм,
Элден уктум Кара-Колдо жүргөнүң.

Кайда жүрсөң аман жүргүн курбалым,
Эстен чыкпай элесинде Теңир too,
Сен да мени эстей жүргүн унутпай,
Аман болсок көрүшөөрбүз эсен соо.

## МУГАЛИМ АКИЛОВА ЗЕЙНЕКЕ

Макмут менен баш кошкондо жашында,
Турмушунда туруктуулук сактадың.
Эл коргоого аттанганда эр бүлө,
Ишеничти ишиң менен актадың.

Эң ардактуу эң кымбат эл ичинде,
Зейнеке мугалимдик кесибиң.
Таанытып тамга үйрөтүп окуучуңа,
Ойготосуң илимге жаштын сезимин.

Муундардын келечегин ойлогон,
Нарк-насилдүү байбиченин бирисиң.
Адал иштеп, ак эмгегиң сиңирип,
Аткарылды ой-тилегиң, үмүтүң.

Багыт берип турмуш жолун көрсөткөн,
Зейнеке балдарга барктуу энесиң.
Мезгил жетип, көз жумулуп кетсе да,
Окуучуңдун көз алдында элесиң.

## ЕЛЕНА САРЫБАЕВА

Мекенине белгилүү кыз Елена,
Жолуккамын конгрессте мен сага.
«Жибек» Акционер коомун башкарып,
Эмгегиңди элиң баалайт кубана.

Мекендештер өзүң менен сыймыктанат,
Өзүңдөй кыздар көбөйсө ээ атаганат.
Элге арнап эмгектенген жан аябай,
Иштерманга катуулап коюп талап.

Бажырайып сүйкүмдүү көрүнөсүң,
«Орто Сырттын» аскасында арчадай.
Тууган үчүн мээрим болуп төгүлөсүң,
Бишкектеги мөмө ачкан алчадай.

## САБИРА ӨМҮРКУЛОВА

Эмгекчилдин эрке кызы Сабира,
Эл милдетин эске сактап дайыма.
Эрк талашып эркек төркүндөрүңдөн,
Жардам берип барып жүрдүң айылга.

Кызыбыз кызыл алтын дешет элиң,
Кыштагын көрккө бөлөп сенин демиң.
Элимдин ойгонсун деп аң-сезими,
Окуу үйүнө жаңы чыккан китеп бердиң.

Ар адамдын ишке ашсын ойлору
Кыздарыбыз сендей болсо болгону.
Ата-энесин жер каратып томсортпой,
Аткарылсын тилеген максат ойлору.

Эң жогорку кызматтарда иштедиң,
Тарыхта калды жазылып бүгүн издериң.
Турмушта баскан байсалдуу жолуң дем берип,
Бактылуу жаша мекениңе эркелеп.

## НИНАКАНГА

Кубанып турам чынында,
Жашташсың жарым кылымга.
Жаттаймын улам кайталап,
Эргитер ой бар ырыңда.

Кайдасың сен кабарыңды билбедим?
Каатчылыкты капаланып тилдедим,
Эске түшүп бирге жүргөн күндөрүм,
Элден уктум Кара-Колдо жүргөнүң.

Кайда жүрсөң аман жүргүн курбалым,
Эстен чыкпай элесиңде Теңир тоо,
Сен да мени эстей жүргүн унутпай,
Аман болсок көрүшөөрбүз эсен соо.

## МУГАЛИМ АКИЛОВА ЗЕЙНЕКЕ

Макмут менен баш кошкондо жашыңда,
Турмушуңда туруктуулук сактадың.
Эл коргоого аттанганда эр бүлө,
Ишеничти ишиң менен актадың.

Эң ардактуу эң кымбат эл ичинде,
Зейнеке мугалимдик кесибиң.
Таанытып тамга үйрөтүп окуучуңа,
Ойготосуң илимге жаштын сезимин.

Муундардын келечегин ойлогон,
Нарк-насилдүү байбиченин бирисиң.
Адал иштеп, ак эмгегиң сиңирип,
Аткарылды ой-тилегиң, үмүтүң.

Багыт берип турмуш жолун көрсөткөн,
Зейнеке балдарга барктуу энесиң.
Мезгил жетип, көз жумулуп кетсе да,
Окуучуңдун көз алдында элесиң.

## ЕЛЕНА САРЫБАЕВА

Мекенине белгилүү кыз Елена,
Жолуккамын конгрессте мен сага.
«Жибек» Акционер коомун башкарып,
Эмгегиңди элиң баалайт кубана.

Мекендештер өзүң менен сыймыктанат,
Өзүңдөй кыздар көбөйсө ээ атаганат.
Элге арнап эмгектенген жан аябай,
Иштерманга катуулап коюп талап.

Бажырайып сүйкүмдүү көрүнөсүң,
«Орто Сырттын» аскасында арчадай.
Тууган үчүн мээрим болуп төгүлөсүң,
Бишкектеги мөмө ачкан алчадай.

## САБИРА ӨМҮРКУЛОВА

Эмгекчилдин эрке кызы Сабира,
Эл милдетин эске сактап дайыма.
Эрк талашып эркек төркүндөрүңдөн,
Жардам берип барып жүрдүң айылга.

Кызыбыз кызыл алтын дешет элиң,
Кыштагын көркө бөлөп сенин демиң.
Элимдин ойгонсун деп аң-сезими,
Окуу үйүнө жаңы чыккан китеп бердиң.

Ар адамдын ишке ашсын ойлору
Кыздарыбыз сендей болсо болгону.
Ата-энесин жер каратып томсортпой,
Аткарылсын тилеген максат ойлору.

Эң жогорку кызматтарда иштедиң,
Тарыхта калды жазылып бүгүн издериң.
Турмушта баскан байсалдуу жолуң дем берип,
Бактылуу жаша мекениңе эркелеп.

## НИНАКАНГА

Кубанып турам чынында,
Жаштыңсың жарым кылымга.
Жаттаймын улам кайталап,
Эргитер ой бар ырыңда.

Китептен окуп атынды,
Укканда көңүл ачылды.
Кызыл өрүк кош бол деп
Айтканга ичим тартынды.

Өрүгүң өрттөп жүрөктү,
Түбүнө мени түнөттү.
Укканда кыял эргиткен,
Бул сөздү саа ким үйрөттү.

Түшүнүп турмуш шартына,
Китеп жаз арнап калкыңа.
Талпынткан сени алдыга,
Таалайың элиң артында.

Кылчайып бир ыр ырдасаң,
Кыргыздын сонун салтына.
Таңданат эле келечек,
Меймандос сонун калкыңа.

Жазсаң боло жаңыртып,
Кыз Сайкал менен Жаңылды.
Тутанткан көп иш эмгекте,
Турмушта жаңы жалынды.

## БУКЕШ КАЗАКБАЕВАГА

Тарбиялап келечектин ээлерин,
Таң калтырат талбай сабак бергениң.
Учургансың уясынан талпынтып,
Унутушпайт эстейт дайым эмгегиң.

Бажырайган бала сүйгөн энесиң,
Унутушпайт эстеп, сыйлап жүрүшөт.
Жаштарга айткан акылмандык кеңешти,
Бактылуусуң жүрөк сүйгөн эжесиң.

Директорлук милдет өтөп мектепте,
Талбай иштеп сабак бердиң балдарга.

«Мугалим бүрдөгөн дарак» турбайбы,
Арасында ар кыл өнөр билим бар.
Кубанышат сенден билим алганга.

## ДҮЙШӨК КИДИК КЫЗЫНА

Көчөнү көркө бөлөгөн,
Көркөмдүү сулуу элең сен.
Көңүлүң сүйүп балдарды,
Бакчаны көздөй жөнөгөн.

Бакчада көп жыл иштедиң,
Байлыктын ээси биз дедиң.
Балапан канат жетилсе,
Алмашат чоңго смениң.

Ардактап сыйлап балдарды,
Аянбай бердиң жардамды.
Эскерет сезим унутпай,
Таалимди сенден алганды.

## НУРИЛА КОЖОТАЕВА

Ар ишти жөнгө салган акыл менен,
Журналисттик кесипти тагдыр берген.
Өксүктүү мезгил арбап көзү өткөндү,
Издеп таптың Нурила кайсы жерден.

Элиңе сиңген эмгегиң зор,
Айтаарга сөзүң баалуу, акылың мол.
Эчакты көзү өткөн атуулдардын,
Арбагын көтөрүүгө ачтың ак жол.

Өмүрлүү бол, Барскоондук кыз Нурила,
Өткөндөргө өчпөс ысым жаратып.
Эл үчүн эмгегиң бар бир кыйла,
Обого алып чыктың талашып.

Ыйманды ыйык тутуп колго кармап,
Багынбадың кыянаттык кылгандарга.
Адамдык касиетти артык баалап,
Окуп куран сый тартуулап арбактарга.

## МУКАМБЕТОВА ДҮЙШӨКАН

Тарыхтын ача салсам барактарын,
Таланттан кур эмессиң Дүйшөканым.
Таң калтырып окурманды ойго салат,
Кан тамызып ташка мең жаратканың.

Аялдар журналын көп жыл башкардың,
Ар бир ишке көзүң каныш такшалдың.
Акыл айтып, кеңеш берип кыздарга,
Адам парзын акыл менен актадың.

Акылдуунун ар адамга көргөн камы,
Ак тилектен айткан сөзү болот шаңдуу.
Эл сыйлаган аялдын пейли кенен,
Таттуу болот дасторконго жайган дааммы.

Кут болсун 8-Мартыңыз,
Куттуктап, каалоо айтуу шартыбыз.
Өмүрлөш экөөң бирге жашап дайыма,
Кылымдардын тузун бирге татыңыз.

## РАЯ ЖОЛДОШ КЫЗЫНА

Төрүңдө сыйың көп көрдүм,
Төгүл-чачыл күндөрдүн,
Ажарлуу кыз Раям,
Алганың сыйлап ар дайым,
Жашоону жакшы өткөрдүң.

Үйүңдө мээрман энесиң,
Жайдары сүйкүм мүнөзүң.
Бүркөбөй ачып кабакты,

Чайынды кызыл кайнатып,
Ийилип сыйлап бересиң.

Мейманды сыйлоо адатың,
Бейили жакшы аялсың.
Ар дайым конок күтүүгө,
Аялдык эркиң күчтүү ээ,
Күн-түнү бирдей даярсың.

Даамдуулап жасап тамакты,
Бүркөбөй ачып кабакты,
Дос-тууганды, тең көргөн,
Үлгүнү алдың энеден,
Сый билги салтты, адатты.

Баарлашкан сиңдим кыйбасым,
Балалык кезден айылда,
Бир бастык жолдун кыйласын,
Аялдын баары өзүңдөй,
Өмүрлүк жарын сыйласын.

Тууганга берип жардамды,
Турасың сурап ал-жайды.
Тууганга — тууган доско — дос.
Данакер өзүң жалганбы,
Колуңда барын аябай,
Бересиң дайым жардамды.

## КУРМАН БОЛГОН ЖООКЕРЛЕРДИ ЭСКЕРИП

*(Прагадагы достук эстелигинин жанында 1969-ж.)*

Курман болгон жоокерлерди эскерип,
Мрамордон тургузулган эстелик.
Бакыт үчүн курман болгон эрлерге,
Баатырларга башымды ийдим кеч келип.

Коргондордун айланасын карасам,
Солдат атын көз жүгүртүп санасам.
Санаа күлүк кыялымды жетелеп,
Көз тунарып акылымдан адашам.

Бир сөз калды айтып чогуу чечпедик,
Биртуугандык коргондорго кез келип.
Атын окуп, сүрөт карап баратып,
Сапарбаев Мустапаны эстедик.

Баарлыгы жаш кырчын бойдон жакшы адам,
Сүрөттөрү мраморго чапталган.
Бул кайсы адам, кайсы жактан десең да,
Баш көтөрүп, бирөө да үн катпаган.

Бир саат мурда күн кеч кирип батаардан,
Жыпар жыттуу букет алдым базардан,
Баш кийимди колго кармап унчукпай,
Гүлдү койдум эстеликке алпарган.

## ЭНЕМЕ

Кайратың барда түз жүрүп,
Карыдың белиң бүкчүйүп.
Эскерип өткөн күндөрдү,
Эзилет чиркин ич күйүп.

«Карызыңдан кантип кутулам» —
Дегенде чочуйм уйкумдан,
Сыйлаймын эне эмгегин,
Аябайм колдон келгенин,
Али эстен чыгып кете элек,
Ак сүтүң ичкен күндөрүм.

## ТООЛОР

Асманга тийип кылда учуң,
Кылымдан кыйла улуусуң.
Агарып чачы калса да
Ардагым Тоолор сулуусуң.

Мөңгүнү жарып гүл өсүп,
Мөңгүчө булут түнөшүп.
Душманды тосоор чеп өңдүү,
Тоолорум ийин тирешип.

Баркынды билбей терендеп,
Түз болсо тоосуз дээр элек.
Тоо койну экен сан байлык,
Туулган жерди танбайлык,
Сөз жеткис тоолор керемет.

## АСКАЛАР

Туу чокуңда бүркүт тууган арча бар,
Түндө булут Аска боорун жазданар.
Ай деп койсо чоросундай Манастын,
Айкайлашып Тоо жаңыртат аскалар.

## МЭЭРИМДҮҮ БОЛ

Жанында карап турганда,
Жабыркап кейип сурданба,
Тирүүлөй үйдөн чыгарып,
Ак чачат тура жыланга.

Жыландай заарың чачпагын,
Жыгылып кете жаздадым.
Жыйнаган ичте бугумду,
Жылдырып аста айтамын.

Бар болсо бар деп кубанба,
Жок болсо бардан суранба.
Мейли деп барга, жокко да,
Мээримдүү болгун тууганга.

Кызыккын кызмат кылганга,
Кыныкпа оокат жыйганга.
Болсоң да бийик аскадай,
Боорукер болгун тууганга.

## ВРАЧТАРГА

Аба жетпей дем кысталып турганда,
Ажал чиркин алууга кол сунганда.
Алты айланып, айла амалды салса да,
Алып калбайт ата-бала тууган да.

Жан кыйналып маңдайдан тер тамчылап,
Жаткан кезде көзүң жайнап алсырап.
Туш-тушуңдан тегеректеп врачтар,
Турган экен өлүм жолун кайчылап.

Өлүм жолун турган экен кайчылап,
Өмүр жолун өрдү карай камчылап.
Жан кейиткен дартты кууп алыска,
Жарк деп күйдү маңдайыма шам чырак.

## МАЗМУНУ

Өмүрдүн элестери ........ 5
Күмүш ........ 15
«Башкарма эже» ........ 21
Тирүү легенда ........ 26
Көзү барда сыйласак ........ 28
Юбилейи белгиленди ........ 30
Торколуу тоюн тойлосок ........ 32
Куттуу болсун 70 жаш тоюнуз, Кылым жашап,
соо-саламат болунуз! ........ 34
Элүүсүн алып таштаңыз ........ 41
Өмүрдүн өөдө ылдыйында ........ 43
Өмүр издери ........ 45
Элге арналган өмүр ........ 47
Энелер да эл намысын талашат ........ 51
Токтому ........ 54
Көп жаша заманымдын Курманжаны ........ 56
Нарынымдын намыскөйлү бир кызы ........ 57
Сүйүктүү эжебиз Күмүш Сурановага ........ 58
Спасибо ветеранам труда ........ 59
Кыскача өмүр чыйырым ........ 60
«Жаныңды бакпай, элиңди бак» ........ 63
Эңсеп жеткен эркиндигиңер кут болсун ........ 69
Аялдардын эртеңи ........ 71
Пикир ........ 73
Акматбектей адамдан аз чыгат ........ 74
Бак-дөөлөттүү карылык тилейм ........ 78
Жукен ........ 80
«Бир кубанып, бир ыйлап ак баталарын арнады» ........ 84

Кутман курак кут болсун! ........................................ 85
Элет элдин келечеги ........................................ 87
Арабызда жок болсо да ........................................ 88
Ынтымагыбыз болбосо ыдырап кетебиз ........................................ 90
Карынын батасы дары ........................................ 91
Эскерип бир аз ырдайлы ........................................ 92
Кыргыз эл баатырын куттуктайм ........................................ 96
Сыйлашып өмүр сүргөнбүз ........................................ 90

## ЫРЛАР

Кыйбасым ........................................ 108
Тагдыр ........................................ 109
Ата сөзүн эскерем ........................................ 124
Ата эмгегин эскерүү ........................................ 125
Ата керээзи ........................................ 129
Кыргыз элим ........................................ 132
Кайдасыңар мекендештер ........................................ 133
Ынтымагы бек болгон ........................................ 133
Ыймандуу шаар боло көр ........................................ 135
Энелер болсо ушундай ........................................ 135
Келинге айтаар кебим ........................................ 136
Кыздарга айтаар кебим ........................................ 137
Адамдарга кайрылуу ........................................ 137
Пейлибизди оңдойлу ........................................ 140
Катышсам кыргыз тоюна ........................................ 140
Кел жаңы жыл ........................................ 141
Кел жаңы кылым, жаңы жылым ........................................ 141
Он Арча ........................................ 142
Жогу жакшы барынан ........................................ 142
Нооруз ........................................ 143
Өттү баштан далайлар ........................................ 144
Арбагы колдоп ыйык Манас атанын ........................................ 145
Ынтымактуу бололучу ........................................ 145
Чырпык элем чынар болдум ........................................ 146
Адамды Кудай жаратат ........................................ 146
Издеп таппайм ........................................ 148
Камдап келди белегин ........................................ 149

«Эркин Тоо» .......... 150
Кыргыз калкым .......... 151
Иштей бер айыл өкмөтү .......... 151
Майрамыңар кут болсун .......... 153
Таза жаша .......... 154
Бир тууганга .......... 154
Өкмөткө каалоо .......... 155
Айылым .......... 155
Карыялар .......... 156
Карылыкты сыйлагыла .......... 157
Бетегелүү бел жакшы .......... 158
Айланайын кыргызым .......... 158
Тагдырыма таазим этем .......... 159
Сүйкүмдүү ак халатчандарга .......... 159
Оо адамдар бул жашоодо атың улук .......... 160
Уул-кыздын жакшысы .......... 161
Ай, Күн неге тутулду .......... 161
Мындай жорук элге жат .......... 162
Эмнеге түшкө көп киресиңер .......... 162
Карадым жүзүм күзгүдөн, .......... 162
Аты да, арбагы да бийик Манас .......... 163
Дыйкандар .......... 164
Атам-энем .......... 165
Кемигенсийт бирдемем .......... 165
Тоолорум .......... 166
Карекке-карек тартылып .......... 166
Сыйынууга баратам .......... 167
Ала-Тоо .......... 168
Балалык .......... 168
Кырк жашты кырдан ашырып .......... 169
Көшөгөнөр көгөрсүн .......... 169
Тушоо кесип той берүү .......... 170
Жаштыгым издесем .......... 171
Көлдү сактап калалы .......... 171
Эл агылып баратат жолдор менен .......... 172
Энекем мени төрөгөн .......... 172
Кыз-келинден абийир качып баратат .......... 173
Сабырдуу болгула .......... 174
Өчпөсүн өмүр жарыгы .......... 176

Теңир-Тоо шоокуму ........ 176
Неберелер ........ 177
Эгемендүү болду кыргыз калкыбыз ........ 177
Биримдикти сактасак ........ 178
Жылкычы кыздын обону ........ 178
Тоолукка ........ 179
Ачканда альбомдун барактарын ........ 179
Кечир ата ........ 180
Эстейм дайым ........ 180
Мектебим ........ 181
Жаштарга ........ 182
Өкүнбөйм өткөн жашыма ........ 182
Эне сөзүн таштаба ........ 183
Чоң-Кеминдин таңдары ........ 184
Эмесе өзүң иштеп көр ........ 184
Берекем менин тууган жер ........ 185
Кыргыз жери март экен ........ 185
Изиң калсын ........ 186
Баласын эркелетип сүйөт ата ........ 186
Баргым келет ........ 187
Дыйкандар ........ 187
Ыраа көрбөйм бөлөккө ........ 194
Кайгырам ага эмне үчүн ........ 195
Балатон ........ 195
Душман өткүс чеп белең ........ 196
Башкара билсем чарбаны ........ 196
Айыл кеңешчиси ........ 196
Татыктуусуң улуу сыйга ........ 197
Майрамкүл ........ 198
Көрөөрү көп алтын баштын ........ 199
Келүүчү күндөр астыда ........ 199
Иним Кенжекул 60 жашта ........ 200
Силерсиңер тынчтык күндү коргогон ........ 201
Уулум Тимур 40 жашта ........ 201

## АРНОО ЫРЛАРЫ

Жусуп агайга .......... 204
Акай уулу Аскарга .......... 204
Эл кызы болуу эң кымбат .......... 206
Майрам Акаева .......... 207
Жусупов Кеңеш 60 жашта .......... 208
Эл сыйлаган жетекчи .......... 209
Урпактарыма .......... 211
Төркүндөргө .......... 212
Жакшы адам .......... 213
Роза Айтматовага .......... 214
Кут болсун өмүр тоюңар .......... 214
Конституциялык Сот Чолпон Баекова .......... 215
Омор Султанов .......... 216
Жамал Ташыбекова .......... 217
Чыңгыз ким? .......... 218
Эсенгул Ибраев .......... 220
Академик Эркебаев Абдыганы .......... 221
Жаңыл Абдылдабекова .......... 222
Улуу келиним Зинага .......... 223
Молдогазиев Бейшен .......... 224
Отунбаева Роза .......... 224
Ишенгүл Болжурова .......... 225
Сагын Акматбекова .......... 226
Мира Жангарачева .......... 227
Каньшай Саякбаева .......... 227
Майрамкан Абылкасымова .......... 228
Кудабаева Шаткүлгө .......... 229
Эл күйөөсү Бакирдин .......... 229
Рая Султаналиевага .......... 230
Үсөн менен Тамара .......... 231
Журналист Тенти Орокчу уулуна .......... 232
Роза Үчкемпировага .......... 233
Эралиева Акишке .......... 233
Апал Өмүрова .......... 234
Токтокан Эдилбаева .......... 235
Кана Бурул ырдап койчу угалы .......... 235
Юматова Анна Тихоновна .......... 236

Элдик бийкеч Чынара ........................................ 237
Саулем жаным ........................................ 238
Абакирова Марипа ........................................ 239
Мариям Буларкиева ........................................ 239
Байма Сутенова ........................................ 240
Депутат Садыбакасова Шарипа ........................................ 241
Тамара Жаманбаева ........................................ 241
Бөпө Каримовага ........................................ 242
Мария Үчкемпирова ........................................ 243
Батый Сапарбаева ........................................ 243
Табылды Актан уулуна ........................................ 244
Акай ........................................ 245
Неберем Кененбай уулу Рахатка ........................................ 245
Каралдым Тимур уулума ........................................ 246
Тазабекке ........................................ 247
Неберем Гүлнарага ........................................ 248
Оңолум ........................................ 248
Суран кызы Гүлбүбү ........................................ 249
Өмүралиев Төлөбек Эсенгулович ........................................ 250
Бапалап ыйлайт балдарың ........................................ 251
Күйөө бала Аскар ........................................ 252
Иним Осмоналиев Шарафидинге ........................................ 254
Апзот Кененбай уулу ........................................ 255
Кош эжеке ........................................ 256
Алымкулов Абдырайым ........................................ 256
Тынчтыкбек Чоротегин ........................................ 257
Ак-Талаалык айдай сулуу Марипа ........................................ 258
Мукан кызы ........................................ 258
Шайлоочулардын үмүтү ........................................ 259
Көчөк уулу Карымшакка ........................................ 260
Сагипа Чечейбаева ........................................ 261
Гүлнар Эралиева ........................................ 262
Небере кызым Эльвира ........................................ 262
Табылкан ........................................ 263
Тамара Жумакаева ........................................ 264
Койсун Карасартова ........................................ 264
Укканда үнүң кубанам ........................................ 265
Сакеним ........................................ 265
Айгүл ........................................ 266

Айдаралиева Калича .................................................. 267
Таберикова Ниязга .................................................. 267
Мугалим Акилова Зейнеке .................................................. 268
Елена Сарыбаева .................................................. 268
Сабира Өмүркулова .................................................. 269
Нинаканга .................................................. 269
Букеш Казакбаевага .................................................. 270
Дүйшөк Кидик кызына .................................................. 271
Нурила Кожотаева .................................................. 271
Муканбетова Дүйшөкан .................................................. 272
Рая Жолдош кызына .................................................. 272
Курман болгон жоокерлерди эскерип .................................................. 273
Энеме .................................................. 274
Тоолор .................................................. 274
Аскалар .................................................. 275
Мээримдүү бол .................................................. 275
Врачтарга .................................................. 276

*Көркөм адабий китеп*

***Суранова Күмүш***

**ӨМҮР ЧЫЙЫРЫ**

**Редактору *Ш. Адамалиева***
**Сүрөт редактору *К. Коеналиев***
**Техникалык редактору *С. Нурмиева***
**Корректору *Д. Ороскожоева***

**ИБ 5565**

**Терүүгө 02.05.02 берилди. Басууга 28.08.02 кол коюлду.Газет кагазы. Кагаздын форматы 60х84$^1/_{32}$. «Мектеп» арипи. Офсет ыкма менен басылды. 17,75 физ. басма табак. +2,0 басма табак вкл. 16,51 шарттуу басма табак. + 1,86 басма табак вкл. 13,9 учеттук басма табак. + 2,1 басма табак вкл. Нускасы 500. Заказы №1522. Келишим баада.**

**«Акыл» ААК**
**«Кыргызстан» Басма Үйү**

**720361, ГСП, Бишкек шаары, Совет көчөсү, 170.**